# КУРАНДЫН КЕРЕМЕТТЕРИ
# KURAN MUCİZELERİ

**Чынында ал (Куран) ааламдардын**
**Раббисинен түшкөн.**
**(Шуара Сүрөсү, 192)**


## ХАРУН ЯХЬЯ
## (АДНАН ОКТАР)
## HARUN YAHYA

**1. Baskı: Ocak, 2000 / 2. Baskı: Mart, 2002**
**3. Baskı: Eylül, 2002 / 4. Baskı: Haziran, 2004**
**5. Baskı: Kasım, 2004 / 6. Baskı: Temmuz, 2005**
**7. Baskı: Mayıs, 2006**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Entegre Matbaacılık / Sanayi Cd.
No: 17 Yenibosna-İstanbul
Tel: (0 212) 451 70 70

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**

**Курандын илимий кереметтери**
Ааламдын жаралышы
Ааламдын кеңейиши
Ааламдын аягы жана Биг кранч (Big Crunch)
Ысык түтүндөн жаралуу
«Асмандар менен жердин» бири-биринен бөлүнүшү
Асмандар менен жердин арасындагылардын жаратылуусу
Ааламдагы кемчиликсиз тең салмактуулук
Ааламдагы абдан аяр эсеп
Күн, ай жана жылдыздын түзүлүшүндөгү айырма
Орбиталар жана айлануучу аалам
Күндүн жол алган багыты
Айдын орбитасы
Ай жылынын эсептелиши
Тартылуу күчү жана орбиталык кыймылдар
Жердин тоголок формасы
Жердин айлануу багыты
Жердин геоид абалы
Жердин жана космостун көлөмдөрү
Атмосферанын кабаттары
Корголгон чатыр
Асмандын там кылынышы
Артка кайтаруучу асман
Жердин кабаттары
Жердин жүгүн сыртка чыгарышы
Тоолордун кызматы
Тоолордун кыймылдашы
Күндүн чыгуу жана батуу чекиттеринин айырмасы
Кургактыктардын айланасынан азайышы
Жарылган жер бети
Темирдеги сыр
Мунайзаттын пайда болушу
Убакыттын салыштырмалуулугу
Алты күндө жаратылуу
Тагдыр чындыгы
Жаратылыштагы жуптар
Атомдон майда бөлүкчөлөр
Кара тешиктер

Кагуучу жылдыздар: пульсарлар
Сириус жылдызы
Нур жана караңгылыктар
Жалынсыз күйүү
Булуттардын салмагы
Жамгырдын көлөмү
Жамгырдын пайда болушу
Топурактын кыймылга келип, көбүшү
Өлүк бир жерди жандандыруучу жамгырлар
Мөндүр, чагылган жана күн күркүрөөнүн пайда болушу
«Төлдөтүүчү» шамалдар
Шамалдын пайда болуу системасы
Фотосинтездин эрте менен башталышы
Деңиздердин бири-бирине аралашпашы
Деңиздердеги караңгылык жана ички толкундар
Кыймыл-аракеттерибизди башкарган аймак
Жүрөктөрдүн Аллахты эстөө менен тынчтанышы
Кечиримдүүлүк жана анын ден-соолукка пайдалары
Дубалардын оорулуулардын айыгышын ылдамдатышы
Динден алыс жашоонун натыйжалары: стресс жана депрессия
Адамдын төрөлүшү
Адамдын суудан жаратылуусу
Ылайдан жаратылуу
Гендердеги программа
Менструация убагы
Кош бойлуулук жана төрөт
Адам органдарынын өнүгүү кезеги
Сүттүн пайда болушу
Кереметтүү аралашма: эне сүтү
Манжа изиндеги жеке маалымат
Ургаачы бал аары
Балдагы шыпаа
Куранда көңүл бурулган курма жана анын пайдалары
Сонун бир мөмө: инжир
Баалуу бир азык: балык
Чочконун эти жана ден-соолукка зыяндары
Шыпаа булагы бир өсүмдүк: зайтун
Коронер By-Pass операциясы
Кыймылдоонун, жуунуунун жана суу ичүүнүн ден-соолукка пайдалары
Микроскопиялык жашоонун бар болушу
Жаныбар коомдорунун бар болушу
Биомиметика: жандыктардагы долбоорлорду өрнөк алуу
Топ-топ болуп жүрүүчү чегирткелер

Кумурскалардын байланыш курушу
Азыктын айланышы
Уктап жатканда кулактардын активдүү болушу
Уйкуда кыймылдоонун мааниси
Түнкүсүн кыймылдын азайышы
Бийиктикке көтөрүлгөн сайын көкүрөктүн кысылышы

**Курандын келечек менен байланыштуу кабарлары**
Киришүү
Византиянын жеңиши
Фараондун денесинин сакталышы
Меккенин каратылышы
Исраил урпактарынын текебердүү жогорулашы
Космостун ачылышы
Айга баруу
Заманбап унаалар
Учак технологиясы
Сүрөттөлүштүн берилиши
Жыттын берилиши
Электрдик токтун колдонулушу
Артезиан кудугу
Технологияда кумурска ордосу
Атом энергиясы жана ядролук бөлүнүү (fission)

**Курандын тарыхый кереметтери**
Хаман жана байыркы Египет жазуулары
Аз. Муса жана деңиздин бөлүнүшү
Фараон жана анын чөйрөсүнө келген балээлер
Аз. Мусага сыйкырчы дооматы
Куранда фараон сөзү
Нух суу баскыны
Ирем шаары
Содом жана Гоморра шаарлары
Саба калкы жана Арим сели
Хижр калкы

**Курандын математикалык кереметтери**
Куранда сөздөрдүн кайталанышы
Куранда эбжед эсептери
Куранда 19 керемети

**Курандын адабий керемети**
Куранды тууроого мүмкүн эмес болушу

Илимдүүлөрдүн Куран жөнүндөгү жоромолдорунун кээ бирлери

**ЖЫЙЫНТЫК:**
Куран Аллахтын Сөзү

**КОШУМЧА БӨЛҮМ: Эволюция теориясынын жаңылыштыгы**

**Дипноттор**

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР жана ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар

ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Аллах мындан 14 кылым мурда адамдарга жол көрсөтүүчү бир китеп болгон Курани Керимди түшүргөн жана бүт адамзатты Куранды ээрчип, кутулууга жетүүгө чакырган. Аятта да билдирилгендей, Куран **«ааламдарга бир зикир (насаат, эскертүү, өкүм жана жогорку бир сыймык)тан башка нерсе эмес.»** (Калем Сүрөсү, 52) Куран – бул түшүрүлгөн күндөн кыямат күнүнө чейин адамзаттын жалгыз жол көрсөтүүчүсү болгон Кудайдан келген акыркы китеп.

Куран түшүрүлгөн күндөн бери ар кандай доордо жашаган ар бир адамзат коому түшүнө ала турган, оңой жана түшүнүктүү бир тилге ээ. Аллах Курандын мындай услубун **«Ант болсун, Биз Куранды зикир (сабак алып ойлонуу) үчүн жеңил кылдык...»** (Камер Сүрөсү, 22) аяты аркылуу кабар берет. Ошол эле учурда Курандын адабий тилинин кемчиликсиздиги, теңдешсиз услуп өзгөчөлүктөрү жана улуу хикматы да анын Аллахтын сөзү экендигинин даана далилдеринен.

Курандын мындай өзгөчөлүктөрүнөн тышкары, анын Аллахтын сөзү экенин далилдеген көптөгөн кереметтүү өзгөчөлүктөрү бар. Бул өзгөчөлүктөрдүн бири – бул 20- жана 21-кылымдын технологиясы менен гана араң жетишилген илимий чындыктардын 1400 жыл мурун Куранда билдирилген болушу.

Албетте, Куран – бир илимий китеп эмес. Бирок көп аяттарында абдан маңыздуу жана хикматтуу бир баян менен билдирилген кээ бир илимий чындыктар 20-кылымдын технологиясы менен гана ачыкка чыкты. Куран түшүрүлгөн доордо илим менен аныктоого эч мүмкүн болбогон мындай маалыматтар адамдарга Курандын Аллахтын сөзү экенин дагы бир жолу далилдөөдө.

Курандын илимий кереметтерин түшүнүү үчүн алгач бул Аллахтын китеби түшүрүлгөн доордогу илимдин деңгээлине бир көз жүгүртүү керек.

Куран түшүрүлгөн 7-кылымда Арап коому илимий темалар жөнүндө сансыз ойдон чыгарылган жана далилсиз ишенимдерге ээ эле. Ааламды жана табиятты изилдей турган технологияга ээ болбогон Арaптар урпактан урпакка айтылып келген уламыштарга ишенишчү. Мисалы, асман тоолордун жардамы менен төбөдө турат деп айтылчу. Бул ишеним боюнча жер түз эле жана эки учтагы тоолор бир тирөөч сыяктуу асманды көтөрүп турган эле.

Бирок Арап коомунун бардык мындай негизсиз ишенимдери Курандын келиши менен жок болду. Мисалы, **«Аллах – Ошол (Зат), асмандарды эч тирөөчсүз көтөрдү...»** (Рад Сүрөсү, 2) аяты асман тоолордун жардамы менен турат деген ишенимди жокко чыгарды. Ушул сыяктуу дагы көп темада ал доордо эч бир адам билбеген маанилүү маалыматтар Куранда берилди. Адамдар астрономия, физика же биология жөнүндө абдан аз билген бир доордо түшүрүлгөн Куран ааламдын жаратылуусунан адамдын пайда болушуна, атмосферанын түзүлүшүнөн жер бетиндеги тең салмактуулуктарга чейинки көптөгөн темада ачкыч маалыматтарды камтыган эле.

Эми Куранда орун алган мындай илимий кереметтердин бир бөлүгүн бирге карайлы.

# ААЛАМДЫН ЖАРАЛЫШЫ

20-кылымдын ортолоруна чейин «аалам чексиз көлөмгө ээ, чексиз мурдатан бери бар жана түбөлүккө чейин болот» деген көз-караш өкүмдарлык кылган. «Статикалык (туруктуу) аалам модели» деп аталган бул түшүнүк боюнча ааламдын кандайдыр бир башталышы да, аягы да жок эле.

Материалисттик философиянын да негизин түзгөн бул көз-караш ааламды туруктуу жана өзгөрбөс заттардын жыйындысы катары кабыл алып, бир Жаратуучунун бар экенин да жокко чыгарган. Бирок 20-кылымда өнүккөн илим жана технология материалисттерге фундамент болгон «туруктуу аалам модели» деген примитивдүү түшүнүктөрдү түп-тамырынан кыйратты.

21-кылымдын башы болгон бүгүнкү күндө ааламдын бир башталышы бар экендиги, жоктуктан чоң бир жарылуу менен бир заматта жаралганы заманбап физика тарабынан көптөгөн эксперимент, байкоо жана эсептөөлөр аркылуу далилденди. Мындан тышкары, ааламдын материалисттер жактагандай туруктуу эмес, тескерисинче тынымсыз бир кыймыл жана өзгөрүү ичинде экендиги, кеңейип бараткандыгы аныкталды. Учурда бул чындыктар бардык илим дүйнөсү тарабынан кабыл алынууда.

Курани Керимде ааламдын пайда болушу мындайча баяндалат:

**Ал асмандарды жана жерди жоктон жараткан... (Энъам Сүрөсү, 101)**

Куранда берилген бул маалымат илимий ачылыштарга толук дал келет. Башында да айтылгандай, бүт ааламдын зат жана убакыт өлчөмдөрү менен бирге, жоктуктан (жок кезинде) чоң бир жарылуу менен пайда болгондугу – бул астрофизика тапкан далилдүү чындык. «Чоң жарылуу», түпкү аты менен айтканда «Биг Бенг» (Big Bang) теориясы бүт ааламдын болжол менен 15 миллиард жыл мурда жалгыз бир чекиттин жарылышы натыйжасында жоктуктан пайда болгонун далилдеди.

«Чоң жарылуудан» мурда зат деген нерсе жок эле. Зат, энергия, ал тургай, убакыт да болбогон, толугу менен метафизикалык деп айтууга боло турган бир жоктук чөйрөсүндө зат, энергия жана убакыт бир заматта жаратылган. Заманбап физика аныктаган бул улуу чындык Куранда бизге 1400 жыл мурдатан билдирилген.

# ААЛАМДЫН КЕҢЕЙИШИ

Астрономия илими али өнүгө элек бир доордо, 14 кылым мурда түшүрүлгөн Курани Керимде ааламдын кеңейиши жөнүндө мындайча билдирилет:

**Биз асманды «улуу бир күч менен» курдук жана албетте, Биз (аны) кеңейтүүчүбүз. (Зарият Сүрөсү, 47)**

Бул аяттагы «сема (асман)» сөзү Курандын көп жеринде космос жана аалам маанисинде колдонулат. Бул жерде да ушул мааниде колдонулган жана ааламдын кеңейүүчү экендиги билдирилген. Кыргызчага «Албетте, Биз кеңейтүүчүбүз (кеңейтип жатабыз)» деп которулган Арапча «инна ле мусиъуне» сүйлөмүндөгү «мусиъуне» сөзү «кеңейтүү» маанисине келген «евсеа» этишинен келип чыккан. «Ле» алдыңкы-мүчөсү болсо өзүнөн кийин келген ысым же сыпатка басым кошуп,

«абдан көп, өтө» деген маанини кошот. Ошондуктан, бул сүйлөм «Биз асманды же ааламды өтө кеңейтип жатабыз» деген мааниге келет. Илимдин бүгүнкү жеткен жыйынтыгы да Куранда бизге билдирилген менен бирдей.

20-кылымдын баштарына чейин илим дүйнөсүндө өкүмчүлүк кылган бирден-бир көз-караш – бул «аалам туруктуу бир түзүлүшкө ээ жана түбөлүктөн бери уланып келүүдө» деген көз-караш эле. Бирок бүгүнкү күндүн технологиясы урматында жасалган изилдөө, байкоо жана эсептөөлөр ааламдын бир башталышы бар экенин жана тынымсыз «кеңейип баратканын» аныктады.

Орусиялык физик Александар Фридман (Alexander Friedmann) жана бельгиялык аалам таануучу Жорж Леметр (Georges Lemaitre) 20-кылымдын баштарында ааламдын тынымсыз кыймылда экенин жана кеңейип баратканын теориялык жактан эсептешти.

Бул чындык 1929-жылы байкоолор аркылуу да далилденди. Америкалык астроном Эдвин Хаббл (Edwin Hubble) ири бир телескоп менен асманды изилдеп жатып, жылдыздардын жана галактикалардын тынымсыз бири-биринен алыстап баратканын байкады. Бул ачылыш астрономия тарыхынын эң чоң ачылыштарынын бири деп саналууда. Хаббл бул изилдөөлөр учурунда жылдыздардын алыстыгына жараша кызыл түскө жакындаган бир жарык чыгарганын аныктады. Себеби белгилүү болгон физика мыйзамдары боюнча байкоо жасалган чекитти көздөй кыймылдаган жарыктардын спектри кырмызы түстү көздөй, байкоо жасалган чекиттен алыстаган жарыктардын спектри болсо кызыл түстү көздөй өзгөрөт. Хабблдын байкоолору учурунда болсо жылдыздардын нурларында кызылды көздөй бир өзгөрүү байкалган. Кыскача айтканда, жылдыздар тынымсыз алыстап баратышкан эле.

Жылдыздар жана галактикалар бир гана бизден эмес, бири-биринен да алыстап баратышкан. Бүт баары бири-биринен алыстаган бир аалам болсо тынымсыз «кеңейип бараткан» бир аалам деген мааниге келет. Ааламдын кеңейип бараткандыгы кийинки жылдардагы байкоолор менен да тастыкталды.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн ааламды желденип жаткан бир шардын бетине окшоштурууга болот. Шардын бетиндеги чекиттердин шар чоңойгон сайын бири-биринен алысташы сыяктуу, ааламдагы планеталар да аалам кеңейген сайын бири-биринен алыстоодо. Негизи бул чындык 20-кылымдын эң улуу илимпоздорунун бири деп саналган Альберт Эйнштейн тарабынан да теориялык жактан табылган эле. Бирок Эйнштейн ал доордо көпчүлүк тарабынан кабыл алынган «туруктуу аалам моделине» каршы чыкпоо үчүн бул ачылышын бир бурчка таштап койгон. Эйнштейн бул кылганын кийинчерээк «жашоомдун эң чоң катасы» деп айткан.

Бул илимий чындык али эч бир адам тарабынан билине электе Куранда кылымдар мурда айтылган. Себеби Куран – бул бүт ааламдын жаратуучусу жана ээси болгон Аллахтын сөзү.

# ААЛАМДЫН АЯГЫ ЖАНА БИГ КРАНЧ (BIG CRUNCH)

Ааламдын жаратылышы, жогоруда да айтылгандай, Биг Бенг деп аталган чоң бир жарылуу менен башталган жана ошондон бери аалам кеңейүүдө. Илимпоздор аалам жыйындысы жетиштүү деңгээлге жеткенде, тартылуу күчү себебинен бул кеңейүүнүн токтоорун жана мунун ааламдын өз ичине чөгүп, кысылып башташына себеп болоорун айтышууда.

Кысылган ааламдын болсо аягында «Big Crunch» (Чоң кагылышуу, Биг кранч) деп аталган абдан жогорку бир температура жана кысылуу менен натыйжаланаарын айтышууда. Бул болсо биз

билген бүт жашоо түрлөрү жок болот деген мааниге келет. Стэнфорд (Stanford) университетинин физика профессору Рената Каллош (Renata Kallosh) жана Андрей Линденин (Andrei Linde) бул жөнүндөгү түшүндүрмөсү мындай:

Ааламдын аягы кичирейүү жана жок болууну көздөй баратат. Көзгө көрүнгөн жана андан алыстардагы бизге көрүнбөгөн бүт нерселер бир протондон да кичинекей бир чекиттей кичирейет. Кара тешиктин ичинде турганыңыз сыяктуу... Кара энергияны эң жакшы төмөнкүдөй сүрөттөөгө болоорун түшүндүк: баскыч баскыч негативдүү абалга келген бул кара энергия ааламдын тең салмактуулугунун өзгөрүшүнө себеп болот жана кичирейип кыйрайт... Физиктер кара энергиянын негативдүү энергияга айланаарын жана ааламдын жакынкы бир келечекте кысылаарын билишет... Бирок бүгүнкү күндө биз бул кубулуштун башында эмес, балким ааламыбыздын жашоо циркуляциясынын ортосунда болушубуз мүмкүн экенин көрүп турабыз.

Big Crunch деп аталган бул илимий гипотезага Куранда мындайча ишарат кылынууда:

**Ошол күнү Биз асманды китептин барактарын кабаттаган сыяктуу кабаттайбыз, алгачкы жолу жаратып баштаган сыяктуу кайра аны (мурдакы абалына) кайтарабыз. Бул Биздин милдетибиздеги убада. Албетте, Биз (муну) жасоочубуз. (Анбия Сүрөсү, 104)**

Башка бир аятта болсо асмандардын мындай абалы төмөнкүчө сүрөттөлүүдө:

**Алар Аллахтын кудуретин жакшылап (толугу менен) аңдап түшүнүшкөн жок. Чындыгында, Кыямат күнү жер толугу менен Анын уучунда, асмандар да оң колу менен түрүлүп бүктөлгөн болот. Ал шерик кошкондорунан таза жана Улуу. (Зүмер Сүрөсү, 67)**

Big Crunch теориясы боюнча, аалам алгач жай, бирок барган сайын ылдамдап чөгүп баштайт. Андан соң болсо аалам чексиз тыгыздык жана чексиз ысык температурада, чексиз кичинекей бир чекит абалына келет. Сүрөттөлгөн бул илимий теория Куран аяттарына дал келет. (Эң туурасын Аллах билет.)

# ЫСЫК ТҮТҮНДӨН ЖАРАЛУУ

Учурда илимпоздор жылдыздардын түтүндөн, ысык бир газ булутунан, пайда болооруна күбө болушууда. Ысык газ жыйындысынан пайда болуу ааламдын жаратылуусуна да тиешелүү. Куранда да ааламдын жаратылуусу бул илимий ачылыштарды тастыктай турган абалда сүрөттөлгөн:

**Ал жакта (жерде) анын бетинде чайпалбас тоолорду жаратты, анда берекелерди жаратты жана каалап-издегендер үчүн тең кылып ал жердеги ырыскыларды төрт күндө жаратты. Андан соң түтүн абалындагы асманга кайрылды; ага жана жерге мындай деди: «Каалап же каалабастан келгиле (моюн сунгула).» Экөөсү тең: «Каалап (баш ийип) келдик» дешти. (Фуссилет Сүрөсү, 10-11)**

Бул аятта «асман» деп которулган «сема» сөзү менен бүт аалам айтылууда. Аятта «түтүн» деп которулган «духанун» сөзү болсо учурда илимпоздор кабыл алган, ааламдын калыптанышынан мурдакы затты, ааламдын жаратылуусундагы ошол космостук жана ысык бир түтүндү сүрөттөөдө. Катуу заттарга жабышып учкан бөлүкчөлөрдү камтыган, газ абалындагы масса болгон мындай түтүн абалы аяттагы сөз менен толук сүрөттөлөт. Байкалгандай, Куранда ааламдын бул баскычтагы көрүнүшүн сүрөттөгөн эң ылайыктуу сөз колдонулган. Илимпоздор болсо ааламдын түтүн абалындагы ысык бир газ массасынан пайда болгонун 20-кылымда гана аныкташты.

Мындан тышкары, «кийин түтүн абалындагы асманга кайрылды» сүйлөмүндөгү «кийин» деп которулган «сүмме» сөзүнүн «мунун ордуна, мындан башка, мындан тышкары, анын үстүнө, кайра, дагы бир жолу» сыяктуу башка маанилери да бар. Бул жерде «сүмме» сөзү бир убакыт маанисинде эмес, кошумча түшүндүрмө үчүн колдонулууда. Ааламдын жаратылуусу жөнүндөгү мындай бир маалыматтын Куранда билдирилиши, албетте, Курандын илимий бир керемети.

## «АСМАНДАР МЕНЕН ЖЕРДИН» БИРИ-БИРИНЕН БӨЛҮНҮШҮ

Куранда асмандардын жаратылышы жөнүндө маалымат берилген башка бир аят болсо төмөнкүдөй:

**Ал каапырлар билишпейби, (башында) асмандар менен жер бири-бирине жабышкан (бириккен) болчу, Биз аларды бөлдүк жана бүт жандыктарды суудан жараттык. Дагы эле алар ишенишпейби (ыйман келтиришпейби)? (Анбия Сүрөсү, 30)**

Аяттын «бири-бирине бириккен» деп которулган «ратк» сөзү Арапча сөздүктөрдө «бири-бирине бириккен, бөлүнбөй турган абалда, аралашкан» маанилерине келет. Б.а. толук бир бүтүндү түзгөн эки затты сүрөттөө үчүн бул сөз колдонулат. Аяттагы «бөлдүк» деген сөз болсо Арапча «фатк» этиши; бул этиш жабышкан, бир абалдагы бир нерсени жарып, майдалап тышкы чыгышы маанисине келет. Мисалы, уруктун бүчүрлөнүп, топурактан сыртка чыгышы Арапчада ушул этиш менен айтылат.

Эми аятты кайра карайлы. Аятта асмандар менен жердин бирге, т.а. «ратк» абалында экени айтылууда. Андан соң бул экөө «фатк» этиши менен бөлүнүшүүдө. Т.а. бири экинчисин жарып, сыртка чыгууда. Чынында эле Биг Бенгдин алгачкы баскычын элестеткенибизде, ааламдын бүт затынын жалгыз бир чекитте чогулганын көрөбүз. Башкача айтканда, бүт нерсе, ал тургай али жаратыла элек болгон «асмандар жана жер» да бул чекиттин ичинде, бири-бири менен аралаш, бөлүнбөс абалда болушкан. Андан соң бул чекит күчтүү бир жарылуу менен жарылып бөлүнүүдө.

## АСМАНДАР МЕНЕН ЖЕРДИН АРАСЫНДАГЫЛАРДЫН ЖАРАТЫЛУУСУ

Куранда асмандардын, жердин жана ал экөөсүнүн арасындагылардын жаратылуусу жөнүндө көптөгөн аят бар:

**Биз асмандарды, жерди жана ал экөөсүнүн арасындагыларды акыйкат менен гана жараттык. Эч шексиз, ал саат жакындап келатат; демек (аларга карата) жакшы мамиле кыл. (Хижр Сүрөсү, 85)**

**Асмандарда, жерде, бул экөөсүнүн арасындагылар жана нымдуу топурактын астындагылардын баары Ага тиешелүү. (Таха Сүрөсү, 6)**

**Биз асманды, жерди жана (ал) экөөсүнүн арасындагыларды бир «оюн жана алаксуу» болсун деп жаратпадык. (Анбия Сүрөсү, 16)**

Илимпоздор башында ысык бир газ массасынын чогулганын, андан соң бул массанын бөлүктөргө бөлүнүп, галактикалык заттарды, андан кийин жылдыздарды жана планеталарды пайда кылганын айтышууда. Б.а. жер жана ошондой эле бардык жылдыздар бириккен абалдагы газ

массасынан бөлүнгөн бөлүктөр. Бул бөлүктөрдүн кээ бирлери күндөрдү, планеталарды түзүп, натыйжада көптөгөн күн системалары жана галактикалар пайда болгон. Мурдакы бөлүмдөрдө да айтылгандай, аалам «ратк» (бирге, чогуу) абалдан «фатк» болгон (бөлүктөргө бөлүнгөн). Куранда ааламдын пайда болушу илимий түшүндүрмөлөрдү тастыктаган эң ылайыктуу сөздөр менен баяндалууда.

Ар бир бөлүнүү болгон сайын, космосто жаңы пайда болгон негизги планеталардан башка бир канча бөлүкчө сыртта калган. Бул ашыкча бөлүкчөлөрдүн илимий аталышы «жылдыздар арасындагы галактикалык зат». Жылдыздар арасы заттын 60%ы суутек, 38%ы гелий жана 2%ы болсо башка элементтерден турат. Жылдыздар арасы заттын 99%ы газ, 1%ы болсо оор элементтердин 0,0001-0,001 чоңдуктагы чаңчаларынан турат.

Илимпоздор бул заттарды астрофизикадагы өлчөөлөр жагынан абдан маанилүү дешет. Бул заттар чаң, түтүн же газ деп атоого боло турганчалык жука. Бирок бул заттардын баары эске алынганда, космостогу галактикалардын жыйындысынан чоң бир масса пайда болот. Жылдыздар арасы мындай галактикалык заттардын бар экени алгачкы жолу 1920-жылы аныкталганына карабастан, жогорудагы аяттарда «экөөсүнүн арасындагылар, экөөсү арасындагы нерселер» деп которулган «ма бейнехума» сөзү аркылуу Куранда бул бөлүкчөлөрдүн бар экенине кылымдар мурда көңүл бурулган.

# ААЛАМДАГЫ КЕМЧИЛИКСИЗ ТЕҢ САЛМАКТУУЛУК

**Ал бири-бири менен «толук бир төп келүүчүлүк» ичинде жети асманды жараткан. Рахман (болгон Аллах)тын жаратуусунда эч кандай «карама-каршылык жана дал келбестик» көрө албайсың. Мына көз(үң)дү айландырып-карап көр; кандайдыр бир жарака (кемчилик жана бузуктук) көрүп жатасыңбы? Андан соң көзүңдү дагы эки жолу айландырып-кара; ал көз (дал келбестик табуудан) үмүтүн кескен бир абалда чарчап, сага кайтат. (Мүлк Сүрөсү, 3-4)**

Ааламдагы миллиарддаган жылдыз жана галактика кемчиликсиз бир тең салмактуулук ичинде алар үчүн аныкталып коюлган орбиталарында кыймылдашат. Жылдыздар, планеталар жана спутниктер бир тараптан өз окторунда, экинчи тараптан болсо өздөрү тиешелүү болгон системалар менен бирге айланышууда. Ал тургай, кээде ичинде 200-300 миллиард жыздызы бар галактикалар бири-биринин ичинен өтүп кетишет. Мындай өтүү учурунда ааламдагы улуу тең салмактуулукту буза турган эч бир сүзүшүү болбойт.

Ааламдагы ылдамдык түшүнүгү дүйнө чоңдуктары менен салыштырганда абдан ири чоңдуктарда. Миллиарддаган, триллиондогон тонна оордуктагы жылдыздар, планеталар жана сандык мааниси бир гана математиктер түшүнө алгандай чоңдуктагы галактикалар жана галактика жыйындылары космос ичинде кереметтүү бир ылдамдык менен кыймылдашат.

Мисалы, жер саатына 1670 км ылдамдык менен өз огунун айланасында айланат. Учурда эң ыкчам октун саатына орточо 1800 км ылдамдыкка ээ экенин эске алсак, жердин ушунчалык чоң болгонуна карабастан, ылдамдыгынын канчалык чоң экенин түшүнүүгө болот.

Жердин күндүн айланасындагы ылдамдыгы болсо октун ылдамдыгынан дээрлик 60 эсеге чоң: саатына 108000 км. (Мынчалык чоң ылдамдык менен кыймылдай алчу бир унаа жасала алганда, жерди 22 мүнөттө айланып чыгууга болоор эле.) Бул чоңдуктар бир гана жерге тиешелүү. Күн

системасы болсо мындан да кызык. Бул системанын ылдамдыгы логикабыздын чегине сыйбай тургандай чоң. Ааламда системалар чоңойгон сайын ылдамдык өсөт. Күн системасынын галактика борборунун айланасындагы айлануу ылдамдыгы саатына 720000 км. Болжол менен 200 миллиард жылдызды камтыган «Саманчынын жолу галактикасынын» космостогу ылдамдыгы болсо саатына 950000 км.

Албетте, мынчалык татаал жана ыкчам кыймылдаган бир системанын ичинде чоң кырсыктардын болуу ыктымалдуулугу абдан жогору. Бирок мындай болбойт жана биз бейпилдик ичинде өмүр сүрөбүз. Себеби ааламдагы бүт нерселер Аллах койгон кемчиликсиз тең салмактуулукка ылайык иштөөдө. Мына ушул себептен аятта билдирилгендей, бүт бул система ичинде эч бир «карама-каршылык жана төп келбестик» жок.

# ААЛАМДАГЫ АБДАН АЯР ЭСЕП

**Ал бири-бири менен «толук бир төп келүүчүлүк» ичинде жети асманды жараткан. Рахман (болгон Аллах)тын жаратуусунда эч кандай «карама-каршылык жана дал келбестик» көрө албайсың. Мына көз(үң)дү айландырып-карап көр; кандайдыр бир жарака (кемчилик жана бузуктук) көрүп жатасыңбы? Андан соң көзүңдү дагы эки жолу айландырып-кара; ал көз (дал келбестик табуудан) үмүтүн кескен бир абалда чарчап, сага кайтат. (Мүлк Сүрөсү, 3-4)**

**«Аллахтын жети асманды бири-бири менен бир төп келүүчүлүк ичинде жаратканын көрбөй жатасыңарбы?» (Нух сүрөсү, 15)**

**Асмандардын жана жердин мүлкү Ага тиешелүү; (Анын) баласы жок. Мүлктө Анын шериги жок, бүт нерсени жаратып, аны калыпка (системага) салган, белгилүү бир өлчөм (эсеп) менен жараткан. (Фуркан Сүрөсү, 2)**

Материалисттик философия «ааламдагы жана табияттагы бардык системалар өзүнөн-өзү иштеген бир машина сыяктуу» жана «алардагы кемчиликсиз тең салмактуулук жана системанын жаратуучусу – бул кокустуктар» деген догманы жактайт. Бирок бүгүнкү күндө материализмдин жана анын калп илимий таянычы болгон дарвинизмдин жараксыз экени илимий тараптан толук далилденди. (Караңыз: Harun Yahya, *Evrim Aldatmacası* (Эволюция жалганы), Araştırma Yayıncılık; Harun Yahya, *Hayatın Gerçek Kökeni*, Araştırma Yayıncılık).

20-кылымдагы астрофизика тармагында болсун, биология тармагында болсун көптөгөн илимий ачылыштар ааламдын жана жандуулардын жаратылганын далилдеди. Бир тараптан дарвинизмдин гипотезалары бир-бирден кыйрап отурганда, экинчи тараптан болсо ааламдын жоктон жаратылганын көрсөткөн Биг Бенг теориясы жана заттык дүйнөдө улуу бир долбоор, план жана «кылдат бир жөнгө салуу» (fine tuning) бар экенин көрсөткөн ачылыштар материализмдин догмаларынын негизсиз экенин дагы бир жолу көрсөттү.

Жандуу нерсенин пайда болушу үчүн керектүү болгон шарттарды караганыбызда бир гана жердин мындай өзгөчө бир чөйрөгө ээ экенин көрөбүз. Жашоого ыңгайлуу болгон бул чөйрөнү камсыздоо үчүн болсо санап бүтүүгө мүмкүн болбогондой көп сандагы шарттар бир эле учурда, тынымсыз ишке ашууда. Ааламда болжол менен 100 миллиард галактика жана ар биринде орточо

100 миллиард жылдыз жана дагы ошончо планета бар экенин эске алсак, анда жерде мынчалык өзгөчө бир чөйрөнүн пайда болушунун маанисин жакшыраак түшүнүүгө болот.

Биг Бенгдин жарылуу ылдамдыгынан атомдордун физикалык тең салмактуулуктарына, төрт негизги күчтүн чоңдуктарынан жылдыздардын алхимиялык процесстерине, күн таркаткан нурдун өзгөчөлүгүнөн суунун суюктук (агуучулук) даражасына, айдын жерге болгон алыстыгынан атмосферадагы газдардын катышына, жердин күнгө болгон алыстыгынан анын огунун орбитасына болгон кыйшайуу деңгээлине, жердин өз огундагы айлануу ылдамдыгынан жер бетиндеги океандардын, тоолордун функцияларына чейинки бардык детальдардын баары биздин өмүр сүрүшүбүзгө абдан кереметтүү тактыкта ыңгайлуу. Учурда илим чөйрөсү ааламдын мындай өзгөчөлүктөрүн «Адамдык принцип» (Anthropic Principle) жана «кылдат бир жөнгө салуу» (Fine Tuning) түшүнүктөрү менен сүрөттөөдө. Бул түшүнүктөр ааламдын максатсыз, өз башынча, кокустан пайда болгон бир зат жыйындысы эмес экенин, тескерисинче адамдын жашоосуна багытталган бир максатка ылайык, абдан кылдат долбоорлонгонун көрсөтөт.

Жогорудагы аяттарда Аллахтын жаратуусундагы өлчөм жана төп келүүчүлүккө көңүл бурулууда. Фуркан Сүрөсүнүн 2-аятында «өлчөп бычуу, тууралоо, өлчөп жасоо» маанилерине келген «такдийр» сөзү Мүлк Сүрөсүнүн 3-аяты менен Нух Сүрөсүнүн 15-аятында болсо «төп келишкен» маанисине келген «тибака» сөзү колдонулууда. Мындан тышкары, Аллах Мүлк Сүрөсүндө «карама-каршылык, туура келбестик, төп келбестик, тең салмаксыздык» маанилерине келген «тефавутин» сөзү аркылуу төп келбестик издегендин аны таба албашын билдирүүдө.

20-кылымдын аягына жакын колдонулуп баштаган «кылдат бир жөнгө салуу» (fine tuning) сөзү да ушул аяттарда айтылган чындыкты тастыктоодо. Акыркы 20-30 жыл ичинде көптөгөн илимпоздор ааламдын бир кокустуктар жыйындысы эмес экенин, тескерисинче ар бир детальда адамдын жашоосун көздөгөн кереметтүү бир долбоор жана жөнгө салуу бар экенин көрсөтүштү. (Караңыз: Harun Yahya, *Evrenin Yaratılışı* (Ааламдын жаратылуусу), Araştırma Yayıncılık; Harun Yahya, *Mucizeler Zinciri* (Кереметтер тизмеги), Araştırma Yayıncılık). Ааламдагы көптөгөн өзгөчөлүк ааламдын жашоо үчүн өзгөчө долбоорлонгонун апачык көрсөтүүдө. Физик Др. Карл Гиберсон (Karl Giberson) бул чындыкты мындайча баяндайт:

Акыркы 40 жылдан бери физика жана космологиядагы өнүгүүлөр илим терминологиясына «долбоор» сөзүн кайра алып келди. 1960-жылдардын башында физиктер адамдын жашоосу үчүн **«кылдат жөнгө салуу» жасалган** бир ааламдын эшигин толук ачышты. Ааламда жашоонун бар болушунун эч мүмкүн болбогон жана эч кемчиликсиз бир тең салмактуулуктагы физикалык факторлордон көз-каранды экенин аныкташты.

Англиялык астрофизик проф. Жорж Ф. Эллис (George F. Ellis) бул кылдат жөнгө салуу жөнүндө мындай дейт:

(Ааламдагы) мындай комплекстүүлүккө мүмкүндүк берген мыйзамдарда **таң калыштуу бир кылдат жөнгө салуу** көрүнүп турат. Ааламдагы мындай комплекстүүлүктүн ишке ашышы «керемет» сөзүн колдонууга мажбурлайт.

## Биг Бенгдин жарылуу ылдамдыгы:

Ааламдын пайда болуу учуру болгон Биг Бенгде курулган тең салмактуулуктар ааламдын кокустан пайда боло албашынын көрсөткүчтөрүнүн бири. Австралиядагы Adelaide университетинен атактуу, математикалык физика профессору Пол Дейвистин (Paul Davies) ою боюнча Биг Бенгден кийин ишке ашкан кеңейүү ылдамдыгы эгер миллиард көбөйтүү миллиардда бир ($1/10^{18}$) чоңдукта

эле башкача болгондо, аалам жарала алмак эмес.[12] Стивен Хокинг (Stephen Hawking) да *Убакыттын кыскача тарыхы* аттуу эмгегинде ааламдын кеңейүү ылдамдыгындагы мындай кереметтүү тең салмактуулукту мындайча кабыл алат:

Ааламдын кеңейүү ылдамдыгы ушунчалык критикалык болгондуктан, Биг Бенгден кийинки биринчи секундада бул чоңдук эгер жүз миң миллион көбөйтүү миллиондо бирге кичирээк болгондо эле, аалам азыркы абалына келбестен мурун өз ичине чөгүп кетмек.

## Төрт күч:

Учурда заманбап физика кабыл алган «төрт негизги күчтүн» - гравитациялык күч (планеталардын тартылуу күчү), электромагниттик күч, күчтүү ядролук күч жана алсыз ядролук күчтүн- байланышы жана тең салмактуулугу урматында ааламдагы бардык физикалык кыймылдар жана түзүлүштөр пайда болот. Бул күчтөр бири-биринен кереметтүү айырмаларга ээ. Атактуу молекулярдык биолог Майкл Дентон (Michael Denton) бул күчтөр арасындагы назик тең салмактуулукту мындайча түшүндүрүүдө:

Эгер гравитациялык күч бир триллион эсе күчтүү болгондо, анда аалам абдан кичинекей бир жерде болмок жана өмүрү да абдан кыска болмок. Орточо бир жылдыздын массасы азыркыдан бир триллион эсе кичинекей болмок жана өмүрү да бир жылдай эле болмок. Башка тараптан, эгер гравитациялык күч биразга эле алсызыраак болгондо, эч бир жылдыз же галактика эч пайда боло алмак эмес. Башка күчтөр арасындагы тең салмактуулуктар да абдан назик «эсептелген». Эгер күчтүү ядролук күч биразга эле алсыз болгондо, анда ааламдагы жалгыз тең салмактуу элемент суутек болмок. Башка эч бир атом боло алмак эмес. Эгер күчтүү ядролук күч электромагниттик күчкө салыштырмалуу биразга эле күчтүүрөөк болгондо, анда ааламдагы жалгыз тең салмактуу элемент ядросунда эки протону бар бир атом болмок. Мындай учурда ааламда эч суутек болмок эмес, жана жылдыздар жана галактикалар эгер пайда болушса да, азыркы түзүлүштөрүнөн такыр башкача болмок. Кыскасын айтканда, эгер бул негизги күчтөр жана өзгөрүүчүлөр азыр ээ болгон маанилеринин дал өзүндөй мааниге ээ болушпаса, эч бир жылдыз, супернова (supernova), планета жана атом болмок эмес. Жашоо да болмок эмес.

## Асман планеталары арасындагы аралыктар:

Асман планеталарынын космостогу жайгашышы жана араларындагы чоң боштуктар жерде жандуулардын жашай алышы үчүн керектүү шарт. Асман планеталары арасындагы аралыктар жердеги жашоону колдой турган абалда көптөгөн ааламдык күч менен ыңгайлуу бир эсеп ичинде жаратылган. Майкл Дентон (Michael Denton) *Nature's Destiny* (Табияттын тагдыры) аттуу китебинде суперновалар жана жылдыздар арасындагы аралыктардагы тең салмактуулуктарды мындайча түшүндүрүүдө:

Суперновалар жана негизи бардык жылдыздар арасындагы аралыктар абдан критикалык нерсе. Галактикабыздагы жылдыздардын бири-бирине болгон орточо алыстыгы 30 миллион миля. Эгер бул аралык биразга азыраак болгондо, планеталардын орбиталары туруксуз абалга келмек. Эгер көбүрөөк болгондо, бир супернова тарабынан жайылган зат ушунчалык чачыранды абалга келмек, натыйжада биздикине окшогон планета системалары чоң бир ыктымалдуулук менен эч пайда боло алмак эмес. Эгер аалам жашоого ыңгайлуу бир жер боло турган болсо, анда супернова жарылуулары абдан так бир көлөмдө ишке ашышы керек жана бул жарылуулар менен башка бардык жылдыздар

арасындагы аралык абдан так бир алыстыкта болушу зарыл. Бул алыстык учурда ансыз деле бар болгон алыстык.[15]

**Жердин тартылуу күчү:**

- Эгер күчтүүрөөк болгондо: жердин атмосферасы абдан көп аммиак жана метан чогултмак, бул болсо жашоого абдан терс таасир бермек.
- Эгер алсызыраак болгондо: жердин атмосферасы абдан көп суу жоготуп, жашоо болмок эмес.

**Күнгө болгон алыстык:**

- Эгер алысыраак болгондо: планета абдан муздап, атмосферадагы суу айлануусуна тескери таасир бермек жана планета муз дооруна кирмек.
- Эгер жакыныраак болгондо: планета ысыктан куурулуп, атмосферадагы суу айлануусуна тескери таасир бермек жана жашоо мүмкүн болбой калмак.

**Жердин үстүңкү катмарынын калыңдыгы:**

- Эгер калыңыраак болгондо: атмосферадан жердин үстүңкү катмарына абдан көп санда кычкылтек берилмек.
- Эгер ичкерээк болгондо: жашоонун мүмкүн болбой калышына себеп боло турганчалык көп санда вулкандык кыймылдар болмок.

**Жердин өз огунда айлануу ылдамдыгы:**

- Эгер жайыраак болгондо: түн менен күндүздүн арасындагы температура айырмалары абдан чоң болмок.
- Эгер ылдамыраак болгондо: атмосфера шамалдары абдан чоң ылдамдыктарга жетип, бороон жана чапкындар жашоону мүмкүн эмес кылмак.

**Жердин магнит талаасы:**

- Эгер күчтүүрөөк болгондо: абдан күчтүү электромагниттик бороондор болмок.
- Эгер алсызыраак болгондо: күн шамалы деп аталган жана күндөн чыккан зыяндуу бөлүкчөлөрдөн жер корголбой калмак. Эки учурда тең жерде жашоо мүмкүн болмок эмес.

**Альбедо (Albedo) таасири: (жер бети тарабынан жутула албастан артка чагылган күн нуру)**

- Эгер күчтүүрөөк болгондо: ылдам муз доору башталмак.
- Эгер алсызыраак болгондо: күкүрттүн таасири ашыкча ысыкка себеп болуп, жер алгач айсбергдердин ээриши натыйжасында суу астында калмак, андан соң күйүп калмак.

**Атмосферадагы кычкылтек менен азоттун катышы:**

- Эгер көбүрөөк болгондо: жашоо функцияларын ылдамдатуучу тескери таасир болмок.
- Эгер азыраак болгондо: жашоо функцияларын жайлатуучу тескери таасир болмок.

**Атмосферадагы көмүр кычкыл газы жана суунун деңгээли:**

- Эгер көбүрөөк болгондо: атмосфера абдан бат ысымак.

- Эгер азыраак болгондо: атмосферанын температурасы төмөндөмөк.

**Озон катмарынын калыңдыгы:**

- Эгер көбүрөөк болгондо: жер бетинин температурасы абдан төмөндөмөк.

- Эгер азыраак болгондо: жер жүзү ашыкча ысып, күндөн келген зыяндуу ультра-кырмызы нурларга карата бир коргоо калбай калмак.

**Жер титирөө кыймылдары:**

- Эгер көбүрөөк болгондо: жандуулар үчүн тынымсыз бир кыйроо болмок.

- Эгер азыраак болгондо: океандын түбүндөгү азыктар сууга аралашмак эмес, океан жана деңиздеги жашоо, натыйжада бүт дүйнө жандыктарына тескери таасир болмок.

**Жердин огунун кыйшайган абалы:**

Жердин огу орбитасына 23 даражалык бир бурч менен кыйшайып турат. Жыл мезгилдери ушул кыйшайуунун урматында пайда болот. Бул кыйшайуу учурдагы маанисинен көбүрөөк же азыраак болгондо, жыл мезгилдери арасындагы температура айырмасы жогорку даражаларга жетип, жер бетинде жан чыдагыс ысык жаз-жайлар жана ашыкча суук кыштар болмок.

**Күндүк чоңдугу:**

Күндүн ордунда кичирээк бир жылдыздын болушу жердин ашыкча суушуна, чоң бир жылдыздын болушу болсо жердин ысыктын күйүп-куурулушуна себеп болмок.

**Ай менен жердин арасындагы тартылуу таасири:**

- Эгер көбүрөөк болгондо: айдын күчтүү тартылуу күчүнүн атмосфера шарттары, жердин өз огундагы айлануу ылдамдыгы жана океандардагы суунун жээкке көтөрүлүп-төмөндөөлөрүнө (прилив) болгон катуу таасирлери болмок.

- Эгер азыраак болгондо: күчтүү климат өзгөрүүлөрүнө себеп болмок.

**Ай менен жердин арасындагы аралык:**

- Эгер дагы бираз жакыныраак болгондо, ай жерди сүзмөк.

- Эгер алысыраак болгондо, ай космосто жоголуп кетмек.

- Эгер жакыныраак болгондо, айдын жерге таасир берип, себеп болгон суунун көтөрүлүп-төмөндөөлөрү кооптуу деңгээлдерге жетмек. Океандын толкундары материктердин төмөн жерлерин каптамак. Натыйжада пайда болгон сүрүлүү океандардын температурасын жогорулатып, жерде жашоо үчүн керектүү болгон аяр температура тең салмактуулугун жок кылмак.

- Эгер бираз алыста болгондо, океандын көтөрүлүп-төмөндөө кубулуштары азаймак жана бул болсо океандардын кыймылынын азайышына себеп болмок. Кыймылы аз суу океандагы жашоого кооптуулук жаратмак, ошол эле учурда дем алган абабыздагы кычкылтек деңгээлине кооптуулук жаралмак.[16]

**Жердин температурасы жана көмүртек негиздүү жашоо:**

Жашоонун негизи болгон көмүртек элементинин болушу белгилүү чектердеги температурадан көз-каранды. Көмүртек – бул аминокислота, нуклеин кислотасы жана протеиндер сыяктуу жашоону

түзгөн негизги органикалык молекулалар үчүн керектүү бир зат. Ошондуктан жашоо бир гана көмүртек негиздүү боло алат жана бул үчүн болсо температура эң аз -20 $^{0}$C, эң көп +120 $^{0}$C болушу керек. Жердин температурасы дал ушундай аралыктарда.

Бул жерде саналгандар жерде жашоонун пайда болушу жана жандуулуктун уланышы үчүн керектүү, абдан кылдат тең салмактуулуктардын бир канчасы гана. Бир гана бул жерде саналгандар эле ааламдын жана жердин кокустуктар натыйжасында, кокустук окуялардын биринин артынан экинчисинин болушу натыйжасында пайда боло албашын дапдаана көрсөтүү үчүн жетиштүү. 20-кылымда колдонулуп баштаган «кылдат бир жөнгө салуу», «адамдык принцип» түшүнүктөрү Куранда кылымдар мурда билдирилген «төп келүүчүлүк жана өлчөө менен жаратылууну» тастыктап жатат.

## КҮН, АЙ ЖАНА ЖЫЛДЫЗДЫН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨГҮ АЙЫРМА

**Силердин үстүңөрдө абдан бекем жети-асман курдук. Абдан жаркыраган бир шам (Күн) жасадык. (Небе Сүрөсү, 12-13)**

Белгилүү болгондой, күн – бул күн системасындагы жалгыз нур булагы. Технологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүшү менен астрономдор айдын бир нурдун булагы эмес экенин, бир гана күндөн келген нурду чагылтаарын аныкташты. Жогорудагы аятта айтылган «шам» сөзү да – Арапчада ысыктык жана жарык булагы болгон күндү эң сонун сүрөттөгөн «сираж» сөзү.

Аллах Куранда ай, күн жана жылдыздар сыяктуу асман планеталары жөнүндө сөз кылганда, ар башка сөздөрдү колдонууда. Булардан күн жана айдын түзүлүштөрү арасындагы айырма Куранда мындайча айтылган:

**Жана Айды булардын арасында бир нур кылып, Күндү болсо (жарык кылуучу жана ысытуучу) бир шам кылган. (Нух Сүрөсү, 16)**

Бул аятта ай үчүн жарык (Арапча «нур»), күн үчүн шам чырак (Арапча «сираж») сөздөрү колдонулган. Бул сөздөрдөн ай үчүн колдонулган сөз жарыкты чагылткан, жаркыраган, кыймылсыз бир массаны сүрөттөйт. Күн үчүн колдонулган сөз болсо тынымсыз күйүп турган, ысыктык жана жарыктын булагы, асмандагы бир түзүлүш маанисине келет.

Ал эми «жылдыз» сөзү Арапчада «пайда болгон, көрүнгөн» маанилерине келген «нежеме» тамырынан чыккан. Мындан тышкары, жылдыз төмөндөгү аяттагы сыяктуу нуру менен караңгылыктарды жаруучу, жаркыроочу, өзүн-өзү сарптоочу жана күйүүчү маанилерине ишарат кылган «сакиб» сөзү менен да сыпатталган:

**(Караңгыны) Тешүүчү (жаруучу) жылдыз. (Тарык Сүрөсү, 3)**

Учурда айдын өзүнөн нур чыгарбашы, күндөн келген нурду чагылтаары белгилүү. Күн жана жылдыздардын болсо өз нурларын чыгараарын билебиз. Куранда бул чындыктар адамдардын асман телолору жөнүндө маалыматы абдан чектелүү бир доордо, т.а. мындан 14 кылым мурда билдирилген.

# ОРБИТАЛАР ЖАНА АЙЛАНУУЧУ ААЛАМ

Ааламдагы улуу тең салмактуулуктун эң маанилүү себептеринин бири – бул албетте асман телолорунун белгилүү орбиталар менен жүрүшү. Жылдыздар, планеталар жана спутниктер бир тараптан өз окторунда, экинчи тараптан көз-каранды болгон система менен бирге айланышууда, аалам бир заводдун тиштери сыяктуу кылдат бир система ичинде иштөөдө.

Ааламдын биз көрө алган бөлүгүндө 100 миллиарддан көп галактика бар жана кичинекей галактикаларда болжол менен бир миллиард, чоң галактикаларда болсо бир триллиондон көп жылдыз бар. Бул жылдыздардын көпчүлүгүнүн планеталары, бул планеталардын болсо спутниктери бар. Бардык бул асман телолору абдан назик, так эсептер менен аныкталган орбиталарга ээ. Жана миллиондогон жылдан бери баары өз орбитасында башкалары менен теңдешсиз бир төп келүүчүлүк жана система ичинде агып (учуп) жүрөт. Булардан башка дагы көптөгөн куйруктуу жылдыз да өзү үчүн белгиленген орбитада сүзүп жүрөт.

Ааламдагы орбиталар бир гана асман телолоруна тиешелүү эмес. Күн системабыз, ал тургай, башка галактикалар башка борборлор айланасында абдан кыймылда болушат. Жер жана аны менен бирге күн системасы жыл сайын мурдакы ордунан 500 миллион км алыстайт. Асман телолорунун орбиталарынан кичине эле жылып кетишинин системаны кыйрата турганчалык маанилүү натыйжаларга себеп болушу мүмкүн экени эсептелген. Мисалы, жер орбитасында кадимкиден көп же аз 3 миллиметрлик бир жылып кетүүнүн себеп болушу мүмкүн болгон натыйжалары бир булакта мындайча сүрөттөлгөн:

Жер күндүн айланасында айланып жатып, ушундай бир орбита чийет; ар бир 18 миляда түз сызыктан болгону 2,8 мм алыстайт. Жер чийген бул орбита кылчалык да адашпайт; себеби орбитадан 3 миллиметрлик бир алыстоо да чоң кырсыктарга себеп болмок: алыстоо 2,8 ордуна 2,5 миллиметр болгондо, орбита абдан кенен болмок жана баарыбыз тоңуп калмакпыз; алыстоо 3,1 миллиметр болгондо, баарыбыз куурулуп, күйүп өлмөкпүз.

Асман телолорунун дагы бир өзгөчөлүгү болсо – бул орбиталарынан тышкары өз огунда да айланышы. Куранда **«Айлануучу асманга ант болсун»** (Тарык Сүрөсү, 11) аяты болсо дал ушул чындыкка ишарат кылат. Албетте, Куран түшүрүлгөн доордо адамзат учурдагы сыяктуу космосту миллиондогон киллометр алыстарга чейин байкоо жүргүзө ала турган телескопторго, өнүккөн байкоо технологияларына, заманбап физика жана астрономия маалыматтарына ээ эмес эле. Ошондуктан космостун, аятта билдирилгендей, **«кылдат (аяр) жолдор жана орбиталар менен жабдылган»** (Зарият Сүрөсү, 7) экенин ал доордо илимий тараптан аныктоо мүмкүн эмес эле. Бирок ал доордо түшүрүлгөн Курани Керимде бул чындык бизге апачык кабар берилген; себеби Куран – бул Аллахтын сөзү.

# КҮНДҮН ЖОЛ АЛГАН БАГЫТЫ

Куранда күн жана ай жөнүндө айтылганда ар биринин белгилүү бир орбитасынын бар экени баса белгиленет:

**Түндү, күндүздү, күндү жана айды Ал жараткан; ар бири бир орбитада сүзүп жүрөт. (Анбия Сүрөсү, 33)**

Жогорудагы аятта айтылган «сүзүү» сөзү Арапчада «сабаха» деп айтылат жана күндүн космостогу кыймылын түшүндүрүү үчүн колдонулууда. Бул сөз күндүн космосто кыймылдап баратканда, башкаруусуз эмес экени, өзүнүн огунда айланаары жана айланып баратканда бир жолдо сүзөөрү маанисине келет. Күндүн бир жерде турбашы, белгилүү бир орбитада кыймылдаары дагы бир аятта мындайча билдирилүүдө:

**Күн да ал үчүн (белгиленип) коюлган бир ордун көздөй агып (сүзүп) баратат. Бул улуу жана кудуреттүү, даанышмандын буйругу. (Йасин Сүрөсү, 38)**

Куранда билдирилген бул чындыктар бир гана биздин доордогу астрономиялык байкоолор менен аныкталды. Астрономия адистеринин эсептөөлөрү боюнча күн Solar Apex деп аталган бир орбита боюнча Вега жылдызын көздөй саатына 720000 киллометрлик абдан чоң бир ылдамдык менен кыймылдап баратат. Бул болжолдуу эсеп менен күндүн күн сайын 17 миллион 280 миң км жол басып өтөөрүн көрсөтөт. Күн менен бирге анын тартылуу системасы ичиндеги бардык планеталар жана спутниктери да ошончо жолду басышат.

# АЙДЫН ОРБИТАСЫ

**Биз ай үчүн да бир катар барчу жерлерди аныктап койдук; аягында ал эски бир курма бутагы сыяктуу кайтты (кайтат). Күн айга жете албайт, түн да күндүздөн алдыга өтүп кете албайт. Баары бир орбитада сүзүп жүрүшүүдө. (Йасин Сүрөсү, 39-40)**

Айдын орбитасы башка планеталардын спутниктери сыяктуу бирдей бир орбитада эмес. Ай орбитасында баратканда жердин кээде алдына, кээде артына өтөт. Ошол эле учурда жер менен бирге күндүн айланасында айлангандыктан, космосто тынымсыз «S» тамгасына окшош бир орбита чийет. Айдын космостогу мындай орбитасынын калыбы Куранда «**эски бир курма бутагы сыяктуу кайтты (кайтат)»** сүйлөмүндө сүрөттөлгөндөй, кургаган курма дарагынын бутагынын ийрилигине абдан окшошууда. Аяттагы «уржун» сөзүнүн мааниси куурап ичкерген, тырышкан курма бутагы жана курма дарагынын мөмөлөр жыйылып алынган соң калган бөлүгүн айтуу үчүн колдонулат. Мындан тышкары, бул бутактын «эски» сөзү менен айтылышы да абдан сырдуу, себеби курма бутагынын эскиси ичкерээк жана ийрирээк.

Албетте, 1400 жыл мурун айдын орбитасы жөнүндө маалыматка ээ болуу мүмкүн эмес эле. Учурдун технологиясы жана илимий жетишкендиктери менен аныктала алган мындай түзүлүштүн Куранда мынчалык так бир окшоштуруу менен билдирилиши Курандын дагы бир илимий керемети.

# АЙ ЖЫЛЫНЫН ЭСЕПТЕЛИШИ

**Күндү бир жарык кылуучу, айды бир нур кылган жана жылдардын санын жана эсепти билишиңер үчүн ага орундарды аныктап койгон – Ал (Аллах). Аллах буларды акыйкат менен гана жаратты. Ал билүүчү бир коом үчүн аяттарды ушундай бир-бирден баяндап берүүдө. (Йунус Сүрөсү, 5)**

**Биз ай үчүн да бир катар барчу жерлерди аныктап койдук; аягында ал эски бир курма бутагы сыяктуу кайтты (кайтат). (Йасин Сүрөсү, 39)**

Жогорудагы биринчи аятта Аллах айдын адамдар үчүн бир жыл эсептөөдө бир өлчөө болоорун апачык билдирген. Мындан тышкары, бул эсептердин айдын орбитасында айланышы учурундагы көрүнүштөрүнө жараша жасалаарына да көңүл бурулган. Жер-ай жана жер-күн түздүктөрү арасындагы бурч тынымсыз өзгөрүп тургандыктан, биз айды ар кайсы убакта ар кандай абалда көрөбүз. Мындан тышкары, айды көрө алышыбыз айдын күндөн алган жарыкты чагылтышы натыйжасында мүмкүн болгондуктан, айдын күн тарабынан жарык кылынган тарабы жердеги байкоочу үчүн тынымсыз калып өзгөртөт. Мындай өзгөрүүлөр эске алынып, бир катар эсептөөлөр жасалат жана бул адамдарга жылды эсептөө мүмкүнчүлүгүн берет.

Мурда 1 ай адамдар тарабынан эки толгон ай арасындагы аралык же айдын жердин айланасында айланган убактысы катары эсептелчү. Бул эсеп боюнча 1 ай 29 күн 12 саат жана 44 мүнөткө ээ эле. Бул «камарий (ай боюнча) ай» эсеби деп аталат. 12 камарий ай болсо румий календарь боюнча 1 жыл болот. Бирок жердин күндү айланып бүтүшүн 1 жыл деп кабыл алган миладий (учурда колдонулган) календарь менен румий календарь арасында жыл сайын 11 күндүк бир айырма пайда болот. Кехф Сүрөсүнүн 25-аятында да бул айырмага мындайча көңүл бурулган:

**Алар үңкүрлөрүндө үч жүз жыл болушту (турушту) жана дагы тогуз (жыл) кошушту. (Кехф Сүрөсү, 25)**

Аяттагы убакытты мындайча түшүндүрүүгө болот: 300 жыл x 11 күн (ар бир жыл үчүн пайда болгон айырма) = 3300 күн. 1 күн жылынын 365 күн 5 саат 48 мүнөт жана 45,5 секундадан тураарын эске алсак, анда 3300 күн/365,24 = 9 жыл. Башкача айтканда, миладий календарь боюнча 300 жыл румий календарь боюнча 300+9 жылга барабар. Байкалгандай, аятта кылдат эсептерге таянган бул 9 жылдык айырмага көңүл бурулган. (Эң туурасын Аллах билет). Албетте, Куранда мындай бир маалыматка көңүл бурулушу Курандын илимий кереметтеринин бири.

# ТАРТЫЛУУ КҮЧҮ ЖАНА ОРБИТАЛЫК КЫЙМЫЛДАР

**Жок; сиңип айлануучу (планета)ларга ант ичем, бир агым ичинде ордуна баруучуларга; (Теквир Сүрөсү, 15-16)**

Теквир Сүрөсүнүн 15-аятындагы «хуннес» сөзү бырышып сиңүүчү, артка кетүүчү, артка кайтуучу сыяктуу маанилерге келет. 16-аятта «ордун ээлөөчүлөргө» деп которулган Арапча сөзү болсо «куннес». «Канис» сөзүнүн көптүк түрү болгон «куннес» сөзү белгилүү трасса, уяга кирүү, кыймылдагы нерсенин уясы, уясына кирип сактануучулар маанилерине келет. 16-аяттагы «агым»

сөзү болсо «жарайан» сөзүнөн чыккан жана агып баруучу маанисине келген «жарийа» сөзүнүн көптүк түрү болгон «жавар». Бул сөздөрдүн маанилерине көңүл бурулганда, планеталардын тартылуу күчтөрү жана орбита айланасындагы кыймылдарына ишарат кылынып жатат деп айтууга болот.

Жогорудагы аяттарда колдонулган бул сөздөр тартылуу күчтөрүнөн келип чыккан орбиталык кыймылдарды толук сүрөттөйт. Булардан «хуннес» сөзү менен планеталардын өз борборлорун көздөй жана күн системасынын борбору болгон күндү көздөй тартылууларына көңүл бурулууда. (Эң туурасын Аллах билет.) Тартылуу күчү ааламда ансыз деле бар болгон бир күч, бирок бул тартылуу күчүнүн математикалык формулалар менен аныкталышы 17-18-кылымдарда жашаган Исаак Ньютон тарабынан мүмкүн болгон. Кийинки аяттагы «альжавари» сөзү болсо бул тартылуу күчүнө карама-каршы күч болгон борбордон качуу күчүнөн келип чыккан орбиталык кыймылдарга басым жасоодо. Албетте, агып (сүзүп) жүрүүчүлөр маанисине келген «альжавари» сөзүнүн «хуннес» (борборду көздөй тартылуу, кысылуу, сиңүү) жана «куннес» (трасса, уяга кирүү, кыймыл абалындагы нерсенин уясы) сөздөрү менен колдонулушу 1400 жыл мурда билиниши мүмкүн болбогон маанилүү бир илимий чындыкка көңүл буруууда. (Эң туурасын Аллах билет.) Мындан тышкары, Куранда ант ичилген нерселердин бири болгон бул аяттар бул жагдайдын маанисине көңүл бурган дагы бир аят.

# ЖЕРДИН ТОГОЛОК ФОРМАСЫ

**Асмандарды жана жерди акыйкат менен жаратты. Түндү күндүзгө ороп-чулгайт, күндүздү болсо түнгө ороп-чулгайт... (Зүмер Сүрөсү, 5)**

Курандын ааламды тааныткан аяттарында колдонулган сөздөр абдан кызыктуу. Жогорудагы аятта «ороп-чулгайт» деп которулган Арапча сөз «йукаввиру». Бул сөздүн мааниси «тоголок бир нерсенин үстүнө бир нерсени ороо». (Мисалы, Арапча сөздүктөрдө «башка чалма ороо» сыяктуу тоголок нерселерди камтыган этиштер үчүн ушул сөз колдонулат.) Аятта түндүн жана күндүздүн бири-биринин үстүн ороп-чулгашы (таквир кылышы) жөнүндө берилген маалымат ошол эле учурда жердин формасы жөнүндө таптак бир маалыматты камтыйт. Жер тоголок болгондо гана бул аятта айтылган этиш ишке аша алат. Т.а. 7-кылымда түшүрүлгөн Куранда жердин тоголок экенине ишарат кылынган.

Ал доордогу астрономия түшүнүгүндө жердин башкача кабылданганын унутпоо керек. Ал доордо жер түз бир тегиздик деп кабыл алынчу жана бардык илимий эсеп жана түшүндүрмөлөр да ушуга жараша жасалчу. Бирок Куран Аллахтын сөзү болгондуктан, ааламды сүрөттөп жатканда, мүмкүн болгон эң так сүрөттөөчү сөздөр колдонулган. Куран аяттарында болсо биз жакынкы кылымда араң биле алган бул маалыматтар 1400 жыл мурдатан кабар берилүүдө.

# ЖЕРДИН АЙЛАНУУ БАГЫТЫ

**Тоолорду карап, (аларды) кыймылдабай турат деп ойлойсуң; чынында болсо алар булуттар айдалгандай айдалышат. Бул – бүт нерсени «бекем жана орду-орду менен кылган» Аллахтын чеберчилиги. Шексиз Ал кылганыңардан кабардар. (Немл Сүрөсү, 88)**

Намл Сүрөсүндөгү аятта жердин бир гана айланышы эмес, айлануу багытына да басым жасалууда. 3500-4000 метр бийиктиктеги негизги булут массаларынын кыймыл багыты дайыма батыштан чыгышты көздөй болот. Аба ырайы божомолдору үчүн көбүнчө батыштагы абалга каралышынын себеби да ушул.

Булут массаларынын батыштан чыгышты көздөй кыймылдашынын негизги себеби – бул жердин айлануу багыты. Учурда белгилүү болгондой, жер батыштан чыгышты көздөй айланууда. Илим жакында гана аныктаган бул илимий чындык Куранда кылымдар мурда -жер бир тегиздик, бир өгүздүн үстүндө кыймылдабай турат деп кабыл алынган 14-кылымда- кабар берилген.

# ЖЕРДИН ГЕОИД АБАЛЫ

**Андан соң жер бетин жайып төшөдү. (Назиат Сүрөсү, 30)**

Бул аятта «жайып төшөдү» деп которулган «даха» сөзү жайуу маанисине келген «дахв» сөзүнөн келип чыгат. Дахв сөзү төшөө, оңдоо маанилерине келсе да, мааниси жагынан жөнөкөй бир «төшөө» этиши эмес. Себеби бул сөз да тоголок кылып оңдоо, төшөө этиштерин сүрөттөө үчүн колдонулууда.

Дахв сөзүнөн келип чыккан башка сөздөрдө да тоголок мааниси бар. Мисалы, балдардын топту жердеги бир чуңкурга түшүрүшү, таш ыргытып түшүрүү жарыштары, жаңгак менен ойнолгон оюн, булардын баары дахв сөзү менен айтылат. Төө куштун уя жасашына, жата турган жердеги таштарды тазалашына, жумурткалаган жерге жана жумурткасына да ушул сөздөн келип чыккан сөздөр колдонулат.

Жердин формасы да бир жумуртканы элестеткен формада тоголок. Жердин уюлдардан басылган эллипс формасы геоид деп аталат. Бир тараптан аятта «даха» сөзүнүн колдонулушу Аллах жер жөнүндө берген маанилүү бир маалыматты камтууда. Адамдардан жүздөгөн жылдар бою жердин формасын тегиздик деп кабыл алышы жана чыныгы формасынын технологиялык мүмкүнчүлүктөр менен гана аныкталышы Курандын Аллахтан келген вахий экендигинин маанилүү далилдеринин бири.

# ЖЕРДИН ЖАНА КОСМОСТУН КӨЛӨМДӨРҮ

**Эй жин жана инсан коомдору, эгер асмандардын жана жердин учтарынан ашып-өтүүгө күчүңөр жетсе, ылдам ашкыла; бирок «улуу бир күч (султан)» болбостон аша албайсыңар. (Рахман Сүрөсү, 33)**

Бул аятта учтары деп которулган сөздүн Арапчасы «актар». «Актар» Арапчада көлөм (диаметр) маанисине келген «кутур» сөзүнүн көптүк түрү, жана асмандардын жана жердин көптөгөн көлөмдөрү (диаметрлери) бар экенин билдирүүдө. Арапчада сөздүн колдонушуна жараша жекелик түрдө же көптүк түрдө (экиден көппү) же жуптук формада колдонулганын түшүнүүгө болот.

Ошондуктан сөздүн бул жердеги колдонуу формасы аркылуу –экиден көп экенин билдирген көптүк форма аркылуу- дагы бир кереметтүү маалымат билдирилүүдө.

Белгилүү болгондой, үч өлчөмдүү нерсе бир калыптуу тоголок формага ээ болсо гана бир көлөм (диаметр) жөнүндө сөз кылууга болот. Көлөмдөр сөзү болсо бир калыптуу болбогон бир тоголок формага гана тиешелүү болушу мүмкүн. Аятта тандалган бул сөз –көлөмдөр- жердин геоид формасына ишарат кылышы жагынан маанилүү. Аятта дагы бир көңүл бурула турган нерсе – бул көлөмдөр жөнүндө сөз болуп жатканда жер бети жана асмандардан өз-өзүнчө сөз кылынышы.

Албетте, Эйнштейндин Жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча аалам кеңейүүдө; бирок бул галактикалар жана башка космос телолору космосто айланага таркап жатат деген мааниге келбейт. Бул космос кеңейип жатат жана бул учурда галактикалар арасындагы аралык алыстап баратат дегенди билдирет.

Рахман Сүрөсүнүн 33-аятындагы «асмандардын көлөмдөрү» сөзү да космостун айлана сымал формасына ишарат кылууда. (Эң туурасын Аллах билет.) Космостун ар кайсы жерлеринен космостун көлөмдөрү ар түрдүү чыгат, ошондой эле тынымсыз кеңейген космостун көлөмдөрү да тынымсыз өзгөрүп турат. Бул жагынан караганда аятта «көлөм» сөзүнүн көптүк түрдө колдонулушу абдан терең маанилүү жана Курандын бүт нерсенин илимине ээ болгон Раббибиздин вахийи экендигинин көрсөткүчтөрүнүн бири.

## АТМОСФЕРАНЫН КАБАТТАРЫ

Куран аяттарында аалам жөнүндө берилген маалыматтардын бири – бул асмандын жети кабат болуп жаратылганы:

**Силер үчүн жердегилердин баарын Ал жаратты. Анан асманды максат кылып аларды жети асман кылып Ал жасады. Жана Ал баарын билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 29)**

**Анан түтүн абалындагы асманга кайрылды... (Фуссилет Сүрөсү, 11)**

**Ушундайча аларды эки күн ичинде жети асман кылып толуктады жана ар бир асманга буйругун вахий кылды... (Фуссилет сүрөсү, 12)**

Куранда көп аятта колдонулган асман сөзү бүт ааламды айтуу үчүн колдонулган сыяктуу, жердин асманын айтуу үчүн да колдонулат. Сөздүн бул мааниси эске алынганда, жердин асманынын, б.а. атмосферанын 7 кабаттан тураары айтылууда.

Учурда жердин атмосферасынын үстү-үстүнө тизилген ар башка катмарлардан тураары белгилүү болду.[20] Химиялык курамы же аба температурасы өлчөө катары кабыл алынып жасалган аныктамаларда жердин атмосферасы 7 катмар деп белгиленген.[21] Учурда дагы эле 48 сааттык аба ырайы божомолдорунда колдонулган жана «Limited Fine Mesh Model» (LFMII) деп аталган атмосфера модели боюнча да атмосфера 7 кабат. Заманбап геологиялык аныктамалар боюнча атмосферанын 7 катмары төмөнкүчө саналат:

1- Тропосфера

2- Стратосфера

3- Мезосфера
4- Термосфера
5- Экзосфера
6- Ионосфера
7- Магнитосфера

Бул жөнүндөгү дагы бир керемет болсо Фуссилет Сүрөсүнүн 12-аятындагы **«Ар бир асманга буйругун вахий кылды»** сүйлөмүндө орун алган. Т.а. аятта Аллахтын ар бир катмарды белгилүү бир кызмат менен милдеттендиргени билдирилүүдө. Кийинки бөлүмдөрдө тереңирээк карала тургандай, жогоруда саналган катмарлардын ар биринин адамдардын жана жер бетиндеги бардык жаныбарлардын пайдасына абдан маанилүү кызматтары бар. Жамгырлардын пайда болушунан зыяндуу нурлардын тосулушуна, радио толкундардын чагылтылышынан метеориттердин зыянсыз абалга келтирилишине чейин ар бир катмардын өзүнө тиешелүү бир функциясы бар.

Төмөнкү аяттар болсо бизге атмосферанын 7 катмарынын көрүнүшү жөнүндө маалымат берүүдө:

**«Аллахтын жети асманды бири-бири менен бир төп келүүчүлүк ичинде жаратканын көрбөй жатасыңарбы?» (Нух сүрөсү, 15)**

**Ал бири-бири менен «толук бир төп келүүчүлүк» ичинде жети асманды жараткан... (Мүлк Сүрөсү, 3)**

Бул аяттарда «төп келүүчүлүк» деп которулган Арапча «тибакан» сөзү ошол эле учурда «катмар, бир нерсенин ылайыктуу капкагы жана жапкычы» маанилерине да келет, жана жогорку катмардын ылдыйкы катмарга туура келишине басым жасайт. Сөз көптүк мааниде колдонулганда болсо «кабат кабат» маанисине келет. Аятта сүрөттөлгөн кабат кабат абалындагы асман, албетте, атмосфераны толук сүрөттөгөн бир түшүндүрмө.

20-кылымдын технологиясы болмоюнча, эч аныктоого мүмкүн болбогон мындай маалыматтардын 1400 жыл мурда түшүрүлгөн Курани Керимде апачык билдирилиши болсо албетте абдан улуу бир керемет.

# КОРГОЛГОН ЧАТЫР

Куранда Аллах асмандын абдан маанилүү бир өзгөчөлүгүнө мындайча көңүл бурат:

**Асманды корголгон бир чатыр кылдык; алар болсо мунун аяттарынан жүз бурушууда. (Анбия Сүрөсү, 32)**

Аятта айтылган асмандын мындай өзгөчөлүгү 20-кылымдагы илимий изилдөөлөр менен далилденди.

Жерди толук курчаган атмосфера жандуулардын өмүр сүрүшү үчүн абдан маанилүү функцияларды аткарат. Жерге жакындаган чоң-кичине көптөгөн метеоритти майдалап жок кылат жана алардын жерге түшүп жандууларга чоң зыян беришине тоскоол болот.

Атмосфера, мындан тышкары, космостон келген жана жандуулар үчүн зыяндуу болгон нурларды фильтрден өткөрөт. Атмосферанын мындай өзгөчөлүгүнүн абдан өзгөчө тарабы – бул атмосферанын бир гана зыянсыз деңгээлдеги нурларды, т.а. көзгө көрүнгөн нур, инфра-кызыл нурлар жана радио толкундарды өткөрүшү. Булардын баары жашоо үчүн керектүү нурлар. Мисалы, атмосфера тарабынан белгилүү санда өтүшүнө уруксат берилген ультра-кырмызы нурлар өсүмдүктөрдүн фотосинтез жасашы жана натыйжада бардык жандыктардын жашоосун улантышы үчүн зор мааниге ээ. Күн тарабынан чыгарылган күчтүү ультра-кырмызы нурлардын көпчүлүгү атмосферанын озон катмарында сүзгүчтөн өтөт жана жер бетине жашоо үчүн керектүү болгон аз бөлүгү гана жетет.

Атмосферанын коргоочу өзгөчөлүгү булар менен эле чектелбейт. Жер космостун орточо -270 даражалык тоңдуруучу суугунан да атмосфера урматында сактанат.

Жерди зыяндуу таасирлерден коргогон бир гана атмосфера эмес. Атмосферадан тышкары «Ван Аллен тилкемдери» деп аталган жана жердин магниттик талаасынан келип чыккан бир катмар да планетабызга келген зыяндуу нурларга карата бир калкан кызматын аткарат. Күндөн жана башка жылдыздардан тынымсыз таркаган бул нурлар адамдар үчүн өлтүрүүчү таасирге ээ. Өзгөчө күндө бат бат болуп турган жана «жаркыроо» деп аталган энергия жарылуулары Ван Аллен тилкемдери болбосо, жердеги бүт жашоону жок кыла ала турган күчкө ээ.

Ван Аллен тилкемдеринин жашообуз үчүн маанисин Др. Хью Росс (Dr. Hugh Ross) мындайча баяндайт:

Жер күн системасындагы планеталар арасынан эң жогорку тыгыздыкка ээ. Бул көп сандагы никель-темир борбору чоң бир магникттик талаага жооп берет. Бул магниттик талаа Ван Аллен радиациядан коргоочу катмарын пайда кылат. Бул катмар жер бетин радиация бомбалоосунан коргойт. Эгер бул коргоочу катмар болбогондо, жерде жашоо болмок эмес. Магниттик талаасы бар жана аскалуу аймактардан турган дагы бир планета – бул Меркурий. Бирок бул магниттик талаанын күчү жердикинен 100 эсе аз. Ван Аллен радиациядан коргоочу катмары жерге гана тиешелүү.

Өткөн жылдарда аныкталган бир жаркыроодо ачыкка чыккан энергиянын Хиросимага ташталганга окшогондон 100 миллиард атом бомбасына тең келээри эсептелген. Жаркыроодон 58 сааттан соң компастын көрсөткүчтөрүндө ашыкча кыймылдар байкалган. Жер атмосферасынын 250 км үстүндө температура абдан өзгөрүп, 2500 $^0$С'ге жогорулаган.

Кыскача айтканда, жердин бетинде аны ороп-курчаган жана тышкы факторлордон коргогон кемчиликсиз бир система иштейт. Мына ушул жерди курчаган асмандын коргоочу калкан өзгөчөлүгүн Аллах бизге көптөгөн кылым мурда Куранда билдирген.

# АСМАНДЫН ТАМ КЫЛЫНЫШЫ

**Ал силер үчүн жер бетин бир төшөк, асманды бир там кылды. Жана асмандан жамгыр жаадырып, аны менен силер үчүн (ар түрдүү) түшүмдөрдөн ырыскы чыгарды. Демек (булардын баарын) билип туруп Аллахка шериктер кошпогула. (Бакара Сүрөсү, 22)**

Бул аятта асман сүрөттөлүп жатканда Арапча «ессемае бинаен» сөзү колдонулууда. Бул сөз купол, чатыр маанилери менен бирге Арап көчмөндөрү тарабынан колдонулган чатырга окшош бир

жапкычты да сүрөттөйт.[23] Жана бул чатырга окшош түзүлүш менен басым жасалган жагдай – бул сырткы факторлордон бир коргоонун коюлгандыгы.

Биз көбүнчө байкабасак да, башка планеталардагы сыяктуу жерге да көп санда метеорит түшүп турат. Башка планеталарга түшкөндө, ири кратерлер (оюктар) ачкан бул метеориттердин жерге зыян бербешинин себеби – бул жерди курчаган атмосферанын түшүп келе жаткан метеориттерге карата абдан каршы турушу. Метеорит бул туруштукка көп чыдай албайт жана сүрүлүүдөн улам күйүп массасынын көп бөлүгүн жоготот. Ошентип ири кырсыктарга жол ачышы мүмкүн болгон коркунуч атмосфера урматында тосулган болот. Аллах жогоруда айтылган атмосферанын коргоочу өзгөчөлүгү жөнүндөгү аяттардан тышкары, төмөнкү аятта да бул өзгөчө жаратылууга көңүл бурууда:

**Аллахтын жердегилерди жана деңизде Анын буйругу менен сүзүп жүрүүчү кемелерди силердин пайдаланууңарга бергенин көргөн жоксуңбу. Жана (Өз) уруксаты болмоюнча, асманды жердин үстүнө түшүүдөн сактайт. Шексиз, Аллах адамдарга карата боорукер, абдан мээримдүү. (Хаж Сүрөсү, 65)**

Мурдакы бөлүмдө да айтылган атмосферанын коргоочу өзгөчөлүгү жерди космостон, т.а. сырткы факторлордон коргоодо. Жогорудагы аяттарда асман үчүн колдонулган там сөзү менен да толугу менен асмандын Пайгамбарыбыз (сав) доорунда билиниши мүмкүн болбогон ушул тарабына көңүл бурулууда. Бул маалыматтардын алдыңкы технология менен жабдылган космос унаалары, ири телескоптор жок кезде, 1400 жыл мурда Курани Керимде билдирилген болушу Курандын чексиз илим ээси Раббибиздин вахийи экенин көрсөтөт.

# АРТКА КАЙТАРУУЧУ АСМАН

Курани Керимде Тарык Сүрөсүнүн 11-аятында асмандын **«артка кайтаруучу»** өзгөчөлүгү жөнүндө мындайча айтылат:

**Кайтуучу асманга ант болсун. (Тарык Сүрөсү, 11)**

Куран котормолорунда «кайтуучу» деп которулган «режъи» сөзү «артка кайтаруучу» маанисине келет.

Белгилүү болгондой, жерди курчаган атмосфера көптөгөн катмардан турат. Ар бир катмардын жандуулуктун пайдасын көздөгөн маанилүү кызматы бар. Изилденгенде ар бир катмардын ага жеткен затты же нурларды космоско же жер бетине кайра кайтаруу өзгөчөлүктөрүнүн бар экени аныкталган. Бул жерде атмосфера катмарларынын артка кайтаруучу өзгөчөлүгүн бир канча мисал менен карайлы.

Мисалы, 13-15 км бийиктиктеги тропосфера катмары жер жүзүнөн көтөрүлгөн суу буусунун топтошуп, оордошуп жаан-чачын абалында жерге кайра кайтышын камсыздайт. 25 км бийиктиктеги стратосферанын астыңкы катмары болгон озоносфера космостон келген радиация жана зыяндуу ультра-кырмызы нурларды чагылтып, жер бетине жете албастан космоско кайра кайтышын камсыздайт. Ионосфера катмары болсо жер бетинен чыккан радио толкундарды бир спутник сыяктуу жер бетинин ар кайсы аймактарына кайра чагылтып, уюлдук байланыштын, радио жана

телевизор берүүлөрүнүн алыс аралыктарга жетишин камсыз кылат. Магнитосфера катмары болсо күндөн жана башка жылдыздардан чыккан зыяндуу радиоактивдүү бөлүкчөлөрдү жер бетине жеткирбей артка кайтарат.

Асман катмарларынын жакынкы жылдарда эле аныкталган мындай өзгөчөлүгүнүн кылымдар мурда Куранда билдирилиши Курандын Аллахтын сөзү экенин дагы бир жолу тастыктоодо.

## ЖЕРДИН КАБАТТАРЫ

Куранда жер бети жөнүндө берилген маалыматтардын бири – бул жер жүзүнүн жети кабат асманга окшоштугу:

**Аллах жети асманды жана жерден да алардын окшошун жаратты. Буйрук булардын арасында токтобостон түшүп турат; силердин чынында Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экенин жана чынында Аллахтын илими менен бүт нерсени курчаганын билишиңер, үйрөнүшүңөр үчүн. (Талак Сүрөсү, 12)**

Бул аятта көңүл бурулган бул маалымат илимий булактарда да кездешет жана жердин жети кабаттан турары айтылат. Илимпоздор катарга койгон бул катмарлар төмөнкүдөй:

1-кабат: литосфера (суу)
2-кабат: литосфера (кургактык)
3-кабат: астеносфера
4-кабат: үстүңкү мантия
5-кабат: астыңкы мантия
6-кабат: сырткы ядро
7-кабат: ички ядро

Литосфера грек тилинде таш маанисине келген литос (*lithos*) сөзүнөн келип чыгат жана жердин эң үстүңкү катмарын түзгөн катуу таш-топурак катмары. Башка катмарларга салыштырмалуу абдан ичке. Литосфера океандардын астында жана вулкандык активдүү аймактарда андан да ичке. Жер бетинде бул катмардын орточо калыңдыгы 80 км. Башка катмарларга салыштырмалуу муздагыраак жана катуураак; бул жагынан жер бетинде кабык милдетин аткарат.

Литосферанын астында грекче «алсыз» деген сөз астенестен (*Asthenes*) келген астеносфера катмары жайгашкан. Бул катмар литосферага салыштырмалуу ичкерээк жана кыймылдуу бир катмар. Бул катмар убакыттын өтүшү менен геологиялык жогорку температура жана басымга кабылганда, жумшарып ээриши мүмкүн болгон, ысык, жарым-катуу заттардан турат. Катуу литосфера катмары акырын кыймылдаган астеносфера катмарынын үстүндө сүзүп же кыймылдап жүрөт деп айтылат.[24] Бул катмарлардын астында жогорку температурада, жарым-катуу таштардан турган болжол менен 2900 км калыңдыктагы мантия деп аталган бир катмар бар. Үстүңкү катмардан көбүрөөк өлчөмдө темир, магний жана кальций камтыган мантия ысыгыраак жана тыгыздыгы жогорураак, себеби жердин ичиндеги температура менен басым тереңдеген сайын жогорулайт.

Жердин борборунда болсо дээрлик мантиядан эки эсе тыгыз болгон ядро орун алган. Мындай тыгыздыктын себеби курамында таштардан көбүрөөк металлдардын (темир-никель) болушу. Жердин ядросу болсо эки бөлүктөн турат: бири 2200 км калыңдыктагы суюк ядро, экинчиси болсо

1250 км калыңдыктагы катуу бир ички ядро. Жер айланган сайын суюк тышкы ядро жердин магниттик талаасын пайда кылат.

Бирок 20-кылымдын технологиясы менен гана аныктала алган жер катмарларынын асманга болгон мындай окшоштугунун Куранда билдирилген болушу – албетте, Курандын көптөгөн илимий кереметтеринин бири.

## ЖЕРДИН ЖҮГҮН СЫРТКА ЧЫГАРЫШЫ

**Жер ошол күчтүү чайпалуу менен чайпалганда, жер оордуктарын сырткы чыгарганда жана адам: «Буга эмне болуп жатат?» дегенде; ошол күнү (жер) кабарларын айтып берет. (Зилзала Сүрөсү, 1-4)**

Арап тилинде «зилзал» сөзү жер титирөө; «эскалеха» сөзү болсо «оордуктарын, оор жүктөрүн» деген маанилерге келет. Жогорудагы аятта биринчи маанилери каралганда, жер титирөө жөнүндө маанилүү бир илимий чындыкка көңүл бурулганы байкалат.

Зилзала Сүрөсүнүн 2-аятында жер титирөө жөнүндө жердин оордуктарын чыгарышы айтылууда. Акыркы кылымдарда жасалган изилдөөлөр натыйжасында жердин борборунда оор металлдар бар экени жана алардын жердеги кыймылдар натыйжасында пайда болгону аныкталган. Геологдордун байкоолорунда, жер муздаган сайын оор жана тыгыз болгон заттар жердин ядросун көздөй чөгүп, жеңилирээктери жогорку, сырт тарапты көздөй көтөрүлгөн. Ошондуктан, жердин үстүңкү катмары эң жеңил заттардан (базальт жана гранит таштардан) турса, ядродо оор металлдар (никель жана темир) жайгашкан. Натыйжада ээриген металлдардан турган жердин асты жердин бетинен бир топ оор жана тыгыз бир заттан турат.

Жер титирөө учурларында болсо жердин астындагы заттар жердин бетине чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат; натыйжада аяттарда сүрөттөлгөндөй, жер жүзү оордуктарын сыртка чыгарган болот. Мындан тышкары, металл резервдери көп жайгашкан жерлер – бул жер титирөө жана вулкан кыймылдары көп болчу аймактар. Кеңири масштабдуу изилдөөлөр натыйжасында жакынкы өтмүштө аныкталган мындай илимий ачылыштар – Аллах Куранда ишарат кылган илимий чындыктардын бирөөсү гана.

## ТООЛОРДУН КЫЗМАТЫ

Куранда тоолордун маанилүү бир геологиялык кызматына көңүл бурулган:

**Жер бетинде, аларды чайпалтпасын деп, кыймылсыз тоолорду жараттык... (Анбия Сүрөсү, 31)**

Көңүл бурсак, аятта тоолордун жер жүзүндөгү жер титирөөлөрдүн алдын алуучу өзгөчөлүгү бар экени айтылууда. Куран түшүрүлгөн доордо эч бир адам билбеген бул чындык учурда заманбап геологиянын ачылыштары аркылуу аныкталды.

Илгери тоолор жер бетинен жогору көтөрүлгөн нерселер деп кабыл алынчу. Бирок илимпоздор тоолордун бир гана үстүңкү тарабы эмес, «тоонун тамыры» деп аталган бөлүктөрүнүн да бар экенин жана тамырынын кээде өз боюнан 10-15 эсе узун тереңге кирип тураарын аныкташкан. Мындай өзгөчөлүктөрү менен тоолор бир мык же казыктын чатырды жерге жабыштырып, кармап турушуна окшош кызмат аткарат. Мисалы, чокусу жерден болжол менен 9 км бийикте болгон Эверест тоосунун 125 километрден узун тамыры бар.

Мындан тышкары, тоолор жердин үстүңкү катмарын түзгөн абдан чоң катмарлардын кыймылы жана сүзүшүүлөрү натыйжасында пайда болот. Эки катмар кагылышканда, чыдамкайыраагы беркисинин астына кирет. Үстүндөгү катмар акырындап бийиктейт жана тоолорду пайда кылат. Астыңкы катмар болсо жердин астында тереңдеп тамырды пайда кылат. Ошондуктан, жогоруда да айтылгандай, жер бетинде биз көргөн массалардай чоң жердин астына тереңдеп сүңгүгөн тамырлар да бар. Илимий бир булакта тоолордун мындай түзүлүшү төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Материктер калыңыраак болгон тоолуу аймактарда жердин үстүңкү катмары мантияга терең сүңгүйт.

Дүйнөгө таанымал суу асты геологдордун бири профессор Сиаведа (Siaveda) болсо тоолордун жерге тамырлардай сүңгүгөнү жөнүндө мындай жоромол жасаган:

Материктердеги тоолор менен океандардагы тоолор арасындагы негизги айырма материалында... Бирок экөөсүндө тең тоолорду кармап турган тамырлар бар. Материктердеги тоолордо жеңил жана тыгыздыгы аз зат жердин ичин көздөй тамыр болуп сүңгүйт. Океандардагы тоолордо болсо тоону тамыр катары кармап турган жеңил зат бар... Тамырлардын кызматы Архимеддин мыйзамы боюнча тоолорду кармап туруу үчүн.

Мындан тышкары, Америка илимдер академиясынын мурдакы башчысы Франк Пресстин (Frank Press) дүйнө жүзүндө көптөгөн университетте окуу китеби катары окутулган *Earth* (Жер) аттуу китебинде тоолордун казык сыяктуу экени жана жерге терең көмүлүп сүңгүгөнү айтылат.

Курандын аяттарында болсо тоолордун мындай кызматына «казыкка» окшоштуруу аркылуу төмөнкүдөй ишарат кылынган:

**Биз жер жүзүн бир төшөк кылбадыкпы? Тоолорду болсо бир казык? (Небе Сүрөсү, 6-7)**

Дагы бир аятта Аллах **«Тоолорун тигип-отургузду»** (Назиат Сүрөсү, 32) деп кабар берет. Бул аяттагы «эрсайха» сөзү «тамырдуу кылды, туруктуу кылды, бекемдеди, жерге какты» маанилерине келет. Мындай өзгөчөлүктөрү урматында тоолор жер катмарлары бириккен чекиттерде жердин бетин жана жердин астын көздөй созулуп, бул катмарларды бири-бирине бекитет (кагат). Ушундайча жердин үстүңкү катмарын бекемдеп, магма катмарынын үстүндө же өз катмарлары арасында жылып кетишине тоскоол болот. Кыскача айтканда, тоолорду тактайларды кыймылдатпай кармап турган мыктарга окшотууга болот. Тоолордун бекемдөө таасири илимий булактарда изостазия деп аталат. Изостазия – бул мантия катмары жогору көздөй түрткөн күч менен жер катмары төмөн көздөй түрткөн күч арасындагы тең салмактуулук. Тоолор эрозия, жердин жылышы же айсбергдердин ээриши сыяктуу себептер менен массасын жоготуп, айсбергдердин пайда болушу, вулкан атылуулары же топурактын пайда болушу себебинен массасы өсүшү мүмкүн. Ошондуктан, тоолор жеңилдегенде суюктуктар таасир эткен көтөрүү күчү менен төмөндөн жогору көздөй түртүлөт; же оордогондо жердин тартылуу күчү себебинен мантиянын ичине матырылышат. Жердин үстүңкү катмарындагы бул эки күчтүн арасындагы тең салмактуулук изостазия урматында камсыздалат.

Тоолордун мындай тең салмактуулукту камсыздоочу өзгөчөлүгү илимий бир булакта мындайча айтылат:

Ж. Б. Аири (G. B. Airy) 1855-жылы жердин үстүңкү катмарын суу үстүндө сүзгөн, тактайдан жасалган кайыкка окшотууга болот деген. Калың тактай бөлүктөрү ичке бөлүктөргө салыштырмалуу суунун өйдөрөөгүндө сүзүшөт. Ошол сыяктуу, жердин үстүңкү катмарынын калың тараптары да бир суюктук же калыңыраак болгон астыңкы катмарлардын үстүндө сүзөт. Аири тоолор түздүктөрдө болбогон азыраак тыгыздыктагы таштардан турган терең тамырларга ээ деп жактайт. Аири эмгектерин жарыкка чыгаргандан 4 жылдан кийин Пратт (J. H. Pratt) альтернативдүү бир гипотеза сунуштады... Бул гипотеза боюнча, тоолордун астындагы аскалуу тамырлар түздүктөрдүн астындагы аскалуу тамырлардан узун болгондуктан, азыраак тыгыздыкта болушу керек эле. Аири жана Праттын гипотезаларынын экөөсү тең жер бетиндеги тең салмаксыздыктардын жердин үстүңкү катмарындагы белгилүү бөлүктөрдөгү (тоолор жана түздүктөр) таштардын тыгыздыктарындагы айырма эсебинен тең салмактуулукка келээрин айтышкан. Мындай тең салмактуулук абалы «изостазия» деп айтылат.

Бүгүнкү күндө жер бетинин таштуу болгон үстүңкү катмары терең бузулуулар менен бузулган жана ээриген магманын үстүндө сүзүп жүргөн доскалар абалында майдаланган. Жердин өз огунун айланасында айлануу ылдамдыгы абдан жогору болгондуктан, сүзүп жүргөн доскалар эгер тоолордун жылдырбай туруучу таасири болбогондо, кыймылдуу абалда болмок. Мындай учурда жер бетинде топурак чогулбай, топуракта эч суу жыйылбай, эч бир өсүмдүк өнбөй, эч бир жол, үй курула албай калышы мүмкүн эле; кыскача айтканда, жердин бетинде жашоо мүмкүн болбой калышы мүмкүн эле. Бирок Аллахтын мээрими менен тоолор мыктар сыяктуу кызмат кылып, жер бетиндеги кыймылдуулукка бир топ тоскоол болушат.

Байкалгандай, заманбап геологиялык жана сейсмикалык изилдөөлөр натыйжасында аныкталган тоолордун абдан маанилүү бир кызматы кылымдар мурда түшүрүлгөн Курани Керимде Аллахтын жаратуусундагы терең илимге бир мисал катары берилген. Бир аятта мындай буюрулат:

**... Жерде болсо силерди чайпалтпасын деп чайпалбас тоолорду жаратты... (Локман Сүрөсү, 10)**

# ТООЛОРДУН КЫЙМЫЛДАШЫ

Бир аятта тоолордун сырттан көрүнгөндөй кыймылсыз эмес, тынымсыз кыймылда экени мындайча билдирилүүдө:

**Тоолорду карап, (аларды) кыймылдабай турат деп ойлойсуң; чынында болсо алар булуттар айдалгандай айдалышат... (Немл Сүрөсү, 88)**

Тоолордун мындай кыймылы алар турган жердин үстүңкү бетинин кыймылынан келип чыгат. Жердин үстүңкү бети андан тыгызыраак болгон мантия катмарынын үстүндө сүзүп жүргөн сыяктуу кыймылдап турат. Алгач жолу 20-кылымдын баштарында Альфред Вегенер (Alfred Wegener) аттуу бир илимпоз жер бетиндеги материктердин жердин алгачкы убактарында бириккен абалда болушканын, кийинчерээк ар тарапка айдалышып, бири-биринен бөлүнүп, алысташканын айткан эле.

Бирок геологдор Вегенердин туура айтканын ал өлгөндөн 50 жылдан кийин, т.а. 1980-жылдары түшүнүшкөн. Вегенер 1915-жылы жарык көргөн бир макаласында айткандай, жер бетиндеги кургактык бөлүктөрү болжол менен 500 миллион жыл мурда бири-бирине бириккен абалда эле жана Пангея (Pangaea) деп аталган бул чоң кургактык Түштүк уюлда жайгашкан эле. Болжол менен 180 миллион жыл мурда Пангея экиге бөлүнгөн. Ар кайсы тарапка айдалган бул эки ири материктин бири Африка, Австралия, Антарктика жана Индияны камтыган Гондвана эле. Экинчиси болсо, Европа, Түндүк Америка жана Индиясыз Азиядан турган Лавразия эле. Мындай бөлүнүүдөн кийинки болжолдуу 150 миллион жылдын ичиндеги ар кайсы убактарда Гондвана жана Лавразия андан да кичинекей бөлүктөргө бөлүнүшкөн.

Пангеянын бөлүнүшү натыйжасында пайда болгон бул материктер тынымсыз кургактык жана деңиз арасындагы бөлүнүшүн өзгөртүп, жыл сайын бир канча сантиметрлик ылдамдык менен жер бетинде кыймылдашууда.

20-кылымдын баштарында жасалган геологиялык изилдөөлөр натыйжасында аныкталган жердин үстүңкү кабатынын мындай кыймылы илимий булактарда төмөнкүдөй түшүндүрүлөт:

Жердин үстүңкү катмары жана үстүңкү мантиядан турган 100 км калыңдыктагы жердин үстү «катмар» деп аталган бөлүктөрдөн турат. Жердин бетин түзгөн алты чоң катмар жана сансыз кичинекей катмарлар бар. «Катмар тектоникасы» деп аталган теория боюнча, бул катмарлар материктерди жана океандын түбүн да алып жүрүп, жердин бетинде кыймылдашат... Материктик кыймылдын жылына болжолдуу 1-5 см экени аныкталган. Катмарлар ушинтип кыймылдаган сайын жердин географиясында өзгөрүүлөр болуп турат. Мисалы, Атлантика океаны жыл сайын бир азга кеңейүүдө.

Бул жерде дагы бир маанилүү жагдай бар: Аллах тоолордун кыймылын аятта «айдалуу» деп билдирген. Учурда илимпоздор бул кыймыл үчүн колдонгон англисче термин да «continental drift», б.а. «материктик айдалуу».

Материктердин кыймылы Куран түшүрүлгөн доордо байкоого мүмкүн болбогон бир маалымат эле жана Аллах аяттагы **«тоолорду көрүп, кыймылсыз турат деп ойлойсуң»** сүйлөмү аркылуу адамдардын бул жөнүндө кандай ойлонушаарын алдын-ала билдирүүдө. Бирок андан соң бул чындыкты түшүндүрүп, тоолордун булуттар айдалган сыяктуу айдалганын кабар берген. Байкалгандай, аятта тоолор жайгашкан катмардын кыймылына апачык көңүл бурулган.

Илим жакында гана аныктаган бул илимий чындыктын аалам жана табият жөнүндөгү көз-караштар уламыш, негизсиз ишеним жана жомокторго таянган 7-кылымда Куранда билдирилиши – албетте, улуу бир керемет. Жана Курандын Аллахтын сөзү экендигинин абдан маанилүү бир далили.

# КҮНДҮН ЧЫГУУ ЖАНА БАТУУ ЧЕКИТТЕРИНИН АЙЫРМАСЫ

**Чыгыштардын жана батыштардын Раббисине ант ичем; Биз чынында кудуреттүүбүз; (Мeариж Сүрөсү, 40)**

**Асмандардын, жердин жана экөөсүнүн арасындагылардын Раббиси, чыгыштардын да Раббиси. (Саффат Сүрөсү, 5)**

**Ал эки чыгыштын да Раббиси, эки батыштын да Раббиси. (Рахман Сүрөсү, 17)**

Жогорудагы аяттарда байкалгандай, чыгыш менен батыш сөздөрү көптүк түрдө колдонулган. Мисалы, биринчи аятта колдонулган «мешарик» сөзү чыгыштын, «мегариб» сөзү болсо батыштын экиден көп экенин билдирген көптүк түрлөрү. Акыркы аятта болсо «мешрикейн» эки чыгыш, «маарибейн» эки батыш маанисинде колдонулган. Аяттарда колдонулган «мешарик» жана «меариб» сөздөрү «күн чыккан жана баткан жер» маанилерине да келет. Ошондуктан, жогорудагы аяттарда күн чыгыштын жана күн батыштын ар кандай чекиттери жөнүндө сөз болууда. Мындан тышкары, алгачкы аятта чыгыштардын жана батыштардын Рабби деп ант ичилиши да көңүл бурат.

Белгилүү болгондой, жердин өз огунда айлануу огу (эклиптикалык огу) $23^0$ 27'лик бир кыйшайууга ээ. Мындай кыйшайуу жана жердин тоголок абалы себебинен күндүн нурлары жердин бетине дайыма бирдей бурч менен түшпөйт. Ошондуктан күн чыгыш тарапта ар башка жерлерден чыгып, батышта да ар башка жерлерден батат.

Жогорудагы аяттарда айтылган чыгыш жана батыш менен байланыштуу сүйлөмдөр да күндүн башка башка чекиттерден чыгып, башка башка чекиттерден батаарына ишарат кылышы жагынан абдан маанилүү. (Эң туурасын Аллах билет.)

# КУРГАКТЫКТАРДЫН АЙЛАНАСЫНАН АЗАЙЫШЫ

**Алар көрбөй жатышабы, чынында Биз жерге келип, аны айланасынан кемитип жатабыз... (Рад Сүрөсү, 41)**

**... Бирок, эми, Биздин чынында жерге келип аны айланасынан кемитип жатканыбызды көрүшкөн жокпу?... (Анбия Сүрөсү, 44)**

Жер күндөн келген протон, электрон жана альфа бөлүкчөлөрүнүн агымы тарабынан бомбалоого кабылат. Мындай күн шамалдары атмосфераны жерден бөлө ала тургандай күчкө ээ. Бирок атмосферанын түгөнүшү жердин учурдагы зат жоготуу көлөмү менен (секундасына эң көп 3 кг) күндүн жалпы өмүрүнөн 5 эсе узун убакыт алат.[35] Себеби жер атмосферадагы магнитосфера катмары түзгөн күчтүү магниттик талаа урматында мындай күчтүү эрозиялардан белгилүү деңгээлде корголгон болот. Жердин ионосфера катмарынын үстүнөн космостун тереңдиктерин көздөй таркаган ион (кычкылтек, гелий жана суутек) жоготуусу жерди курчаган учу-кыйырсыз аба катмарына салыштырганда абдан кичинекей көлөмдө болуп калат. Бирок ошондо деле космоско чыгарылган көлөм маанилүү санда болууда.

Окумуштуулар күндөгү энергия жарылууларынын жердин атмесферасынын тышкы кабатынан кычкылтек жана башка газдардын космоско чыгып, таркашына себеп болоорунун алгачкы так далилдерин NASAнын (Улуттук аба жана космос башкармалыгынын) космостук унаалары урматында ала алышты. Ушундайча илимпоздор жердин тышкы катмарларынан зат жоготуусуна кабылып тураарын алгачкы жолу 1998-жылдын 24-25-сентябрларында көрүшкөн.

Жогорудагы аяттар бир тараптан жер бетиндеги кургактыктардын азайышын да айтып жаткан болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндө уюлдардагы айсберг катмарлары ээрип жатат жана океандардын суусу көтөрүлүүдө. Суунун көбөйүшү кургактыкты басып, каптап жатат. Океандын жээктери суунун

астында калган сайын жер бетинин жалпы аянты же кургактык да азайууда. Жогорудагы аяттарда айтылган **«аны айланасынан азайтуудабыз»** жана **«(Биз) айланасынан азайтып жаткан»** сүйлөмдөрү океан жээктеринин суунун астында калып жатышына ишарат кылып жаткан болушу мүмкүн.

*New York Times* гезитинде бул жөнүндөгү бир кабар төмөнкүдөй:

Өткөн кылымда жер бетинин орточо температурасы 1 Фаренгейт шкаласына жогорулады, температуранын көтөрүлүү темпи да акыркы чейрек кылымда өстү. Бул маанилүү чоңдук... Мурдакы спутниктик изилдөөлөр жана суу асты байкоолордо Түндүк уюл аймагынын температурасынын көтөрүлүү тенденциясында болгону, айсберг массаларынын ээрүү ыктымалынын да өскөнү аныкталган... Манхеттенде бир NASA изилдөө борбору болгон Goddard космос илимдери институтунун илимпоздору 1950- жана 1960-жылдардын суу асты маалыматтарын 1990-жылдардын байкоолору менен салыштырышты жана Түндүк уюл бассейниндеги айсберг катмарынын 45%га ичкергенин далилдешти. Космостон алган сүрөттөр аймакты каптаган айсбергдердин көлөмүнүн өткөн жылдары маанилүү көлөмдө азайганын көрсөтүүдө.

20-кылымдын аягында алынган жыйынтыктар Анбия Сүрөсүнүн 44- жана Рад Сүрөсүнүн 41-аяттарындагы сырларды түшүнүшүбүзгө жардам берген.

Аллах аятта билдирген жер бетинин айланасынан азайышы Куранда билдирилген дагы бир илимий чындыкка ишарат деп жоромолдоого болот. Өз огунун айланасында айланган жердин айланышынан келип чыккан эллипс формага ээ экени акыркы кылымдарда аныкталган бир чындык.

Изилдөөлөрдө айлануудан келип чыккан күч менен жердин экватор чөйрөсүнүн кеңейип, учтагы чекиттерден, т.а. уюлдардан басылганы аныкталган. Мындан тышкары, жердин айлануу кыймылы уланып туруучу бир процесс болгондуктан, бул өзгөрүү дагы эле уланууда. Рад Сүрөсүнүн 41-аятында **«кемитип жатабыз»** деп которулган «ненкусу» сөзү кемитүү этишинин дагы эле уланып жатканын да көрсөтүүдө.

Жердин тартылуу күчү жер сыяктуу асман планеталарын тоголок абалдардагы формага салган. Бирок мындай форма топтоголок эмес, уюлдардан бираз түздөлгөн жана экватордон биразга сыртка чыккан бир форма. NASA'нын маалыматтары боюнча, жердин экватор радиусу 6378,1 км болсо, уюлдардан эсептелген радиусу 6356,8 км.[40] Бул айырма болжол менен 0,3%дык бир айырманы түзөт.

Жердин формасы жөнүндөгү бул модел алгач 1687-жылы Исаак Ньютон тарабынан айтылган. Аяттарда болжол менен 1400 жыл мурда ишарат кылынган мындай абал Курандын дагы бир илимий керемети.

# ЖАРЫЛГАН ЖЕР БЕТИ

**Кайтуучу асманга ант болсун. Жарылган жерге да. (Тарык Сүрөсү, 11-12)**

Бул аяттагы Арапча «садъа» сөзүнүн «жарылуу, айрылуу» деген маанилери бар. Аллахтын жердин жарылышына ант ичиши Курандын башка илимий кереметтери сыяктуу бул жерде да көңүл бурууучу бир жагдайга ишарат кылууда.

1945-46-жылдары илимпоздор минералдык булактарды изилдөө үчүн алгачкы жолу деңиз жана океандардын түбүнө түшүштү. Изилдөөлөрдө көңүл бурган эң маанилүү жагдайлардын бири – бул жердин сынган түзүлүшү болгон. Жердин үстүңкү катмарындагы таштуу катмар түндүк-түштүк

жана чыгыш-батыш багыттуу болуп, он миңдеген километр узундуктагы көп сандагы ири жарылуулар менен жарылган эле. Мындан тышкары, илимпоздор 100-150 км тереңдикте деңиздердин жана океандардын астында ээриген магманын бар экенин байкашкан.

Мына ушундай сынуулар жана жарылуулар себебинен деңиздердин ортосунда жайгашкан тоолордон сыртка лавалар агат. Жер бетинин мындай сынган түзүлүшү урматында маанилүү көлөмдө ысык температура сыртка чыгарылат жана ээриген таштардын көпчүлүгү океандардагы чокуларды түзөт. Эгер жер бетинин үстүңкү катмарынан көп көлөмдө ысыктыктын сыртка чыгышына шарт түзгөн мындай түзүлүшү болбогондо, жер бетинде жашоо мүмкүн болбой калмак.

Албетте, аны аныктоо ушунчалык алдыңкы технологияны талап кылган бир маалыматтын 1400 жыл мурда билдирилген болушу – Курандын Аллахтын сөзү экендигинин далилдеринин бири.

# ТЕМИРДЕГИ СЫР

Темир – Куранда көңүл бурулган элементтердин бири. Курандын «Хадид», б.а. «Темир» аттуу сүрөсүндө мындайча буюрулат:

**... Жана анда күчтүү бир катуулук жана адамдар үчүн (ар түрдүү) пайдалар бар темирди да түшүрдүк... (Хадид Сүрөсү, 25)**

Темир жердеги үчүнчү эң көп тараган элемент жана жердин үстүңкү катмарынын беш пайызын түзөт. Темир элементи жерде мынчалык көп санда болгонуна карабастан, темирдин пайда болушу жерде ишке ашкан эмес. Заманбап астрономиялык ачылыштар жердеги темир металлынын космостогу башка ири жылдыздардан келгенин аныктады.

Хадид Сүрөсүнүн 25-аятында темир үчүн колдонулган «энзелна», б.а. «түшүрүү» сөзүн кыйыр мааниде адамдардын кызматына берилүү маанисинде деп ойлоого да болот. Бирок сөздүн жамгыр жана күн нурлары үчүн колдонулган «асмандан физикалык мааниде түшүрүү» деген чыныгы мааниси алынганда, аяттын жогоруда айтылган бул маанилүү илимий чындыкка ишарат кылганын көрөбүз.

Бир гана жердеги эмес, бүт күн системасындагы темир тышкы космостон келген. Себеби күндүн ысыктыгы темир элементинин пайда болушу үчүн жетиштүү эмес. Күндүн үстүңкү бет температурасы 6000 $^{0}$C, ядросунун ысыктыгы болсо 20 миллион $^{0}$C. Темир күндөн бир топ чоң жылдыздарда, бир канча жүз миллион даражага жеткен ысык температураларда гана пайда боло алат. Нова (жаңы жылдыз) же Супернова (өтө жаңы жылдыз) деп аталган бул жылдыздардагы темирдин саны белгилүү бир деңгээлден өткөндө, жылдыз аны көтөрүп жүрө албай калат жана жарылат. Темирдин космоско таркалышы мына ушул жарылуулар натыйжасында мүмкүн болот.

Илимий бир булакта бул жөнүндө мындай маалыматтар орун алган:

Көбүрөөк жыл болгон Супернова кубулуштарын көрсөткөн далилдер да бар: деңиз түбүндө чогулган темир-60 болжол менен 5 миллион жыл мурда күндөн 90 жарык жылы алыста болгон бир Супернова жарылуусунун далили деп жоромолдонгон. Супернова жарылуусунда пайда болгон темир-60 1,5 миллион жыл бөлүнүү өмүрү болгон радиоактивдүү бир изотоп. Жердин астыңкы катмарларындагы темир-60 изотобу жакынкы космостогу элементтердин нуклеосинтезден өтүп,

алгач жер атмосферасына, ал жерден болсо жердин астыңкы катмарларына өтүшү натыйжасында пайда болгон.

Байкалгандай, темир заты жерде пайда болгон эмес, суперновалардан чыгып, дал аятта билдирилгендей «түшүрүлгөн». Бул маалыматтын Куран түшүрүлгөн 7-кылымда илимий тараптан аныкталышынын мүмкүн эмес экени болсо анык. Бирок бул чындык бүт нерсени чексиз илими менен курчаган Аллахтын сөзү болгон Куранда орун алган.

Учурдагы астрономия илими бизге башка элементтердин да жерден башка жерде пайда болгонун көрсөтүүдө. Аяттагы «темирди да түшүрдүк» сүйлөмүндөгү «да» сөзү ушул чындыкка ишарат кылып жатышы мүмкүн. Бирок аятта темирге өзгөчө көңүл бурулушу болсо, 20-кылымдын аягында алынган маалыматтар эске алынганда, абдан ойлонтот. Атактуу микробиолог Майкл Дентон (Micheal Denton) *Nature's Destiny* (Табияттын тагдыры) аттуу китебинде темирдин маанисине төмөнкү сөздөрү менен басым жасаган:

Бардык металлдар арасында темирден да маанилүүсү жок. Бир жылдыздын ядросунда темирдин чогулушу супер922нованын жарылышына түрткү болот жана натыйжада жашоо үчүн керектүү болгон атомдордун бүт ааламга жайылышына шарт түзөт. Темир атомдору жердин алгачкы баскычтарында ядродо пайда кылган тартылуу күчүнөн чыккан жылуулук жердин башындагы химиялык айырмачылыктарына себеп болуп, атмосферанын жана аягында гидросферанын пайда болушун камсыз кылган. Жердин ядросундагы ээриген темир чоң бир магнит кызматын аткарат жана жердин магниттик талаасын пайда кылат. Бул талаа урматында жердин бетин жогорку энергиялуу кыйратуучу космостук радиациядан коргогон Ван Аллен радиация катмарлары пайда болот жана абдан маанилүү болгон озон катмарын космостук нурдун кыйратуусунан коргойт.

Темирдин атому болбосо, ааламда көмүртекке байланыштуу жашоо мүмкүн болмок эмес; суперновалар болмок эмес, жердин алгачкы баскычтарындагы жылынышы ишке ашмак эмес, атмосфера же гидросфера болмок эмес. Коргоочу магниттик талаа болмок эмес, Ван Аллен радиация катмарлары пайда болмок эмес, озон катмары болмок эмес, (адамдын канында) гемоглобинди пайда кыла турган эч бир металл болмок эмес, кычкылтектин реактивдүүлүгүн басаңдата турган металл пайда болмок эмес жана кычкылданууга таянган бир метаболизма пайда болмок эмес.

Жашоо жана темир менен кандын кызыл түсү менен алыстагы бир жылдыздын өлүмү арасындагы мындай сырдуу жана жакын байланыш металлдардын биология жагынан маанилүү экенин көрсөтүү менен эле тим болбостон, ааламдын биологиялык тараптан маанисине да басым жасайт.

Темир атомунун мааниси бул баяндардан апачык көрүнүүдө. Куранда атайын темирге көңүл бурулушу да бул заттын маанисине басым жасоодо. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда темир колдонулчу жана ар кандай курал-шаймандар жасалчу эле; бирок темирдин адамдын жашоосундагы мааниси жөнүндөгү маалыматтар абдан аз эле. Жердин ядросунда темирдин бар экени, адамдын канында темир бар экени жана темирдин жандуулар үчүн абдан чоң мааниге ээ экендиги 20-кылымга чейин билинбеген чындыктар эле.

Куранда темирдин маанисине көңүл бурган дагы бир сыр бар. Ичинде темир жөнүндө айтылган Хадид Сүрөсүнүн 25-аяты эки математикалык сырды камтыйт: «Аль-Хадид» - Курандын 57-сүрөсү. «Аль-Хадид» сөзүнүн Арап тилиндеги сандык мааниси, т.а. эбжеди эсептелгенде да ушул эле сан чыгат: «57». (Эбжед эсеби жөнүндө «Куранда эбжед эсеби» бөлүмүн караңыз)

Бир гана «хадид» сөзүнүн сандык мааниси 26. 26 саны болсо – бул темирдин атом номери.

Мындан тышкары, 2003-жылдан бери MagForce Nanoterapi деп аталган бир ракты дарылоо ыкмасында темир кычкыл бөлүкчөлөрү колдонулууда. Германиядагы дүйнөгө таанымал Charite ооруканасынан Др. Андреас Жордан (Dr. Andreas Jordan) иштеп чыккан бул ыкма (жогорку температуралуу магниттик суюктук) рак клеткаларын таза клеткаларга зыян бербестен жок кылууда. Мындай дарылоо ыкмасы кыскача төмөнкүдөй:

1- Ичинде темир кычкыл бөлүкчөлөрү бар суюктук атайын бир шприц менен шишиктин ичине жөнөтүлөт. Бул бөлүкчөлөр шишик клеткаларына жайылат. Бул суюктуктун 1 см кубунда темир кычкылдан турган жана эритроциттерден 1000 эсе кичине, миллиондогон бөлүкчөлөр бар жана булар кан-тамырларда оңой гана айлана алышат.

2- Оорулуу андан соң күчтүү магниттик таасири бар бир аппараттын астына жаткырылат.

3- Сырттан жиберилген мындай магниттик агым шишиктин ичиндеги темир бөлүкчөлөрүн кыймылдатып баштайт. Бул процессте темир кычкыл бөлүкчөлөрүн камтыган шишиктеги температура 45 $^0$C'ге чейин көтөрүлөт.

4- Ысыктан өзүн коргой албаган рак клеткалары бир канча мүнөт ичинде алсыздайт же жок болот. Андан соң жасалган химиотерапия аркылуу шишик толугу менен жоголушу мүмкүн.

Бул ыкманын кеңири колдонулушу өлүмгө себеп болушу мүмкүн болгон мындай оорунун айыктырылышында абдан маанилүү бир алдыга жылуу болмокчу. Рак сыяктуу кеңири тараган бир ооруну дарылоодо Куранда айтылгандай **«адамдар үчүн (ар кандай) пайдалары бар темир**дин» колдонулушу абдан көңүл бурат (Хадид Сүрөсү, 25). Куранда бул аят менен темирдин адамдын ден-соолугуна болгон пайдаларына да ишарат кылынып жаткан болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.)

# МУНАЙЗАТТЫН ПАЙДА БОЛУШУ

**Раббиңдин Улуу ысымын тасбих кыл, Ал жаратты, «бир система ичинде калып берди», тагдыр кылды, ушундайча жол көрсөттү, «жапжашыл чөптү» чыгарды. Андан соң аны куураган, кара бир абалга салды. (Аъла Сүрөсү, 1-5)**

Белгилүү болгондой, мунайзат өсүмдүк жана жаныбарлардын чириген калдыктарынан пайда болот. Бул калдыктар сууда миллиондогон жыл бою чириген соң ал жерде бир гана майлуу заттар калат. Ылай жана ири жер катмарларынын астында калган майлуу заттар мунайзат жана газга айланат. Жердин үстүңкү катмарындагы кыймылдар кээде деңиздердин кургактыктарга айланышына жана мунайзаты бар породалардын миңдеген метр тереңдикке көмүлүшүнө жол ачат. Пайда болгон мунайзат болсо кээде порода катмарларындагы оюктардан сызылып километрлеген тереңдиктен жердин бетине чыгат жана ал жерде бууланып (газ абалына келип), артта болсо смола жыйындысы калат.

Аъла Сүрөсүнүн алгачкы төрт аятында көңүл бурган үч нерсе мунайзаттын пайда болуу баскычтарына абдан дал келет. Эң биринчиден көк чөп, кыр, чайыр маанилерине келген «элмеръа» сөзү менен мунайзаттын пайда болушундагы органикалык заттарга ишарат кылынышы толук ыктымал. Аятта экинчи көңүл бурган сөз болсо – бул кара чалыш жашыл, жашыл чалыш кара, кара сымал, кара, ыстуу түстөрдү сүрөттөө үчүн колдонулган «ахва» сөзү. Бул сөздү жер астында

чогулган өсүмдүк калдыктарынын убакыттын өтүшү менен карага айланышы деп түшүнүүгө болот. Себеби бул сөздөр үчүнчү бир сөз менен –«гусаен» менен- бышыкталууда. Кээде котормолордо ыпыр-сыпыр, калдык деп которулган «гусаен» сөзү сел суусу чөптөрдү, акыр-чикирлерди бири-бирине аралаштырып, айдап келген жана дарыялардын айланасына чыгарып таштаган чөп, акыр-чикир, жалбырак жана көбүк сыяктуу аралашма маанисине да келет. Бул сөз «кусуу» маанисинен улам кээ бир булактарда «сел кусундусу» деп которулууда жана топурактын мунайзатты кусушу деп айтылууда. Мунайзаттын пайда болушу, көбүктүү көрүнүшү, түсү эске алынганда, чындап эле аяттарда колдонулган сөздөрдүн канчалык терең маанилүү экени жакшыраак көрүнүүдө.

Байкалгандай, аяттагы өсүмдүктүн кара жана агуучу бир суюктукка айланышы мунайзаттын пайда болушуна абдан окшошот. Мунайзаттын пайда болушу жөнүндө маалымат жок болгон бир доордо ушунчалык көп убакытты талап кылган бир процесстин сүрөттөлүшү – албетте, Курандын Аллахтын вахийи экендигинин дагы бир далили.

# УБАКЫТТЫН САЛЫШТЫРМАЛУУЛУГУ

Убакыттын салыштырмалуулугу учурда далилденген бир чындыкка айланды. Бирок бул чындык өткөн кылымдын баштарында Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясы менен ортого коюлган. Ал доорго чейин адамдар убакыттын салыштырмалуу бир түшүнүк экенин, чөйрөгө жараша өзгөрүшү мүмкүн экенин билишчү эмес. Бирок атактуу илимпоз Альберт Эйнштейн салыштырмалуулук теориясы менен бул чындыкты апачык далилдеди. Убакыттын масса жана ылдамдыктан көз-каранды бир түшүнүк экенин ортого койду. Андан мурда эч ким бул жагдай жөнүндө ачык сөз кылган эмес эле.

Жалгыз бир жерде, т.а. Куранда убакыттын салыштырмалуу экенин көрсөткөн маалыматтар берилген эле. Бул жөнүндөгү кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

**... Чынында, сенин Раббиңдин Кабатында бир күн силер санап жаткандан миң жыл сыяктуу. (Хаж Сүрөсү, 47)**

**Асмандан жерге чейин бардык ишти Ал курчап жөнгө салат. Анан (иштер) силер санап жаткан миң жылдай узун бир күндө Ага көтөрүлөт. (Сажда Сүрөсү, 5)**

**Периштелер жана Рух (Жебрейил) Ага узундугу элүү миң жыл болгон бир күндө чыга алышууда. (Меариж Сүрөсү, 4)**

610-жылы түшүрүлүп баштаган Куранда убакыттын салыштырмалуулугунун мынчалык апачык айтылышы – анын Аллахтан келген бир китеп экендигинин дагы бир далили.

# АЛТЫ КҮНДӨ ЖАРАТЫЛУУ

**Чынында силердин Раббиңер алты күндө асмандарды жана жерди жараткан, анан аршка истива кылган Аллах... (Араф Сүрөсү, 54)**

Куран менен заманбап илимдин арасындагы төп келүүчүлүктүн бир мисалы – бул ааламдын жашы: космос изилдөөчүлөрү ааламдын жашын 16-17 миллиард жыл деп эсептешти. Куранда болсо бүт ааламдын 6 күндө жаратылганы айтылууда. Бир караганда ар башкадай көрүнгөн бул убакыт тилкелери арасында чынында абдан таң калыштуу бир дал келүүчүлүк бар. Чынында ааламдын жашы менен байланыштуу колубуздагы бул эки сандын экөөсү тең туура. Т.а. аалам Куранда билдирилгендей 6 күндө жаратылган жана бул убакыт периоду биздин убакытты кабылдообуз боюнча 16-17 миллиард жылга туура келүүдө.

1915-жылы Эйнштейн убакыттын салыштырмалуу экенин, чөйрөгө, саякат кылган адамдын ылдамдыгына жана ошол учурдагы гравитациялык күчкө жараша убакыттын өтүү коэффициентинин да өзгөрөөрүн айткан. Убакыттын өтүү коэффициентиндеги мындай айырмачылыктар эске алынганда, Курандын жети аятында билдирилген ааламдын жаратылуу мөөнөтүнүн илимпоздордун божомолдоруна абдан жакын экенин көрөбүз. Куранда билдирилген 6 күндүк убакытты 6 доор (период) деп кабыл алсак да болот. Себеби убакыттын салыштырмалуулугу эске алынганда, «күн» учурдагы шарттарда гана жердеги 24 сааттык бир убакыт периодун түшүндүрүүдө. Бирок ааламдын башка бир жеринде, башка бир убакта жана шартта «күн» бир топ узун убакытты камтыган бир период болот. Бул аяттардагы (Сажда Сүрөсү, 4; Йунус Сүрөсү, 3; Худ Сүрөсү, 7; Фуркан Сүрөсү, 59; Хадид Сүрөсү, 4; Каф Сүрөсү, 38; Араф Сүрөсү, 54) 6 күн (ситтети эййамин) сөзүндөгү «эййамин» сөзү «күндөр» маанисинен тышкары, «доор, период, көз ирмем, мөөнөт» маанилерине да келет.

Ааламдын алгачкы убактарында убакыт учурда биз көнгөн өтүү ылдамдыгынан бир топ эсе ылдам өткөн. Мунун себеби мындай: Биг Бенг учурунда аалам абдан кичинекей бир чекитке батырылган эле. Бул чоң жарылуу учурунан бүгүнкү күнгө чейин ааламдын кеңейиши жана ааламдын көлөмүнүн керилиши ааламдын чектерин миллиарддаган жарык жылы алыстарга жылдырды. Натыйжада Биг Бенгден бүгүнкү күнгө чейин космостун кеңейип жатышы ааламдын саатында абдан маанилүү натыйжаларга себеп болду.

Биг Бенг учурундагы энергия ааламдык сааттын убакыттын өтүү ылдамдыгын миллион жолу миллион ($10^{12}$) эсе жайлаткан. Аалам жаратылганда, ааламдык убакыттын өтүү коэффициенти, бүгүнкү эсеп менен, миллион жолу миллион эсе чоң эле, т.а. убакыт бат өтүп жаткан эле. Ошондуктан биз **жерде миллион жолу миллион мүнөт жашаган убакытта ааламдык саат үчүн болгону бир мүнөт өткөн болот**.

6 күндүк убакыт периоду убакыттын салыштырмалуулугу эске алынып эсептелгенде, 6 миллион жолу миллион (триллион) күнгө туура келет. Себеби ааламдык саат жердеги сааттын өтүү ылдамдыгынан миллион жолу миллион эсе ылдам өтүүдө. 6 триллион күн болсо 16,427 миллиард жылга туура келет. Бул сан учурда ааламдын болжолдуу жаш интервалына туура келет.

6 000 000 000 000 күн / 365,25 = 16 427 104 723 жыл

Башка тараптан карасак, жаратылуунун 6 күнүнүн ар бири, биздин убакыт кабылдообуз боюнча, бири-биринен айырмалуу убакыттарга туура келет. Мунун себеби – бул убакыттын өтүү коэффициентинин ааламдын кеңейишине жараша барган сайын азайышы. Биг Бенгден бери ааламдын чоңдугу эки эсеге чоңойгон сайын убакыттын өтүү коэффициенти эки эсеге төмөндөп отурган. Аалам чоңойгон сайын ааламдын эки эселенүү ылдамдыгы да барган сайын жайлаган. Мындай кеңейүү чоңдугу *Физикалык космологиянын негиздери* аттуу окуу китептеринде түшүндүрүлгөн, дүйнөнүн бүт тарабында белгилүү болгон бир чындык. Жаратылуунун ар бир күнүн дүйнөдөгү убакыт менен эсептегенибизде төмөнкүдөй абалды көрөбүз:

* Убакыт башталган учурдан баштап каралганда, жаратылуунун 1-күнү (1-доор) 24 саат болгон. Бирок бул убакыт биздин жердеги убакыт кабылдообуз боюнча 8 миллиард жылга барабар.

* Жаратылуунун 2-күнү (2-доор) 24 саат болгон. Бирок бул биздин кабылдоолорубуз боюнча мурунку күндүк жарымына барабар, т.а. 4 миллиард жыл.

* 3-күн (3-доор) болсо мурдакы күндөн, т.а. 2-күндүн жарымындай болгон. Т.а. 2 миллиард жыл.

* 4-күн (4-доор) 1 миллиард жыл.

* 5-күн (5-доор) 500 миллион жыл.

* жана 6-күн (6-доор) 250 миллион жыл болгон.

* Натыйжада: **Жаратылуунун 6 күнү, б.а. 6 доору жердеги убакыт менен эсептелип, кошулганда жалпысы 15 миллиард 750 миллион жыл болот. Бул сан ааламдын жашы боюнча жасалган учурдагы болжолдуу эсептерге абдан жакын**.

Бул жыйынтык 21-кылымдын илими аныктаган чындыктар. Илим 1400 жыл мурда Куранда кабар берилген бир чындыкты дагы бир жолу тастыктоодо. Куран менен илим арасындагы мындай төп келүүчүлүк Курандын бүт нерсени билген жана жараткан Аллахтын вахийи экендигинин кереметтүү далилдеринин бири.

# ТАГДЫР ЧЫНДЫГЫ

**Аллах кааламайынча, силер каалай албайсыңар. Чынында Аллах билүүчү, өкүмдар жана даанышман. (Инсан Сүрөсү, 30)**

Калифорния университетинин нейрофизиологу Проф. Бенжамин Либет (Benjamin Libet) 1973-жылы жасаган эксперименттеринин жыйынтыгында биздин тандоолорубуздун алдын-ала аныкталаарын, аң-сезимдин болсо бүт нерсе болуп бүткөн соң жарым секундадан кийин кабылдаарын аныктаган. Бул абал башка нейрофизиологдор тарабынан да «өтмүштө жашап жатабыз жана аң-сезим бүт нерсе болуп бүткөндөн жарым секундадан кийин көрсөткөн бир «монитор» сыяктуу» деп жоромолдонууда.

Ошондуктан биз кабылдаган жашоо, көз-ирмемдерибиздин эч бири чыныгы, өз убактысында эмес, чыныгы окуялардан жарым секундадай кеч калууда. Бенжамин Либет изилдөөлөрүн мээ операцияларынын наркоз берилбестен, т.а. оорулуунун аң-сезими толугу менен ордунда кезинде жасала алышынан пайдаланып ишке ашырган. Либет эксперимент жасалып жаткандардын мээлерине төмөн электрдик заряддар менен сигнал жиберип, колдоруна тийүү сезимин пайда кылганда, эксперимент жасалып жаткандар бул «тийүүнү» болжол менен жарым секунда мурда сезгенин айтышкан. Бенжамин Либет мындай өлчөөлөрү натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: демейде бардык кабылдоолор мээге жөнөтүлүүдө. Бул жерде аң-сезимдин түпкүрүндө (подсознание) бааланып, жоромолдонуп жатканда, адам (аң-сезим) эч нерседен кабары болбойт. Аң-сезимибизде болгон, т.а. биз байкаган маалыматтар болсо бир топ кечигүүдөн соң кортекске (аң-сезим жайгашкан аймакка) жөнөтүлүүдө.

Бул жыйынтык кыскача мындай мааниге келет: **бир булчуңду кыймылдатуу чечими бул чечимди аңдап-байкоодон мурда ишке ашат**. Дайыма нейрологиялык же кабылдоо процесси менен биздин ал процессти көрсөткөн ой-пикир, сезим, кабылдоо же кыймыл-аракетти аңдап-

кабылдашыбыз арасында бир кечигүү бар. Б.а. биз бир чечим алынган соң гана ал чечимди байкап, кабылдайбыз.

Проф. Бенжамин Либеттин эксперименттеринде мындай кечигүү 350-500 миллисекунда арасында болгон, бирок эң маанилүүсү бул сандардагы айырма эмес. Себеби Либеттин ою боюнча, мындай кечигүү болгон эле болсо, бул чоң же кичинекей болсун, бир саат же бир микросекунда болсун айырмасы жок, биздин заттык дүйнө деп кабылдаган ушул көз ирмемдеги жашообуз дайыма өтмүштө болууда. Бул ар бир ойдун, сезимдин, кабылдоонун же кыймылдын биз али биле электе ишке ашканын көрсөтөт, бул болсо келечектин толугу менен биздин колубузда эмес экенин далилдейт.

Проф. Бенжамин Либет башка кээ бир эксперименттеринде манжаларын каалаганда кыймылдатуу тандоосун эксперимент жасалып жаткандарга калтырган. Манжаларын кыймылдатуу учуру мээлеринен байкоо жасалган адамдардын бул чечимди кабыл алуудан мурда тиешелүү мээ клеткаларынын кыймылга келгени байкалган. Башкача айтканда, адамга «кыл» буйругу келүүдө, кыймылды жасоо үчүн мээ даярданууда; адам болсо 0,5 секундадан кийин гана муну аңдап-байкоодо. Бир кыймылды жасоо чечимин алып, анан жасап жаткан жок, ал үчүн мурдатан аныкталган кыймылдарды жасоодо. Бирок мээ убакытты жөнгө салып, адамдын чынында ушул көз ирмемди өтмүштө башымдан өткөрдүм деген сезимин жок кылууда. Демек, ушул учур дегенде чынында өтмүштө аныкталган бир окуяны жашап жатабыз. Байкалгандай, бул изилдөөлөр Инсан Сүрөсүнүн 30-аятында билдирилгендей, бүт нерсенин Аллахтын каалоосу менен ишке ашаарын тастыктап жатат. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз: Harun Yahya, *Zamansızlık ve Kader Gerçeği* (Убакыттын жоктугу жана тагдыр), Araştırma Yayıncılık)

# ЖАРАТЫЛЫШТАГЫ ЖУПТАР

**Жерден өсүп жаткандардан, алардын напсилеринен (алардын өзүнөн) жана али билбеген канчалаган нерселерден бардык жуптарды жараткан (Аллах абдан) Улуу. (Йасин Сүрөсү, 36)**

Эркектик-ургаачылык «жуп» түшүнүгүн түшүндүрөт, бирок аяттагы «билбеген канча нерселерден» сүйлөмүнүн мааниси терең. Бүгүнкү күндө аят ишарат кылган маанилердин бирин көрүүдөбүз. Заттын жуптар абалында жаратылганын аныктаган англиялык илимпоз Поль Дирак (Paul Dirac) 1933-жылы Физика боюнча Нобель сыйлыгын алган. «Parité» деп аталган бул ачылыш заттын анти-зат деп аталган бир жубунун бар экенин аныктаган. Анти-зат затка тескери өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы, затка тескери болгон анти-заттын электрондору плюс, протондору болсо минус заряддуу. Бул чындык илимий бир булакта мындайча орун алган:

... Ар бир бөлүкчөнүн тескери заряддуу бир анти-бөлүкчөсү бар. Кайдыгерлик (тең салмактуулук) байланышы бизге бул жуптардын бар болушу жана жок болушунун бүт жерде жана дайыма бир убакта ишке ашканын көрсөтүүдө.

Жаратылыштагы жуптардын дагы бир мисалы – бул өсүмдүктөр. Ботаниктер өсүмдүктөрдө жыныстык айырма бар экенин 100 жыл мурун гана аныктай алышты. Бирок Куранда өсүмдүктөрдүн жуптар абалында жаратылганы 1400 жыл мурда төмөнкү аяттар менен апачык билдирилген:

**Ал асмандарды түркүксүз жараткан, муну көрүп турасыңар. Жерде болсо силерди чайпалтпасын деп чайпалбас тоолорду кылды жана ал жерде ар бир жандыкты көбөйтүп жайды. Биз асмандан суу түшүрдүк, муну менен жерде ар бир сонун жуптан бир өсүмдүк өстүрдүк. (Локман Сүрөсү, 10)**

**«(Раббим) жер бетин силер үчүн бир бешик кылды, анда силер үчүн жолдор төшөдү жана асмандан суу түшүрдү; муну менен ар түрдүү өсүмдүктөн жуптарды чыгардык.» (Таха Сүрөсү, 53)**

Ошол сыяктуу мөмөлөр да ургаачы жана эркек болуп эки башка түзүлүшкө ээ. Куранда бул маалымат Рад Сүрөсүнүн 3-аятында айтылууда:

**Ал жерди жайды, ал жерде туруктуу тоолор жана дарыяларды жаратты, ал жерде ар түрдүү мөмөдөн эки жуп (эркек-ургаачы) жаратты. Түндү күндүздүн үстүнө оройт. Албетте, мында ой жүгүрткөн бир коом үчүн аяттар бар. (Рад Сүрөсү, 3)**

Аятта «жуп» деп которулган «зевжейни» сөзү Арап тилинде «түгөй» маанисинде колдонулган «зевж» сөзүнөн келип чыгат. Белгилүү болгондой, жетилген өсүмдүктөрдүн түшүмдөрүнүн акыркы абалы – бул мөмөлөрү. Мөмөдөн мурунку баскыч болсо – бул гүл. Гүлдөрдүн болсо эркектик жана ургаачылык органдары бар. Гүлгө чаңча ташылып, төлдөтүү ишке ашканда (эркек менен ургаачы көбөйүү клеткалары кошулганда), мөмө байлап баштайт. Убакыттын өтүшү менен мөмө жетилет жана урук төгүп баштайт. Бул чындык, т.а. мөмөлөрдө ар башка жыныстарга тиешелүү өзгөчөлүктөр бар экени, Куранда ишарат кылынган дагы бир илимий чындык.

# АТОМДОН МАЙДА БӨЛҮКЧӨЛӨР

Грек философу Демокрит атактуу атом теориясын сунуштагандан бери адамдар зат атом деп аталган абдан кичинекей, эч бөлүүгө жана жок кылууга мүмкүн болбогон бөлүкчөлөрдөн турат деп ишенип келишкен эле. Бирок илим жана технологиядагы өнүгүүлөр атомдор жөнүндөгү мындай маалыматтарды кыйратты. Бүгүнкү күндө болсо заманбап илим заттын эң кичинекей бирдиги деп эсептелген атомдун да бөлүкчөлөргө бөлүнүшү мүмкүн экенин аныктады. Өткөн кылымда гана аныкталган бул чындык Куранда мындан 1400 жыл мурда адамдарга билдирилген:

**... Асмандарда жана жерде кыпындай (зерре, атомдой) оордуктагы эч нерсе Андан алыс (жашыруун) калбайт. Мындан кичинеси да, чоңу да, баары сөзсүз апачык бир китепте (жазылуу).» (Себе Сүрөсү, 3)**

**... Жерде жана асманда кыпындай (зерре, атом салмагында) болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

Көңүл бурулган болсо бул аяттарда «зерре» жана мындан да кичинекей бөлүкчөлөр жөнүндө сөз болууда. Арап тилинде колдонулган «зерре» сөзү «адамдар билген эң кичинекей бөлүкчө, чаң, атом» деген маанилерге келет.

Мындан 20 жыл мурдага чейин «атомдорду түзгөн эң кичинекей бөлүкчөлөр – бул протондор жана нейтрондор» деп кабыл алынып келген эле. Бирок жакында гана атомдун ичинде бул бөлүкчөлөрдү түзгөн абдан кичинекей бөлүкчөлөрдүн бар экени аныкталды. Атомдун ичиндеги «кичинекей бөлүкчөлөрдү» жана алардын өзгөчө кыймылдарын изилдөө үчүн «Элементардык бөлүкчөлөрдүн физикасы» аттуу бир физика тармагы пайда болду. Элементардык бөлүкчөлөр физикасы жүргүзгөн изилдөөлөр төмөнкү чындыкты ачыкка чыгарды: атомду түзгөн протон жана нейтрондор да чынында «кварк» деп аталган андан да төмөнкү бөлүкчөлөрдөн турат. Адамдын акылы аңдап-түшүнө албагандай кичинекей болгон протонду түзгөн кварктардын чоңдугу болсо абдан таң калыштуу: $10^{-18}$ (0,000000000000000001) метр.[53]

Бул жерде дагы бир көңүл бурчу жагдай бар: зерре жөнүндөгү аяттарда өзгөчө салмакка көңүл бурулган. Аяттагы «мискале зерретин» (зерре салмагындагы) сүйлөмүндөгү «мискал» сөзү «салмак» маанисинде. Чынында эле атомду бөлүнө ала турган абалга алып келген протон, нейтрон жана электрон сыяктуу бөлүкчөлөрдүн ошол эле учурда атомдун салмагын түзгөн компоненттер экени аныкталган. Бул тараптан караганда, «зерренин» көлөмүнө же башка бир өзгөчөлүгүнө эмес, салмагына көңүл бурулушу – Курандын дагы бир илимий керемети. (Терең маалымат үчүн караңыз: Harun Yahya, *Atom Mucizesi* (Атом керемети), Araştırma Yayıncılık)

# КАРА ТЕШИКТЕР

20-кылымда ааламдагы асман телолору жөнүндө көптөгөн жаңы ачылыштар жасалды. Бүгүнкү күндө жаңы гана аныкталган мындай телолордун бири – бул кара тешиктер. Кара тешиктер энергиясы түгөнгөн бир жылдыздын өзүнүн ичин көздөй кысылышы жана эң аягында жылдыздын ордуна чексиз тыгыздык жана нөл көлөмгө ээ абдан чоң бир тартылуу талаасынын пайда болушу натыйжасында пайда болууда. Кара тешикти үстүңкү беттик тартылуу күчү абдан күчтүү болгондуктан жана жарык анын ичинен кача албагандыктан, эң ири телескоптор менен да көрө албайбыз. Бирок өз ичине чөккөн жылдыз турган ордунун айланасына болгон таасири менен гана билинет. Аллах Вакыа Сүрөсүндө жылдыздардын ордуларына ант ичүү менен бул темага мындайча көңүл бурган:

**Жок, жылдыздардын орундарына ант ичем. Шексиз, бул эгер билсеңер, чынында улуу бир ант. (Вакыа Сүрөсү, 75-76)**

«Кара тешик» түшүнүгү алгачкы жолу 1767-жылы англиялык илимпоз Жон Митчелл (John Michell) тарабынан айтылып, «кара тешик» термини алгачкы жолу америкалык физик Жон Арчибальд Уилер (John Archibald Wheeler) тарабынан 1969-жылы колдонулган. Мурдалары бардык жылдыздарды көрө алабыз деп гипотеза жасалса, акыркы жылдары космосто биз нурларын көрө албаган жылдыздардын да бар экени аныкталган. Себеби энергиясын түгөткөн жылдыздардын нурлары да жоголууда.

Кара тешик – бул бир массанын жарык чыга албай тургандай кичинекей бир жерде чогулушу. Күчтүү тартылуу күчү фотондорду жана эң ыкчам бөлүкчөлөрдү да бул аймакта кармап калат. Күндөн 3 эсе чоң массага ээ болгон кадимки бир жылдыздын күйүшү жана жарылышы натыйжасында пайда болгон кара тешиктин көлөмү болгону 20 км болот. Кара тешиктер «кара», т.а. түздөн-түз көрүүгө болбойт. Өздөрүн кыйыр түрдө, башка асман телолорун өзүнө тарткан тартылуу күчү аркылуу таанытышат. Төмөнкү аятта да кыямат күнү тасвири менен бирге, бир тараптан кара тешиктер жөнүндөгү мындай илимий ачылышка да ишарат болушу мүмкүн:

**Жылдыздар «жабылып (нурлары) өчүрүлгөндө», (Мүрселат Сүрөсү, 8)**

Мындан тышкары, чоң массага ээ жылдыздар космосто бүгүлүүгө себеп болушат. Бирок кара тешиктер космосто бүгүлүүгө гана себеп болушпайт, ошол эле учурда астрофизиктер айткандай, космосту тешип өтүшөт. Бул өчкөн жылдыздардын кара тешиктер деп аталышынын себеби да ушул. Тарык Сүрөсүнүн үчүнчү аятында болсо «тешүүчү жылдыз» жөнүндө сөз болот:

**Асманга жана Тарыкка ант болсун, Тарыктын эмне экенин сага эмне кабар берет? (Караңгыны) Тешкен жылдыз. (Тарык Сүрөсү, 1-3)**

Аяттын Арапчасында «тешик» маанисине келген «сакб» уңгусунан «тешик ачуучу, тешүүчү жана тешип өтүүчү» маанилерине келген «эссакибу» сөзү колдонулууда. Кара тешиктерди сүрөттөгөн илимий эмгектерде болсо «тешик ачуу, тешүү» маанилерине келген англисче «puncture» сөзү колдонулууда. Кара тешиктердин өзгөчөлүгүн сүрөттөө үчүн Куранда колдонулган бул сөз абдан терең маанилүү. Аятта жылдыздар жөнүндөгү бул маалыматка да көңүл бурулган болушу – Курандын Аллахтын сөзү экенин далилдеген дагы бир маанилүү маалымат.

# КАГУУЧУ ЖЫЛДЫЗДАР: ПУЛЬСАРЛАР

**Асманга жана Тарыкка ант болсун, Тарыктын эмне экенин сага эмне кабар берет? (Караңгыны) Тешкен жылдыз. (Тарык Сүрөсү, 1-3)**

Курандын 86-сүрөсү болгон «Тарык» - «тарк» уңгусунан чыккан бир сөз. Сөздүн чыныгы мааниси бир добуш чыга тургандай кылып катуу уруу, сүзүү маанилерине келет. Сөздүн эң түпкү мааниси болгон «сокку», «катуу уруучу» маанилери эске алынганда, бул сүрөдө абдан маанилүү бир илимий чындыкка ишарат кылынганы аныкталат. Алгач аятта бул жылдыздарды сүрөттөгөн башка сөздөрдү карайлы:

Жогорудагы аяттагы «эттарики» сөзү түндү тешүүчү, караңгыны жаруучу жылдыз, түнкүсүн чыгуучу, тешип өтүүчү, уруучу, кагуучу, кескин жылдыз маанилерине келет. Мындан тышкары аяттагы «вав» сөзү менен ант ичилип, ант ичилген нерселердин, т.а. асмандын жана Тарыктын, маанисине көңүл бурулууда.

Жоселин Белл Бурнелл (Jocelyn Bell Burnell) 1967-жылы Англия Кембридж университетинде жасаган изилдөөлөрү учурунда бир калыптуу бир радио сигналын кармаган эле. Бирок ал доорго

чейин жүрөктүн согушу сыяктуу бир калыптагы соккулардын булагы болушу мүмкүн болгон бир асман телосу билинчү эмес. Бирок 1967-жылы астрономдор өз огунда айланган ядродогу заттын тыгыздыгы өскөн сайын жылдыздын магниттик талаасынын да тыгыздыгынын өскөнүн жана натыйжада жылдыздын уюлдарында жердин магниттик талаасынан 1 триллион эсе көп күч пайда болоорун аныкташты. Мынчалык ыкчам айланган жана мынчалык күчтүү магниттик талаага ээ болгон бир заттын жылдыз ар бир айланган сайын конус сыяктуу болгон абдан күчтүү радио толкундары түзгөн бир нурду таркатаарын байкашты. Кийинчерээк бул сигналдардын булагынын нитрон жылдыздарынын абдан чоң бир ылдамдыкта айланышы экени аныкталган. Бул нитрон жылдыздар «пульсарлар» деп аталат. Супернова жарылуулары менен өлүп «пульсар» абалына келген бул жылдыздар ааламдын эң оор массалуу, эң жаркыраган жана эң кыймылдуу телолору. Кээ бир улгайган пульсарлар өз айланаларында секундасына 600 жолу айланышат.

Пульсар сөзү англис тилиндеги «pulse» этишинен келип чыккан. *American Heritage сөздүгү* боюнча бул этиш «бир калыптуу жана ритмдүү согуу» маанисине келет. *Webster сөздүгү* болсо бул сөзгө «ылдам уруу, жүрөк сыяктуу согуу» маанилерин берет. *American Heritage сөздүгү* боюнча ушуга окшош уңгуга ээ болгон башка бир этиш «pulsate» болсо «ритмикалык кеңейүү жана кысылуу, согуу» маанилерине ээ.

Мына ушул ачылыштан соң Куранда «тарык» б.а. «согуу» сөзү менен айтылгандын пульсар деп аталган нитрон жылдыздарга абдан окшош экени байкалган. Супернова ири жылдыздардын ядролору ичине чөгүп, нитрон жылдыздарын пайда кылат, бул кичинекей жана жогорку тыгыздыктагы, ыкчам айланган айлана абалындагы зат жылдыздын салмагынын жана магниттик талаасынын көп бөлүгүн камап калат жана кысат. Бат айланган бул нитрон жылдызы пайда кылган күчтүү магниттик талаанын жерден аныктоого мүмкүн болгон күчтүү радио толкундардын жайылышына себеп болоору аныкталган.

Тарык Сүрөсүнүн үчүнчү аятында болсо тешүүчү, жарып өтүүчү, тешик ачуучу, жаркыратуучу маанилерине келген «эннежму эссакибу» сөзү менен Тарыктын караңгыны тешип өтүүчү жаркыраган жылдыз экени баса белгиленген. Тарык Сүрөсүнүн экинчи аятында болсо **«Тарыктын эмне экенин сага эмне кабар берет?»** суроосундагы «эдраке» сөзү аңдап, түшүнүү маанисин берет. Күндүн бир канча эсеси болгон жылдыздардын кысылып кичирейиши натыйжасында пайда болгон пульсарлар аңдап түшүнүү кыйын болгон асман телолору арасында. Аяттагы суроо аркылуу бул согуучу жылдызды түшүнүү кыйын экенине басым жасалууда. (Эң туурасын Аллах билет.)

Байкалгандай, Куранда Тарык деп сүрөттөлгөн жылдыздар 20-кылымдын аягында ачылган пульсарларга абдан окшош жана бизге Курандын дагы бир илимий кереметин көрсөтүүдө.

# СИРИУС ЖЫЛДЫЗЫ

Курандагы кээ бир сөздөр 21-кылымдын илимий маалыматтары менен изилденгенде бизге бир Куран керемети катары чыгууда. Булардын бири Нажм Сүрөсүнүн 49-аятындагы Сириус жылдызы:

**Чынында, «Шиъра (жылдызы)нын» Раббиси – Ал. (Нежм Сүрөсү, 49)**

Арап тилинде «Шиъра» деп аталган Сириус жылдызынын бир гана «жылдыз» маанисине келген Нажм Сүрөсүнүн 49-аятында жайгашышы абдан маанилүү жагдай. Себеби илимпоздор

түндөлөрү асмандын эң жаркыраган жылдызы болгон Сириус жылдызынын кыймылдарынын бир калыптуу болбошуна карап, анын бир жуп жылдыз экенин аныкташты. Ошондуктан Сириус – Сириус А жана Сириус В деп аталган эки жылдыздан турган бир топ жылдыз. Булардын чоңураагы болгон Сириус А Сириус Вга караганда жерге жакыныраак, жана өзгөчөлүгү – куралсыз көз менен көрүүгө мүмкүн болгон эң жаркыраган жылдыз болушу. Сириус В жылдызынын өзгөчөлүгү болсо – бул телескопсуз көрүүгө мүмкүн болбошу.

Сириус топ жылдызы бири-бирин көздөй жаа абалында бир ок чийишет жана ар бир 49,9 жылда бир бири-бирине жакындап, асманда созулушат. Бул илимий маалымат учурда Гарвард, Оттава жана Leicester университеттеринин астрономия бөлүмдөрү бир добуштан кабыл алган илимий бир чындык. Кээ бир булактарда бул маалыматтар мындайча баяндалат:

Эң жаркыраган жылдыз Сириус – чынында бир жуп жылдыз... Айлануу периоду 49,9 жыл.

Белгилүү болгондой, Сириус-А жана Сириус-В жылдыздары бири-биринин айланасында ар бир 49,9 жылда бир жуп жаа сызыгы сызышып, айланышат.

Бул жерде көңүл бура турган жагдай – бул эки жылдыздын бир-биринин айланасында айланып жатканда жаага окшош эки орбита сызышы.

Бирок 20-кылымдын аягына жакын аныкталган бул илимий чындыкка кереметтүү абалда мындан 14 кылым мурда Куранда ишарат кылынган. Нажм Сүрөсүнүн 49- жана 9-аяттары чогуу окулганда, бул кереметти көрөбүз:

**Чынында, «Шиъра (жылдызы)нын» Раббиси – Ал. (Нежм Сүрөсү, 49)**

**(Экөөсү арасындагы аралык) эки жаадай (болду) же андан да жакындашты. (Нежм Сүрөсү, 9)**

Нажм Сүрөсүнүн 9-аятынан түшүнүлгөн «экөөсү арасындагы аралык» сөзү бизге бул эки жылдыз сызган орбитада бири-бирине жакындаарын билдирүүдө. (Эң туурасын Аллах билет.) Куран вахий кылынган доордо билүү эч мүмкүн болбогон бул илимий чындык бизге Курандын Улуу Раббибиздин бир сөзү экенин дагы бир жолу далилдөөдө.

# НУР ЖАНА КАРАҢГЫЛЫКТАР

**Мактоолор (хамд) асмандарды жана жерди жараткан, караңгылыктарды жана жарыкты (нурду) жасаган Аллахка тиешелүү... (Энъам Сүрөсү, 1)**

Белгилүү болгондой, айланада жарык булагы болбосо, бир адамдын айланасындагыларды куралсыз көз менен көрүшү мүмкүн болбойт. Бирок биз көрө алган нур – нур таркатуучу энергиянын абдан кичинекей бир бөлүгү гана. Адам көрө албаган, бирок нур чыгарган башка энергия түрлөрү да бар: инфра-кызыл, ультра-кырмызы, X нурлары жана радио толкундар сыяктуу. Жана адам нурдун бул толкун узундуктары алдында сокур абалында.

Куранда «караңгылык» сөзүнүн дайыма «караңгылыктар» деп айтылышы да бул тараптан маанилүү. Арап тилинде «зулумат» деп айтылган «караңгылыктар» сөзү Куранда 23 аятта көптүк түрдө колдонулган. Жекелик түрдө болсо эч колдонулган эмес. Куранда караңгылык сөзүнүн

мындай колдонулушу биз көрө алган жарык толкуну узундуктарынан башка дагы нур түрлөрүнүн болушу мүмкүн экенине көңүл буруууда.

Бул жердеги көптүк түрдө айтылышынын себебин илимпоздор жакында гана аныкташты. Толкун узундуктары – бул электромагниттик радиация катары таанылган энергиянын ар кандай түрлөрү. Электромагниттик радиациянын бардык ар кандай түрлөрү космосто энергия толкундары абалында кыймылдашат. Муну бир көлгө ыргытылган таштар пайда кылган толкундарга окшоштурууга болот. Жана бул көлдөгү толкундар ар башка чоңдуктарда болгон сыяктуу эле, электромагниттик радиациянын да ар түрдүү толкун чоңдуктары (узундуктары) бар.

Ааламдагы жылдыздын жана башка нур булуктарынын баары бир түрдүү нур чыгарышпайт. Мындай ар башка нурлар толкун узундуктарына карап класстарга бөлүнөт. Ар башка толкун узундуктары түзгөн кеңдик болсо абдан чоң. Эң кичинекей толкун узундугуна ээ болгон гамма нурлары менен эң чоң толкун узундугуна ээ болгон радио толкундар арасында $10^{25}$'тик (миллиард жолу миллиард жолу миллиарддык) бир айырма бар. Күн өзүнөн чыгарган нурлардын баарына жакыны бул $10^{25}$'тик кеңдиктин жалгыз бир бирдигине батырылган.

Бул сандын чоңдугун жакшыраак түшүнүү үчүн мындай бир салыштыруу жасоого болот. Эгер $10^{25}$ санын санагыбыз келгенде, күнү-түнү эч токтобостон санап, бул жумушту жердин жашынан 100 миллион эсе узун бир убакыт бою улантышыбыз керек болмок. Ааламдагы ар түрдүү толкун узундуктары мына ушунчалык кеңири бир кеңдикте таркаган. Күндөн чыккан толкун узундуктарынын болсо 70%ы 0,3 микрон менен 1,5 микрон арасындагы кеңдиктин ичинде. Бул интервалда үч түрдүү нур бар: көзгө көрүнгөн нур, жакын инфра-кызыл нурлар жана жакын ульра-кырмызы нурлар. «Көзгө көрүнүүчү нур» деп аталган бул нурлар электромагниттик кеңдиктин $10^{25}$'тен бирден да аз бир аралыкта болгонуна карабастан, жалпы күн нурларынын 41%ын түзөт.

Байкалгандай, көздөрүбүз көрө алган электромагниттик толкундар жарык спектринин абдан кичинекей бир бөлүгүн гана түзөт. Калган бөлүгү болсо адам үчүн кеңири масштабдуу караңгылык дегенди билдирет жана бул интервалдан (аралыктан) тышкаркы толкун узундуктары болсо адам сокур болгон (эч нерсе көрбөгөн) аймактар.

## ЖАЛЫНСЫЗ КҮЙҮҮ

**Аллах – асмандардын жана жердин Нуру. Анын нурунун мисалы, чырак турган бир текче сыяктуу. Чырак – шишенин ичинде, шише болсо кудум эле каухар жылдызы. Ал (чырак) чыгышта да эмес, батышта да эмес (ар дайым нур тийип турган) берекеттүү зайтун дарагы(нын майы) менен жагылат. Анын майы (тунуктугунан улам) от тийбесе деле нур тараткандай болот. (Ал) Нур үстүнө нур (чачат). Аллах каалаган пендесин Өз Нуруна багыттайт. Аллах адамдарга (ушундай) мисалдарды келтирет. Аллах бүт нерсени Билүүчү. (Нур Сүрөсү, 35)**

Нур Сүрөсүнүн бул аятында жарык чыгаруучу бир нерсе жөнүндө сөз болууда. Нур чыгарган нерсе болсо бир жылдызга окшотулууда. Аятта жылдызга окшотулган нур чыгаруучу нерсенин отунунун (энергиясынын) чыгышка да, батышка да тиешелүү болбошу болсо бул нерсенин физикалык чен-өлчөмдө эмес экенине бир ишарат болушу мүмкүн. Отун булагы энергия сыпатында

деп ойлосок, анда аятта сүрөттөлгөн отундун электр энергиясына, жарык берүүчү нерсенин болсо электрдик чыракка ишарат кылып жаткан болушу ыктымал.

Электрдик чырак аяттагы сүрөттөөлөргө абдан туура келген, айнек ичинде, жылдыз сыяктуу жаркыраган жана нур чачуучу бир нерсе. Электрдик чырак шам чырак, газ чырагына окшогон жарык берүүчүлөр сыяктуу май менен жанбайт жана электрдик чыракта аяттагы сүрөттөөлөргө төп келген абалда, жалынсыз бир күйүү ишке ашат. Чырактын ичиндеги ысыкка чыдамкай вольфрам зымынын атомдору арасындагы титирешүү натыйжасында 2000 $^0$С'ден жогорку бир температура пайда болот. Башка металлдарды ээритип жиберүүчү бул температура ушунчалык жогору болгондуктан, көзгө көрүнө тургандай күчтүү бир нурдун пайда болушуна себеп болот. Бирок мындай жогорку температурага карабастан, чырактын ичинде кычкылтек жок болгондуктан, аяттагы сүрөттөөлөргө туура келген абалда күйүү ишке ашпайт. Мындан тышкары, чырактын ортосунда жаркыраган зым да жаркыраган бир жылдыздын алыстан көрүнүшүнө абдан окшошууда.

Электрдик токтун дүйнө тарыхынын эң улуу ачылыштарынын бири экенин, дүйнөнүн дээрлик бүт тарабынын электрдик энергия менен иштеген чырактар менен жарык кылынганын эске алсак, аят ушул маанилүү ачылышка ишарат кылып жатат деп ойлоого болот. (Эң туурасын Аллах билет.)

Бул жөнүндөгү дагы бир түшүндүрмө катары жылдыздардагы ядролук реакциялар натыйжасында пайда болгон нурду ойлоого болот. Жылдыздар – бул ядролук реакциялардан келип чыккан абдан чоң санда температура, нур чыгаруучу, абдан ысык, жаркыраган, айлануучу газ массалары. Жаңы пайда болгон ири жылдыздар көбүнчө өздөрүнүн тартылуу күчтөрү натыйжасында кысылып башташат. Мунун натыйжасында борборлорунун тыгыздыгы чоңураак жана температурасы жогорураак болот. Жылдыздын борборундагы заттын температурасы жетиштүү деңгээлге көтөрүлгөндө (эң аз 10 миллион $^0$С болгондо) болсо, ядролук реакциялар башталат. Бир жылдыздын ичинде ишке ашкан кубулуш – бул суутектин ири бир энергия менен (биригүү менен) гелийге айланышы. Жылдыздарда массанын чоңдугунан келип чыккан тартылуу күчү 4 суутек атомун 1 гелий атомун түзө турган абалда аралаштырат. Бул учурда сыртка чыккан энергия массанын бетинен нур жана температура абалында сыртка таркайт. Суутек түгөнгөндө, жылдызда ушул сыяктуу андан да оорураак элементтерди пайда кылуу үчүн гелий күйүүсүн (биригүүнү (fusion)) улантат. Мындай реакциялар жылдыздын массасы түгөнгөнгө чейин уланат.

Бирок жылдыздардагы реакцияларда кычкылтек колдонулбагандыктан, күйүп жаткан отундагы сыяктуу кадимки бир күйүү ишке ашпайт. Жылдыздарда ири жалындар абалында көрүнгөн күйүү кубулушу да чынында күйүүдөн келип чыкпайт. Аятта да ушундай бир күйүү кубулушуна ишарат кылынууда. Мындан тышкары, аятта бир жылдыз, анын отуну жана жалынсыз бир күйүшү, т.а. реакциясы, жөнүндө сөз болуп жатат деп ойлосок, анда аят жылдыздардагы нурдун пайда болушуна жана күйүү абалына ишарат кылууда деп ойлоого болот. (Эң туурасын Аллах билет.)

## БУЛУТТАРДЫН САЛМАГЫ

Булуттардын салмагы абдан таң калыштуу чоңдуктарга жетет. Мисалы, топтолгон жамгыр булуту (cumulonimbus) түрүндөгү бороон булутунда 300 000 тонна массага жеткен көлөмдө суу чогулат.

Асманда 300 000 тонналык бир масса тура ала турган бир системанын «курулган» болушу – албетте, таң калыштуу көрүнүш. Курандын кээ бир аяттарында булуттардын салмагына мындайча көңүл бурулууда:

**Ырайымынын алдынан шамалдарды бир сүйүнчү катары Ал жөнөтөт. Булар оор булуттарды жогору көтөрүшкөндө, аларды (кургакчылыктан) өлгөн бир шаарга айдайбыз жана муну менен ал жерге суу түшүрөбүз, ушундайча бүт түшүмдөрдөн чыгарабыз... (Аьраф Сүрөсү, 57)**

**Ал – силерге чагылганды коркуу жана үмүт катары көрсөткөн, (жамгыр көтөргөн) салмактуу булуттарды (жасап) пайда кылган (Зат). (Рад Сүрөсү, 12)**

Албетте, Куран түшүрүлгөн доордо адамдардын булуттардын салмагы жөнүндө мындай маалыматка ээ болушу мүмкүн эмес эле. Куран аяттарында көңүл бурулган жана жакынкы өтмүштө аныкталган бул маалымат Курандын Аллахтын сөзү экендигинин далилдеринин дагы бирөөсү.

# ЖАМГЫРДЫН КӨЛӨМҮ

Куранда жамгыр жөнүндө берилген дагы бир маалымат – бул жамгырдын белгилүү бир өлчөм менен жаадырылышы. Зухруф Сүрөсүндө мындайча буюрулат:

**Ал белгилүү бир өлчөм менен асмандан суу түшүрүп, аны менен өлүк бир өлкөнү «тирилтти (жана бүт тарабына жашоо) таратты»; силер да ушундай (кабырларыңардан тирилтилип) чыгарыласыңар. (Зухруф Сүрөсү, 11)**

Жамгырдагы мындай өлчөм да доорубуздагы изилдөөлөр натыйжасында аныкталган. Эсептөөлөр боюнча, жердин бетинен секундасына 16 миллион тонна суу бууланууда. Бир жылда бул 505 триллион тоннага жетет. Бул ошол эле учурда бир жылда жерге жааган жамгыр көлөмү. Б.а. суу дайыма бир тең салмактуулук ичинде «бир өлчөм менен» айланып турат. Жер бетиндеги жашоонун уланышы да ушундай суунун айланышы урматында камсыз болот. Адам ээ болгон бардык технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонсо да, мындай айланууну жасалма жол менен эч качан ишке ашыра албайт.

Эгер бул өлчөмдө кичинекей эле бир өзгөрүү болсо, кыска убакыт ичинде чоң бир экологиялык тең салмаксыздык пайда болот жана бул болсо жерде жашоонун токтошуна себеп болот. Бирок эч качан мындай болбойт; жамгыр, Куранда билдирилгендей, жер бетине жыл сайын бирдей өлчөмдө түшүүсүн улантат.

Жамгырдагы өлчөм бир гана көлөмүндө эмес, ошол эле учурда жамгыр тамчыларынын түшүү ылдамдыгында да бар. Жамгыр тамчысы канчалык чоң болбосун, жер бетине түшүү ылдамдыгы белгилүү бир чектен (лимиттен) ашпайт.

Нобель сыйлыгынын ээси немец физик Филипп Ленард (Philipp Lenard) изилдөөлөрү натыйжасында жамгыр тамчыларынын көлөмү чоңойгон сайын түшүү ылдамдыгынын өсөөрүн аныктаган. Бирок түшүү ылдамдыгындагы мындай өсүү жамгыр тамчысынын көлөмү 4,5 мм

болгонго чейин уланган. Андан чоң жамгыр тамчыларынын болсо түшүү ылдамдыктары секундасына 8 метрден ашкан эмес. Мунун себеби тамчылардын түшүп бараткандагы калыбы менен байланыштуу. Жамгыр тамчыларынын мындай өзгөчө формасы атмосферанын сүрүлүү таасирин жогорулатат жана тамчылардын белгилүү бир ылдамдык чегинен ашышынын алдын алат.

Байкалгандай, Куранда жамгырдын түшүшү жөнүндө 1400 жыл мурда билиниши мүмкүн болбогон назик бир жөнгө салууга көңүл бурулууда.

# ЖАМГЫРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ

Жамгырдын кандайча пайда болоору көп убактан бери адамдар үчүн бир сыр эле. Бирок аба радарлары ойлоп табылган соң жамгырдын кайсы баскычтардан өтүп, пайда болоору так аныкталды. Бул жыйынтыктар боюнча, жамгыр үч баскычтан пайда болот: алгач шамал аркылуу жамгырдын «чийки заты» асманга көтөрүлөт. Андан соң булуттар жана эң аягында жамгыр тамчылары пайда болот.

Куранда жамгырдын пайда болушу жөнүндө толугу менен ушул процесстер айтылган. Бир аятта бул пайда болуу жөнүндө мындай бир маалымат берилет:

**Аллах шамалдарды жөнөтөт, ошентип бир булутту көтөрөт да, аны кандай кааласа асманда жайып-таркатат жана аны бөлүк бөлүк кылат; анан анын арасынан жамгырдын агып чыкканын көрөсүң. Кийин Өз пенделеринен каалаганына берээр замат (алар) кубанып калышат. (Рум Сүрөсү, 48)**

Эми аятта айтылган үч баскычты илимий анализ кылалы:

**1-БАСКЫЧ: «Аллах шамалдарды жөнөтөт...»**

Океандардагы көбүктөнүү менен пайда болгон сансыз аба көбүкчөлөрү тынымсыз пайда болуп турат жана майда суу тамчылары тынымсыз асманга чачылып турат. Тузга бай болгон бул майда тамчылар шамалдар менен учуп, атмосферада жогору көздөй жол алышат. Аэрозоль деп аталган бул кичинекей бөлүкчөлөр «суу тузагы» деп аталган бир механизм аркылуу океандардан көтөрүлгөн суу буусун өз чөйрөсүнө кичинекей тамчылар абалында топтоп булут тамчыларын пайда кылышат.

**2-БАСКЫЧ: «... ошентип бир булутту көтөрөт да, аны кандай кааласа асманда жайып-таркатат жана аны бөлүк бөлүк кылат...»**

Туз кристаллдарынын же абадагы майда чаңдардын айланасында чогулган суу буусу менен булуттар пайда болот. Булардын ичиндеги суу тамчылары абдан кичинекей болгондуктан (0,01-0,02 мм чоңдукта) абада учуп жүрө берет жана асманга таркашат. Натыйжада асман булуттар менен капталат.

**3-БАСКЫЧ: «... анан анын арасынан жамгырдын агып чыкканын көрөсүң.»**

Туз кристаллдарынын жана майда чаңдардын айланасында чогулган суу бөлүкчөлөрү жакшылап чогулушуп, жамгыр тамчыларын түзүшөт. Натыйжада абадан салмагы оорураак болуп калган тамчылар булуттан бөлүнүп жамгыр болуп, жерге түшүп башташат.

Байкалгандай, жамгырдын пайда болушунун ар бир баскычы Куран аяттарында билдирилүүдө. Болгондо да бул баскычтар туура катарга коюлуп, баяндалган. Жердеги бир катар табигый окуядагы сыяктуу, бул жерде да Аллах эң туура түшүндүрмөнү жасоодо, болгондо да бул түшүндүрмөнү илим тарабынан ачылаардан кылымдар мурда Куран аркылуу адамдарга билдирүүдө.

Жамгырдын пайда болушу жөнүндөгү башка бир аятта төмөнкү маалыматттар берилүүдө:

**Аллахтын булуттарды айдап жатканын, кийин араларын бириктирип, андан соң аларды кабат кабат кылып жыйып жатканын көргөн жоксуңбу; ошентип жамгырдын булардын арасынан агып-чыкканын көрөсүң. Асмандан ичинде мөндүрү бар тоолор (сыяктуу булуттар) түшүрүп, аны каалаганына туш кылат, (жана) каалаганынан аны кайтарат (тосот); чагылганынын жаркыраганы көздөрдү алып көр кылчудай болот. (Нур Сүрөсү, 43)**

Булут түрлөрүн изилдеген илимпоздор жамгырдын пайда болушу жөнүндө таң калыштуу жыйынтыктарды алышкан. Жамгыр булуттары белгилүү бир система жана баскычтар менен пайда болуп, калыптанууда. Жамгыр булуттарынын бири болгон кумулонимбус (cumulonimbus) түрүндөгү булуттардын пайда болуу баскычтары илимде төмөнкүдөй:

**1-БАСКЫЧ, айдалуу:** Булуттар шамалдар тарабынан турган жеринен түртүлүшөт, б.а. айдалышат.

**2-БАСКЫЧ, биригүү:** Шамал тарабынан түртүлгөн бул кичинекей булуттар (кумулонимбус) айдалган жерде биригип, жаңы чоң булуттарды пайда кылышат.

**3-БАСКЫЧ, чогулуу:** Кичинекей булуттар бириккен соң чоң булуттун ичиндеги жогору көздөй тартуу күчү жогорулайт. Булуттун борборундагы жогору тартуу күчү четтериндеги тартуу күчүнөн күчтүүрөөк. Мындай жогору тартуулар булуттун формасынын вертикалдуу чоңойушуна себеп болот. Натыйжада булуттар жогору көздөй кеңейишип, үстү-үстүнө жыйналышат. Бул тигинен чоңойгон булуттун формасынын атмосферанын салкыныраак тараптарын көздөй чоюлушуна себеп болот. Мына ошондо атмосферанын салкын аймактарында булутта суу жана мөндүр тамчылары чоңойуп баштайт.

Бул баскычтардын натыйжасында суу жана мөндүр тамчылары, жогору тартуу күчү аларды кармай албай турганчалык, оордогондо булуттардан жамгыр, мөндүр ж.б. абалында түшүп башташат.

Бир нерсени унутпаш керек, метеорологдор булуттун пайда болушу, түзүлүшү жана функциясы жөнүндөгү детальдарды өнүккөн технологиялык каражаттарды (учак, спутник, компьютер ж.б.) колдонуу менен, жакынкы убакта гана аныктай алышты. Демек, Аллах бул аяттарында да бизге 1400 жыл мурда билиниши мүмкүн болбогон бир маалыматты берген.

# ТОПУРАКТЫН КЫЙМЫЛГА КЕЛИП, КӨБҮШҮ

**... Жер бетин куураган (бир) өлүк сыяктуу көрөсүң, бирок Биз анын үстүнө сууну түшүргөнүбүздө, кыймылга келип, көбөт жана ар бир сонун жуптан (эгиндер, түшүмдөрдү) өстүрөт. (Хаж Сүрөсү, 5)**

Бул аятта «кыймылга келип» деп которулган сөздүн Арапчасы «ихтеззет» жана бул сөз «кыймылга келүү, жандануу, титирешүү, кыймылдоо, өсүмдүктүн кыймылга келиши жана өсүшү»

маанилерине келет. «Көбөт» деп которулган «ребет» сөзү болсо «көбөйүү, көбүү, чоңойуу, өнүгүү, (өсүмдүктүн) көтөрүлүшү, ырыскы берүү, шишүү, ичине аба толуу» маанилерине келет. Аяттагы бул сөздөр жамгыр учурунда топурактын молекулярдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү эң ылайыктуу сөздөр менен сүрөттөөдө.

Аятта сүрөттөлгөн кыймыл жердин үстүңкү катмарынын жер титирөөлөр учурундагы жалпы кыймылынан айырмалуу жана топуракты түзгөн бөлүкчөлөрдүн кыймылдашы катары баяндалууда. Топурак бөлүкчөлөрү бири-биринин үстүнө жайгашкан катмарлардан турат жана суу бул катмарлардын арасына киргенде, топурак бөлүкчөлөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнө, көбүшүнө себеп болот. Аяттагы баскычтар илимий тараптан төмөнкүдөй:

**1- Топурактын кыймылга келиши:** Топурак жамгырдын суусун жетиштүү көлөмдө сиңиргенде, топурак бөлүкчөлөрүнүн бетинде пайда болгон электростатикалык заряд тең салмаксыздыкка себеп болот, бул болсо бөлүкчөлөрдүн кыймылдашына жол ачат. Бул кыймыл бөлүкчөлөрдүн электрдик заряды теңделгенге чейин уланат. Топурак бөлүкчөлөрүнүн кыймылга келиши суу тамчылары менен урунушунан да келип чыгат. Суу тамчыларынын кыймылы белгилүү бир багытта эмес. Ар тараптан урунган суу топурак бөлүкчөлөрүнүн ордунан жылышына себеп болот. Бул кыймыл учурда «Броун кыймылы (Brownian movement)» деп аталган жана 1827-жылы Роберт Броун аттуу шотландиялык бир ботаник сүрөттөгөн микроскопиялык бөлүкчөлөрдүн кыймылы.[63] Броун жамгыр тамчылары жерге түшкөндө, топурак молекулаларында бир силкинүү жана кыймылдоонун болоорун аныктаган.

**2- Топурактын көбүшү:** Жамгыр жааганда ар тараптан келген суу тамчылары топурак бөлүкчөлөрүнүн кыймылдашына, натыйжада сууну сиңирип, көлөмүнүн чоңойушуна жол ачат. Себеби суу көп санда болгондо, топурак бөлүкчөлөрүнүн арасындагы аралык өсөт. Бул боштуктар суу тамчыларынын жана ээриген иондордун топурактын ичине киришине мүмкүндүк берет. Суу жана суунун ичинде ээриген абалда жайгашкан башка азыктар катмарлар арасында таркайт. Бул болсо топурак бөлүкчөлөрүнүн көлөмүн жогорулатат. Ошондуктан бул бөлүкчөлөр топуракты жандандыруу үчүн керектүү суу кампасы функциясын аткарат. Жердин тартылуу күчүнө карабастан, суунун сиңбестен, топурак бөлүкчөлөрүнүн катмарлары арасында кампаланышы Аллахтын адамдарга болгон чексиз мээриминин мисалдарынын бири. Эгер топурактын сууну кармап калуу өзгөчөлүгү болбогондо жана топуракта бул минерал кампалары болбогондо, суу топурактын тереңине сиңип кетмек жана өсүмдүктөр кыска мөөнөттө куурап калмак. Бирок Раббибиз топуракты ар кандай түшүмдөрдүн чыгышына шарт түзө турган өзгөчөлүктөрү менен бирге жаратkан.

**3- Топурактын түшүм бериши:** Топурактагы суу жетиштүү көлөмгө жеткенде, уруктар активдүү абалга келет жана жөнөкөй азык элементтерди сиңирип баштайт. Барган сайын чоңойгон өсүмдүктөр суу муктаждыгын 2-3 ай бою ушул кампалардан алышат.

Кургак топуракка жамгыр түшкөндө, ишке ашкан кубулуштар жогорудагы аятта үч баскычтуу баяндалууда: топурактын кыймылга келиши, топурактын көбүшү жана топурактын түшүм бериши. Байкалгандай, Куранда мындан 14 кылым мурда билдирилген бул баскычтар илимий түшүндүрмөлөргө толук дал келет. Башка бир аятта болсо мындай деп айтылат:

**Өлүк топурак алар үчүн бир аят (белги); Биз аны тирилттик, андан уруктарды чыгардык, ошентип андан жеп жатышат. (Йасин Сүрөсү, 33)**

# ӨЛҮК БИР ЖЕРДИ ЖАНДАНДЫРУУЧУ ЖАМГЫРЛАР

Куранда жамгырдын «өлүк бир жерди тирилтүүчү» функциясына көп аяттарда көңүл бурулат:

**... Биз асмандан таптаза бир суу түшүрүүдөбүз. Аны менен өлүк бир жерди (топуракты) жандандыруу жана (Аллах) жараткан жаныбарлардын жана адамдардын бир тобун аны менен сугаруу үчүн. (Фуркан Сүрөсү, 48-49)**

Жамгырдын жандыктар үчүн эң зарыл муктаждык болгон сууну жер бетине түшүрүшүнөн тышкары уруктандыруучу өзгөчөлүгү да бар. Океандардан бууланып булуттарга жеткен жамгыр тамчылары өлүк топуракты «жандандыра турган» кээ бир элементтерге ээ. Мындай «жандандыруучу» өзгөчөлүктүү жамгыр тамчылары «беттик тартылуу тамчылары» деп аталат. Беттик тартылуу тамчылары биологдор океан бетинин микро катмары деп атаган үстүңкү тарабында пайда болушат; миллиметрдин ондо биринен да ичке болгон бул үстүңкү кабыкчада микроскопиялык балырлардын жана зоопланктондордун чиришинен пайда болгон көптөгөн органикалык калдыктар бар. Бул калдыктардын кээ бирлери океан суусунда абдан аз кездешкен фосфор, магний, калий сыяктуу элементтерди жана мындан тышкары жез, цинк, кобальт жана коргошун сыяктуу оор металлдарды бөлүп алып, өз ичине топтошот. Жер бетиндеги урук жана өсүмдүктөр өсүшү үчүн керектүү болгон көп сандагы минералдык туздарды жана элементтерди мына ушул жамгыр тамчыларынан алышат. Куранда дагы бир аятта бул кубулуш мындайча билдирилет:

**Жана асмандан куттуу (береке жана мээримге толо) суу түшүрдүк; ошентип аны менен бакчалар жана өнө турган уруктарды өстүрдүк. (Каф Сүрөсү, 9)**

Жамгыр менен жерге түшкөн бул туздар түшүмдү көбөйтүү үчүн колдонулган кадимки жер семирткичтердин кээ бирлеринин (кальций, магний, калий ж.б.) кичинекей мисалдары. Мындай аэрозольдордогу оор металлдар болсо өсүмдүктөрдүн өсүшүндө жана түшүмүндө түшүмдүүлүктү жогорулатуучу элементтерди түзүшөт. Кыскача айтканда, **жамгыр маанилүү бир жер семирткич**. Жарды бир топурак бир гана жамгыр аркылуу келген бул жер семирткичтер менен да бир кылымдык бир мөөнөт ичинде өсүмдүктөр үчүн керектүү болгон бардык элементтерге ээ боло алат. Токойлор да океандан келген ушул аэрозольдор жардамы менен өнүгөт жана азыктанат.

Бул жол менен жыл сайын кургак жерлердин жалпы аянтына 150 миллион тонна жер семирткич түшүүдө. Мындай табигый жер семирткич функциясы болбогондо, жер бетинде өсүмдүк абдан аз болмок жана жашоо тең салмактуулугу бузулмак. Аяттагы жамгырдын жандандыруучу өзгөчөлүгү жөнүндө берилген маалымат – Курандын сансыз кереметтүү өзгөчөлүгүнүн бирөөсү гана.

# МӨНДҮР, ЧАГЫЛГАН ЖАНА КҮН КҮРКҮРӨӨНҮН ПАЙДА БОЛУШУ

**... Асмандан ичинде мөндүрү бар тоолор (сыяктуу булуттар) түшүрүп, аны каалаганына туш кылат, (жана) каалаганынан аны кайтарат (тосот); чагылганынын жаркыраганы көздөрдү алып көр кылчудай болот. (Нур Сүрөсү, 43)**

Бул аятта чагылгандын мөндүр менен болгон байланышына көңүл бурулууда. Мөндүрдүн чагылгандын пайда болушуна болгон таасири изилденгенде, аятта маанилүү бир метеорологиялык чындыкка ишарат кылынганы байкалат. *Meterology Today* (Учурда метеорология) аттуу китепте мөндүр жана чагылгандын пайда болушу жөнүндө мындай жоромол айтылат:

Ашыкча муздаган тамчылардан жана муз кристаллдарынан турган бир булут аймагынан мөндүр түшкөн сайын булуттарда электрдик заряд пайда болот. Суюк абалдагы тамчылар да мөндүрлөр менен сүзүшкөндө, тийүү учурунда тоңушат жана потенциалдуу жылуулуктарын жоготушат. Бул мөндүрдүн үстүңкү бетинин муз кристаллынын айланасынан ысыгыраак болушун камсыз кылат. Мөндүр муз кристаллга тийгенде болсо маанилүү бир кубулуш ишке ашат. Электрондор муздагыраактан жылуураакты көздөй жылышат. Мунун натыйжасында мөндүр терс (-) зарядга ээ болот. Ушундай эле таасир абдан муздаган суу тамчылары бир мөндүргө тийгенде жана оң (+) заряддуу абдан кичинекей муз бөлүкчөлөрү сынганда да пайда болот. Жеңилирээк жана оң заряддуу бөлүкчөлөр аба кыймылы менен булуттардын жогору тарабын көздөй кыймылдашат. Терс зарядга ээ бойдон калган мөндүр булуттун төмөнкү бөлүгүн көздөй түшөт, натыйжада булуттун ылдыйкы тарабы терс заряддалат. Бул терс заряддар чагылган катары жер бетин көздөй агып, өз зарядын жоготушат. Бул тараптан мөндүр чагылгандын пайда болушунда негизги фактор.

Төмөнкү аятта болсо жамгыр булуттарынын чагылгандар менен болгон байланышына жана булардын пайда болушунун кезегине көңүл бурулган; булар да илимий жыйынтыктарга абдан дал келет:

**Же болбосо (алар) караңгылык, күн күркүрөө жана чагылганга толгон «асмандан (келген) күчтүү бир жамгыр добулуна кабылгандар сыяктуу, чагылгандар берген коркунучтан»; өлүм коркунучунан манжалары менен кулактарын жабышат... (Бакара Сүрөсү, 19)**

Жамгыр булуттары 25,6 км$^2$ - 256 км$^2$ аянт, 9000 - 12000 м бийиктикке ээ абдан чоң массалар абалында болушат. Мындай укмуштуу калыңдыктан улам бул булуттардын төмөнкү тарабы караңгы. Күн нурлары булутту түзгөн суу жана муз бөлүкчөлөрү абдан көп болгондуктан ылдый өтө албайт. Мындай тыгыздыктан улам жер бетине бул булуттар арасынан абдан аз санда күн нуру жетет жана ошондуктан жерден караган адам булутту караңгы абалда көрөт. Булуттун үстүңкү тарабында болсо караңгылык азыраак жана жер бетине жакындаган сайын караңгылыгы жогорулайт.

Караңгылыктан соң аятта көңүл бурулган күн күркүрөө жана чагылгандын пайда болуу баскычтары болсо төмөнкүчө: жамгыр булуттарынын ичинде электрдик заряд чогулат. Булуттардагы мындай электрлешүү тоңуу, тамчылардын бөлүнүшү, тийүү учурундагы заряддалуу сыяктуу процесстер натыйжасында пайда болот. Мындай электрдик заряддын чогулушу, арасына кирген абанын аларды изоляция кыла албай турган абалга келиши натыйжасында ири бир учкун оң жана терс заряддуу аймактар арасында ортого чыгат. Карама-каршы заряддуу эки аймак арасындагы чыңалуу 1 миллиард вольтко жетиши мүмкүн. Учкун булуттун ичинде да болушу мүмкүн, оң заряддуу бир аймактан терс заряддуу бир аймакты көздөй эки булут арасында агышы мүмкүн же бир

булуттан жер бетин көздөй агым жарылышы мүмкүн. Мындай учкундар көздү алчудай жаркыраган чагылгандарды пайда кылат. Чагылган линиясы боюнча пайда болгон электрдик заряддагы мындай кокус жогорулоо абдан жогорку температураларга (10 000 °C) себеп болот. Мунун натыйжасында абада кокус бир кеңейүү болот жана абдан чоң бир жарылуу добушу сыяктуу болуп күн күркүрөөсү пайда болот.

Байкалгандай, бир жамгыр булутунда катары менен караңгы катмарлар, чагылган деп аталган электрдик заряддуу учкундар жана күн күркүрөөсү деп аталган жарылуу добушу пайда болот. Заманбап илимдин булуттардын пайда болушу, күн күркүрөөсү жана чагылгандын себептери жөнүндө айткандарынын баары Куран аяттарынын бардык сүрөттөөлөрүнө абдан окшошот.

## «ТӨЛДӨТҮҮЧҮ» ШАМАЛДАР

Курандын бир аятында шамалдардын «төлдөтүүчү» (уруктандыруучу) өзгөчөлүгүнө жана мунун натыйжасында жамгырдын пайда болооруна мындайча көңүл бурулат:

**Жана төлдөтүүчүлөр (уруктандыруучулар) катары шамалдарды жөнөттүк, ошентип асмандан суу түшүрүп, силерди сугардык... (Хижр Сүрөсү, 22)**

Аятта жамгырдын пайда болушундагы алгачкы баскычтын шамалдар экенине көңүл бурулууда. Бирок 20-кылымдын баштарына чейин «шамал менен жамгырдын арасындагы жалгыз байланыш – бул шамалдын булуттарды айдашы» деп айтылып келген. Заманбап метеорологиялык ачылыштар болсо шамалдардын жамгырдын пайда болушунда «төлдөтүүчү» рол ойноорун көрсөттү.

Шамалдардын мындай төлдөтүү өзгөчөлүгү мурдараак да айтылгандай мындайча ишке ашат: океандардын жана деңиздердин бетинде көбүктөнүү себебинен дайыма сансыз аба көбүкчөлөрү пайда болууда. Бул көбүкчөлөр жарылганда, миллиметрдин 100дөн бириндей чоңдукта миңдеген бөлүкчөнү абага ыргытышат. «Аэрозоль» деп аталган бул бөлүкчөлөр шамалдар урматында кургактыктардан келген чаңдарга аралашып атмосферанын үстүңкү катмарларына көтөрүлөт. Шамалдар ушундайча асманга көтөргөн бөлүкчөлөр ал жерде суунун буусуна тийет. Суу буусу болсо бул бөлүкчөлөрдүн айланасына чогулуп, жыйналат жана суу тамчыларына айланат. Бул суу тамчылары алгач чогулуп булуттарды пайда кылат, бир мөөнөттөн соң болсо жамгыр болуп жерге түшөт. Байкалгандай, шамалдар абада эркин абалда жүргөн суу буусун деңиз-океандардан алып келген бөлүкчөлөр менен «төлдөтүүдө» жана натыйжада жамгыр булуттарынын пайда болушун камсыз кылууда.

Эгер шамалдардын мындай өзгөчөлүгү болбогондо, жогорку атмосферадагы суу тамчылары эч качан пайда болмок эмес жана жамгыр деген нерсе эч болмок эмес.

Бул жердеги маанилүү жагдай болсо – шамалдардын жамгырдын пайда болушундагы мындай абдан маанилүү кызматынын кылымдар мурда Куранда билдирилген болушу. Болгондо да адамдар табигый кубулуштар жөнүндө дээрлик эч нерсе билбеген бир доордо...

Аятта шамалдардын төлдөтүүчү тарабы жөнүндө билдирилген дагы бир маалымат – бул шамалдардын өсүмдүктөрдүн төлдөнүшүндөгү ролу. Жер бетиндеги көптөгөн өсүмдүк өз түрүнүн уланышын чаңчаларын шамал аркылуу таркатуу менен камсыз кылат. Көптөгөн ачык уруктуу өсүмдүк, кайрагачтар (сосна), пальма жана башка дарактар, мындан тышкары гүл ачкан бардык

уруктуу өсүмдүктөр менен чым тибиндеги чөптөрдүн баары шамалдар аркылуу төлдөнүшөт. Шамал гүл чаңчаларын өсүмдүктөрдөн алып, ошол эле түрдөгү башка өсүмдүктөргө жеткирүү аркылуу төлдөнүүнү (уруктанууну) ишке ашырат.

Шамалдардын өсүмдүктөрдү кандайча уруктантаары жакынкы убакка чейин белгилүү эмес эле. Бирок өсүмдүктөрдүн да эркек жан ургаачы болуп, жыныстык айырмаланаары белгилүү болгон соң шамалдардын уруктандыруучу таасири бар экени аныкталды. Бул чындыкка Куранда **«Биз асмандан суу түшүрдүк, муну менен жерде ар бир сонун жуптан бир өсүмдүк өстүрдүк.»** (Локман Сүрөсү, 10) аяты менен көңүл бурулат.

# ШАМАЛДЫН ПАЙДА БОЛУУ СИСТЕМАСЫ

**... жана шамалдарды (белгилүү бир система ичинде) башкарышында акылын колдонгон бир коом үчүн аят-белгилер бар. (Жасия Сүрөсү, 5)**

Шамал – бул ар кайсы температура борборлору арасында пайда болгон аба агымы. Атмосферадагы ар кандай температуралар ар кандай аба басымдарын пайда кылгандыктан, аба тынымсыз жогорку басымдан төмөнкү басымды көздөй агат. Басым борборлору, т.а. атмосферадагы температуралар арасындагы айырма эгер чоң болсо, анда аба агымы, б.а. шамал күчтүү болот. Чоң кыйроолорго себеп болгон күчтүү куюндар ушундайча пайда болууда.

Бул жерде таң калыштуу жагдай – бул экватор менен уюлдар арасында температура жана басымдарда абдан чоң айырма болгонуна карабастан, Аллахтын белгилүү бир система ичинде жаратышы урматында жерибиздин абдан күчтүү шамалдарга дуушар болбошу. Эгер уюлдар менен экватор арасында боло турган абдан чоң аба агымдары жумшартылбаганда, жер үстүңкү бети дайыма күчтүү куюндар болуп турган бир өлүк планетага айланмак.

Жогорудагы аятта «тасрифир рийах» сүйлөмүндөгү «тасриф» сөзү «бир нерсени абдан айлантуу, багыттоо, бир ишке багыт берүү, башкаруу, бөлүштүрүү» маанилерине келет. Байкалгандай, шамал үчүн тандалган бул сөз шамалдардын система ичиндеги кыймылын толук сүрөттөөдө. Мындан тышкары, бул абал шамалдын өз башынча, каалагандай сокпошунун апачык бир баяны. Шамалдарды адамдардын жашоосуна ыңгайлуу кылып башкарган – бул Аллах.

# ФОТОСИНТЕЗДИН ЭРТЕ МЕНЕН БАШТАЛЫШЫ

**Жаңы карарып баштаганда, түнгө ант болсун, жана дем алып баштаганда, таңга; (Теквир Сүрөсү, 17-18)**

Белгилүү болгондой, өсүмдүктөр фотосинтез учурунда абадагы көмүр кычкыл газын, т.а. адам колдонбогон зыяндуу газды алат жана анын ордуна атмосферага кычкылтек чыгарат. Дем алганда жуткан, негизги жашоо булагыбыз болгон кычкылтек фотосинтездин негизги түшүмү. Атмосферадагы кычкылтектин болжол менен 30%ы кургактыктагы өсүмдүктөр тарабынан өндүрүлсө, калган 70%дык бөлүгү деңиз жана океандардагы фотосинтез жасай алган өсүмдүктөр жана бир клеткалуу жаныбарлар тарабынан өндүрүлөт.

Фотосинтез – илимпоздор бүгүнкү күндө да толук түшүндүрө албаган теңдешсиз бир процесс. Бул процессти куралсыз көз менен көрө албайбыз, себеби бул механизм иштөө үчүн атомдорду жана молекулаларды колдонот. Бирок фотосинтездин натыйжаларын дем алышыбызды камсыз кылган кычкылтек жана өмүр сүрүшүбүздү камсыздаган азыктарда көрө алабыз. Фотосинтез – бул түшүнүү кыйын болгон химиялык формулалар, күнүмдүк жашоодо эч кездешпеген кичинекей сан жана салмак бирдиктерин камтыган, абдан назик тең салмактуулуктар үстүнө курулган бир система. Айланабыздагы бардык жашыл өсүмдүктөрдө бул процесс ишке ашкан химиялык лабораториялардын триллиондогону курулган. Болгондо да өсүмдүктөр миллиондогон жылдан бери эч токтобостон, биз муктаж болгон кычкылтекти, азыктарды жана энергияны өндүрүшүүдө.

Фотосинтез эң өндүрүмдүү болгон убакыт – бул кычкылтек эң көп өндүрүлгөн убакыт. Бул болсо күн нуру эң көп болгон эрте мененки убакта ишке ашат. Күндүн чыгышы менен бирге жалбыракта тердөө жана фотосинтез жогорулап баштайт. Түштөн кийин болсо бул кубулуш тескери болот; т.а. фотосинтез жайлайт, дем алуу көбөйөт, себеби температуранын жогорулашы менен бирге тердөө да ылдамдайт. Түнкүсүн болсо температуранын төмөндөшү менен бирге тердөө жайлайт жана өсүмдүк бейпилдикке кирет.

Таквир Сүрөсүндө эрте мененки убакыт менен байланыштуу көңүл бурулган «иза тенеффесе» б.а. «дем алып баштаган убак» сүйлөмү метафоралык мааниде дем алуу, терең терең дем алуу маанилерине келет. Аятта басым жасалган бул сөз эрте менен кычкылтектин өндүрүлүп башташы, дем алуунун негизги шарты болгон кычкылтектин эң көп ушул убакта алынышы жагынан абдан терең маанилүү. Аятта эрте мененки убак жөнүндө бул абалга ант ичилиши бул жагдайдын маанисине өзгөчө басым жасоодо. 20-кылымдын маанилүү ачылыштарынан саналган фотосинтез процесси – Аллах жогорудагы аятта ишарат кылган Курандын илимий кереметтеринин бири.

Төмөнкү графикте фотосинтез менен нурдун көлөмү арасындагы байланыш көрсөтүлгөн.

## ДЕҢИЗДЕРДИН БИРИ-БИРИНЕ АРАЛАШПАШЫ

Деңиздердин изилдөөчүлөр тарабынан жакында гана аныкталган бир өзгөчөлүгү Курандын Рахман Сүрөсүндө мындайча билдирилет:

**Бири-бири менен кездешүүсү үчүн эки деңизди коюп жиберди. Экөөсү арасында бир тосмо бар; бири-биринин чегинен өтө алышпайт. (Рахман Сүрөсү, 19-20)**

Бири-бирине тийип турган, бирок суулары эч бири-бири менен аралашпаган деңиздердин аятта билдирилген мындай өзгөчөлүгү океан изилдөөчүлөр тарабынан жакында гана аныкталган. «Беттик тартылуу» деп аталган физикалык бир күч себебинен кошуна деңиздердин сууларынын бири-бирине аралашпай турганы аныкталган. Деңиздердин тыгыздыктарынын ар түрдүү болушунан келип чыккан беттик тартылуу бир дубал сыяктуу суулардын бири-бирине аралашышына тоскоол болот.

Албетте, адамдар физика, беттик тартылуу, океан билими жөнүндө эчтеке билбеген бир доордо бул чындыктын Куранда билдирилген болушу абдан терең сырдуу жагдай.

## ДЕҢИЗДЕРДЕГИ КАРАҢГЫЛЫК ЖАНА ИЧКИ

# ТОЛКУНДАР

**Же болбосо (каапырлардын кылгандары) чоң бир деңиздеги караңгылыктарга окшошот; анын үстүн бир толкун каптайт, анын үстүндө бир толкун, анын үстүндө болсо бир булут бар. Бир бөлүгү бир бөлүгүнүн үстүндө болгон караңгылыктар; колун чыгарганда аны да дээрлик эч көрө албайт. Аллах кимге нур бербеген болсо, эми ал үчүн нур жок. (Нур Сүрөсү, 40)**

Терең океандардагы жалпы чөйрө *Oceans* (Океандар) аттуу китепте мындай сүрөттөлөт:

Терең деңиздердеги жана океандардагы караңгылыктын болжол менен 200 м жана тереңирээк жерлерде болоорун учурда билебиз. Мындай тереңдикте жарык дээрлик эч жок. 1000 метрден төмөнкү тереңдиктерде болсо эч кандай жарыкты көрүүгө мүмкүн эмес.

Учурда бир деңиздин жалпы географиялык түзүлүшү, ичинде жашаган жандыктардын өзгөчөлүктөрү, туздуулук деңгээли сыяктуу маалыматтар менен бирге суунун көлөмү, аянты жана тереңдиги сыяктуу маалыматтарды да алууга болот. Учурдагы технология колдонулуп өндүрүлгөн суу-асты унаалар жана ар кандай атайын аппараттар бул маалыматтарга жетүүдө колдонулган эң маанилүү кабылдагычтар.

Мындай аппараттарсыз бир адамдын 70 метрден тереңирээкке чумкушу болсо дээрлик эч мүмкүн эмес. Ошондой эле, бир адамдын эч көмөксүз океандардын 200 метр тегерегиндеги караңгы тереңдиктеринде жашашы да эч мүмкүн эмес. Ошондуктан, илимпоздор суулар жөнүндөгү терең маалыматтарды абдан жакында гана аныкташты. Ал эми Куранда болсо ири деңиздердин караңгы экендиги мындан 1400 жыл мурда кабар берилген. Эч бир технология жана ошондуктан адамдар деңиз-океандардын тереңине чумкуй турган унаалары жок болгон бир доордо мындай бир маалыматтын билдирилген болушу – албетте, Курандын кереметтеринин бири.

Ошондой эле, Нур Сүрөсүнүн 40-аятындагы **«... чоң бир деңиздеги караңгылыктарга окшошот; анын үстүн бир толкун каптайт, анын үстүндө бир толкун, анын үстүндө болсо бир булут бар...»** сүйлөмү болсо Курандагы дагы бир илимий кереметке ишарат кылууда:

Илимпоздор жакында эле «ар кайсы тыгыздыктагы катмарлар арасында тыгыздык араларында пайда болгон ички толкундардын» бар экенин аныкташкан. Ички толкундар деңиз жана океандардын тереңдиктерин каптайт; себеби терең деңиздердин үстүндөгү суудан тыгыздыгы жогору. Ички толкундар беттик толкун сыяктуу кыймылдайт. Беттик толкундар сыяктуу алар да сынышы мүмкүн. Ички толкундарды көз менен көрүүгө болбойт, белгилүү бир аймактагы температура жана туздуулуктун өзгөрүшүн изилдегенде гана бул толкундарды байкоого болот.

Аяттагы маани менен бул түшүндүрмө бири-бирине толук дал келет. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр болбостон, бир адам деңиз бетиндеги толкундарды гана бар деп ойлойт. Деңиздин ичинде пайда болгон толкундарды болсо эч билиши мүмкүн эмес. Бирок Нур Сүрөсүндө Аллах деңиздердин тереңдиктериндеги экинчи бир толкун формасына ишарат кылган. Албетте, илимпоздор жакында эле аныктаган бул чындык да Курандын Аллахтын сөзү экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө.

# КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТЕРИБИЗДИ БАШКАРГАН АЙМАК

**Жок; эгер (ал мындай мамилесин) токтотпосо, ант болсун, аны маңдай чачынан кармап (тозокко) айдайбыз; ошол жалганчы, күнөөкөр болгон маңдайынан. (Алак Сүрөсү, 15-16)**

Бул аяттардагы «жалганчы, күнөөкөр болгон маңдайынан» сөзү абдан терең маанилүү. Себеби акыркы жылдары жасалган изилдөөлөр баштын алдыңкы маңдай аймагында мээнин кээ бир кыймыл-аракеттерди башкаруучу бөлүмүнүн бар экенин көрсөткөн. 1400 жыл мурда Куранда көңүл бурулган бул аймак жана анын кызматы жөнүндөгү маалыматтарга учурдагы илимпоздор акыркы 60 жыл ичинде гана түшүндүрмө бере алышты. Баштын ичине, баштын алдыңкы бөлүгүн караганда мээнин алдыңкы маңдай аймагын көрөбүз. Бул аймактын функциялары жөнүндө физиология тармагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр натыйжасында алынган маалыматтар *Essentials of Anatomy and Physiology* (Анатомия жана физиологиянын негиздери) аттуу китепте мындайча айтылган:

Кыймылдардын мотивациясы, пландоонун башталышы маңдайларынын алдыңкы тарабы болгон алдыңкы маңдай аймагында (cerebrum) ишке ашат. Бул жер биримдик кортексинин бир аймагы...

Китепте бул аймак жөнүндө мындай маалыматтар да бар:

Кыймыл менен болгон байланышы менен бирге алдыңкы маңдай аймагы ошол эле учурда ачуулануунун (кол салуунун) да функционалдык борбору деп кабыл алынууда...

Бул түшүндүрмөлөрдөн да байкалгандай мээнин алдыңкы маңдай аймагы пландоо, мотивация жана жакшы же жаман кыймылдардын баштатылышы, калп же чындыктын айтылышы менен байланыштуу бардык кыймыл-аракеттерди жүргүзүүдө.

Байкалгандай, Алак Сүрөсүндөгү «жалганчы, күнөөкөр болгон маңдай» сөзү жогорудагы түшүндүрмөлөргө абдан окшошот. Илимпоздор акыркы алтымыш жыл ичинде аныктаган ушул сыяктуу илимий чындыктарды Аллах Куран аяттарында кылымдар мурда адамдарга билдирген.

# ЖҮРӨКТӨРДҮН АЛЛАХТЫ ЭСТӨӨ МЕНЕН ТЫНЧТАНЫШЫ

Америка ден-соолукту изилдөө улуттук борборунун кызматкери Давид Ларсон (David B. Larson) жана анын командасы тарабынан топтолгон изилдөө жыйынтыктары боюнча, америкалыктар арасынан ыймандуу (динге ишенген) жана ыймансыз (динге ишенбеген) адамдар арасында жасалган салыштыруулар абдан таң калыштуу жыйынтыктарды берген. Мисалы, ыймандуулардын динге ишенүүсү алсыз же такыр ишенбеген адамдарга салыштырмалуу жүрөк ооруларына 60%га аз кабылаары; өзүн-өзү өлтүрүү көрсөткүчүнүн 100%га төмөн экени; кан басымынын бузулушуна азыраак кабылышаары; тамеки чеккендер арасында бул катыштын 1/7 экендиги сыяктуу жыйынтыктар алынган.

Медицина чөйрөсүндөгү маанилүү илимий булактардын бири *Tıpta Uluslararası Psikiyatri* (Медицинада улуттук психиатрия) журналы басып чыгарган бир изилдөөдө болсо өздөрүн ыймансыз деп эсептеген адамдардын бир тараптан ооруларга көп чалдыгаары, экинчи тараптан кыска өмүр сүрөөрү айтылууда. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча ыймансыз адамдардын ашказан-ичеги ооруларына чалдыгуу ыктымалынын ыймандуу адамдарга салыштырмалуу эки эсе көп экени, дем алуу ооруларынан өлүү деңгээлинин болсо 66%га көп экени аныкталган.

Секуляр (ыймансыз) психологдор көбүнчө буга окшош жыйынтыктарды «психологиялык таасир» деп түшүндүрүшөт. Б.а. ишеним адамдардын маанайын көтөрөт жана маанай болсо ден-соолукка оң таасир берет дешет. Мындай пикир кандайдыр бир деңгээлде туура болушу мүмкүн,

бирок бул тема изилденгенде андан да кызыктуу бир жыйынтык аныкталган. Аллахка болгон ишеним башка кандайдыр бир маанайдын таасиринен бир топ күчтүү. Гарвард медицина факультетинен Др. Герберт Бенсондун (Dr. Herbert Benson) диний ишеним менен ден-соолук арасындагы байланышты изилдеген терең изилдөөлөрү бул темада кызыктуу жыйынтыктарды берген. Бенсон ыймансыз бир адам болгонуна карабастан, Аллахка болгон ишенимдин жана ибадаттардын адамдын ден-соолугуна башка эч бир нерседе көрүлбөгөндөй күчтүү оң таасир берээрин аныктаган. Бенсон «башка эч бир ишенимдин Аллахка болгон ишенимдей аң-сезимге бейпилдик бербеши жөнүндөгү жыйынтыкка» барганын айткан.

Анда эмне үчүн ыйман менен адамдын руху жана денеси арасында мындай өзгөчө бир байланыш бар?... Секуляр бир изилдөөчү болгон Бенсон жеткен жыйынтык – бул, анын сөзү менен айтканда, адамдын денесинин жана аң-сезиминин «Аллахка ыйман келтирүүгө ылайыкталган» болушу.

Медицина дүйнөсү акырындап түшүнүп баштаган бул чындык Куранда **«... Билип койгула, жүрөктөр Аллахты зикир кылуу (эстөө) менен гана тынчтанат»** (Рад Сүрөсү, 28) аяты менен кабар берилген бир сыр. Аллахка ишенген, Ага дуба кылган, Ага таянган адамдардын башкаларга караганда руханий жактан да, денесинин да ден-соолукта болушунун себеби – бул алардын табиятына ылайык аракет кылышында. Адамдын табиятына терс болгон философия жана системалар адамдарга дайыма азап, кайгы, кыйналуу жана стресс алып келүүдө.

Заманбап медицина жогоруда кыскача айтылган табылгалардын көмөгү менен бул чындыкты түшүнүү жолуна түштү. Патрик Глинн (Patrick Glynn) айткандай, «заманбап медицина дарылоонун бир гана материалдык ыкмалардан башка тараптарынын да бар экенин кабыл алуу жолунда баратат.»

# КЕЧИРИМДҮҮЛҮК ЖАНА АНЫН ДЕН-СООЛУККА ПАЙДАЛАРЫ

Куранда кеңеш берилген сонун ахлак өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул «кечиримдүү болуу»:

**Сен кечирим (же жеңилдик) жолун танда, (Исламга) ылайык болгонду буйрук кыл жана караңгы-сабатсыздардан жүзүңдү бур. (Аьраф Сүрөсү, 199)**

Башка бир аятта Аллах **«... кечиришсин жана токтоо болушсун. Аллахтын силерди кечиришин каалабайсыңарбы? Аллах кечиримдүү, коргоочу.» (Нур Сүрөсү, 22)** деп буюрууда.

Куран ахлагынан алыс жашаган адамдар үчүн кечирүү абдан оор. Себеби кандайдыр бир ката кетирилээр замат ачууланышат. Бирок Аллах ыймандууларга кечирүүнүн жакшыраак экенин билдирген:

**Жамандыктын жообу ошону менен тең (окшош) болгон жамандык. Бирок ким кечирсе жана оңдосо (тынчтыкты орнотсо), эми анын сыйлыгы Аллахка тиешелүү... (Шура Сүрөсү, 40)**

**... Ошондо деле кечирип, токтоолук кылсаңар (кемчиликтерин бетине айтпасаңар) жана кечирсеңер, эми албетте Аллах кечиримдүү, коргоочу. (Тегабун Сүрөсү, 14)**

Куранда **«Ким сабыр кылса жана кечирсе, албетте бул улуу иштерден.»** (Шура Сүрөсү, 43) аяты менен кечирүүнүн бийик бир ахлак өзгөчөлүгү экенин билдирүүдө. Ошондуктан ыймандуулар кечиримдүү, мээримдүү, токтоо (толеранттуу) адамдар жана Куранда билдирилгендей алар **«ачууларын жеңгендер жана адамдар(дагы акылары)нан кечирим менен кечип коюшкандар.»** (Али Имран Сүрөсү, 134)

Ыймандуулардын кечиримдүүлүк түшүнүгү Куран ахлагын жашабаган адамдардыкынан такыр башкача. Кээ бир адамдар бир адамды кечирдим деп айтса да, бул адамдардын жүрөктөрүндөгү кек жана ачуудан кутулушу көп убакыт алат. Кыймыл-аракеттери көбүнчө бул ачуусун көрсөтүп турат. Ыймандуулардын кечиримдүүлүгү болсо чын жүрөктөн. Ыймандуулар адамдын бул дүйнөдө сыналып жаткан, ката жасап үйрөнүүчү бир жандык экенин билгендиктен, толеранттуу жана боорукер болушат. Мындан тышкары, ыймандуулар толугу менен акыйкат ал тарапта болуп, берки адам толугу менен туура эмес кылганда да, эч ойлонбостон кечире алышат. Кечирүүдө каталарды чоң же кичинекей деп бөлүшпөйт. Бир адам кетирген катасы менен чоң бир жоготууга себеп болушу мүмкүн. Бирок болгон ар бир окуянын Аллахтын башкаруусунда жана бир тагдырга ылайык ишке ашканын билген ыймандуулар мындай бир окуяга кабылганда, тобокелдик кылышат жана адамдык бир ачууга алдырышпайт.

Жакында эле жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө америкалык илимпоздор кечиргенди билген адамдардын руханий жактан да, денесинин да ден-соолукта болоорун аныкташты. Стенфорд университетинде иштеген илимпоз Фредерик Лускин (Frederic Luskin) жана анын командасы Сан-Франциско шаарында жашаган 259 адамды изилдешкен. Сыналуучу катары катышкан адамдарды 6 жолу 1,5 сааттык маектерге чакырган бул илимпоздор жасаган маектеринде кечиримдүүлүктү үйрөтүүнү максат кылышты.

Экспериментке катышкан адамдар аларга зыян келтирген адамдарды кечирген соң азыраак азап чегип калышканын айтышкан. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр кечирүүнү үйрөнгөн адамдардын бир гана сезимдик эмес, физикалык жактан да өздөрүн жакшы сезип калышканын көрсөткөн. Мисалы, эксперимент жыйынтыгында стресстен келип чыккан жондун оорушу, уйкусуздук жана ашказан оорусу сыяктуу руханий жана физикалык көрсөткүчтөрдүн да бул адамдарда маанилүү санда азайганы аныкталган.

Стенфорд университетинде Жол көрсөтүү жана ден-соолук психологиясы тармагында доктор болгон Фредерик Лускин (Frederic Luskin) *Forgive for Good* (Жакшылык үчүн кечиргиле) аттуу китебин тааныштырууда кечирүү жөнүндө «ден-соолук жана бактылуулук үчүн далилденген бир рецепт» деген сөздөрүн айткан. Бул китепте кечирүүнүн ачуулануу, азап, депрессия жана стрессти азайтып, үмүт, сабыр жана өзүнө ишенүү сыяктуу позитивдүү маанайга жетүүгө өбөлгө болоору айтылат. Др. Лускиндин ою боюнча, көпкө ачуулануу адамдардын физикалык ден-соолугунда байкалаарлык терс натыйжаларга себеп болот. Др. Лускин бул жөнүндө мындай дейт:

Көпкө уланган ачуулануунун зыяны – бул денедеги термостатты нөлгө түшүрүшү. Эгер дайыма кичинекей ачууга өзүңүздү көндүрүп алсаңыз, эмненин нормалдуу экенин айырмалай албай каласыз. Адамдар көнүмүш адатка айланта турган бир адреналин чабуулуна жол ачышы мүмкүн. Денени азаптайт жана объективдүү, жакшылап ойлонууну татаалдаштырат, бул болсо абалды андан да жаман бир кейипке келтирет.

Мындан тышкары, Др. Лускин дене ачуулануу жана стресс учурунда белгилүү энзимдерди чыгаргандыктан, холестерол жана кан басымынын жогорулаарын, мунун болсо денеде көпкө болбошу керек болгон бир абал экенин айтат.

*Healing Currents Magazine* журналынын 1996-ж. сентябрь-октябрь санында жарыкка чыккан «Кечирүү» аттуу макалада болсо бир адамга же окуяга карата болгон ачуулануунун адамдарда негативдүү сезимдерге жол ачаары, руханий тең салмактуулугун, ал турган физикалык ден-соолугун бузаары айтылган. Ушул эле макалада адамдардын ачуулануудан улам башынан өткөргөн терс жагдайларды убакыттын өтүшү менен түшүнөөрү жана бузулган мамилелерин оңдоо, көйгөйдү чечүү үчүн кечирүү чечимин алышаары жөнүндө да айтылууда. Башынан өткөргөн жагдайлардан соң баалуу убакыт жана өмүрлөрүн ачуулануу менен өткөргүлөрү келбегени, ошондуктан өздөрүн жана башкаларды кечирүү жолун тандашканы айтылган.

Ошондой эле, 1500 адамды камтыган бир изилдөөдө дин тутунган адамдарда депрессия, стресс жана акыл ооруларынын аз болоору аныкталган. Изилдөөнүн жүргүзгөн Др. Герберт Бенсон (Dr. Herbert Benson) бул абалды диндердин «кечиримдүүлүккө» чыкырышына байланыштырган жана мындай деген:

Диндер адамдарды башка кишилерди кечирүүгө чакырат. Ошондуктан диний ишеними бар адамдар көйгөйлөрүн ичтеринде сакташпайт жана жашоодо жеңил жашашат. Бул болсо депрессия жана стресс сыяктуу ооруларга азыраак чалдыгышын камсыздайт.

Гарвард университетинде жарыкка чыккан «Ачуулануу жүрөгүңүздүн душманы» аттуу макалада орун алган маалыматтар боюнча, ачуулануу жүрөк оорусу жагынан абдан зыян. Медицина тармагында ассистент профессор болгон Ичиро Кавачи (Ichiro Kawachi) жана кесиптештери бул чындыкты ар кандай тест жана өлчөөлөр менен илимий далилдешкен. Жасаган изилдөөлөрү жыйынтыгында жаман кыялдуу карыялардын жоошураак өзү теңдүүлөрдөн үч эсе көп жүрөк оорусу рискине ээ экенин аныкташкан. Кавачинин ою боюнча, «катуу ачуулануу жана буюмдарды сындыруу же бир адамга урушуу учурунда залака келтирүү каалоосу мындай рисктерди жогорулатууда.»[81] Себеби ачуулануу учурунда стресс гормондору көбөйүп, жүрөк булчуңдарындагы клеткалардын көбүрөөк кычкылтекке муктаж болушуна жана кандагы тромбоциттердин жабышчаактыгынын жогорулап коюлушуна жол ачышына себеп болууда. Бул болсо жүрөккө терс таасир тийгизүүдө. Мындан тышкары, ачуулануу учурунда жүрөктүн согушу норманын үстүнө чыгат жана тамырларда кан басымынын жогорулашына, ошондуктан жүрөк кризиси рискинин жогорулашына себеп болот.

Изилдөөчүлөрдүн ою боюнча, ачуулануу жана душмандык канда инфекция менен байланыштуу протеиндердин өндүрүлүшүнө да түрткү болушу мүмкүн. *Psychosomatic Medicine* (Психосоматикалык медицина) аттуу журналда ашыкча ачуулануунун инфекцияга себеп болуучу протеиндердин өндүрүлүшүн жогорулатаары, мунун болсо артериялардын катуулашына, натыйжада тромбофлебитке жана жүрөк кризисине себеп болоору айтылган. Түндүк Каролина аймагындагы Дюк (Duke) университетинен ассистент профессор Эдвард Суарездин (Edward Suarez) ою боюнча interleukin 6 (IL-6) протеини абдан ачуулуу жана маанайы жаман адамдарда кадимки деңгээлинен жогору табылган. Кандагы көп сандагы IL-6 болсо артериялардын капталдарында майдын топтолушуна, бул болсо тромбофлебитке себеп болууда. Жыйынтыктасак, Суарездин ою боюнча жүрөк оорулары тамеки чегүү, жогорку кан басымы, ашыкча салмактуулук жана жогорку холестерол сыяктуу факторлор менен бирге депрессия, ачуулануу жана душмандык сыяктуу психологиялык маанайлар менен да тыгыз байланыштуу.[85]

*The Times*'да жарык көргөн «Ачуулануу жүрөк кризиси рискин жогорулатат» аттуу макалада бат ачуулануунун жүрөк кризисине кыска бир жол экени, стресске ачуулануу менен жооп берген адамдардын жүрөк ооруларына үч эсе көп, эрте болчу жүрөк кризисине болсо беш эсе көп чалдыгуу

риски астында экендиги айтылууда. Мэриланд Балтимордогу (Maryland, Baltimore) Жон Хопкинс (John Hopkins) университетинин илимпоздорунун эмгектери боюнча, бат ачууланган адамдар үй-бүлөсүндө жүрөк оорулары кездешпесе да, риск астында болушат.

Изилдөөлөрдүн баары ачуулануунун адамдын эң биринчиден ден-соолугуна олуттуу терс таасир берген бир маанай экенин көрсөтүүдө. Кечиримдүүлүк болсо адамга оор сезилсе да, ачуулануунун бардык терс натыйжаларын жок кылган, адамдын физикалык да, руханий да ден-соолукта жашашына көмөкчү болгон сонун бир кыймыл-аракет жана ахлак өзгөчөлүгү. Албетте, кечиримдүүлүк ден-соолукта болууга себепчи болгон мамилелердин бири жана бүт адамдар кылышы керек болгон бир өзгөчөлүк. Бирок кечирүүдө негизги максат – бул, бүт башка нерселердеги сыяктуу, Аллахтын ыраазычылыгына туура келген ахлакта жашоо болушу керек. Пайдалары илим тарабынан учурда аныкталган бул ахлак өзгөчөлүгүнүн Куранда көп аяттар аркылуу билдирилиши – Курандагы терең сырлардын бирөөсү гана.

# ДУБАЛАРДЫН ООРУЛУУЛАРДЫН АЙЫГЫШЫН ЫЛДАМДАТЫШЫ

**Раббиңер айтты: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп берейин. Чынында Мага ибадат кылуудан текеберленгендер (бой көтөргөндөр) тозокко моюндары бүгүлгөн абалда киришет. (Мүмин Сүрөсү, 60)**

«Чакыруу, үн салуу, каалоо, жардам суроо» маанилерине келген дуба – бул Куранда билдирилгендей, «адамдын чын жүрөктөн Аллахка кайрылышы, Ага муктаж бир жандык экенин билип түшүнүү менен чексиз күч-кудуреттүү, Рахман жана Рахим болгон Аллахтан жардам сурашы». Ооруган кездер адам мындай алсыздыгын даанараак сезген, Аллахка жакындаган учурлардын бири. Мындан тышкары, оорулар – бул Аллахтын каалоосу менен болгон абдан терең сырдуу бир сыноо, дүйнө жашоосунун убактылуу жана кемчиликтүү экенин эстеткен бир эскертүү, сабыр кылган жана тобокел кылгандар үчүн акыретте бир сыйлыктын себеби.

Ыймансыз адамдар болсо бир ооруга чалдыкканда аларды айыктыра турган бул докторлор, дары же ооруကананын жогорку технологиялык мүмкүнчүлүктөрү деп ойлошот. Ден-соолугу жайында кезинде денелериндеги системаны иштеткендин, ооруганда шыпаа берүүчүнүн, керектүү дары, докторду жаратка ндын Аллах экенин ойлонушпайт. Көп адамдар доктор жана дарылар жетишсиз болуп калды деген ойго келгенде гана Аллахка кайрылат. Мындай абалдагы бир адам ал оор абалдан аны бир гана Аллах куткара алаарын түшүнүп, бир гана Аллахтан жардам сурайт. Аллах мындай мүнөздү бир аятта мындайча билдирет:

**Адамга бир жамандык келгенде, жатып алып да, отуруп да же турганда да Бизге дуба кылат; ал жамандыкты андан алып койгонубузда болсо, ага тийген зыянга Бизди эч (жардамга) чакырбаган сыяктуу болуп бурулуп кетет. Өлчөөнү бузгандарга кылган иштери мына ушундай коздолгон. (Йунус Сүрөсү, 12)**

Чынында болсо адамдын ден-соолугу чың кезде да же бир кыйынчылык, азап ичинде болбогон кезде да дуба кылышы, Аллах ага берген бейпилдик, ден-соолук жана башка бардык немат-жакшылыктары үчүн шүгүр кылышы керек.

Дуба жөнүндөгү абдан маанилүү бир жагдай төмөнкүдөй: сөз менен кылган дуба менен бирге адамдын кыймыл-аракети менен да дуба катары аракет кылышы абдан маанилүү. Кыймыл-аракет дубасы – бул адамдын кандайдыр бир каалоосуна жетүү үчүн колунан келген бүт нерсени кылышы. Мисалы, оорулуу бир адам сөз менен кылган дуба менен бирге сөзсүз адис бир докторго кайрылышы, ага пайдалуу боло турган дарыларды колдонушу, керек болсо ооруканада дарыланышы, абдан жакшылап кароого алынышы керек болушу мүмкүн. Себеби Аллах бул дүйнөдө ишке ашкан бардык окуяларды белгилүү себептерге байланыштуу кылып койгон. Дүйнөдөгү жана ааламдагы бүт нерсе Аллах койгон мыйзам жана эрежелер боюнча иштейт. Ошондуктан адамдын да ушул себептерге ылайык керектүү чараларды көрүшү, бирок буларды натыйжалуу кыла тургандын Аллах экенин билип, тобокелчилик, баш ийүүчүлүк жана сабырдуулук менен жыйынтыкты Аллахтан күтүшү зарыл.

Ыймандын жана дубанын оорулууларга болгон оң таасири, дарылоо процессин ылдамдатышы докторлор да көңүлүн бурган, алар да кеңеш берген нерсе. АКШда жарык көрчү атактуу кабар журналы *Newsweek* 2003-жылдын 10-ноябрь санында «Аллах жана ден-соолук: дин жакшы бир дарыбы? Илим эмне үчүн ишенип баштады?» (God & Health: Is Religion Good Medicine? Why Science is Starting to Believe?) деген темада диндин айыктыруучу таасирин журналдын сырткы бетинин темасы кылган. Аллахка болгон ишенимдин адамдын маанайын көтөрүп, оорудан оңойураак айыктыраары жөнүндө сөз болгон макалада илимдин да ыймандуу адамдардын оорулардан оңой жана бат кутулаарына ишенип баштаганын билдирген. *Newsweek*'тин сурамжылоосу боюнча, адамдардын 72%ы дуба кылуу менен оорудан батыраак кутулаарына, дубанын айыгууну жеңилдетээрине ишенишүүдө. АКШ жана Англияда жасалган изилдөөлөрдө болсо оорулуулар үчүн дуба кылуунун оорулуулардын кыйналуу белгилерин азайтаары жана айыгуу процессин ылдамдатаары аныкталган.

Мичиган университетинин изилдөөсү боюнча, динге ишенген адамдарда депрессия жана стресс азыраак кездешсе, Чикагодогу Раш (Rush) университетинин изилдөөсү боюнча, дайыма ибадат жана дуба кылгандардын эрте өлүү деңгээлинин дин карманбагандардыкына караганда 25% аз экени аныкталган. Дюк (Duke) университетинин ангина операциясын башынан өткөргөн 750 оорулуу изилденген бир изилдөөсүндө болсо «дубанын айыктыруучу күчү» илимий тараптан далилденген. Дуба кылган жүрөк оорулууларынын операциядан соң бир канча жыл ичинде өлүм деңгээлинин 30% аз экени аныкталган.

Аллах Куранда билдирген дубалардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Жана Айубду да эсте. Ал Раббисине: «Мени зыян каптады. Өзүң ырайым кылуучулардын эң ырайымдуураагысың.» деп дуба кылды. Кийин Биз анын дубасын кабыл кылып, андагы зыянды арылттык жана Өзүбүздөн ырайым-рахмат ирээтинде жана (сабырдуу) ибадатчыларга эскерме-сабак болсун деп ага үй-бүлөсүн кайтарып, алар менен дагы ошончо (перзент) бердик. (Анбия Сүрөсү, 83-84)**

**Зуннунду (Йунусту) да эстегин. Бир кезде ал ачууланып, (элинен ээн жерге) кетип калды. Ал Бизди өзүн тар (жана караңгы) жерде калтырбайт деп ойлогон. Ал караңгылыктарда**

**(калып): «Өзүңдөн башка илах жок. (Оо, Раббим,) Сен Аруу-Таза Кудайсың. Мен заалымдардан болуп калдым.» деп жалбарды. Биз анын дубасын кабыл алдык жана кайгыдан куткардык. Биз момун адамдарды мына ушинтип куткарабыз. (Анбия Сүрөсү, 87-88)**

**Жана Закарияны эсте: ал Раббисине: «Оо, Раббим. Мени жалгыз (туяксыз) калтырба, Өзүң мурас алуучулардын эң жакшышысың.» деп дуба кылганда, Биз анын дубасын кабыл алып, ага Яхьяны белек кылганбыз жана туубас аялын да айыктырып койгонбуз. Алар (пайгамбарлар) жакшылык (сооп) иштерге тез киришүүчү пенделер эле. (Жакшылыктардан) үмүт кылып, (жамандыктардан) коркуп, дуба кылышчу. Жана алар Биз үчүн кичипейил пенделер болгон. (Анбия Сүрөсү, 89-90)**

**Ант болсун, Нух Бизге дуба кылды, Биз эң жакшы жооп бердик. (Саффат Сүрөсү, 75)**

Мурда да айтылгандай, дуба бир гана оорудан же дүнүйөлүк азап, кыйынчылыктардан кутулуу үчүн кылынбашы керек. Чын ыкластан ыйман келтирген бир адам дайыма Аллахка дуба кылышы зарыл жана Аллахтан келе турган ар кандай жоопко ыраазы болушу керек. Куранда көптөгөн аят аркылуу билдирилген дуба ибадатынын учурда илимий тараптан да пайдаларынын далилдениши Курандын кереметтүү өзгөчөлүгүн дагы бир жолу көрсөтүүдө:

**Эгер Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) абдан жакынмын. Мага дуба кылышса, дуба кылуучунун дубасына жооп беремин. (Эми,) Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин. Туура Жолго түшүп калышаар. (Бакара Сүрөсү, 186)**

# ДИНДЕН АЛЫС ЖАШООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ: СТРЕСС ЖАНА ДЕПРЕССИЯ

**Ким Мени эстөөдөн (зикирден) баш тартса, эми ал үчүн азаптуу бир жашоо бар... (Таха Сүрөсү, 124)**

**Аллах кимди хидаятка (туура жолго) жеткиргиси келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачат; кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн, асманга көтөрүлүп бараткандай тар жана машакаттуу кылат. Аллах ыйман келтирбегендердин үстүнө мына ушундай жамандыкты түшүрөт. (Энъам Сүрөсү, 125)**

Дин ахлагын жашабаган адамдардын Аллахка таянып, өздөрүн тапшырбашы алардын дайыма кайгы, капа жана стресс ичинде жашашына себеп болот. Ошондуктан психологиялык фактор себеп болгон көптөгөн ооруларга чалдыгышат, денелери абдан бат бузулуп, кыска убакытта картайып чөгүшөт. Руханий азаптардын таасири денелеринин ар бир чекитинде байкалат.

Ыймандуулар болсо психологиялык жактан бейпил болгондуктан, стресске, кайгыга, үмүтсүздүккө кабылышпагандыктан, алардын денелери да чың жана жаш көрүнүштө болот. Аллахка

тобокел кылуунун, ишенип таянуунун, бүт нерседе бир жакшылык бар деген көз-караште болуунун, Аллахтын аларга болгон сонун убада жана сүйүнүчтүү кабарларынын кубанычын дайыма ичтеринде алып жүрүүнүн оң таасири денесине да чагылат. Албетте, бул абал динди толугу менен түшүнгөн жана абийирин толук колдонуп, Куран ахлагын толук жашаган адамдарга тиешелүү. Албетте, алар да ооруларга чалдыгышат жана улгайышат, бирок бул башка адамдардагы сыяктуу психологиялык себептен келип чыккан бир чөгүү эмес.

Учурда ушул замандын оорулары деп аталган «стресс жана депрессия» адамга бир гана психологиялык жактан зыян берип тим болбостон, денесинде да ар кандай таасирлерге себеп болууда. Стресс жана депрессиянын негизинде келип чыккан оорулардын негизгилери – бул кээ бир акыл оорулары, баңгизаттан көз-каранды болуу, уйкусуздук, тери, ашказан, кан басымы оорулары, тумоо, мигрень, сөөктөр менен байланыштуу бир катар оорулар, бөйрөктүн иштешинин бузулушу, дем алуунун бузулушу, аллергиялар, жүрөк кризиси, мээде чоңойуунун пайда болушу сыяктуу көйгөйлөр. Албетте, бардык мындай оорулардын пайда болуу себеби дайыма стресс же депрессия болбошу мүмкүн. Бирок илим тарабынан далилденгендей, булардын пайда болуу тамыры көбүнчө психологиялык себептер.

Адамдарда көп кездешчү «стресс» - бул коркуу, тынчсыздануу, үмүтсүздүк, ашыкча толкундануу, кооптонуу сыяктуу сезимдер денедеги тең салмактуулукту бузуп, денеде пайда кылган жалпы бир тынчсыздануу абалы. Адамдар стресске киргенде, денелери буга реакция берет жана коңгуроо чалып баштайт. Денеде ар түрдүү биохимиялык реакциялар башталат: кандагы адреналин деңгээли көтөрүлөт; энергия коротуу жана дене реакциялары максимум деңгээлге жетет; шекер, холестерол жана май кислоталары жогорулайт, бул болсо дене үчүн коркунуч дегенди билдирет.

Өзгөчө дайыма кайталанып турган стресс дене функцияларын өзгөрткөндүктөн, абдан чоң зыяндарга себеп болушу мүмкүн. Стресс себебинен денедеги адреналин жана кортизол көлөмү ашыкча жогорулайт. Көпкө уланган стрессте кортизол гормонунун көтөрүлүшү кээ бир оорулардын - мисалы шекер оорусу, жүрөк оорулары, кан басымынын жогору болушу, рак, жара, дем алуу оорулары, экзема жана псориаз сыяктуу тери оорулары, иммундук системага байланыштуу кээ бир оорулар- жаш кезден пайда болушуна себеп болууда. Кортизолдун жогору болушунун мээдеги клеткаларды өлтүрүүгө чейин барган таасирлери бар. Стресс себеп болгон оорулар бир китепте мындайча баяндалат:

Стресс жана стресс себеп болгон тынчсыздануу менен оорунун арасында маанилүү бир байланыш бар. Стресс себеп болгон тынчсыздануу тамырлардын кысылышына, баштын белгилүү аймактарына барчу кан агымынын бузулушуна жана ал аймакка барчу кандын бир топко азайышына жол ачат. Ошондой эле, бир кыртыштын кансыз калышы түздөн-түз ооруга себеп болот. Себеби бир тараптан тынчсызданган кыртыштын көбүрөөк кычкылтекке муктаж болушу, экинчи тараптан кыртыштын ансыз деле жетишсиз кан менен азыктанышы атайын оору кабылдагычтарга сигнал берет. Ошол эле учурда адреналин жана норадреналин сыяктуу стресс учурунда нерв системасына таасир этүүчү заттар да чыгарылган болот. Булар болсо түздөн-түз же кыйыр жол менен булчуңдардын чымыркanышын жогорулатат жана ылдамдатат. Натыйжада оору тынчсызданууга (чымыркануга), тынчсыздануу кайгырууга, кайгыруу болсо оорунун күчөшүнө жол ачат.

Бирок стресс себеп болгон эң олуттуу оорулардын бири – бул жүрөк кризиси. Изилдөөлөр агрессивдүү, паникалуу, тынчсызданган, сабырсыз, атаандашкан, кекчил, ачуусу чукул адамдардын жүрөк кризиси деңгээлинин мындай кыймыл-аракеттерди аз жасаган адамдарга караганда жогору экенин көрсөтүүдө. Мунун себеби төмөнкүчө:

Гипоталамус баштаган симпатикалык нерв системасына ашыкча сигнал берилиши ошол эле учурда ашыкча инсулиндин чыгарылышына жана натыйжада бул инсулиндин канда чогулушуна себеп болот. Мына ушул абал ден-соолук үчүн абдан чоң мааниге ээ. Себеби коронардык жүрөк оорусуна жол ачуучу шарттардын эч бири кандагы ашыкча сандагы инсулин сыяктуу так жана кыйратуучу бир рол ойнобойт.[90]

Илимпоздор стресс деңгээли канчалык жогору болсо, кандагы лейкоциттердин реакциясынын ошончолук алсыз болоорун айтышууда. Оксфорд университетинин технология котоpуу бөлүмүндө эмгектенген Линда Нейлор (Linda Naylor) башчылык кылган команда иштеп чыккан тесттин урматында стресс деңгээлинин иммундук системага болгон терс таасирин өлчөөгө мүмкүндүк пайда болгон.

Стресс менен иммундук система арасында да жакын бир байланыш бар. Физиологиялык стресс иммундук системага маанилүү таасир берет жана иммундук системаны кыйратууга аракет кылат. Стресс астындагы мээ денеде кортизол гормонунун өндүрүшүн жогорулатат жана иммундук системаны алсыздантат. Башкача айтканда, мээ, иммундук система жана гормондор бири-бири менен тыгыз байланышта. Бул жөнүндө адистер мындай дешүүдө:

Психологиялык же физикалык стресс темасындагы изилдөөлөр көпкө уланган бир стресске кабылганда, гормоналдык тең салмактуулукка байланыштуу иммундук реакциянын төмөндөөрүн аныктаган. Бир катар оорулардын, анын ичинде рактын да, пайда болушунун жана күчөшүнүн жашоо стресси менен байланыштуу экени белгилүү.

Кыскача айтканда, стресс адамдын табигый тең салмактуулугун бузуучу нерсе. Мындай табиятка туура келбеген абалдын дайыма кайталынышы дененин ден-соолугун бузуп, ар кандай ооруларга жол ачат. Адистер стресстин адамдын денесине болгон терс таасирлерин төмөнкүдөй негизги топторго топтошот:

Кайгыруу жана паника: иштер башкаруудан чыкты деген сезимге кабылуу

Тердөөнүн тынымсыз өсүшү

Үндүн өзгөрүшү: кекечтенүү, титиреп сүйлөө

Гиперактивдүүлүк: кокус энергия өсүшү, алсыз диабет башкаруусу

Уктоодо кыйналуу: жаман түш көрүү

Тери оорулары: бүдүр, температура, псориоз жана экзема

Ашказан-ичегидеги белгилер: тамак сиңирүүнүн начардыгы, ашказан оорусу, ашказан жарасы

Булчуң кан басымдары: кычырдаган же катуу жабышкан тиштер, жаактын оорушу, жон, моюн жана далыларда оору

Төмөнкү даражалуу инфекциялар: тумоо ж.б.

Мигрень

Жүрөктүн бат согушу, көкүрөк оорусу, кан басымынын жогору болушу

Бөйрөктүн иштөө калыбынын бузулушу, суу кармоо

Дем алуунун бузулушу, бат дем алуу

Аллергиялар

Ашыктардын оорусу

Ооз жана тамактын кургашы

Жүрөк кризиси

Иммундук системанын алсыздашы

Мээ аймагында кичирейүү

Өзүн күнөөлүү сезүү, өзүнө ишенбөө

Ойлордун чаташышы, туура жоромол жасай албоо, жакшы ойлоно албоо, эс тутумдун начарлашы

Ашыкча пессимизм, бүт нерсе жаман болот деп ойлоо

Бир жерде кыймылдабастан турганда кыйналуу, сөзсүз кыймылдап туруу

Ойду топтой албоо же ойду топтоодо кыйналуу

Бат ачуулануу, бат капалануу

Логикасыздык

Өзүн жардамсыз, үмүтсүз сезүү

Аппетиттин ачылышы же жабылышы

Дин ахлагынан алыс жашаган адамдардын «стресс» деп аталган азапта жашашы Аллах Куранда билдирген бир абал:

**«Ким Мени эстөөдөн (зикирден) баш тартса, эми ал үчүн азаптуу бир жашоо бар...» (Таха Сүрөсү, 124)**

Башка бир аятта болсо Аллах **«... ошончо кеңдигине карабастан, жер жүзү аларга тар келген эле, напсилери да аларга тар (азаптуу) келген эле жана Андан тышкары (кайра эле) Аллахтан башка бир кайрыла тургандын жок экенин жакшылап түшүнүштү...» (Тообо Сүрөсү, 118)** деп буюрууда.

Мындай азаптуу –учурдагы тил менен айтканда стресстүү- жашоо ыйман келтирбегендердин ыйман тартуулай турган сонун ахлактан алыс жашашынын бир натыйжасы. Учурда докторлор стресстин таасирлеринен коргонуу үчүн бейпил жана жоош бир мүнөзгө, бейпил, коопсуз жана тынчсызданууларда алыс бир психологияга ээ болуу керек экенин айтышууда. Бейпил жана көңүл ток бир психология болсо бир гана Куранга ылайык жашоо менен мүмкүн болот. Куранда Аллах көп аятта ыйман келтиргендерге **«ишеним сезимин жана бейпилдикти»** түшүргөнүн билдирүүдө (Бакара Сүрөсү, 248; Тообо Сүрөсү, 26, 40; Фатих Сүрөсү, 4, 18). Раббибиздин ыйман келтирген пенделерине болгон убадасы болсо бир аятта мындайча билдирилүүдө:

**Эркек болсун, аял болсун, бир момун (ыймандуу) катары ким ыкластуу бир амал (иш-аракет) жасаса, албетте, Биз аны сонун бир жашоо менен жашатабыз жана алардын акысын кылгандарынын эң сонуну менен сөзсүз беребиз. (Нахл Сүрөсү, 97)**

# АДАМДЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Куранда адамдар ыйман келтирүүгө чакырылып жатканда, абдан башка башка нерселер жөнүндө сөз болот. Аллах кээде асмандарды, кээде жер бетин, кээде жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү адамдарга далил катары көрсөтөт. Дагы көптөгөн аяттарда адамдын түздөн-түз өз жаратылышына карашы кеңеш кылынат. Адамдын кандайча жер бетине келгени, кайсы баскычтардан өткөнү жана негизги затынын эмне экени кайра кайра эске салынат. Мисалы, төмөндөгү аяттарда мындайча буюрулууда:

**Силерди Биз жараттык, дагы эле тастыктабайсыңарбы? (Жатындарга) куюлуп жаткан манини (сперманы) көрдүңөрбү? Аны силер жаратып жатасыңарбы, же Биз жаратып жатабызбы? (Вакыа Сүрөсү, 57-59)**

Адамдын жаратылуусундагы кереметтүү тараптан дагы көптөгөн аяттарда баса айтылат. Бирок мындай басымдар арасында ушундай маалыматтар бар, аларды 7-кылымда жашаган адамдардын билиши эч мүмкүн эмес. Мына алардын кээ бирлери:

1) Адам мани (сперма) суюктугунун баарынан эмес, тескерисинче абдан кичинекей бир бөлүгүнөн (спермадан) жаратылат.

2) Наристенин жынысын эркек аныктайт.

3) Адамдын эмбриону жатынга бир сүлүк (курт) сыяктуу жабышат.

4) Адам эне жатынында үч караңгы аймак ичинде өрчүйт.

Бул маалыматтар Куран түшүрүлгөн доордо билиниши мүмкүн болбогон жана байкоо жасоого да мүмкүн болбогон маалыматтар. Буларды түшүнүү 20-кылымдын технологиясы менен гана мүмкүн болду.

Эми бул маалыматтарды катары менен анализ кылалы.

## Маниден бир тамчы

Спермалар жумурткага жеткенге чейин эненин денесинде жолоочулук кылышат. Бул сапарда 250 миллион спермадан болгону миңге жакыны гана жумурткага жете алат. Беш мүнөттөн соң аяктай турган жарыштын аягында жарым туз даанасындай чоңдуктагы жумуртка спермалардын бирөөсүн гана кабыл алат. Б.а. адамдын маңызы манинин баары эмес, анын кичинекей бир бөлүгү гана. Куранда бул чындык Кыямат Сүрөсүндөгү аяттарда мындайча баяндалат:

**Адам «өз башымча жана жоопкерчиликсизмин» деп ойлойбу? Өзү куюлган маниден бир тамчы суу эмес беле? (Кыямат Сүрөсү, 36-37)**

Көңүл бурулган болсо Куранда адамдын манинин баарынан эмес, анын ичинен алынган кичинекей бир бөлүкчөдөн пайда болгону билдирилүүдө. Бул аяттагы атайын басымдын заманбап илим тарабынан гана ачылган бир чындыкты билдириши Курандын Аллахтын сөзү экенинин далили.

## Манидеги аралашма

Мани деп аталган жана спермаларды алып жүрүүчү азыктандыруучу суюктук спермалардан гана турбайт. Тескерисинче мани бири-биринен айырмалуу суюктуктардын аралашмасынан турат. Мани – бул сперма каналдарынан, уруктук көбүкчөлөрдөн, простат безинен, сийдик каналдарына байланыштуу бөлүп чыгаруучу бездерден чыгарылган заттардын бир аралашмасы. Мани деп аталган суюктук терең анализ кылынса, бул суюктуктун лимон кислотасы, простоглодиндер, флавиндер, аскорбин кислотасы, эрготионеин (ergotionein), фруктоза, фосфорилхолин, холестерин, фосфолипиддер, фибринолизин, цинк, фосфатаз кислота, фосфаз, гиалуронидаз жана спермалар сыяктуу көптөгөн ар башка компоненттерден турат. Бул суюктуктардын сперма муктаж болгон энергияны камсыз кыла турган шекерге ээ болуу, эне жатынынын кире беришиндеги кислоталарды нейтралдаштыруу, сперма кыймылдай турган тайгалак чөйрөнү камсыздоо сыяктуу кызматтары бар.

Куранда мани жөнүндө сөз болуп жатканда, заманбап илим ортого койгон бул чындыкка да ишарат кылынууда жана мани «аралаш» бир суюктук катары сүрөттөлүүдө:

**Шексиз, Биз адамды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сынап жатабыз. Ошондуктан аны угуучу жана көрүүчү кылдык (кулак, көз бердик). (Инсан Сүрөсү, 2)**

Башка аяттарда да манинин аралашма экенине ишарат кылынып, адамдын болсо бул аралашманын «маңызынан» жаратылганына басым жасалат:

**Ал – жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган (Зат). Кийин анын урпагын бир маңыздан, болгону бир суудан жасаган. (Сежде Сүрөсү, 7-8)**

Бул жерде «маңыз» деп которулган Арапча «сулале» сөзү маңыз же болбосо бир нерсенин эң жакшы бөлүгү маанисине келет. Кайсы мааниси каралса да, «бир бүтүн нерсенин бир бөлүгү» маанисине келет. Бул абал Курандын адамдын жаратылуусун эң майда-чүйдөсүнө чейин билген Аллахтын сөзү экендигин апачык көрсөтүүдө.

## Наристенин жынысы

Жакынкы жылдарга чейин эле адамдар наристенин жынысы эне клеткалары тарабынан аныкталат деп ойлошчу. Же болбосо, жок дегенде эне жана атадан келген клеткалар чогуу жынысты аныкташат деп кабыл алынчу. Бирок Куранда бул жөнүндө башкача бир маалымат берилген жана эркектик жана аялдыктын «жатынга куюлган маниден» жаратылаары билдирилген:

**Чынында жуптарды; эркек жана аялды Ал жараткан. Бир тамчы суудан (жатынга) мани куюлганда. (Нежм Сүрөсү, 45-46)**

**Өзү куюлган маниден бир тамчы суу эмес беле? Анан бир алак (эмбрион) болду, анан (Аллах аны) жаратты жана бир «көрктүү калып берди.» Ошентип андан эркек жана аял кылып жуп жасады. (Кыямат Сүрөсү, 37-39)**

Куранда берилген бул маалыматтын тууралыгы генетика жана микробиология илимдеринин өнүгүшү менен илимий тараптан да далилденди. Жыныстын толугу менен эркектен келген сперма клеткалары тарабынан аныкталаары, аялдын болсо бул процессте эч бир ролунун жок экени аныкталды.

Жыныстын аныкталышындагы фактор – бул хромосомалар. Адамдын түзүлүшүн аныктаган 46 хромосомадан экөөсү жыныстык хромосома деп аталат. Бул эки хромосома эркекте XY, аялда болсо XX деп аталат. Мунун себеби бул хромосомалардын бул тамгаларга окшош болушу. Y хромосомасы эркектик, X хромосомасы болсо аялдык гендерди алып жүрөт.

Бир адамдын пайда болушу эркек жана аялда жуптар абалында орун алган бул хромосомалардын бир бир даанасынын биригиши менен башталат. Аялда жумурткалоо учурунда экиге бөлүнгөн жыныстык клетканын эки бөлүгү тең X хромосомасын алып жүрөт. Ал эми эркекте болсо экиге бөлүнгөн жыныстык клетка X жана Y хромосомаларын камтыган эки башка сперманы

пайда кылат. Аялдагы X хромосомасы, эгер эркектеги X хромосомасын камтыган сперма менен бириксе, анда туула турган наристе кыз болот. Эгер Y хромосомасын камтыган сперма менен бириксе, анда туула турган наристе эркек болот.

Башкача айтканда, туула турган баланын жынысы эркектеги хромосомалардын кайсынысынын аялдын жумурткасы менен биригишинен көз-каранды.

Албетте, генетика илими пайда болгонго чейин, т.а. 20-кылымга чейин булардын эч бири белгилүү эмес болчу. Тескерисинче, көп маданиятта туула турган наристенин жынысы аялдын денеси тарабынан аныкталат деген ишеним кеңири тараган эле. Ал тургай, ушул себептен кыз төрөгөн аялдар сындалышчу.

Ал эми Куранда болсо адамдарга гендердин ачылышынан 14 кылым мурда бул батыл (негизсиз) ишенимди жокко чыгарган бир маалымат берилип, жыныстын булагынын аял эмес, эркектен келген мани экендиги билдирилген.

## Жатынга асылып кармалып турчу «алак»

Курандын адамдын пайда болушу жөнүндө берген маалыматтарын изилдөөнү улантканыбызда, дагы кээ бир абдан маанилүү илимий кереметтерге жолугабыз.

Эркектен келген сперма жана аялдагы жумуртка кошулганда, төрөлө турган наристенин алгачкы маңызы да пайда болгон болот. Биологияда «зигота» деп аталган бул жалгыз клетка эч убакыт коротпостон бөлүнүп көбөйөт жана акырындап кичинекей бир «эт бөлүкчөсү» абалына келет.

Бирок зигота мындай чоңойушун боштукта ишке ашырбайт. Жатындын капталына асылып карманат. Бутакчалары урматында топуракка жайгашкан тамырлар сыяктуу ал жерге жабышат. Мындай байланыш урматында болсо өрчүшү үчүн муктаж болгон заттарды эненин денесинен ала алат.[92]

Мына ушул жерде абдан маанилүү бир Курандын керемети байкалат. Аллах Куранда эне жатынына карманып, өнүгүп баштаган зигота жөнүндө сөз кылганда, «алак» сөзүн колдонууда:

**Жараткан Раббиңдин аты менен оку. Ал адамды бир «алактан» жаратты. Оку, Раббиң эң улуу берешен (Зат). (Алак Сүрөсү, 1-3)**

«Алак» сөзүнүн Арап тилиндеги мааниси болсо «бир жерге асылып карманган нерсе» деген мааниге келет. Ал тургай, бул сөз негизи териге жабышып, ал жерден кан соргон сүлүктөр үчүн колдонулат.

Албетте, эненин курсагында өрчүп жаткан зиготаны мындай өзгөчөлүгү менен сүрөттөгөн бир сөздүн колдонулушу Курандын ааламдардын Рабби болгон Аллахтын сөзү экенин дагы бир жолу далилдөөдө.

## Сөөктөрдүн эт (булчуң) менен оролушу

Куран аяттарында кабар берилген дагы бир маанилүү маалымат болсо – бул адамдын эне жатынындагы өрчүү баскычтары. Аяттарда эне курсагында алгач сөөктөрдүн пайда болоору, андан соң булчуңдар пайда болуп, бул сөөктөрдү ороору мындайча билдирилүүдө:

**Кийин ал суу тамчысын бир алак (клетка жыйындысы) кылып жараттык; анан ал алакты бир тиштем эт кылып жараттык; андан соң ал бир тиштем этти сөөк кылып жараттык;**

**ошентип сөөктөргө эт кийгиздик; андан соң башка бир келбетте аны жасадык. Жаратуучулардын эң сонуну болгон Аллах кандай Улук. (Мүминун Сүрөсү, 14)**

Эне курсагындагы өрчүүнү изилдеген илим тармагы – бул эмбриология. Жана эмбриология тармагында жакынкы убакка чейин сөөктөр менен булчуңдар бирге пайда болуп, өрчүйт деп кабыл алынып келген эле. Бирок өнүккөн технология урматында жасалган тереңирээк микроскопиялык изилдөөлөр Куранда билдирилгендердин толугу менен туура экенин аныктады.

Бул микроскопиялык изилдөөлөр эне курсагында толугу менен аяттарда сүрөттөлгөндөй бир өрчүүнүн ишке ашаарын көрсөтүүдө. Алгач эмбриондогу тарамыш кыртышы сөөккө айланат. Андан соң болсо булчуң клеткалары сөөктөрдүн айланасындагы кыртыштан тандалып, топтолот жана бул сөөктөрдү оройт.

Бул абал *Developing Human* (Өрчүүчү адам) аттуу илимий бир эмгекте мындайча сүрөттөлгөн:

6-жумада тарамышташуунун уландысы катары алгачкы сөөктөшүү акырек сөөгүндө пайда болот. 7-жуманын аягында узун сөөктөрдө да сөөктөшүү башталган болот. Сөөктөр пайда болуусун улантып жатканда, булчуң клеткалары сөөктү курчаган кыртыштан тандалып булчуң жыйындысын пайда кылат. Булчуң кыртышы ушундайча сөөктүн айланасында алдыңкы жана арткы булчуң топторуна бөлүнөт.

Кыскача айтканда, Куранда сүрөттөлгөн өрчүү баскычтары заманбап эмбриологиянын табылгаларына толук дал келет.

## Наристенин жатындагы үч караңгы баскычы

Куранда адамдын эне курсагында үч баскычтуу бир жаратылуу менен жаратылганы билдирилүүдө:

**... Силерди энелериңердин курсактарында, үч караңгылык ичинде, бир жаратылыштан соң (башка бир) жаратылышка (айлантып) жаратууда. Мына Раббиңер болгон Аллах ушул, мүлк Ага тиешелүү. Андан башка кудай (илах) жок. Ушуга карабастан, кантип бурулуп кетүүдөсүңөр? (Зүмер Сүрөсү, 6)**

Бул аятта кыргыз тилине «үч караңгылык ичинде», «үч кабат караңгылык ичинде» деп которулган Арап тилиндеги «фи зулуматин селасин» сүйлөмү эмбриондун өрчүү учурундагы үч караңгы аймакка ишарат кылууда. Бул аймактар катары менен:

а) Курсак тосмосунун караңгылыгы

б) Жатын тосмосунун караңгылыгы

в) Амниотикалык мембрана (тондун) караңгылыгы.

Байкалгандай, учурда заманбап биология наристенин эмбриологиялык өнүгүшүнүн жогорудагы аятта билдирилгендей үч ар башка караңгы аймакта ишке ашаарын ортого койгон. Мындан тышкары, эмбриология тармагындагы өнүгүүлөр бул аймактардын да үчтөн катмардан тураарын көрсөткөн.

Курсак тосмосу үч катмардан турат: тышкы булчуң катмарлары, ички булчуң катмарлары, кайчылаш булчуңдар.

Ошол сыяктуу жатын тосмосу да үч катмардан турат: эпиметрия, миометрия жана эндометрия.

Ошондой эле, эмбрионду курчаган тон да үч катмардан турат: амнион (жатында түйүлдүктү орогон эң ички кабыкча- *amnion*), хорион (ортоңку амнион кабыкчасы- *chorion*) жана децидуалдык кабыкча (сырткы амнион кабыкчасы- *decidua*).

Мындан тышкары, аятта адамдын эне курсагында бири-биринен айырмалуу үч башка баскычта өрчүшүнө ишарат кылынууда.

Чынында эле учурда заманбап биология наристенин эне курсагындагы эмбриологиялык өрчүшүнүн үч баскычта ишке ашаарын да аныктаган. Учурда медицина факультеттеринде окуу китеби катары окутулган бардык эмбриология китептеринде бул маалымат эң негизги маалыматтар арасында орун алат. Мисалы, эмбриология жөнүндөгү негизги китептердин бири болгон *Basic Human Embryology* (Адам эмбриологиясынын негиздери) аттуу китепте бул чындык мындайча айтылат:

Жатындагы жашоо 3 БАСКЫЧТАН турат; преэмбрионалдык (алгачкы 2,5 жума), эмбрионалдык (8-жуманын аягына чейин) жана феталдык (8-жумадан төрөлгөнгө чейин).

Бул баскычтар наристенин ар башка өрчүү баскычтарын камтыйт. Бул үч өрчүү баскычынын негизги өзгөчөлүктөрү кыскача төмөнкүдөй:

**- Преэмбрионалдык баскыч:**

Бул алгачкы баскычта зигота бөлүнүп көбөйөт, бир клетка жыйындысы абалына келген соң өзүн жатын капталына көмөт. Клеткалар көбөйүшүн улантып жатып, 3 катмар абалында уюшулушат.

**- Эмбриондук баскыч:**

Экинчи баскыч жалпысынан 5,5 жума уланат жана бул учурда жандык «эмбрион» деп аталат. Бул баскычта клетка катмарларынан дененин негизги орган жана системалары пайда болот.

**- Феталдык баскыч:**

Бул баскычка кирилгенде, эмбрион эми «түйүлдүк» (плод) деп аталат. Бул период кош бойлуулуктун 8-жумасынан башталат жана наристе төрөлгөнгө чейин уланат. Мурдакы баскычтан айырмасы – бул түйүлдүктүн жүзү, колдору жана буттары пайда болуп белгилүү, адамдын сырткы көрүнүшүнө ээ бир жандык болушу. Бул периоддун башында бою 3 см болгонуна карабастан, бардык органдары пайда болгон болот. Бул период 30 жумадай уланат жана өрчүү төрөлүү жумасына чейин уланат.

Эне жатынындагы өрчүү жөнүндөгү бул маалыматтар заманбап технологиялык аспаптар менен жасалган байкоолор урматында гана алына алды. Бирок байкалгандай, бул маалыматтарга да, башка дагы көптөгөн илимий чындык сыяктуу, кереметтүү абалда Куран аяттарында көңүл бурулган. Адамзат медицина темаларында эч кандай терең маалыматка ээ болбогон бир доордо Куранда мынчалык терең жана туура маалыматтардын берилген болушу – албетте, Курандын Аллахтын сөзү экенинин апачык бир далили. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *İnsanın Yaratılış Mucizesi* (Адамдын жаратылуу керемети), Araştırma Yayıncılık)

# АДАМДЫН СУУДАН ЖАРАТЫЛУУСУ

**Аллах жандуулардын баарын суудан жаратты. Алардын кээ бирлери курсагы менен сойлоп жүрөт, кээ бирлери эки буту менен жүрөт, кээ бирлери болсо төрт буту менен жүрүүдө. Аллах каалаганын жаратат. Эч шексиз, Аллах – бүт нерсеге кудуреттүү. (Нур Сүрөсү, 45)**

**Ал каапырлар билишпейби, (башында) асмандар менен жер бири-бирине жабышкан (бириккен) болчу, Биз аларды бөлдүк жана бүт жандыктарды суудан жараттык. Дагы эле алар ишенишпейби (ыйман келтиришпейби)? (Анбия Сүрөсү, 30)**

**Жана адамды бир суудан жаратып, аны тек-назил жана куда-сөөк кылып койгон Зат. Сенин Раббиң Кудуреттүү. (Фуркан Сүрөсү, 54)**

Жандуулардын жана адамдын жаратылуусу жөнүндөгү аяттарды караганыбызда бул жаратылуулардын кереметтүү болгонун апачык көрөбүз. Мындай кереметтүү жаратылуу формаларынын бири – бул жандуулардын суудан жаратылышы. Көптөгөн аятта апачык айтылган бул маалыматка адамдардын жете алышы болсо кылымдардан соң микроскоптун табылышы менен гана мүмкүн болгон.

Учурда эң негизги энциклопедияларда «суу – жандуу нерсенин эң чоң элементи. Жандуу организмдердин салмагынын 50-90%ы суу» деген сүйлөмдөр орун алууда. Мындан тышкары, бардык биология китептеринде сөз болгон стандарттуу бир жаныбар клеткасынын цитоплазмасы (клетканын негизги заты) да 80% суудан турат. Цитоплазманын анализ кылынып, илимий булактарга жазылышы Курандын түшүрүлүшүнөн бир топ кылымдардан соң ишке ашкан. Ошондуктан, учурда илим дүйнөсү кабыл алган бул чындыктын Куран түшүрүлгөн доордо билиниши, албетте, мүмкүн эмес эле. Бирок ошого карабастан адамдардын ачылыш жасашынан 14 кылым мурда Куранда бул маалыматка көңүл бурулган.

# ЫЛАЙДАН ЖАРАТЫЛУУ

Аллах Куранда адамдын жаратылуусунун кереметтүү бир формада болгонун билдирет. Алгачкы адам Аллахтын ылайды калыпка салып, адам денеси абалына келтириши жана андан соң бул денеге рух үйлөшү менен жаратылган:

**Раббиң периштелерге: «Чынында Мен ылайдан бир адам жаратам» деп айткан эле. «Ага бир калып берип, ага Рухумдан үйлөгөнүмдө силер ал үчүн ылдам сажда кылгыла.» (Сад Сүрөсү, 71-72)**

**Эми алардан сурачы: аларды жаратуу кыйыныраакпы, же Биздин жараткандарыбыздыбы? Чынында Биз аларды жабышчаак бир ылайдан жараттык. (Саффат Сүрөсү, 11)**

Учурда адамдын кыртыштары изилденгенде, жер бетинде болгон көптөгөн элементтин адамдын кыртыштарында да бар экени көрүлөт. Жандуу кыртыштардын 95%ы көмүртек (C), суутек (H), кычкылтек (O), натрий (N), фосфор (P) жана сульфит аралашмасынан (S) турат жана жандуу кыртыштарда жалпысынан 26 элемент бар. Курандын башка бир аятында мындайча буюрулууда:

**Ант болсун, Биз адамды сүзүлгөн бир ылайдан жараттык. (Мүминун Сүрөсү, 12)**

Аятта «сүзүлгөн» деп которулган «сулале» сөзү «өкүл мисал, маңыз, негиз» сыяктуу маанилерге келет. Байкалгандай, Куранда 14 кылым мурда билдирилгендер заманбап илимдин айткандарын –адамдын жаратылуусундагы материал менен топурак өзүнө камтыган негизги элементтердин бир экенин- тастыктоодо.

# ГЕНДЕРДЕГИ ПРОГРАММА

**(Аллах) Аны эмнеден жаратты? Бир тамчы суудан жаратып, аны «бир эсеп-өлчөм менен калыпка салды.» Кийин ага жолду жеңилдештирди. (Абаса Сүрөсү, 18-20)**

Бул аятта **«бир эсеп-өлчөм менен калыпка салды»** деп которулган «каддере» сөзү Арап тилинде «кадере» этиш уңгусунан чыгууда жана «жөнгө салуу, ченеп бычуу, пландоо, программалоо, келечекти көрүү, Аллахтын бир нерсени (тагдырда) жазышы» маанилерине келүүдө.

Белгилүү болгондой, атанын сперма клеткасы эненин жумуртка клеткасын уруктаганда төрөлө турган наристенин бардык генетикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн атанын жана эненин гендери биригет. Бул миңдеген гендин ар биринин өзүнчө бир функциясы бар. Чач жана көздүн өңүн, боюнун узундугун, бетинин формасын, скелет түзүлүшүн; ички органдардагы, мээ, нервдер жана булчуңдардагы сансыз детальдарды гендер аныктайт. Бардык физикалык өзгөчөлүктөрдөн тышкары, клеткаларда жана денеде ишке ашкан миңдеген ар кандай окуя жана системанын башкарылышы да

гендерде жазылган. Мисалы, адамдын кан басымынын төмөн, жогору же нормада болушу да гендердеги маалыматтардан көз-каранды.

Сперма менен жумуртка кошулганда, пайда болгон алгачкы клетка менен бирге адамдын жашоосунун аягына чейин ар бир клеткасында кодун алып жүрө турган ДНК молекуласынын да алгачкы копиясы пайда болгон болот. ДНК – бул клетканын ядросунда абдан аяр корголгон абдан чоң бир молекула жана бул молекула жогоруда айтылган гендерди өзүнө камтыган, адам денесинин бир маалымат базасы. Урукталган жумуртка деп атаган алгачкы клеткабыз мындан соң ДНКдагы жазылуу программага жараша көбөйөт жана бир адамга айлануу үчүн денедеги кыртыштарды, органдарды түзүп баштайт. Мына ушул комплекстүү түзүлүштүн координациясы ДНК молекуласы – көмүртек, фосфор, азот, суутек жана кычкылтек сыяктуу атомдордон турган бир молекула- тарабынан камсыздалат.

ДНКдагы жазылуу маалыматтын көлөмү болсо илимпоздорду абдан таң калтырган көлөмгө ээ. Адамдын жалгыз бир ДНК молекуласында толук бир миллион энциклопедия барагын же болбосо болжол менен 1000 китепти толтура турган көлөмдөгү маалымат бар. Башкача айтканда, ар бир клетканын ядросунда адамдын денесинин функцияларын башкарууга жарай турган бир миллион беттик бир энциклопедияга бата турган көлөмдөгү маалымат коддолгон. Бир салыштыруу жасасак, дүйнөнүн эң ири энциклопедияларынын бири болгон 23 томдук *Encyclopedia Britannica*'нын да жалпы 25 миң бети гана бар. Микроскопиялык клетканын ичиндеги андан бир топ кичинекей бир ядродогу бир молекулада миллиондогон маалымат камтыган дүйнөнүн эң чоң энциклопедиясынан 40 эсе чоң бир маалымат кампасы сакталуу турат. Бул болсо болжол менен 1000 томдук, дүйнөдө башка теңдеши жок, абдан чоң бир энциклопедия дегенди билдирет.

ДНКнын түзүлүшүнүн 1953-жылы Фрэнсис Крик (Francis Crick) тарабынан ачылганын эске алсак, эмбриологдор 19-кылымдын аягына чейин талаша албаган «генетикалык пландоо» түшүнүгүнө Куранда 1400 жыл мурдатан ишарат кылынышы – албетте, Курандын Аллахтын сөзү экендигинин далилдеринен. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *DNA'daki Yaratılış Mucizesi* (ДНКдагы жаратылуу керемети), Araştırma Yayıncılık)

# МЕНСТРУАЦИЯ УБАГЫ

Менструация убагы – бул уруктанбаган жумуртка денеден чыгарылган период. Уруктануу ишке ашпагандыктан, мурда даярданган жатын кабы керилип, капиллярлардын үзүлүшү натыйжасында жумуртка сыртка чыгарылат. Бул периоддон соң дене бардык бул процесстерди кайрадан жасоо үчүн даярданып баштайт.

Бул баскычтардын баары белгилүү бир период бою бардык аялдарда тынымсыз кайталанат. Ай сайын жаңы жумуртка клеткалары пайда болот. Бир эле гормондор бирдей периоддордо кайра кайра чыгарылат, аялдын денеси уруктануу болчудай болуп даярданат. Бирок акыркы баскычта сперманын болушуна же болбошуна жараша денедеги даярдыктардын багыты өзгөрөт.

Бул периоддо аялдын жатын боштугунда кандай өзгөрүүлөр болоорун аныктоо болсо бир анатомист же гинеколог жасаган изилдөөлөр менен гана мүмкүн болот. Илимпоздор жакында гана ачкан мындай өзгөрүүлөргө кереметтүү абалда Рад Сүрөсүнүн 8-аятында көңүл бурулган:

**Аллах ар бир ургаачынын эмнеге кош бойлуу экенин жана жатындарынын эмнени кемитип, эмнени кошконун билет. Анын Кабатында бүт нерсе бир өлчөө-эсеп менен. (Рад Сүрөсү, 8)**

Менструация убагынын башталышында жатын кабындагы эндометрия катмары 0,5 мм калыңдыкта. Энелик клеткалар тарабынан чыгарылган гормондордун таасири менен бул катмар чоңойот жана 5-6 мм калыңдыкка жетет. Уруктануу болбогондо болсо катмар талкаланат. Жогорудагы аятта көрүлгөндөй, жатын кабында ай сайын кайталануучу мындай көбөйүү жана азайууларга да Куранда көңүл бурулган.

# КОШ БОЙЛУУЛУК ЖАНА ТӨРӨТ

**Кыйрап калгыр адам, канчалык нашүгүр. (Аллах) Аны эмнеден жаратты? Бир тамчы суудан жаратып, аны «бир эсеп-өлчөм менен калыпка салды.» Кийин ага жолду жеңилдештирди. (Абаса Сүрөсү, 17-20)**

Эне курсагындагы баланын «түйүлдүк» абалы алтынчы айдын аягында толук калыптанат. Андан соң жатын инкубация периодуна кирет. Наристенин бардык дене органдары жана системалары ушул мөөнөт ичинде өнүккөн болот жана жатын түйүлдүктүн чоңойушу үчүн азык берип, бул чоңойууну ылдамдатат. Бул процесс түйүлдүк энenin жатынынан чыккан төрөт кезине чейин уланат.

Кадимки учурда төрөт каналы абдан тар жана түйүлдүктүн ал жерден өтүшү абдан оор. Бирок төрөт учурунда энenin денесинде ар кандай физиологиялык өзгөрүүлөр болот. Мындай өзгөрүүлөр түйүлдүктүн төрөт каналында оңой кыймылдашын камсыздайт. Мындай өзгөрүүлөрдүн кээ бирлери төмөнкүлөр: жамбаш сөөктөрдөгү байламталардын төрөт каналын кеңейтүү үчүн чоюлушу, каналдын андан да кеңейиши үчүн булчуңдардын жумшарышы, түйүлдүктүн айланасындагы амниотикалык суюктуктун каналды майлашы.[99] Илимий бир булакта төрөттөн мурдакы мындай өзгөрүү мындайча сүрөттөлөт:

Жаңы бир дүйнөгө кадам таштай турган түйүлдүк үчүн бардык даярдыктар бүткөндө, амниотикалык суюктук да төрөт үчүн жаңы аракеттерди баштайт. Жатындын оозун кеңейте турган суу чөйчөкчөлөрү түзгөн амниотикалык суюктук мунун урматында жатынды наристе өтө турган чоңдукка жеткирет. Бул чөйчөкчөлөр ошол эле учурда түйүлдүктүн төрөт учурунда жатында кысылып калышына да тоскоол болот. Мындан тышкары, төрөт башталганда чөйчөкчөлөр тешилип, ичинде суюктуктар акканда болсо түйүлдүк жүрө турган жол тайгалак болуп калат жана тазаланат (стерилизацияланат). Натыйжада төрөт бир тараптан бейпил, оңой, экинчи тараптан болсо микроптордон табигый жол менен тазаланган абалда ишке ашат.

Байкалгандай, Куранда бул процессе «**Кийин ага жолду жеңилдештирди**» (Абаса Сүрөсү, 20) аяты аркылуу апачык ишарат кылынууда. 1400 жыл мурда Аллах билдирген мындай физиологиялык өзгөрүүлөрдү аныктоо болсо учурда көптөгөн технологиялык аппараттар урматында гана мүмкүн болду.

# АДАМ ОРГАНДАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ КЕЗЕГИ

**Ал силер үчүн кулактарды, көздөрдү жана көңүлдөрдү жараткан; канчалык аз шүгүр кыласыңар. (Мүминун Сүрөсү, 78)**

**Аллах силерди энелериңердин курсагынан эчтеке билбеген абалда чыгарды жана шүгүр кылаарсыңар деп угуу, көрүү (сезүү органдарын) жана көңүлдөр берди. (Нахл Сүрөсү, 78)**

**Айткын: «Ойлонуп көрдүңөрбү, эгер Аллах силердин угууңарды жана көрүүңөрдү (кулак жана көзүңөрдү) алып койсо жана жүрөктөрүңөрдү мөөрлөсө, аларды силерге Аллахтан башка бере ала турган кудай барбы?... (Энъам Сүрөсү, 46)**

**Шексиз, Биз адамды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сынап жатабыз. Ошондуктан аны угуучу жана көрүүчү кылдык (кулак, көз бердик). (Инсан Сүрөсү, 2)**

Бул аяттарда Аллах адамдарга тартуулаган бир катар сезүү органдары жөнүндө сөз болууда. Көңүл бурулган болсо, Куранда бул сезүү органдары жөнүндө дайыма белгилүү бир катарда сөз болууда: угуу, көрүү, сезүү жана түшүнүү.

Эмбриолог Др. Кейт Мур (Keith Moore) *Journal of Islamic Medical Association*'да жарыкка чыккан бир макаласында эмбриондун өрчүү баскычында ички кулактардын алгачкы абалы аныкталган соң көздүн пайда болуп баштаганын айткан. Сезүү жана түшүнүү борбору болгон мээнин болсо кулак жана көздөн соң өрчүп баштаганын айтууда.

Эне курсагындагы бала түйүлдүк учурунда, кош бойлуулуктун жыйырма экинчи күнү сыяктуу эрте бир учурда кулактар өрчүйт жана кош бойлуулуктун төртүнчү айында кулак толук иштей турган абалга келет. Түйүлдүк мындан соң эненин курсагындагы үндөрдү уга алат. Ошондуктан жаңы төрөлгөн бир бала үчүн угуу сезими башка жашоо функцияларынан мурда пайда болот. Куран аяттарындагы сезүү органдарынын катары бул жагынан терең мааниге ээ.

# СҮТТҮН ПАЙДА БОЛУШУ

**Силер үчүн жаныбарларда да албетте насааттар бар, силерге алардын курсактарындагы ферс (жарым сиңген азыктар) менен кандын арасынан, ичкендердин тамагынан оңой гана өтүүчү таптаза бир сүт ичирүүдөбүз. (Нахл сүрөсү, 66)**

Дененин азыктанышын камсыздаган негизги заттар тамак сиңирүү системасындагы химиялык айлануулар натыйжасында пайда болот. Сиңирилген мындай азык заттар кийинчерээк ичеги аркылуу кан айлануу системасына өтүшөт. Кан айлануу урматында тиешелүү органдарга жеткирилишет.

Сүт бездери да башка дене кыртыштары сыяктуу кан аркылуу аларга алып келинген сиңирилген азыктар менен азыктанышат. Ошондуктан кан тамактардан келген азыктардын топтолуп жеткирилишинде абдан маанилүү ролго ээ. Сүт болсо бардык мындай баскычтардан соң сүт бездери тарабынан чыгарылат жана сиңирилген азыктын кан аркылуу алып келиниши натыйжасында пайда болгон үчүн азыктык баалуулугу болушунча жогору. Адамдар жаныбардын курсагындагы жарым

сиңирилген азыкты да, жаныбардын канын да түздөн-түз жей алышпайт. Буларды түздөн-түз жеп-ичүү олуттуу ууланууга, ал тургай өлүмгө да себеп болушу мүмкүн. Бирок Аллах Өзү жараткан абдан комплекстүү биологиялык системалар урматында бул суюктуктардын ичинен таза жана пайдалуу бир азыкты адамдарга тартуулоодо. Натыйжада адамдар түздөн-түз азыктана албаган кан жана жарым сиңирилген азыктан ичүүгө мүмкүн болгон, азыктандыруучу сүт өндүрүлгөн болот.

Байкалгандай, Нахл Сүрөсүнүн 66-аятында сүттүн биологиялык пайда болушунун сүрөттөлүшү учурда илим ортого койгон маалыматтарга абдан дал келет. Сүт эмүүчүлөрдүн тамак сиңирүү системасына байланыштуу адистикти талап кылган мындай бир маалыматтын Куран түшүрүлгөн доордо адамдар тарабынан билинишинин мүмкүн эмес экени болсо апачык.

## КЕРЕМЕТТҮҮ АРАЛАШМА: ЭНЕ СҮТҮ

**Биз адамга эне жана атасын (аларга жакшы мамиле кылууну) насаат кылдык. Энеси аны абдан кыйынчылык менен (курсагында) көтөрүп жүргөн. Анын (сүттөн) чыгышы эки жыл ичинде (болот). «Мага да, эне жана атаңа да шүгүр кыл, Мага гана кайтасыңар.» (Локман Сүрөсү, 14)**

Эненин сүтү – бул наристенин азык муктаждыктарын кемчиликсиз камсыздоо жана наристени ыктымалдуу инфекциялардан коргоо үчүн Аллах жараткан теңдешсиз бир аралашма. Эне сүтүндөгү азыктык заттардын тең салмактуулугу эң идеалдуу өлчөмдөрдө жана наристенин али жетиле элек дене системалары үчүн эң сонун формада. Ал камтыган азыктардын наристе үчүн идеалдуу өлчөмдөрдө болушу себебинен «кереметтүү аралашма» деп атоого боло турган эне сүтү наристенин мээ клеткаларынын чоңойушун камсыз кылуучу жана нерв системасынын өрчүшүн ылдамдатуучу азыктарга абдан бай. Учурдун эң акыркы технологиясы менен даярдалган жасалма наристе азыктары да бул кереметтүү азыкка жете албай келүүдө.

Изилдөөлөр жыйынтыгында эне сүтүнүн наристеге болгон пайдаларына күн сайын жаңылары кошулууда. Мисалы, эне сүтү менен эмизилген наристелердин өзгөчө дем алуу жана тамак сиңирүү каналынын инфекциялардан корголоору аныкталган. Себеби эне сүтүндөгү антителолор инфекциядан түздөн-түз калканыч болушат. Эне сүтүнүн башка инфекцияга каршы өзгөчөлүктөрү болсо – бул «нормалдуу флора» деп аталган «жакшы» бактерияларга достой «мамиле кылып», зыяндуу бактериялар, вирустар же паразиттердин жашашына болсо тоскоол болушу. Мындан тышкары, эне сүтүндө жугуштуу ооруларга карата иммундук системаны жөнгө салган жана жакшы иштешин камсыздаган факторлор да аныкталган.

Эне сүтү наристе эң оңой сиңире ала турган азык. Азыктарга абдан бай болгонуна карабастан, наристелердин назик системаларына ылайыктуу болуп сиңиши оңой. Натыйжада наристе азыктарды сиңирүүгө азыраак энергия короткондуктан, энергиясын дененин башка кыймыл-аракеттерине, чоңойууга жана органдарынын өнүгүшүнө каржаган болот.

Эрте төрөгөн энелердин сүтүндө кереметтүү абалда наристенин муктаждыгына ылайык көбүрөөк май, протеин, натрий, хлорид жана темир болот. Өз энелеринин сүтү менен азыктанган эрте төрөлгөн (недоношенный) наристелерде көз функцияларынын жакшыраак өнүгүшү, мээ тесттеринде ийгиликтүүрөөк болуу сыяктуу көптөгөн артыкчылыктар аныкталган.

Эне сүтүнүн жаңы төрөлгөн наристелердин өнүгүшүндөгү маанилеринин бири – бул омега-3 май кислоталарын камтышы. Омега-3 май кислоталары адамдын мээси жана көз торчосунун маанилүү бир компоненти болгондуктан, өзгөчө жаңы төрөлгөн наристелер үчүн мааниси чоң. Омега-3 өзгөчө кош бойлуулук периоду боюнча жана наристелик периоддун баштарында мээ жана нервдердин жетиштүү өрчүшү үчүн да абдан маанилүү. Эне сүтү болсо табигый жана кемчиликсиз бир омега-3 кампасы болгондуктан, илимпоздор эне сүтүнүн маанисине өзгөчө басым жасашууда.

Мындан тышкары, Бристол (Bristol) университетинин илимпоздору жасаган изилдөөлөрдө эне сүтү менен тамактануунун узун мөөнөттүү пайдалары арасында кан басымына оң таасири бар экени жана натыйжада жүрөк кризиси рисктеринин азайаары аныкталган. Изилдөөнү жасаган топ эне сүтүнүн коргоочу өзгөчөлүгү анын курамы менен байланыштуу дешет. *Circulation* аттуу медицина журналында жарык көргөн изилдөө жыйынтыктары боюнча, эне сүтү менен азыктанган наристелердин жүрөк ооруларына чалдыгуу риски төмөнүрөөк. Эне сүтүндө кан-тамырдын катуулугуна тоскоол болуучу май кислоталарынын болушу себебинен эне сүтү менен азыктанган наристелер азыраак натрий алышкандыктан жана ашыкча салмак топтошпогондуктан, эне сүтүнүн жүрөк ооруларынын рискин азайтаары аныкталган.

Мындан тышкары, АКШдагы Цинциннати (Cincinnati) университетине караштуу балдар ооруканасынын кызматкери Лиза Мартин (Lisa Martin) башчылык кылган топ эне сүтүндө көп санда «адипонектина» аттуу протеин гормонун табышты. Канда көп санда адипонектинанын болушу жүрөк кризиси рискинин төмөндөшү менен байланыштуу деп айтылат. Толук (ашыкча салмактуу) жана жүрөк кризиси жогору болгон адамдарда болсо кандагы адипонектинанын саны аз. Ошондуктан эне сүтү менен азыктанган наристелердин келечекте толук (ашыкча салмактуу) болуу рискинин ушул гормондун негизинде азайаары аныкталды. Мындан тышкары, эне сүтүндө лептина деп аталган жана май метаболизмасында абдан маанилүү бир рол ойногон дагы бир гормондун бар экени аныкталган. Илимпоздордун ою боюнча, лептина денедеги май жөнүндө мээге жөнөтүлгөн бир сигнал. Ошондуктан Др. Мартиндин түшүндүрмөлөрү боюнча нарисclub кезинде эне сүтү аркылуу алынган бул гормондор келечекте ашыкча салмактуулук (семирүү), 2-тип шекер оорусу, инсулинге резустуулук жана жүрөк оорусу сыяктуу оорулардын рискин төмөндөтүүдө.

## «Эң жаңы азык» жөнүндөгү чындыктар

Эне сүтү жөнүндөгү чындыктар булар менен эле чектелбейт. Эне сүтүнүн балага пайдалары наристенин чоңойушуна жараша өзгөрөт жана наристенин кайсы жашта кандай азыкка муктаждыгы болсо, сүттүн ичиндеги компоненттери да жашына жараша өзгөрүп турат. Идеалдуу температурада дайыма даяр турган эне сүтү ичиндеги шекер жана май менен мээнин өрчүшүндө да маанилүү бир рол ойнойт. Ошондой эле, сүттүн ичиндеги кальций сыяктуу элементтер наристенин сөөктөрүнүн өрчүшүндө чоң мааниге ээ.

Бул кереметтүү аралашма сүт деп аталса да, негизи эне сүтүнүн 90%ы суудан турат. Бул дагы абдан маанилүү бир өзгөчөлүк. Себеби наристелер азык менен бирге суюктук катары сууга да муктаж болушат. Эне сүтүнөн тышкары ичиле турган суу же башка суюктуктар толугу менен гигиеналык таза болбошу мүмкүн. Ал эми 90%ы суу болгон эне сүтү аркылуу наристенин суу муктаждыгы да эң гигиеналык негизде камсыздалууда.

## Эне сүтү жана мээ

Илимий изилдөөлөр эне сүтүн эмген наристелердин мээсинин өрчүшүнүн эне сүтүн эмбеген наристелерге салыштырмалуу жакшыраак экенин көрсөтүүдө. Кентукки (Kentucky) университетинин адистеринен Жейм Андерсондун (Jame Anderson) эне сүтү менен азыктанган балдар менен бутылка менен азыктангандар арасында салыштыруу жасаган изилдөөсү натыйжасында «эне сүтү менен тамактанган балдардын IQ'ларынын бутылка менен тамактанган балдардыкына салыштырмалуу 5 баллга жогору экени» аныкталган. Бул изилдөө жыйынтыгында наристенин мээсинин эне сүтү менен өнүгүшүнүн 6 айга чейин болушу мүмкүн экени, 8 жумадан аз эне сүтүн эмген балдарда болсо эне сүтүнүн мээге пайда бербеши да аныкталган.

## Эне сүтү ракка дарыбы?

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр натыйжасында ал жөнүндө жүздөгөн макала жазылган эне сүтүнүн эң аягында наристелерди рактан коргоору далилденген, бирок мунун механизми али толук түшүнүлө элек. Изилдөөчүлөр лабораторияда чоңойтулган рак клеткаларын эне сүтүнүн өлтүрөөрүнүн далилдениши менен чоң бир потенциалдын аныкталганын айтышкан. Швецияда Лунд (Lund) университетинде доктор жана иммунолог катары эмгектенген Катарина Свенборг (Catharina Svanborg) эне сүтүндөгү мындай кереметтүү сырларды ачкан топто бар эле. Лунд университетиндеги бул топ кадимки эне сүтүнүн рактын ар кандай түрүнөн бир калканыч экенине кереметтүү бир ачылыш деп баа берген.

Алгач жаңы төрөлгөн наристелерден алган ичеги-ыйлаакча кабыкчасы клеткаларын эне сүтү менен чайкаган изилдөөчүлөр натыйжада Pnemococcus бактериясы тарабынан пайда кылынган жана пневмония деп аталган ооруну эне сүтүнүн абдан жакшы токтотконун көрүшкөн. Мындан тышкары, эне сүтү менен азыктанган наристелер бутылка менен азыктангандарга караганда угуу проблемасына да азыраак кабылышкан жана дем алуу системасы инфекцияларына аз чалдыгышкан эле. Көпкө уланган изилдөөлөр натыйжасында эне сүтүнүн рактан да бир калканыч экенин көрүштү. (Балалык кезде кездешүүчү лимфа рагы рискинин бутылка менен тамактанган балдарда тогуз эсе көп экенин көрсөткөн соң, ушундай эле жыйынтыктын башка рак түрлөрүнө да тиешелүү экенин байкашкан). Алынган жыйынтык боюнча, эне сүтү рагы бар клеткалардын ордун толук аныктап, андан соң аларды өлтүрөт. Рагы бар клеткалардын ордун аныктап өлтүргөн нерсе болсо – бул эне сүтүндө көп санда кездешүүчү альфа-лак (alphalactalbumin) деп аталган зат. Альфа-лак сүттүн ичиндеги лактоза шекеринин өндүрүлүшүнө жардам берген бир протеин тарабынан жасалууда.

## Бул теңдешсиз немат Улуу Аллахтын бир тартуусу...

Эне сүтү менен байланыштуу дагы бир кереметтүү өзгөчөлүк болсо – бул наристенин эне сүтү менен 2 жыл бою азыктанышынын абдан пайдалуу экендиги. Илим жаңы гана аныктаган бул маанилүү маалыматты Аллах бизге Куранда **«Толук эмизүүнү каалаган энелер балдарын толук эки жыл эмизишет...»** (Бакара Сүрөсү, 233) аяты менен 14 кылым мурда билдирген.

Коргоого, тамактанууга муктаж болуп төрөлгөн наристе үчүн эне ага эң идеалдуу азык болгон эне сүтүн, денесинде өзү чечим кабыл алып чыгарбаган сыяктуу эле, сүттүн өзгөрүп туруучу азык баалуулуктарын да, албетте эне өзү аныктабайт. Ар бир жандыктын муктаждыгын билген жана аларга ырыскы тартуулаган Улуу Аллах эне сүтүн эненин денесинде наристе үчүн жаратууда.

# МАНЖА ИЗИНДЕГИ ЖЕКЕ МААЛЫМАТ

Куранда адамдарды өлүмдөн кийин тирилтүүнүн Аллах үчүн абдан оңой экени айтылып жатканда, адамдардын өзгөчө манжа учтарына көңүл бурулат:

**Ооба, анын манжа учтарын да жыйнап (кайрадан) жасоого кудуреттүүбүз. (Кыямат Сүрөсү, 4)**

Аятта манжа учтарына басым жасалышынын мааниси абдан терең. Себеби манжанын изиндеги сызыктар жана детальдар ар бир адамда ар башка. Азыр жер бетинде жашаган жана тарых бою жашап өткөн бардык адамдардын манжа издери бири-бирине дал келбейт. Ал тургай, бирдей ДНК тизмегине ээ болгон бир жумуртка эгиздери да ар башка манжа изине ээ болушат.

Манжа изи төрөлөөрдөн мурда түйүлдүк кезде акыркы формага ээ болот жана калып калган бир жаракат эле болбосо өмүр бою эч өзгөрбөстөн калат. Мына ушул себептен манжа издери бүт адамдардын өзүнө гана тиешелүү бир «өздүк күбөлүгү» катары кабыл алынууда жана манжа изи илими болсо адамдар тарабынан жаңылбас таануу ыкмасы катары колдонулууда.

Бирок эң маанилүүсү – бул манжа изинин өзгөчөлүгүнүн 19-кылымдын аягына жакын гана аныкталган болушу. Андан мурда адамдар манжа изин эч кандай өзгөчөлүгү жана мааниси жок сызыктар катары кабыл алышкан. Бирок Куранда ал доордо эч кимдин көңүлүн да бурбаган манжа издерине басым жасалууда жана бул издердин учурда эми гана аныкталган маанисине көңүл бурулууда.

# УРГААЧЫ БАЛ ААРЫ

**Раббиң бал аарысына вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Шек жок, ойлонгон бир коом үчүн чындыгында мында аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 68-69)**

Бүт аарылар көптөгөн милдеттерди аркалаган аары колонияларында эркек аарылар өзгөчө болуп саналат. Эркек аарылар уянын корголушуна да, тазалыгына да, азык топтоого да, уюк же бал жасоого да эч көмөкчү болушпайт. Эркек аарылардын уюктагы жалгыз кызматы – бул ханыша аарыны уруктандыруу.[4] Жупташуу органдарынан тышкары башка аарылардагы өзгөчөлүктөрдүн дээрлик эч бирине ээ болушпагандыктан, эркек аарылардын ханыша аарыны уруктандыруудан башка бир жумуш аткарышы да мүмкүн эмес.

Колониянын бардык жүгү мойнуна жүктөлгөн жумушчу аарылардын болсо, ханыша аарылар сыяктуу ургаачы болгонуна карабастан, жумурткалыктары өнүккөн эмес, б.а. алар кысыр (туубас). Уюктун тазалыгы, аары личинкаларын жана балдарын кароо, ханыша аары жана эркек аарыларды азыктандыруу, бал жасоо, уюктарды куруу жана оңдоо иштери, уюкту желдетүү, уюктун коопсуздугу, нектар (бал маңызы), чаңча (гүл чаңчасы), суу, смола сыяктуу материалдарды топтоо жана аларды уюкта кампалоо сыяктуу кызматтары бар.

Арап тилинде этиш эки түрдө колдонулат жана этиштердин колдонулушуна жараша сүйлөмдүн ээсинин (зат атоочтун) эркек же ургаачы экенин түшүнүүгө болот. Жогорудагы аяттарда аары үчүн колдонулган этиштер (асты сызылган сөздөр) этиштин ургаачы үчүн колдонулчу формасында колдонулган. Ушундайча Куранда бал жасоодо иштеген аарылардын ургаачы экенине ишарат кылынууда.[5]

Аарылар жөнүндөгү бул чындыктын мындан 1400 жыл мурда билинишинин мүмкүн эмес экенин унутпаш керек. Бирок Аллах бул чындыкка көңүл буруу менен Курандын дагы бир кереметин бизге көрсөткөн.

## БАЛДАГЫ ШЫПАА

**Раббиң бал аарысына вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Шек жок, ойлонгон бир коом үчүн чындыгында мында аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 68-69)**

Бал, бул аяттарда айтылгандай, «адамдарга шыпаа» болуу өзгөчөлүгүнө ээ. Илимде алдыңкы катарларда турган өлкөлөрдө балдын адамдын ден-соолугундагы маанисинен улам аары багуу жана аары продукттары эми өз башынча бир изилдөө тармагына айланды. Балдын пайдалары жалпысынан төмөнкүлөр:

***Оңой сиңирилет:*** ичиндеги шекерлердин башка бир түрдөгү шекерге (фруктозанын глюкозага) айлануу өзгөчөлүгүнөн улам бал, көп санда кислотага ээ болгонуна карабастан, эң назик ашказандар тарабынан да оңой сиңирилет. Ошондой эле, ичегилердин жана бөйрөктөрдүн жакшыраак иштешине жардам берет.

***Канга бат аралашат, ыкчам энергия булагы:*** бал жылуу суу менен аралаштырылганда 7 мүнөт ичинде канга аралашат. Ичиндеги эркин шекерлерден улам мээнин иштеши жеңилдейт. Бал фруктоза жана глюкоза сыяктуу жөнөкөй шекерлердин табигый бир аралашмасы. Акыркы изилдөөлөр боюнча, шекерлердин мындай өзүнө тиешелүү аралашмасы чарчоонун жазылышында эң натыйжалуу ыкма жана атлетикалык кубатты жогорулатат.

***Кандын жасалышына көмөкчү болот:*** бал кан жасоо үчүн дене муктаж болгон энергиянын маанилүү бир бөлүгүн камсыз кылат. Мындан тышкары, кандын тазаланышына да көмөкчү болот. Кандын айланышын жөнгө салуучу жана жеңилдетүүчү багытта таасири бар. Артериосклероздон коргойт.

***Микропко каршы:*** микропко каршы факторлор белгилүү бактериялардын, ачыткычтын жана көктүн чоңойушуна тоскоол болот. Балдын бактериянын жашашына мүмкүнчүлүк бербеген өзгөчөлүгү «коргоочу таасири» деп аталат. Балдын микроптон коргоо өзгөчөлүгүн камсыздаган көп себептер бар. Булардын арасында микроорганизмдер чоңойуу үчүн муктаж болгон суу көлөмүн чектөөчү көп шекерди камтышы, кислотанын жогору болушу (pH төмөн), бактерияларды чоңойуу үчүн муктаж болгон азоттон тосуучу компонентин саноого болот. Балдагы суутек перекиси (перекись водорода) жана балдын ичиндеги антиоксиданттар болсо бактериянын көбөйүшүнө тоскоол болот.

***Антиоксидант:*** ден-соолукта жашагысы келгендердин баары өзгөчө антиоксидант керектеши керек. Антиоксиданттар – бул клеткаларда нормалдуу метаболизманын калдыктарын тазалоочу кошулмалар. Булар азыктардын бузулушуна жол ачуучу жана көптөгөн айыкпас (хроникалык) ооруларга себеп болуучу кыйратуучу химиялык реакцияларды жайлатуучу элементтер. Адистер антиоксидантка бай азыктар жүрөк ооруларынын жана рак сыяктуу оорулардын алдын ала алат дешет. Балдын ичинде да күчтүү антиоксиданттар бар: *pinocembrin, pinobaxin, chrisin* жана *galagin*. Булардын арасынан *pinocembrin* бир гана балда кездешүүчү бир антиоксидант.[7]

***Витамин жана минерал кампасы:*** бал фруктоза жана глюкоза сыяктуу шекерлер менен бирге магний, калий, кальций, натрий хлор, күкүрт, темир жана фосфор сыяктуу минералдарга ээ. Нектар жана чаңча булактарынын сыпатына жараша өзгөрүү менен бирге балда B1, B2, C, B6, B5 жана B3 витаминдери бар. Мындан тышкары, жез, иод, темир жана цинк да аз санда бар.

***Жараларды дарылоодо колдонулат:***

- жараларды дарылоодо колдонулганда, балдын абадан ным тартуу өзгөчөлүгү айыгууну ылдамдатып, жара изинин калышынын алдын алат. Себеби бал жаранын бетин каптаган жаңы терини түзгөн эпителий клеткалардын чоңойушун ылдамдатат. Ошондуктан чоң жараларда да бал колдонулганда, кыртыш жамоо муктаждыгы жоголот.

- бал айыгуу процессине тиешелүү кыртыштарды кайрадан чоңойушу үчүн стимулдайт. Жаңы капиллярлардын калыптанышын ылдамдатып, теринин тереңирээктеги байланыш кыртышынын ордун ээлеген фибробласттардын чоңойушун стимулдайт жана айыгуунун күчүн жогорулатуучу коллаген жипчелеринин өндүрүшүн ылдамдатат.

- балдын жаранын айланасындагы шишикти азайтуучу «урунууга (воспаление) каршы» бир таасири бар. Бул кан айланууну жогорулатат; натыйжада айыгуу процесси ылдамдайт жана оору сезүү азайат.

- бал жаранын астындагы кыртыштарга жабышпайт; ошондуктан жаңы пайда болгон кыртыштар айрылбайт жана оорубайт.

- радиациялык дарылоо жасалган рак оорулууларынын денелеринде пайда болгон жара жана язваларды дарылоодо ийгиликтүү колдонулууда.

- мындан тышкары, балдын, мурда да айтылгандай, антимикроптук таасиринен улам, бал инфекциянын пайда болушунун алдын алуучу бир коргоо пайда кылат. Бар болгон инфекцияларды да жаралардан ылдам тазалайт. Бактериялардын антибиотикке каршы чыдамдуулук өзгөчөлүктөрүнө да таасирдүү. Антисептиктер жана антибиотиктерге окшоп жарадагы кыртыштарга тескери таасир бербейт.[9]

Бул маалыматтардан да байкалгандай, бал – бул «шыпаа» тарабы абдан күчтүү бир азык. Албетте, бул да чексиз күч-кудурет ээси Аллах түшүргөн Курандын кереметтеринин бири. Төмөнкү таблицада балдын азыктык баалуулугу көрсөтүлгөн.

# КУРАНДА КӨҢҮЛ БУРУЛГАН КУРМА ЖАНА АНЫН ПАЙДАЛАРЫ

Курма – бул Куранда көп аяттарда айтылган бейиш нематтары арасында **«теңдешсиз-курма»** (Рахман Сүрөсү, 68) сүйлөмү менен сыпатталган бир мөмө. Аллах Куранда билдирген бул мөмө анализ кылынганда, көптөгөн маанилүү өзгөчөлүгү ортого чыгууда. Белгилүү болгон эң байыркы

өсүмдүк түрлөрүнөн болгон курма учурда сонун даамынан тышкары азыктык өзгөчөлүгү себебинен да бир азык катары көңүлдөргө жагууда. Күн сайын аныкталып жаткан пайдалары курманы азык катары да, дары катары да колдонулган бир азык абалына алып келди. Курманын мындай өзгөчөлүктөрүнө Мерйем Сүрөсүндө көңүл бурулган.

**Анан толгоо аны бир курма дарагына алып келди. «Кана эми мындан мурда өлгөнүмдө, (жана) унутулуп калганымда» деди. Ылдый жактан (бир үн) ага: «Кайгырба, Раббиң сенин ылдый (тараб)ыңда бир суу агызып койду.» деп кайрылды. Курма бутагын өзүңдү көздөй силксең, жаңы жетилген курма түшөт.» Эми жеп-ичип, кубан... (Марйам Сүрөсү, 23-26)**

Аллахтын Аз. Марйамга «курма жешин» билдиришинин көптөгөн терең сырлары бар. Аллах Аз. Марйамдын төрөтүн жеңилдетүү үчүн сунган нематтардын бири болгон курманын өзгөчө кош бойлуу жана төрөгөн аялдар үчүн мааниси жана пайдалары учурда илимде белгилүү. Курма 60-65% менен эң көп шекерге ээ мөмөлөрдүн бири. Докторлор кош бойлуу аялдарга төрөгөн күнү шекери бар тамактар берилиши керек деп айтышат. Мунун максаты эненин алсыз болуп калган денесине энергия жана жандуулук берүү, ошондой эле жаңы төрөлгөн наристеге керектүү болгон сүттүн пайда болушу үчүн сүт гормондорун стимулдоо жана эне сүтүн көбөйтүү.

Мындан тышкары, төрөт учурундагы кан жоготуу дененин шекеринин төмөндөшүнө себеп болот. Курма денеге кайрадан шекердин киришин камсыздайт жана кан басымынын төмөндөшүнө тоскоол болот. Калория баалуулугу абдан жогору болгондуктан, оорудан алсыздаган же чарчаган адамдар үчүн өзгөчө абдан пайдалуу.

Бул маалыматтар Аллахтын Аз. Марйамга бир тараптан ага энергия жана күч-кубат бере турган, экинчи тараптан наристенин жалгыз азыгы болгон сүттүн пайда болушун камсыздай турган «курмадан» жешин билдиришиндеги терең сырларды ортого койууда. Мисалы, курма адам денесинин ден-соолукта жана күчтүү болушу үчүн абдан маанилүү болгон 10дон ашуун элементти камтыйт. Ушул себептен учурда илимпоздор адамдын бир гана курма жана суу менен көп жылдар бою жашай алаарын айтышууда.[11] Бул темада таанылган адистердин бири болгон Доусон (V. H. W. Dowson) болсо бир курма жана бир чыны сүттүн бир адамдын күнүмдүк азык муктаждыгын камсыздоого жетээрин айтууда.

Курмадагы **окситоцин** заты да заманбап медицинада төрөттү жеңилдетүүчү бир дары катары колдонулууда. Окситоцин төрөттү жеңилдетүүчү таасири себебинен көп булакта «**rapid birth**», башкача айтканда, **«ыкчам төрөт»** деп аталууда. Төрөттөн соң болсо эне сүтүн көбөйтүүчү таасирге ээ. Окситоцин негизи мээде чыгарылган, төрөт ишараттарын баштоочу бир гормон. Төрөт алдындагы дененин бардык даярдыктары ушул гормон урматында башталат. Гормондун таасири эне жатынын түзгөн булчуңдарга жана эне сүтүнүн чыгарылышын камсыздаган булчуң түзүлүшүндөгү клеткаларга тийет. Төрөт учурунда эне жатынынын жакшы кысылышы төрөттүн ишке ашышы үчүн абдан маанилүү. Окситоцин жатынды түзгөн булчуңдардын абдан күчтүү кысылышын камсыздайт. Мындан тышкары, окситоцин жаңы төрөлгөн наристенин азыктанышы үчүн эне сүтүнүн чыгарылышын баштатат. Курманын ушул эле өзгөчөлүгү –окситоцинге ээ болушу- да Курандын Аллахтын вахийи экендигинин маанилүү бир далили. Курманын медициналык жактан пайдаларынын аныкталышы жакында гана мүмкүн болду. Ал эми Куранда болсо болжол менен 1400 жыл мурда Аллахтын Аз. Марйамга кош бойлуулук учурунда курма менен азыктанышын вахий кылганы билдирилүүдө.

Ошондой эле, курмада адамдын денесине көп санда кыймыл жана жылуулук энергиясын берүүчү, денеде майдаланып колдонулушу оңой болгон бир шекер түрү да бар. Болгондо да бул шекер кандын шекерин ыкчам жогорулатуучу глюкоза эмес, мөмө шекери фруктоза. Өзгөчө шекер оорулууларында кан шекеринин ыкчам жогорулашы көп органдарга терс таасир берет, өзгөчө эң көп көз, бөйрөк, жүрөк-тамыр системасы жана нерв системалары жабыр тартат. Көздүн көрбөй калышына чейин алпарчу оорулар, жүрөк кризиси, бөйрөк жетишпестиги сыяктуу көптөгөн олуттуу оорулардын эң маанилүү себептеринин бири – бул кан шекеринин жогору болушу.

Курма көптөгөн ар түрдүү витамин жана минералдарга ээ. Жипче, май жана протеиндер жагынан да абдан бай. Курмада натрий, калий, кальций, магний, темир, күкүрт, фосфор жана хлор да бар. Курма, мындан тышкары, А витамини, бетакаротен, B1, B2, B3 жана B6 витаминдерине да ээ. Курмадагы витамин жана минералдардын кадимки адам денесине болгон жана кош бойлуулук учурундагы пайдаларынын кээ бирлерин мындайча санасак болот:

*Курманын азыктык күчү анын ичиндеги минерал тең салмактуулугуна байланыштуу. Курмада кош бойлуулук учурунда аялдар алышы керек болгон бир В витамини- фолик кислотасы (фолиевая кислота) да бар. **Фолик кислотасы (B9)** – бул денеде жаңы кан клеткаларын жасоодо, дененин курулуш материалы болгон амино-кислоталарды жасоодо жана клеткаларды жаңылоодо маанилүү кызматтарды аткаруучу бир витамин. Ошондуктан, кош бойлуулук учурунда Фолик кислотасы муктаждыгы бир топко жогорулайт жана күнүмдүк муктаждык эки эсеге көтөрүлөт. Фолик кислотасынын деңгээли жетишсиз болгондо түзүлүшү жагынан кадимкиден чоң, бирок функциялары төмөн эритроцит клеткалары пайда болот жана кандын азайуу белгилери жаралат. Өзгөчө клетканын бөлүнүшүндө жана клетканын генетикалык түзүлүшүнүн калыптанышында маанилүү рол ойногон фолик кислотасы кош бойлуулук учурунда зарылдыгы эки эсе өсүүчү бир зат. Курма болсо фолик кислотасына абдан бай азык.

*Ошондой эле кош бойлуулукта болуучу узун мөөнөттүү жүрөк айлануу жана физикалык реакциялар себебинен калий жетишсиздиги да пайда болот жана калийди бышыктоо керек болот. Курмада көп санда бар болгон **калий** ушул тараптан абдан маанилүү болгон сыяктуу, денедеги суу тең салмактуулугунун сакталышында да абдан маанилүү. Ошондой эле, калий мээге кычкылтектин барышына да көмөкчү болуп, жакшы ойлонууну камсыздайт. Мындан тышкары, дене суюктуктары үчүн ылайыктуу щелочтук өзгөчөлүктү камсыз кылат. Уулуу дене калдыктарын сыртка чыгарышы үчүн бөйрөктөрдү стимулдайт. Кан басымынын жогорулугун төмөндөтүүгө жардам берет жана теринин жакшы калыптанышын камсыз кылат.

*Курманын ичиндеги **темир** кызыл-кан клеткаларындагы гемоглобин синтезин контрольдойт жана бул болсо кош бойлуулук учурунда кандын аздыгына тоскоол болот жана наристенин өрчүшү үчүн абдан маанилүү болгон кандагы эритроциттердин тең салмактуулунун ылайыктуу абалга алып келет. Белгилүү болгондой, эритроциттер канда кычкылтек жана көмүр кычкыл газын ташып, клеткалардын жандуулугун улантышында кызмат кылышат. Көп санда темирге ээ болгондуктан, бир адам күнүнө 15 даана курма жеп, денесинин темир муктаждыгын камсыздай алат жана темир жетишсиздигинен келип чыгуучу оорулардан сактанган болот.

*Курмадагы **кальций** жана **фосфат** болсо скелет түзүлүшү жана дененин сөөк түзүлүшүнүн тең салмактуулугу үчүн абдан маанилүү элементтер. Курма курамындагы көп сандагы фосфор жана кальций менен денени сөөктүн алсыздыгынан коргойт жана бул оорулардын азайышына көмөкчү болот.

*Илимпоздор курманын стресс жана маанайсыздыкты жоюучу таасирине да көңүл бурушууда. Беркли университетинин адистери жасаган изилдөөлөр нервдерди бекемдөөчү **B6** витамининин жана булчуңдардын иштешинде маанилүү ролго ээ **магний** минералынын курмада көп санда бар экенин аныкташкан. Курма, ошондой эле, ичиндеги **магний** менен бөйрөктөр үчүн да абдан маанилүү. Бир адам күнүнө 2-3 даана курма жеп денесинин магний муктаждыгын камсыздай алат.

*Ичиндеги **B1** витамини менен нерв системасынын чың болушун жеңилдетет. Денедеги углеводдордун энергияга айлантылышына, протеин жана майлардын дененин башка муктаждыктарына колдонулушуна көмөкчү болот. **B2** витамини менен болсо дененин энергия чыгарышы жана клеткалардын жаңыланышы үчүн протеин, углевод жана майлардын ээритилишине жардамчы болот.

*Кош бойлуулук учурунда **А витамини**не да муктаждык өсөт. Курма ичиндеги А витамини урматында көрүү күчү жана иммунитетти жогорулатат, сөөк жана тиштерди бекемдейт. Курма бетакаротенге да абдан бай.[16] Бетакаротендин клеткаларга кол салган молекулаларды башкарып, рактын алдын алуучу өзгөчөлүгү бар.

*Мындан тышкары, башка мөмөлөр адатта **протеин** жагынан жетишсиз, ал эми курма болсо протеинге да ээ.[17] Мындай өзгөчөлүгү урматында дененин оору жана инфекциялардан корголушун камсыздайт, клеткаларды жаңылайт жана дене суюктугун тең салмакка салат. Мисалы, эт да пайдалуу бир азык, бирок өзгөчө мындай учурда жаңы бир мөмө болгон курмадай пайда бере албашы мүмкүн. Ал тургай, мындай учурда этти көп жеш дененин ууланышына себеп болушу мүмкүн. Сиңиши оңой болгон, жеңил жашылча-жемиш, мөмө түрүндөгү тамактарды тандоо туура болот.

Курма жөнүндөгү бул маалыматтардын баары Аллахтын чексиз илимин жана адамдарга болгон мээримин көрсөтүүдө. Байкалгандай, заманбап медицина биздин доордо гана аныктай алган курманын, өзгөчө кош бойлуулук учурундагы, пайдаларына Куранда 14 кылым мурда ишарат кылынган.

# СОНУН БИР МӨМӨ: ИНЖИР

**«Инжирге жана зайтунга ант болсун» (Тин Сүрөсү, 1)**

Тин Сүрөсүнүн биринчи аятында Аллахтын инжирге **«ант болсун»** деп айтышы бул мөмөнүн пайдалары жагынан абдан терең мааниге ээ.

## Инжирдин адамдын ден-соолугуна пайдалары:

Инжир ар кандай мөмө же жашылчага караганда эң көп жипчеге ээ. 1 даана эле кургак инжир 2 грамм жипче берет, бул болсо сунушталган күнүмдүк муктаждыктын 20%ын түзөт. Акыркы 10-15 жылда жасалган изилдөөлөр өсүмдүк азыктарындагы жипчелердин тамак сиңирүү системасынын жакшы иштеши үчүн абдан маанилүү экенин аныктады. Азык катары алынган жипченин тамак сиңирүүгө көмөкчү болоору жана кээ бир рак түрлөрүнүн рискин төмөндөтүүдө маанилүү экени белгилүү. Тамактануу адистери жипче алууну жогорулатуунун идеалдуу жолу катары **жипчеге бай болгон** инжирди жешти сунушташууда.

Жипчелүү азыктар ээрүүчү жана ээрибес болуп экиге бөлүнүшөт. Ээрибес жипчеге бай азыктар денеден чыгарыла турган заттарга суу берип ичегилерден өтүшүн жеңилдетет. Натыйжада тамак сиңирүү системасын ылдамдатып, жакшы иштешин камсыздайт. Ошондой эле, ээрибес жипчелүү азыктардын жоон ичеги рагынан коргоору да аныкталган. Ээрүүчү жипчеге бай азыктардын болсо кандагы холестерол деңгээлин 20%дан ашыкка төмөндөтөөрү аныкталган. Ошондуктан жүрөк ооруларынын рискин төмөндөтүү үчүн абдан маанилүү. Эгер канда көп санда холестерол бар болсо, бул кан-тамырларда чогулат жана кан-тамырлардын катуулашына, тарайышына жол ачат. Холестерол кайсы органдын тамырында чогулса, ошол органга тиешелүү оорулар пайда болот. Мисалы, жүрөктү азыктандырган артерияларда холестерол чогулса, көкүрөк оорусу, жүрөк кризиси сыяктуу көйгөйлөр пайда болот. Бөйрөк тамырларында холестерол чогулушу болсо кан басымынын жогорулашы жана бөйрөк жетишсиздигине себеп болушу мүмкүн. Ошондой эле, ээрүүчү жипчелерди керектөө ашказанды бошотуп, кан шекерин жөнгө салышы жагынан да маанилүү, себеби кан шекериндеги кокус өзгөрүүлөр өмүрдү коркунучка салчу ооруларга себеп болушу мүмкүн. Чынында эле жипчеге бай азыктанган коомдордун рак жана жүрөк оорулары сыяктуу ооруларга аз чалдыгаары аныкталган.

Ээрүүчү жана ээрибес жипчелердин экөөсүнүн тең бирге болушу болсо ден-соолук жагынан бир артыкчылык: эки жипче түрүнүн тең бирге болушунун рактын алдын алууда жалгыз болгонго караганда натыйжалуураак экени аныкталган. Инжирде эки жипче түрүнүн –ээрүүчү жана ээрибес жипчелердин- бирге болушу аны абдан маанилүү бир азык кылууда.

Жорж Вашингтон университетинин медицина борборунда оорулардан коргонуу институтунун башчысы Др. Оливер Алабастер (Oliver Alabaster) инжир жөнүндө мындай дейт:

... бул жерде чыныгы мааниде пайдалуу жана көп жипчеге ээ бир азыкты кошуу мүмкүнчүлүгүбүз бар. Инжирлерди жана башка көп жипчеге ээ азыктарды көп керектөө... өмүр бою ден-соолукта болушуңуз үчүн маанилүү.

Калифорния инжир кеңешинин (California Fig Advisory Board) ою боюнча, мөмөлөрдө жана жашылчалардагы **антиоксиданттардын** адамдарды бир топ оорулардан коргоору айтылат. Антиоксиданттар денебиздеги химиялык реакциялардын натыйжасында пайда болгон же сырттан алынган зыяндуу заттарды (эркин радикалдарды) таасирсиз кылышат жана клетканын бузулушуна тоскоол болушат.

Скрентон (Scranton) университети тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө кургак инжирдин антиоксидантка бай фенол кошулмасына башка мөмөлөргө караганда көбүрөөк ээ экени айтылган. Фенол микроорганизмдерди өлтүрүүчү –антисептик- бир зат катары колдонулууда. Скрентон университетиндеги анализдер боюнча, инжирдеги фенол көлөмү башка мөмөлөргө салыштырмалуу бир топ жогору.

Нью-Жерсидеги Рутгерс университети тарабынан жасалган изилдөөдө болсо кургак инжирдеги **омега-3, омега-6** май кислоталары (EFA: Essential fatty acids: дене үчүн зарыл майлар) менен **фитостерол** (өсүмдүктөрдөгү май сымал зат) урматында холестеролду төмөндөтүүчү таасири жагынан да маанилүү экени аныкталган.

Белгилүү болгондой, омега-3 жана омега-6 май кислоталары денеде өндүрүлбөйт жана тамак-аш аркылуу алуу керек болот. Ошондой эле, бул майлар өзгөчө жүрөк, мээ жана нерв системасынын жакшы иштеши үчүн абдан чоң мааниге ээ. Фитостерол болсо жаныбар азыктарындагы жүрөк жана кан-тамырдын чың болушу жагынан кооптуу болгон холестеролдун жолун тосуп, канга аралашпастан денеден чыгышын камсыз кылат.

Калифорния инжир кеңеши тарабынан «дээрлик табияттын эң кемчиликсиз мөмөсү» деп сөз кылынган инжир адамзат билген эң байыркы мөмөлөрдүн бири болгонуна карабастан, тамак-аш өндүрүүчүлөр тарабынан кайрадан ачылууда. Себеби азыктык баалуулугунун жогору болушу, ден-соолукка пайдалары бул мөмөнү өзгөчө маанилүү кылууда.

Инжир дээрлик ар бир диетанын бир бөлүгү боло алат: инжир табиятынан май, натрий жана холестеролу жок жана жипче саны көп болгондуктан, салмагын азайтууга аракет кылган адамдар үчүн да ылайыктуу бир азык. Ошондой эле, инжир белгилүү болгон бардык мөмөлөргө караганда эң көп минералга ээ. 40 грамм инжир 244 мг калий (күнүмдүк муктаждыктын 7%ы), 53 мг кальций (күнүмдүк муктаждыктын 6%ы) жана 1,2 мг темирге (күнүмдүк муктаждыктын 6%ы) ээ.[24] Инжирде **кальций** деңгээли абдан жогору; мөмөлөр арасынан кальцийге бай болуу жагынан апельсинден соң экинчи орунда турат. Бир чыны кургак инжир бир чыны сүт менен бирдей санда кальций берет.

Инжирди көпкө уланган оорулардан соң бат айыгууга көмөкчү болуучу, күч-кубат берүүчү бир дары катары кабыл алууга болот. Физикалык жана мээнин кыйналышын жок кылат жана денеге энергия жана күч берет. Инжирдин эң маанилүү азыктык элементи – бул бүт мөмөнүн 51-74%ын түзгөн шекер, жана бүт мөмөлөр арасында эң көп шекерге ээ. Ошондой эле, инжир астма, жөтөл жана суук тийүү сыяктуу учурларда да дары катары сунушталууда.

Бул жерде бираз гана бөлүгүнө токтолгон инжирдин пайдалары Аллахтын адамдарга болгон мээриминин бир көрсөткүчү. Раббибиз ырахат менен желчү бул мөмөнүн ичинде адамдын муктаждыгы болгон заттарды, анын ден-соолугуна ыңгайлуу бир тең салмактуулук менен, атайын пакеттелгендей абалда пайдаланууга берүүдө. Аллахтын бул өзгөчө нематты Куранда зикир кылышы да инжирдин адамдар үчүн маанисине ишарат болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.) Инжирдин азыктык баалуулугунун, адамдын ден-соолугуна болгон маанисинин алдыңкы медицина жана технологиялык мүмкүнчүлүктөр менен гана аныктала алышы – албетте, Курандын бүт нерсени билүүчү Аллахтын сөзү экендигинин көрсөткүчтөрүнүн бири.

# БААЛУУ БИР АЗЫК: БАЛЫК

**Деңиз аңчылыгы жана аны жеш силерге жана (жер бетинде) жашагандарга бир пайда катары адал кылынды... (Маида Сүрөсү, 96)**

Жүрөк ооруларына чалдыккан жана ушул себептен өлүмгө кабылган адамдардын орточо жашынын күн өткөн сайын төмөндөшү жүрөктүн чың болушуна маани берүүнү жогорулатты. Медицинада жүрөк ооруларын дарылоо боюнча көптөгөн жаңы өнүгүүлөр болсо да, адистердин

негизги сунушу – бул ооруга чалдыгуудан мурун алдын алуучу чаралардын жакшылап көрүлүшү болууда. Адистер жүрөктүн чың иштешинде жана оорулардын алдын алууда маанилүү бир азыкты сунушташууда: **балык**.

Балыктын маанилүү бир азык болушунун себеби – бул анын бир тараптан адамдын денеси үчүн керектүү заттарды камсыздашы, экинчи тараптан болсо денени ар кандай оору рисктеринен мүмкүн болушунча алыс кармай турган курамга ээ болушу. Мисалы, курамындагы омега-3 кислотасы менен ден-соолук үчүн бир калкандай кызмат аткарган балык дайыма керектелип турса, жүрөк оорулары рискинин азайаары жана иммундук системанын күчтөнөөрү аныкталган.

Илим тарабынан пайдалары жаңы гана далилденген балыктын баалуу бир азык экендиги мындан болжол менен 1400 жыл мурда түшүрүлгөн Куранда да билдирилүүдө. Улуу Аллах Куранда деңиз продукттарын **«Деңизди да силердин буйругуңарга Ал берген, андан жаңы эт жейсиңер...** (Нахл Сүрөсү, 14), **Деңиз аңчылыгы жана аны жеш силерге жана (жер бетинде) жашагандарга бир пайда катары адал кылынды...** (Маида Сүрөсү, 96) аяттары менен кабар берүүдө. Ошондой эле, Кехф Сүрөсүндө да балыкка атайын көңүл бурулган. Бул сүрөдө Аз. Муса жана жаш жардамчысынын узак бир сапарга чыкканы жана жанына азык катары балык алганы айтылган:

**Ошентип экөө эки (деңиз) кошулган жерге жеткенде балыктарын унутуп коюшту; (балык) деңизде бир агымды көздөй өз жолуна түштү. (Жетиши керек болгон жерге келип) Өтүшкөндө (Муса) жаш жардамчысына: «Тамагыбызды бизге алып кел, ант болсун, бул сапарыбыздан чынында чарчадык.» деди. (Жаш жардамчысы:) «Көрдүңбү, аскага киргенибизде мен балыкты унуттум...» (Кехф Сүрөсү, 61-63)**

Кехф Сүрөсүндө алыс бир сапар учурунда чарчаган соң азык катары атайын балыктын тандалган болушу абдан терең маанилүү. Ошондуктан бул окуядагы терең сырлардын бири катары балыктын пайдаларына, азыктык жагына ишарат болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.)

Чынында эле балыктын азыктык өзгөчөлүктөрүн изилдегенибизде кызыктуу маалыматтарды көрөбүз. Раббибиздин бизге чоң бир нематы болгон балыктар өзгөчө протеин, D витамини жана чыгарма элементтер (денеде абдан аз санда кездешүүчү, бирок дене үчүн абдан маанилүү кээ бир элементтер) жагынан кемчиликсиз бир азык. Курамындагы фосфор, сульфиддик кошулма, ванадий сыяктуу минералдар урматында болсо чоңойууну жана кыртыштардын жакшырышын камсыздашат. Тиш мүлктөрү жана тиш түзүлүшүнүн чың болушуна жардам берет, теринин өңүн сулуу кылат, чачтардын чың болушун камсыздайт, бактериялык инфекциялар менен күрөшүүдө көмөкчү болот. Ошондой эле, кандагы холестеролду жөнгө салуучу таасирлери менен жүрөк кризисинин алдын алууда маанилүү ролго ээ. Крахмал жана майлардын майдаланып денеде колдонулушуна жардам беришет. Натыйжада күч-кубаттуураак болууну камсыздайт. Ошондой эле, мээнин жакшы иштешине таасир берет. Курамындагы D витамини жана башка минералдар жетиштүү деңгээлде денеге алынбаганда болсо, рахит (сөөк алсыздыгы), тиш мүлкү оорулары, зоб, гипертиреоз сыяктуу оорулар пайда болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, учурда медицина балыктын курамындагы омега-3 май кислоталарынын ден-соолукка болгон абдан маанилүү ролун аныкташты. Ал тургай, бул майлар зарыл май кислоталары (EFA: essential fatty acid) деп кабыл алынган.

## Балык майындагы омега-3түн пайдалары

Балык майында ден-соолугубуз үчүн өзгөчө абдан маанилүү болгон 2 башка «тойбогон» май кислотасы бар: **EPA** (**e**icosa**p**entaenoic **a**cid) жана **DHA** (**d**ocosa**h**exaenoic **a**cid). EPA жана DHA көптүк тойбогон майлар катары белгилүү жана маанилүү омега-3 май кислоталарына ээ. Адамдын денеси омега-3 жана омега-6 май кислоталарын өндүрө албайт, ошондуктан сырттан азыктар менен алышы керек.

Балык майынын –омега-3 май кислоталарын камтыгандыктан- адамдын ден-соолугуна пайдалары жөнүндө көптөгөн далилдер бар. Омега-3 май кислоталары өсүмдүк майларында бар болгонуна карабастан, адамдын ден-соолугун коргоодо абдан аз натыйжалуу. Ал эми деңиз планктондору омега-3 май кислотасын EPA жана DHA'га айлантууда абдан натыйжалуу. Балыктар бул планктондорду жегенде, EPA жана DHA'га бай болуп калышат. Ошондуктан балык дене үчүн абдан маанилүү болгон бул май кислоталарына эң бай азыктардын бири.

## Балыктагы май кислоталарынын өмүргө пайдалары

Балыктагы май кислоталарынын негизги өзгөчөлүгү болсо – бул энергия өндүрүүгө салым кошушу. Бул май кислоталары денеде кычкылтекке кошулуп, электрондун которулушун ишке ашырат жана денедеги бир катар химиялык процесстер үчүн энергия беришет. Ошондуктан балык майына бай тамактануунун чарчоону жоготооруна, мээнин иштешин жана кыймыл жөндөмүн жакшыртаарына далилдер бар. Омега-3 адамдын энергия деңгээлин жана концентрация жөндөмүн да артырууда. Балыктын «мээ азыгы» деп аталышынын илимий негизи бар, себеби мээдеги майдын негизги компоненти – бул омега-3 май кислоталарындагы DHA.

## Жүрөк жана кан-тамырдын чың болушунда балыктын мааниси

Балыктагы омега-3 май кислотасы кандагы холестеролду, триглисеридди жана кан басымын төмөндөтүп, жүрөктүн ден-соолугун коргоочу таасири менен белгилүү.[28] Триглисерид бир май түрү жана курамындагы көп сандагы май жана аз протеин жагынан LDL'ге (жаман холестеролго) окшош. Триглисериддин жогору болушу өзгөчө холестерол жогору болгондо, жүрөк оорусу рискин артырат. Ошондой эле, балык майлары бир жүрөк кризисинен кийинки анормалдуу жүрөк ритмдеринин жашоого кооп туудурган рисктерин да азайтууда.

Америка медицина бirimдиги тарабынан жасалган бир изилдөөдө жумасына 5 порция балык жеген аялдарда жүрөк кризисине чалдыгуу деңгээлинин 1/3ге азайганы аныкталган. Мунун себеби балык майындагы омега-3 май кислоталарынын кандын азыраак коюлушуна себеп болушунда деп кабыл алышууда. Кандын тамырлардагы кадимки ылдамдыгы саатына 60 км жана кандын жетиштүү деңгээлде суюк болушу, тыгыздыгынын, көлөмүнүн, ылдамдыгынын нормалдуу деңгээлде болушу абдан маанилүү. Каныбыз үчүн эң чоң коркунуч –каноо сыяктуу керектүү учурлардан тышкары учурларда- бул кандын коюлуп агуусунун начарлашы. Балык майлары кандагы тромбоциттердин (денеде каноо болгондо канды коюлаткан кан бөлүкчөлөрү) бири-бирине жабышышына тоскоол болуп, кандын коюлушун азайтууда мааниси чоң. Антпесе кандын коюлушу тамырлардын тарайышына себеп болот. Бул болсо эң башта жүрөк, мээ, көз жана бөйрөктөрдүн жана башка денедеги көптөгөн органдардын кан менен жетиштүү азыктана албашына, жай иштешине жана акырындап функцияларын жоготушуна себеп болот. Мисалы, артериялар коюлуу себебинен толугу менен тосулуп калганда, тамыр турган жерге жараша жүрөк кризиси, мунжулук же башка оорулар пайда болушу мүмкүн.

Омега-3 май кислоталары эритроциттердин ичиндеги кычкылтек ташуучу гемоглобин молекуласынын өндүрүшүндө жана клетка кабыкчасынан өтүүчү азыктарды текшерүүдө да маанилүү рол ойнойт жана денеге зыяндуу майлардын зыянына тоскоол болот. Изилдөөлөр балыктагы омега-3 май кислоталарынын жүрөк кризиси рискин азайтаарын аныктады.

## Жаңы төрөлгөн наристелердин чоңойушундагы мааниси

Омега-3 май кислоталары адамдын мээси жана торчосунун маанилүү бир компоненти болгондуктан, өзгөчө жаңы төрөлгөн наристерлердин муктаждыгына байланыштуу, өткөн он жылда маанилүү изилдөөлөргө тема болду. Омега-3түн наристенин эне курсагындагы өрчүшү жана жаңы төрөлгөн наристенин чоңойушундагы маанилүүлүгүн тастыктаган көптөгөн далилдер бар. Омега-3 өзгөчө кош бойлуулук периоду боюнча жана наристелик кездин баштарында мээ жана нервдердин нормалдуу өрчүшү үчүн абдан маанилүү. Эне сүтү болсо табигый жана кемчиликсиз бир омега-3 кампасы болгондуктан, илимпоздор эне сүтүнүн маанисине өзгөчө басым жасашууда.

## Тарамышка пайдасы:

Ревматизмдик артрит оорусунда (ревматизмге байланыштуу тарамыш инфекциясы) эң маанилүү риск – бул тарамыштарда пайда болгон бузулуунун калыптандырууга болбой турган бир зыянга жол ачышы. Омега-3 май кислотасына бай тамактануунун артриттин пайда болушуна тоскоол болоору, шишиген жана назик тарамыштардагы ооруларды да жеңилдетээри далилденген.[31]

## Мээ жана нерв системасынын нормалдуу иштешине болгон пайдалары

Омега-3 май кислотасынын мээ жана нерв системасынын жакшы иштешине таасир берээри көптөгөн изилдөөдө аныкталган. Мындан тышкары, балык майынын депрессия жана шизофрения белгилерин жеңилдете алаары, алзеймер (alzheimer) оорусунун (эс-тутум жоготушуна себеп болуучу, күнүмдүк кыймылдарга тоскоол болуучу бир мээ оорусу) алдын алаары көрсөтүлгөн. Мисалы, депрессияга кабылган жана 12 жума бою 1 грамм омега-3 май кислотасы керектеген адамдарда тынчсыздануу, капалануу жана уйку көйгөйлөрү сыяктуу белгилердин азайганы далилденген.[32]

## Инфекциялык ооруларга пайдасы, иммундук системаны күчтөндүрүшү

Омега-3 май кислоталары ошол эле учурда инфекциянын алдын алуучу кызмат аткарышат.[33] Ошондуктан;

*Ревматизмдик артрит (ревматизмге байланыштуу байламта инфекциясы),

*Остеоартрит (акырындап байламталардын функциясын бузуучу бир оору),

*Язвалык колит (ичеги инфекциясына байланыштуу жаралар) жана

*Lupus (териде жара пайда болушуна себеп болуучу тери оорусу) ооруларынын баарында колдонууга болот.

Мындан тышкары, миелинди (нерв клеткаларын курчаган кабыкчаны) коргоочу өзгөчөлүгү бар. Ушул себептен;

*Глаукома (көздүн ичиндеги кан басымынын жогорулашы натыйжасында сокурдукка себеп болчу оору),

*Көп жактуу склероз (мээ жана жүлүндө кыртыштын катуулашы натыйжасында пайда болгон өлүмгө себеп болчу оору),

*Остеопороз (сөөк кыртышында структуралык алсыздоого себеп болуучу оору) жана

*Шекер ооруларын дарылоодо колдонулат.

Ошондой эле;

*Мигрен ооруларында,

*Анорексияда (өлүмгө себеп болчу тамактануу бузуктугу),

*Күйүктү дарылоодо

*Тери менен байланыштуу ооруларды дарылоодо да жардамчы болоору айтылууда.

Көп санда омега-3 май кислотасына ээ болгон балык менен азыктанган Гренландия эскимолору жана япондор сыяктуу элдер жүрөк, кан-тамыр ооруларына, астма жана псориаз сыяктуу ооруларга азыраак чалдыгаарын көрсөткөн абдан көп маалыматтар бар. Балык, ушул себептен, дарылоочу бир азык катары да сунушталат. Омега-3 май кислоталары жүрөктүн чың болушу үчүн далилденген пайдалары менен учурда тамактануу адистери кеңеш кылган негизги заттардын бири.

Бул жерде жалпысынан айтылып өткөн балыктын пайдаларына күн сайын жаңылары кошулууда. Болгондо да балыктын пайдаларын аныктоо көптөгөн илимпоздун, алдыңкы технологиялык мүмкүнчүлүктөр менен жабдылган изилдөө борборлорунун колдонулушу менен гана мүмкүн болду. Мынчалык баалуу бир азык булагына Куранда ишарат кылынышы жана Кехф Сүрөсүндө өзгөчө чарчоону басуучу бир азык катары билдирилиши да албетте абдан терең мааниге ээ. Балыктан алынган бардык пайдалар Раббибиз бизге берген чоң бир немат-жакшылык. Бүт азыктардагы сыяктуу балыктардагы кемчиликсиз түзүлүштү да биз үчүн жараткан – бул ааламдардын Рабби болгон Аллах.

# ЧОЧКОНУН ЭТИ ЖАНА ДЕН-СООЛУККА ЗЫЯНДАРЫ

**Ал силерге өлүмтүктү, канды, чочконун этин жана Аллахтан башканын аты менен (башкага аталып) союлган (жандык)ты толук арам кылды. Бирок ким эч башка жолсуз муктаж абалда калса, чегинен чыкпай, сугалактык кылбай (жесе), ага бир күнөө жок. Чынында Аллах кечиримдүү, коргоочу. (Бакара Сүрөсү, 173)**

Чочконун этинин ден-соолукка көптөгөн зыяндары бар. Мындай зыяндар өтмүштө болгон сыяктуу, ар кандай чаралар көрүлгөнүнө карабастан учурда да бар. Биринчиден, чочко фермаларда, жакшылап каралган жерлерде багылса да, баары бир өзүнүн заңдарын жечү бир жандык. Мындай жаман нерселер менен азыктангандыктан жана биологиялык түзүлүшү себебинен чочконун денеси башка жандыктарга салыштырмалуу бир топ көп антитело өндүрөт. Ошондой эле чочконун денесинде башка жандыктарга жана адамга салыштырмалуу абдан жогору дозада чоңойуу гормону өндүрүлөт. Мындай көп дозадагы антителолор жана чоңойуу гормону сөзсүз түрдө кан айлануу аркылуу чочконун булчуң кыртышына да өтүп чогулат. Ошондой эле, чочконун этинде абдан көп өлчөмдө холестерол жана липид бар. Натыйжада бардык мындай жогорку дозадагы антителолор, гормондор, холестерол жана липиддерди камтыган чочконун этинин адамдын ден-соолугуна маанилүү бир коркунуч экени илимий далилденди.

Учурда чочконун эти көп керектелген АКШ, Германия сыяктуу өлкөлөрдүн калкынын маанилүү бөлүгүн түзгөн ашыкча семиз адамдардын болушу эми табигый бир көрүнүшкө айланды. Чочконун этине таянган бир тамактануу натыйжасында ашыкча чоңойуу гормонун алган адамдын денеси алгач абдан семирүүдө, андан соң дене деформацияга –формасынын бузулушуна- кабылууда.

Мындан тышкары, чочконун этиндеги ден-соолукка зыяндуу заттардын бири – бул «трихина» паразити. Адамдын денесине киргенде, түздөн-түз жүрөк булчуңдарына жайгашып, өлүмчүл кооптуулук жаратуучу трихина паразити чочконун этинде көп кездешет. Учурдагы технология менен трихиналуу чочколорду аныктоо мүмкүн болсо да, мурдакы кылымдарда мындай ыкма белгисиз эле. Ошондуктан, чочконун этин жеген бүт адамдар үчүн трихина паразитине кабылуу жана өлүмгө чалдыгуу риски бар эле.

Байкалгандай, бул себептердин баары Раббибиздин чочконун этине тыюу салышынын себептеринин бир бөлүгү. Мындан тышкары, Раббибиздин бул буйругу ар кандай шартта ден-соолукка зыяндуу таасирлери бар болгон, контрольсуз өндүрүлгөн учурда болсо өлүмгө да себеп болушу мүмкүн болгон чочконун этин жештен толук коргойт.

20-кылымга чейин чочко этинин адамдын ден-соолугуна түздөн-түз коркунуч жараткан зыяндары бар экенин билүү мүмкүн эмес эле. Учурдагы медициналык аппараттар, биологиялык тесттер менен даана аныкталган бул зыянга карата али эч ким микроп, бактерия, трихина, гормон, антитело сыяктуу түшүнүктөрдү билбеген кезде 14-кылымда түшүрүлгөн Куранда так бир чара көрүлүшү да Курандын Улуу илимдүү Раббибиздин вахийи экенин көрсөткөн кереметтердин бири. Бүгүнкү күндө да чочкону өндүрүүдө алынган ар кандай чара жана контрольго карабастан, чочконун этинин физиологиялык жактан адамдын денесине ыңгайлуу бир азык эмес экени, адамдын ден-соолугуна зыян берүүчү бир эт түрү экени өзгөрбөгөн бойдон калды.

# ШЫПАА БУЛАГЫ БИР ӨСҮМДҮК: ЗАЙТУН

Куранда көңүл бурулган азыктардын бири – бул зайтун. Акыркы жылдарда жасалган изилдөөлөр зайтундун бир гана даамдуу бир азык эле эмес, ошондой эле ден-соолукка да абдан пайдалуу экенин аныктады. Зайтун жана зайтундун майы да абдан жакшы азык. Куранда зайтун дарагынын майына болсо төмөнкү аятта көңүл бурулган:

**Аллах – асмандардын жана жердин Нуру. Анын нурунун мисалы, чырак турган бир текче сыяктуу. Чырак – шишенин ичинде, шише болсо кудум эле каухар жылдызы. Ал (чырак) чыгышта да эмес, батышта да эмес (ар дайым нур тийип турган) берекеттүү зайтун дарагы(нын майы) менен жагылат. Анын майы (тунуктугунан улам) от тийбесе деле нур тараткандай болот. (Ал) Нур үстүнө нур (чачат). Аллах каалаган пендесин Өз Нуруна багыттайт. Аллах адамдарга (ушундай) мисалдарды келтирет. Аллах бүт нерсени Билүүчү. (Нур Сүрөсү, 35)**

Бул аятта «мубарекетин зейтунетин» сөзү менен зайтун «берекелүү, куттуу, сансыз пайда берүүчү» маанилерине келген мубарек сыпаты менен сыпатталган. «Зейтуха» сөзү менен билдирилген зайтун майы, башка катуу майлардын тескерисинче, бардык адистер тарабынан эң биринчиден жүрөк жана кан-тамырдын чың болушу үчүн жана башка себептерден улам эң көп

сунушталган май түрү катары белгилүү. Зайтун майынын ден-соолукка пайдаларын мындайча саноого болот:

## Жүрөк жана кан-тамырдын чың болушуна пайдалуу болушу

Зайтун жана зайтун майынын ичиндеги май кислоталарынын көпчүлүгү «моно тойбогон майлар». Моно тойбогон майларда холестерол жок. Ошондуктан зайтун майы кандагы холестеролду жогорулатпайт, тескерисинче контрольдоп турат. Зайтун майы мындан тышкары, денеге абдан керек болгон (EFA: essential fatty asit) омега-6 май кислотасына (линолеикалык кислота) ээ. Мындай өзгөчөлүгү үчүн ден-соолук уюму да (Дүйнөлүк ден-соолук уюму/WHO) тамыр катуулугу, шекер оорулары көп кездешчү коомдордо колдонулган майлардын ичиндеги май кислотасынын эң аз 30%ынын омега-6 май кислотасы (линолеикалык кислота) болушун сунушташууда; бул болсо зайтундун баалуулугун өстүрүүдө.

Бул темадагы изилдөөлөр 1 жума бою күн сайын 25 миллилитр –болжол менен 2 аш кашык- табигый зайтун майын керектеген адамдардын азыраак LDL (жаман холестерол) жана көбүрөөк антиоксидант деңгээлин көрсөткөнүн аныктаган.[35] Антиоксиданттар «эркин радикалдар» деп аталган денебиздеги зыяндуу заттарды таасирсиз кылышы жана клетканын кыйрашына тоскоол болушу жагынан абдан маанилүү заттар. Мындан тышкары, зайтун майын колдонуунун холестерол деңгээлин төмөндөтөөрү жана жүрөк ооруларынын алдын алаары көптөгөн изилдөөлөр тарабынан тастыкталган.

Зайтун майы канда айлануучу LDL аттуу зыяндуу холестерол деңгээлин төмөндөтүп, ошол эле учурда HDL аттуу пайдалуу холестерол деңгээлин болсо жогорулаткандыктан, жүрөк жана кан-тамыр ооруларына дары катары сунушталууда. Жүрөк жана кан-тамыр оорулары көп кездешкен өлкөлөрдө көбүнчө көп холестеролго ээ «тойгон майлар» керектелүүдө.

Ошондой эле, зайтун майы денедеги омега-6 май кислотасынын омега-3 май кислотасына болгон катышын да бузбай сактайт. Омега-3 жана омега-6 май кислоталарынын денеге белгилүү бир көлөмдө алынышы абдан маанилүү. Себеби бул катыштарда тең салмаксыздык болгондо, жүрөк, иммундук система менен байланыштуу оорулар жана рак да кошо көптөгөн оору пайда болууда. Ушул себептерден улам көп адамдар зайтун майы менен ден-соолугун чыңап келишүүдө. Америка жүрөк коомчулугу жүрөк ооруларынын рискин төмөндөтүү үчүн көп сандагы «моно тойбогон майлар» диетасынын 30% аз майлуу диетага бир альтернатива боло алаарын айтууда.

## Рактын алдын алышы

*The Archives of Internal Medicine*'де жарык көргөн бир эмгек көп санда «моно тойбогон май» керектеген аялдардын көкүрөк рагына кабылуу рискинин төмөнүрөөк экенин көрсөткөн.[40] Нью-Йоркто Буффало университетинин изилдөөчүлөрү жүргүзгөн башка бир изилдөөдө болсо зайтун майы сыяктуу өсүмдүк майларында кездешчү бир май болгон В-ситостериндин простат рагы клеткаларынын пайда болушуна тоскоол болууда көмөкчү болоору айтылган. Изилдөөчүлөр В-ситостерин клеткаларга «бөлүнбө» буйругун берүүчү клетка ичиндеги байланыш системасын күчтөндүрөт, натыйжада, клетка чоңойушу контрольсуз абалга келбестен мурун, ракка тоскоол болууга мүмкүн болот деген жыйынтыкка барышкан.

Оксфорд университетиндеги докторлор тарабынан жасалган акыркы бир изилдөөдө болсо зайтун майынын ичеги рагынан коргоочу өзгөчөлүккө ээ экени аныкталган. Докторлор зайтун майынын ичеги рагынын башталышына тоскоол болуу үчүн ашказандагы кислота менен реакцияга

кирээрин аныкташкан. Оксфорд изилдөөчүлөрү, ошондой эле, зайтун майынын өт суюктугун азайтып, DAO (диаминоксидаз аттуу энзим) деңгээлин жогорулатып, анормалдуу клеткалардын көбөйүшүнөн жана рактан коргоочу экенин аныкташкан.[41]

## Артриттин (тарамыш инфекциясы) алдын алышы

Изилдөөчүлөрдүн жыйынтыктары боюнча, көп санда зайтун майы жана бышкан жашылча жеген адамдарда тарамыштардагы хроникалык инфекциялык оору болгон ревматизмалык артрит болуу риски төмөндөшү мүмкүн.

## Сөөктүн өрчүшүнө көмөкчү болушу

Зайтун майындагы E, A, D, жана K витаминдери жаш балдардын жана өспүрүмдөрдүн сөөктөрүнүн өрчүшүнө көмөкчү болуу, кальцийди турукташтырып, сөөктөрдү күчтөндүрүшү жагынан абдан маанилүү. Ошондой эле, улгайгандарга да өзгөчө сунушталууда, себеби сиңиши оңой жана минералдар менен витаминдердин денеде колдонулушуна көмөкчү болот. Мындан тышкары, сөөк минерализациясын (минералдардын сөөктөрдө чөгүшү) кыймылга келтирип, кальций жоготууга тоскоол болот.[42] Сөөктөр организмдин минералдык түзүлүшүнүн кампасын түзөт жана сөөктөрдө минерал топтолбосо сөөктүн жумшарышы сыяктуу олуттуу оорулар пайда болот. Бул жагынан зайтун майынын скелет түзүлүшүнө абдан оң пайдасы бар.

## Улгайуунун алдын алышы

Зайтун майындагы витаминдер клетка жаңылоочу өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан, улгайууну дарылоодо да колдонулат, терини азыктандырышат жана коргошот. Азыктар денебизде энергияга айлантылып жатканда, оксидант деп аталган кээ бир заттарды чыгарат. Зайтун майы ичиндеги көп сандагы антиоксидант заты менен зыяндуу заттардын зыянынын алдын алат, клеткаларды жаңылайт, кыртыш жана органдарыбыздын улгайышын кечеңдетет. Ошондой эле, зайтун майы денебизде клеткаларды кыйратуучу, улгайтуучу «эркин радикалдарды» басып туруучу E витаминине да бай.

## Жаш балдардын чоңойушуна салым кошушу

Зайтун жана зайтун майы ичиндеги линол кислотасынан (омега-6 май кислотасы) улам жаңы төрөлгөн наристелер, чоңойуп жаткан балдар үчүн абдан пайдалуу бир азык. Линол кислотасынын жетишсиздиги наристенин өрчүшүнүн жайлашына жана бир катар тери ооруларынын пайда болушуна себеп болот.

Зайтун майы денебиздеги зыяндуу заттардын зыянынын алдын алуучу антиоксидант элементтерди жана адам үчүн абдан маанилүү болгон май кислоталарын камтыйт. Булар болсо гормондорго жардам берет жана клетка кабыкчасынын пайда болушуна көмөкчү болушат.

Зайтун майы адамдын сүтүндөгү май кислотасынын катышына окшош, тең салмактуу бир курамга ээ. Адамдын денеси тарабынан өндүрүлө албаган, ошол эле учурда дене үчүн сөзсүз керек болгон мындай негизги май кислоталарга зайтун майы жетиштүү бир булак болот. Бул факторлор зайтун майын жаңы төрөлгөн наристелер үчүн абдан пайдалуу кылууда.

Төрөттөн мурда жана кийин наристе мээсинин жана нерв системасынын табигый өрчүшүнө салым кошкондуктан, адистер тарабынан энелерге бир гана зайтун майы сунушталууда. Эне сүтүнө жакын көлөмдө линол кислотасын камтуу менен бирге майсыз уй сүтүнө зайтун майы кошулганда, эне сүтүндөй табигый бир азык булагына айланат.

## Кан басымын түшүрүүчү таасири:

*Archives of Internal Medicine* журналынын 2000-жылдын 27-мартындагы санында жарыяланган бир эмгек зайтун майынын жогорку кан басымын төмөндөтөөрүнө дагы бир жолу басым жасаган. Мындан тышкары, зайтун дарагынын жалбырагынан кан басымын төмөндөтүүчү дарылар жасалууда.

## Ички органдарга пайдалары:

Ысык же муздак болсун, кандай абалда керектелсе да, зайтун майы ашказан кислотасын азайтып, ашказанды гастрит жана ашказан жарасы (язва) сыяктуу оорулардан коргойт. Мындан тышкары, өт суюктугун иштетип, эч кемчиликсиз абалга келишин камсыздайт. Өттүн тазалануу процессин жөнгө салат жана өт ташы рискин азайтат. Ошондой эле, ичиндеги хлор урматында боордун иштешине көмөкчү болот жана натыйжада дененин калдыктардан тазаланышын жеңилдетет. Мындан тышкары, мээ артерияларынын чың болушуна да жардам берет.

Ушундай көптөгөн өзгөчөлүктөрүнөн улам зайтун майы акыркы жылдарда адистердин көңүлүн абдан бурууда. Адистердин жоромолдорунун кээ бирлери төмөнкүдөй:

Ден-соолук жана тамактануу тармагында алдыңкы авторитеттердин бири, CNN'дин сыйлыктуу корреспонденти *The Food Pharmacy* (Азыктануу фармацевтикасы) жана *Food-Your Miracle Medicine* (Тамак-аштар – кереметтүү дарыларыңыз) китептеринин автору жана ошол эле учурда эл аралык бир журналист Jean Carper:

Жаңы Италия изилдөөсү зайтун майынын LDL холестеролунун артерияларды тосуп калуу өзгөчөлүгү да кошо кээ бир оору процесстери менен согушкан... антиоксиданттарга ээ экенин аныктаган.

Диетолог жана тамактануу адиси Pat Baird:

Зайтун майынын көп тараптуулугу... анын ден-соолукка болгон пайдасы жөнүндө али биле элек көп нерсе бар.

Гарвард университетинин Элдин ден-соолугу мектебинин эпидемиология бөлүмүнүн башчысы Dr. Dimitrios Trichopoulos:

Америкалык аялдар тойгон майлардын ордуна көбүрөөк зайтун майы керектешкенде, көкүрөк рагы рискинде 50%га чейин төмөндөө болушу мүмкүн эле.

... Зайтун майы кээ бир жаман шишик түрлөрүнөн коргоочу таасирге ээ: простатит, көкүрөк, ичеги, шапкалуу клетка жана тамак шишиктери.

Майами университетинин медицина факультетинен D. Peck:

Зайтун майынын чычкандардын иммундук системасын күчтөндүрөөрү аныкталган...

Милан фармацевтика факультетинен Bruno Berra:

... табигый сызма зайтун майынын кичинекей полярдык элементтери LDL'дин кычкылданууга болгон тирешүүсүн маанилүү көлөмдө жогорулатат.

II. Federico университети терапия жана метаболизма оорулары бөлүмүнөн A. A. Rivellese жана G. Riccardi, M. Mancini:

Зайтун майы инсулин каршылыгына тоскоол болот жана кандагы глюкозанын жакшыраак башкарылышын камсыз кылат.

Napoli университетинин медицина жана химия факультетинен Patrizia Galletti:

Зайтун майы полифенолдорунун азык катары алынышы реактивдүү кычкылтек метаболиттер менен байланыштуу оорулардын рискин төмөндөтүшү мүмкүн –ашказан жана ичегилер менен

байланыштуу кээ бир оорулар жана сосуддардын тосулуп калышы сыяктуу. Зайтун майы гидрокситирозолду адам эритроциттерин кычкылдануу коркунучунан коргойт.

Гарвард университетинин элдин ден-соолугу мектебинен Frank Sacks:

Зайтун майына бай бир диета ашыкча салмактуулукту башкарууда жана дарылоодо аз майлуу бир диетадан натыйжалуураак. Мындан тышкары, көбүрөөк убакка салмак жоготууга себеп болот жана салмакты башкаруу жеңилирээк...

Байкалгандай, учурда көптөгөн илимпоздор зайтун майына негизделген бир азыктануу моделин эң идеалдуу деп айтышууда. Ушундай өзгөчөлүктөрүнөн улам күнүмдүк тамактануу рационунда дайыма болушу керек болгон эң негизги азыктар катары зайтун жана зайтун майы айтылууда. Аллах көп аятта көңүл бурган зайтун өсүмдүгүнүн пайдалары медицина илиминин өнүгүшү менен бирге аныкталды.

**Ал силерге асмандан суу түшүрөт. Ичер сууңар да ошондон, дарак да ошондон. Жана андан (жаныбарларды) сугарасыңар. (Аллах) ал суу менен силердин пайдаңар үчүн өсүмдүктөрдү, зайтунду, курмаларды, жүзүмдөрдү жана түрдүү мөмөлөрдү өстүрөт. Шексиз буларда пикир кылган элдер үчүн аят-далилдер бар. (Нахл Сүрөсү, 10-11)**

# КОРОНЕР BY-PASS ОПЕРАЦИЯСЫ

**Биз сенин көкүрөгүңдү ачып-кеңейтпедикпи? Жана жүгүңдү азайтып-алып салбадыкпы? Ал (жүк) сенин белиңди бүккөн эле; Сенин зикириңди (атак-даңкыңды) көтөрбөдүкпү? Демек, чындыгында кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындыгында, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. (Инширах Сүрөсү, 1-6)**

Белгилүү болгондой, бүт органдар өмүрүн улантуу жана кызматын аткаруу үчүн кан аркылуу азыктанууга муктаж. Кан жүрөк булчуңубузга болсо «коронер артерия» деп аталган артериялар аркылуу келет. Атеросклероз учурунда бул кан-тамырларда кысылуу жана пробкалар пайда болушу мүмкүн. Бул абал күчөгөндө болсо кандын агымына тоскоол болунат жана жүрөк жетиштүү азыктана албай калат. Бул болсо жүрөктүн өз милдетин аткара албаганын көрсөткөн көкүрөк оорусуна жана жүрөк кризисине себеп болууда.

Жогорудагы аяттарда **«Биз сенин көкүрөгүңдү ачып-кеңейтпедикпи»** деп которулган «Э лем нешрах леке садреке» сүйлөмү ушундай бир жүрөк оорусуна жана бүгүнкү күндө жасалуучу коронер by-pass операцияларына бир ишарат болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.) Себеби аяттагы «лем нешрах» сөзү биринчи мааниси боюнча этти жана ушул сыяктуу нерселерди ачуу (жаруу) этишин билдирүүдө. Мындай операцияларда да көкүрөк сөөк узунунан экиге бөлүнүп, ичине кирилүүдө. Жасалган операция натыйжасында кан агымы кайрадан камсыз кылынууда жана көкүрөк оорусу жоголууда. Аяттагы кеңейүү сөзү ушул кан-тамырлардагы кысылуунун жок кылынышына ишарат болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, бул сүрөнүн артынан эле Аллахтын жүрөктүн чың болушуна пайдалуу бир өсүмдүк болгон «зайтунга» ант ичиши да (Тин Сүрөсү, 1) абдан терең мааниге ээ.

# КЫЙМЫЛДООНУН, ЖУУНУУНУН ЖАНА СУУ ИЧҮҮНҮН ДЕН-СООЛУККА ПАЙДАЛАРЫ

Куранда көңүл бурулган кыймыл-аракеттердин бири Аз. Айубка келген бир вахийди баяндаган аяттарда билдирилет:

**Пендебиз Айубду да эстегин. Ал: «Шайтан мага оор бир кыйноо жана азап жеткирди окшойт» деп Раббисине кайрылган эле. «Бутуңду кыймылдат. Мына жууна турган жана иче турган муздак (суу» деп вахий кылдык). (Сад Сүрөсү, 41-42)**

Аз. Айубка шайтан берген кыйынчылык жана тынчсызданууга карата Аллах билдирген кеңештердин бири – бул «бутун кыймылдатышы». Аяттагы бул сөз кыймылдоонун, спорт менен машыгуунун пайдаларына ишарат болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.) «Бутуңду кыймылдат, жерди теп» деп которулган «уркуд» сөзү Анбия Сүрөсүнүн 12- жана 13-аяттарында «чуркоо» маанисинде колдонулууда. Бул болсо бул жерде айтылган кыймыл-аракеттин «чуркоо» же «ылдам басуу» маанисинде болушу мүмкүн экенин көрсөтүүдө.

Спорт учурунда өзгөчө бут булчуңдары сыяктуу узун булчуңдардын кыймылдатылышы (изометрикалык кыймыл-аракеттер) менен кан айлануу ылдамдайт, клеткаларга баруучу кычкылтек көбөйөт. Натыйжада адамдын чарчоосу жоголот, уулуу заттардын денеден чыгышы натыйжасында болсо адам энергиялуу абалга келет. Ошол эле учурда дене микропторго карата бир топ чыдамкай абалга келет. Үзбөстөн көнүгүү жасап жүргөн адамдардын кан-тамырлары кенен жана таза болот. Бул болсо тамырлардын тосулушунун, жана натыйжада жүрөк ооруларынын алдын алат.[50] Мындан тышкары, үзбөстөн, дайыма жасалган көнүгүүлөр кандагы шекердин тең салмактуулугун камсыздап, шекер оорусунун алдын алуучу рол ойнойт. Спорттун боорго болгон оң таасири – бул «жакшы холестерол» деп атоого мүмкүн болгон холестерол көлөмүн жогорулатышы. Ошондой эле, жылаң аяк жерде басуу денеде чогулган туруктуу электрдик зарядды жок кылууда эң мыкты ыкма болуп саналат. Бул ыкма дене үчүн бир зарядды жерге өткөрүү кызматын аткарат.

Мындан тышкары, аятта көңүл бурулгандай, жуунуунун да денедеги статикалык токту чыгарууда эң жакшы ыкма экени белгилүү. Жуунганда денеде чогулган кирден тышкары адамдын үстүндөгү капалануу жана кыйынчылык да азайат. Ошондуктан, жуунуу стресс жана температура оорулары кошо көптөгөн физикалык жана психологиялык ооруларды айыктыруучу таасирге ээ.

Аятта жуунуудан тышкары суу ичүү да сунушталган. Суунун дененин ар бир органына болгон пайдалары абдан көп. Тер بездери, ашказан, ичегилер, бөйрөктөр, тери жана ушул сыяктуу дагы көптөгөн органдын чың болушу суунун жетиштүү көлөмдө ичилишинен көз-каранды. Бул багытта кандайдыр бир оору же кыйынчылыкты да кайра эле суу ичүү менен кетирүүгө болот. Чарчоону жана уйкусуроону жоюу үчүн да денедеги суунун көлөмүн жогорулатып, натыйжада уулуу заттардан тазалануу керек болот.

Ар бири дене жана рухубуздун чың болушу үчүн абдан чоң мааниге ээ болгон бул кеңештердин чогуу жасалышы болсо эң идеалдуу натыйжаны берет. Бул кеңештердин баары Аллахтын **«Куранда ыймандуулар үчүн шыпаа жана рахмат (мээрим) болгон нерселерди түшүрүүдөбүз...»** (Исра Сүрөсү, 82) аятынын бир көрүнүшү.

# МИКРОСКОПИЯЛЫК ЖАШООНУН БАР БОЛУШУ

**Жерде өскөндөрдөн, алардын напсилеринен жана али билбеген канча нерселерден бардык жуптарды жараткан (Аллах абдан) Улук. (Йасин Сүрөсү, 36)**

**... дагы силер билбеген эмнелерди жаратууда? (Нахл Сүрөсү, 8)**

Бул аяттарда Куран түшүрүлгөн учурда адамдар билбеген жашоо түрлөрүнүн бар экенине ишарат кылынууда. Микроскоптун табылышы менен бирге адамдын көзүнө көрүнбөгөн кичинекей жаңы жандыктар аныкталган. Ушундайча Куранда көңүл бурулган мындай жандыктардын бар экени жөнүндө адамдар маалыматка ээ боло башташты. Куралсыз көз менен көрүүгө мүмкүн болбогон жана көбүнчө бир гана клеткадан турган микро жандыктардын бар экенине ишарат кылган башка аяттар болсо төмөнкүлөр:

**... Асмандарда жана жерде кыпындай (атомдой) оордуктагы эч нерсе Андан алыс (жашыруун) калбайт. Мындан кичинеси да, чоңу да, баары сөзсүз апачык бир китепте (жазылуу).» (Себе Сүрөсү, 3)**

**... Жерде жана асманда кыпындай (атом салмагында) болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

Жер бетинин бүт тарабына таркаган мындай жашыруун дүйнөнүн мүчөлөрү, т.а. микроорганизмдер жер бетиндеги жаныбарлардан 20 эсе көп. Көзгө көрүнбөгөн кичинекей мындай микроорганизмдер тобу бактериялар, вирустар, козу карындар, суу балырлары жана мителерден турат. Бул микро жандыктар жер бетиндеги жашоо тең салмактуулугунун маанилүү бир элементи. Мисалы, жер бетинде жашоонун пайда болушун камсыздаган негизги элементтердин бири болгон азоттун айланышы бактериялар тарабынан камсыз кылынат. Өсүмдүктөрдүн топурактагы минералдарды ала алышын камсыз кылган эң маанилүү элемент болсо – бул тамыр козу карындары. Салат же эт сыяктуу нитраты бар азыктардан ууланып калышыбыздан болсо тилибиздеги бактериялар коргойт. Ошол эле учурда кээ бир бактериялар жана балырлар дүйнөдө жандуулуктун бар болушунун негизги элементи болгон фотосинтез кыла алуу жөндөмүнө ээ жана бул кызматты өсүмдүктөр менен бөлүшүшөт. Кээ бир мите түрлөрү органикалык заттарды майдалап, азыктарды өсүмдүктөр колдоно ала турган абалга айланта алышат. Байкалгандай, биз технологиялык аспаптар менен гана алар жөнүндө маалымат ала алган бул кичинекей жандыктар адамдын жашоосу үчүн орду толгус мааниге ээ.

Куранда кылымдар мурда биздин көзүбүзгө көрүнгөн ааламдардан башка да жандыктар бар экенине көңүл бурулган болушу – бул албетте Курандын дагы бир керемети. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Mikrodünya Mucizesi* (Микродүйнө керемети), Araştırma Yayıncılık)

# ЖАНЫБАР КООМДОРУНУН БАР БОЛУШУ

**Жер бетиндеги жандык жана эки канаты менен учкан канаттуулардын бүт баары силер сыяктуу үммөттөр... (Энъам Сүрөсү, 38)**

Учурда жаныбар жана канаттууларга жасалган байкоолор натыйжасында бардык жаныбарлардын жана канаттуулардын өзүнчө коомдор абалында жашашаары аныкталды. Көпкө созулган, кеңири масштабдуу изилдөөлөр натыйжасында жаныбарлар жөнүндө алынган маалыматтар жаныбарлар арасында абдан системалуу бир социалдык түзүлүштүн бар экенин аныктады.

Мисалы, коомдук жашоосу менен илимпоздорду таң калтырган бал аарылар колониялар абалында дарак коңулдарында же ошол сыяктуу жерлерде өздөрүнө уюк жасашат. Бир аары колониясы бир ханыша, бир канча жүз эркек жана 10-80 миң жумушчу аарыдан турат. Мурда да айтылгандай, аары колонияларынын ар биринде бир гана ханыша болот жана ханышанын негизги кызматы – бул жумурткалоо. Мындан тышкары, колониянын биримдигин жана уюктагы системанын иштешин камсыз кылуучу маанилүү заттарды да чыгарат. Эркектердин болсо жалгыз кызматы – бул ханышаны төлдөтүү (уруктандыруу). Уюкту жасоо, азык чогултуу, аары сүтүн өндүрүү, уюктун жылуулугун жөнгө салуу, тазалык, коргонуу сыяктуу акылга келген бардык иштерди болсо жумушчу аарылар жасашат. Аары уюгундагы жашоонун ар бир баскычында бир система бар. Личинкаларды кароодон баштап уюктун жалпы муктаждыктарын камсыз кылууга чейинки бүт иштер эч кемчиликсиз жасалат.

Кумурскалар да дүйнөнүн эң көп калкына ээ болушканына карабастан, технология, коллективдик иштөө, аскердик стратегия, өнүккөн байланыш тармагы, иерархиялык система, дисциплина, кемчиликсиз бир шаар пландоо сыяктуу көптөгөн тармакта адамдарга мисал боло тургандай бир тартипти көрсөтүшөт. «Колониялар» деп аталган коомдор абалында жашаган кумурскалар ушунчалык өнүккөн бир тартипте болушкандыктан, бул жагынан адамдардыкына окшош бир цивилизацияга ээ деп айтууга болот.

Кумурскалар азыктарын өндүрүп кампалашат, балдарын кайтарышат, колонияларын коргошот жана согушушат. Ал тургай, «тигүүчүлүк» кылышып, «айыл-чарба» менен алектенген, «айбан баккан» колониялар да бар. Араларында абдан күчтүү бир байланыш тармагы бар болгон бул жандыктар коомдук уюшуу жана адистешүү жагынан караганда, эч бир жаныбарга салыштырууга мүмкүн болбогондой жогору. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз Harun Yahya, *Karınca Mucizesi* (Кумурска кереметы), Araştırma Yayıncılık)

Топ-топ болуп жашаган жандыктар системалуу жашоо менен бирге коркунучтарга да чогуу каршы турушат. Мисалы, кичинекей канаттуулар бүркүт же бай уулу сыяктуу жырткыч канаттуулар алардын аймагына киргенде, чогуулап бул жандыктарды орошот. Ошол эле учурда айланадагы башка канаттууларды да аймакка чакыруу үчүн атайын бир үн чыгарышат. Кичинекей канаттуулардын чогуулап кол салышы жырткыч канаттууларды көбүнчө ал аймактан качууга мажбур кылат.

Топ болуп учкан бир канаттуу үйүрү да ошол сыяктуу бардык үйүр мүчөлөрү үчүн калкан болот. Мисалы, үйүр болуп учкан чыйырчыктар араларында кенен бир аралык калтырып учушат. Бирок бир бүркүт көрүшкөндө, араларындагы боштукту жабышат. Натыйжада бүркүттүн үйүрдүн арасына киришин оор кылышат, бүркүт кол салса да канаттарын майып кылып алат жана аңчылык кыла албайт.[53] Сүт эмүүчү жаныбарлар да үйүрлөрүнө бир кол салуу болгондо, чогуу аракет кылышат. Мисалы, зебралар душмандарынан качып баратышып, балдарын үйүрдүн ортосуна

алышат. Дельфиндер болсо дайыма топ-топ болуп жүрүшөт жана эң чоң душмандары болгон акулалардан тобу менен коргонушат.

Жаныбарлардын коомдук жашоосу жөнүндө сансыз мисал жана көптөгөн детальдарды айтып берүүгө болот. Жаныбарлар жөнүндө алынган бул маалыматтар көп жылдар бою жасалган терең изилдөөлөр натыйжасында алынган. Байкалгандай, башка тармактардагы сыяктуу эле жаныбарлар жөнүндө Куранда берилген маалыматтар да анын Аллахтын сөзү экенин көрсөтүүдө.

## БИОМИМЕТИКА: ЖАНДЫКТАРДАГЫ ДОЛБООРЛОРДУ ӨРНӨК АЛУУ

**Силер үчүн жаныбарларда да албетте сабак-насааттар бар, силерге алардын курсактарындагы ферс (жарым сиңген азыктар) менен кандын арасынан, ичкендердин тамагынан оңой гана өтүүчү таптаза бир сүт ичирүүдөбүз. (Нахл сүрөсү, 66)**

**Чындыгында жаныбарларда да силер үчүн бир сабак (насаат) бар; курсактарынын ичиндегилерден силерге ичирүүдөбүз жана аларда силер үчүн дагы көптөгөн пайдалар бар. Силер аларды жейсиңер. Алардын үстүндө жана кемелерде жол жүрөсүңөр. (Мүминун Сүрөсү, 21-22)**

Учурда көптөгөн илимпоз жана изилдөө-өнүктүрүү (R&D) адиси долбоорун баштоодон мурда мунун жаныбарлардагы өрнөктөрүн изилдөөдө жана алардагы система жана долбоорлорду тууроодо. Башкача айтканда, илимпоздор Аллах табиятта жараткан долбоорлорду көрүп изилдешүүдө жана алардан илхам алышып, жаңы технологияларды иштеп чыгышууда.

Бул жаңы бир илим тармагын пайда кылды: «биомиметика». «Табияттагы жандууларды тууроо» маанисине келген бул илим тармагы өзгөчө акыркы убактарда технология дүйнөсүндө кеңири таркады. Куранда Мүминун Сүрөсүнүн 21-аятында жана Нахл Сүрөсүнүн 66-аятында «сабак алуу, маани, маанилүү нерсе, өрнөк» маанилерине келген «ибретен» сөзүнүн колдонулушу бул жагынан абдан терең мааниге ээ.

Биомиметика – бул адамдар табияттагы системаларды туурап жасаган буюмдардын, аспаптардын, механизм жана системалардын баарын камтыган бир термин. Табияттагы долбоорлор өрнөк алынып жасалган аспаптарга өзгөчө нанотехнология, робот технологиясы, жасалма мээ (AI), медицина индустриясы жана аскердик жабдыктар сыяктуу тармактарда колдонулуу үчүн муктаждык болууда.

Биомиметика (биомимикрия) – алгачкы жолу Монтаналык бир автор жана илим изилдөөчү Жанин М. Бенюз (Janine M. Benyus) тарабынан чыгарылган бир түшүнүк. Кыргызча «био-тууроо» маанисине келген бул түшүнүк буга чейин көп адамдар тарабынан жоромолдонуп, ишке ашырылды. Биомиметика жөнүндө жасалган жоромолдордун бири төмөнкүдөй:

Биомимикрия табияттан модел, критерий жана акыл катары өрнөк ала турган көп нерсебиз бар экенин көрсөтөт. Мындай изилдөөлөрдүн орток чекити – бул табияттагы долбоорлорго урмат көрсөтүшү жана адамдардын кабылган көйгөйлөрдү чечүүдө буларды колдонуп илхам алышы.

Продукттун сапатын жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда табияттан пайдаланган фирмалардын бири болгон Интерфейстин продукт стратеги Давид Оаклей (David Oakley) биомиметика жөнүндө мындай дейт:

Табият менин жумуш жана долбоор темаларында акыл мугалимим, жашоо стилим үчүн бир модел. Табияттын системасы миллиондогон жылдан бери иштөөдө... Биотууроо табияттан үйрөнүүнүн бир жолу.

Акыркы жылдары илимпоздор ылдам тараган бул көз-караштı кабыл алышты; алдыларындагы теңдешсиз жана кемчиликсиз моделдерди өрнөк алышып, иштерине ылдамдык кошушту. Табияттагы долбоорлор эң аз каражат жана энергия менен эң көп натыйжа алышы, өзүн-өзү оңдоо өзгөчөлүгү, кайра иштетүүгө мүмкүн болгон жана табият-досу болушу, үнсүз тынч иштеши, кооз, чыдамкай жана узун өмүрлүү болушу жагынан технологиялык эмгектерге өрнөк болушат. *High Country News* аттуу бир гезитте биомиметикага илимий бир кыймыл катары аныктама берилген жана мындай бир жоромол жасалган:

Табигый системаларды модел алып, учурда биз колдонуп жатканыбыздан бир топ узун мөөнөттүү технологияларды жасоого болот.

Табиятта көргөн кемчиликсиз системалар жөнүндө ойлонуп, табияттагы моделдерди тууроо керек деп ойлогон Жанин М. Бенюз *Biomimicry* (Биомимикрия) аттуу китебинде берген мисалдарынын кээ бирлери төмөнкүлөр:

* Аары жегич канаттуунун 10 граммдан аз бир күйүүчү май менен Мексика Корфезунан өтө алышы,

* Ийнеликтердин эң мыкты вертолеттордон да жакшыраак маневр жасай алышы,

*Термит мунараларында жайгашкан температураны жөнгө салуу жана желдетүү системаларынын каражат жана энергия колдонушу жагынан адамдардын жасагандарынан жакшы болушу,

* Жарганаттын көп-жыштыктуу кабар жөнөтүүчүсүнүн адамдар жасаган радарлардан ийгиликтүү жана сезгичирээк иштеши,

* Жарык чыгарган балырлардын дене чырактарын күйгүзүү үчүн ар кандай химикаттарды бириктириши,

* Уюл балыктары жана бакалардын тоңгондон кийин кайрадан жашоого кайтуулары жана органдарынын муздан жабыркабашы,

* Хамелеондун жана сыя балыгынын жашаган чөйрөлөрүнө толук окшош абалга келе турган негизде терилеринин өңдөрүн, «саймаларын» заматта өзгөртүшү,

* Аарылардын, ташбакалардын жана чымчыктардын колдорунда карталары болбостон, алыс жолго сапар кылуулары,

* Киттердин жана пингвиндердин кычкылтек түтүгүн колдонбостон сууга чөмүлүүлөрү.

Бул жерде бир канча гана мисалы берилген табияттагы таң калтырган ушул сыяктуу механизм жана долбоорлор технологиянын көптөгөн тармагын байытуу потенциалына ээ. Маалыматыбыздын көбөйүшү жана технологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүшү менен бирге бул потенциал күн сайын улам жакшыраак көрүнүүдө.

Жаныбарлардын ар бири адамдарды таң калтырган көптөгөн жаратылуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Кээ бирлери сууда кыймылдоосун камсыз кылуучу эң идеалдуу формага (гидродинамикага) ээ болсо, кээ бирлери биз үчүн абдан жат болгон сезүү органдарын колдонушат. Булардын көпчүлүгү адамдар алгачкы жолу көргөн, тагыраак айтканда, эми байкаган өзгөчөлүктөр. Кээде бир жандыктын бир эле

өзгөчөлүгүн тууроо үчүн компьютер, механика, электроника, математика, физика, химия жана биология сыяктуу илим тармактарынын алдыңкы илимпоздорунун чогулушу керек болууда.

Илимпоздор күн сайын табиятта байкаган теңдешсиз түзүлүштөр жана системалар алдында айраң калышууда жана буларга болгон таң калууларын адамзаттын пайдасына жаңы технологияларды өндүрүү үчүн колдонуу аркылуу көрсөтүшүүдө. Табияттагы кемчиликсиз системалардын, колдонулган кереметтүү ыкмалардын илимпоздордун илими жана акылынан бир топ жогору экенин, көйгөйлөргө теңдешсиз чечүү жолдорду сунганын түшүнгөн илимпоздор эми жылдар бою алектенип чече албаган көп темада табияттагы долбоорлордон жардам алышууда. Мунун натыйжасында кыска мөөнөттө ийгиликтүү натыйжаларга жетүү мүмкүн болууда. Мындан тышкары, табиятты тууроо менен илимпоздор убакыт, эмгек күчү жана ошондой эле материалдык булактарды натыйжалуу пайдалануу жагынан маанилүү ийгиликтерге жетишүүдө.

Учурда өнүккөн технологиянын жаратылуу кереметтерин бир-бирден ачып көрсөтүп жатканын жана «биомиметика» илиминдеги сыяктуу жандыктардагы кереметтүү долбоорлорду өрнөк алып адамзатка кызмат кылып жатканын көрүүдөбүз. Жанин М. Бенюз да табиятты туурасак, тамак-аш жана энергия өндүрүшү, маалымат жыйноо, саламаттыкты сактоо сыяктуу көп тармактарда өзүбүздү оңой гана өнүктүрө алаарыбызды айткан. Бул темаларды колго алган көптөгөн илимий макалалардын бир канчасы төмөнкүлөр:

Илим табиятты тууроодо

Жашоонун долбоордогу сабактары

Биомимикрия: көз алдыбызда жашырылган сырлар

Биомимикрия: табият илхам берген ачылыштар

Биомимикрия: бизди курчаган жогорку талант

Биомиметика: табияттан жакшы дизайндар чыгаруу

Биомиметика: табияттагы долбоорлордон материалдарды жасоо

Инженерлер долбоор үчүн табияттан өрнөк алышууда

19-кылымда табиятты тууроо бир гана коoздук чөйрөсүндө жасалчу. Ошол доордун сүрөтчү жана архитекторлору табияттагы кооздуктардан таасирленип, жасаган эмгектеринде бул түзүлүштөрдүн сырткы көрүнүштөрүн өрнөк алышкан эле. Бирок табияттагы долбоорлордун кереметтүүлүгү жана аларды тууроо адамдарга пайда алып келээри табияттагы механизмдердин молекулярдык деңгээлде изилденип башташы менен гана -20-кылымда- башталган. Учурда илимпоздор жана изилдөөчүлөр, Куранда болжол менен 1400 жыл мурда билдирилгендей, жандыктардан **«сабак (өрнөк)»** алышууда. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Харун Яхья - Аднан Октар, *Биомиметика, технология табиятты өрнөк алууда*).

# ТОП-ТОП БОЛУП ЖҮРҮҮЧҮ ЧЕГИРТКЕЛЕР

**Көздөрү «басмырлангандан жана коркуудан жер карап», «жайылган» чегирткелер сыяктуу кабырларынан чыгышат. (Камер Сүрөсү, 7)**

Бул аятта ыйман кылбагандардын акыреттеги абалдары сүрөттөлүүдө. Жашап өткөн бардык миллиарддаган адамдардын тобу менен тирилиши жайылган чегирткелерге окшотулууда. Албетте, Аллахтын бул мисалды беришинин көп терең маанилери бар.

20-кылымда чегирткелерге микро камералар менен жасалган терең изилдөөлөр учурунда көп маалыматтар алынган. Чегиртке топтору абдан коюу, жыш болушат, бирок бир дене сыяктуу кыймылдашат. Миллиарддаган чегиртке чогулушуп, узундугу жана туурасы киллометрлерге созулган капкара бир жамгыр булуту сыяктуу болуп калышат. Бул топтордун кээ бирлеринин туурасынын 3-5 киллометр жана терeңдигинин бир канча метрге чейин жетээри аныкталган. Чегиртке топтору мынчалык жыштыктан улам абанын карарып булут баскан сыяктуу көрүнүшүнө себеп болушат.

Бул жандыктар жөнүндө алынган дагы бир маалымат болсо – бул алардын жумурткаларын топурактын ичине урук сыяктуу жайгаштырышы жана чегиртке личинкаларынын бир топ мөөнөт жердин астында жаткан соң жер бетине тобу менен чыгышы. Ургаачы чегирткелер топурактын астына 10-15 сантиметрлик бир туннель казган соң бир жолкуда 95-158 личинка таштаашат. Бир чегиртке бул процессти болжол менен үч жолу кайталайт. Личинкалар жетилгенде –абанын температурасына жараша 10-65 күн ичинде- чогуу жердин астынан чыгышат. 1 $м^2$'тык бир аянтта 1000 жумуртка чуңкуру болушу мүмкүн. Чегиртке топтору бир канча жүз $км^2$'тык аянтты каптай турганчалык көп. Бир $км^2$ка туура келген чегиртке саны болсо 40-80 миллионго чейин болот. Чегирткелердин жердин астында болушу, бир топ убакыт бою ал жерде жаткан соң тобу менен жана абдан жыш абалда жер бетине чыгышы кыямат күнү адамдардын тирилишине окшош көрүнүштө болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.)

Учурда чегирткелерди изилдөө үчүн атайын бөлүмдөр курулган жана бул изилдөөлөрдүн кээ бирлеринде алыстан башкарылуучу камера системалары колдонулууда. Ал тургай НАСАнын спутниктик маалыматтары да Африкада чөл чегиртке топтору жашаган аймактарды аныктоо максатында колдонулууда. Спутник маалыматтары жардамында 18 миллион $км^2$'тык аянттарда жерден жана абадан терең изилдөөлөрдү жасоо мүмкүн болууда.

Байкалгандай, чегирткелер жөнүндө мындай маалыматтарды алуу үчүн колдонулган бул технологиялар жок бир доордо мындай бир окшоштуруунун жасалышы Курандын бүт нерсени билген Аллахтын вахийи экендигинин далилдеринин бири.

# КУМУРСКАЛАРДЫН БАЙЛАНЫШ КУРУШУ

Куранда Аз. Сулаймандын аскерлери жөнүндө айтылып жатып, кумурскалар арасында бир «байланыш системасынын бар экенине ишарат кылынууда:

**Анан кумурска өрөөнүнө келишкенде, бир ургаачы кумурска: «Эй кумурска коому, уяларыңарга киргиле, Сулайман менен ордолору (аскерлери) байкабастан силерди эзип кетпесин» деди. (Немл Сүрөсү, 18)**

20-кылымда кумурскаларга жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр бул кичинекей жандыктардын абдан уюшумдуу бир коомдук жашоосу бар экенин жана мындай уюшумдуулуктун бир талабы катары өз ара абдан комплекстүү бир байланыш тармагына ээ экенин аныктаган. *National Geographic* журналында жарык көргөн бир макалада бул жөнүндө мындайча айтылат:

Чоң же кичине кандайдыр бир кумурска башындагы татаал сезүү органдары аркылуу миллиондогон, ал тургай андан да көп химиялык жана көрүү сигналдарын кармайт. Мээ 500000 нерв

клеткасын камтыйт; көздөр бириккен; антеналар адамдагы мурун жана манжа учу сыяктуу кыймылдайт. Ооздун астындагы проекциялар даамды кабылдайт, кылдар тийүүгө жооп берет.

Биз байкабасак да, кумурскалар назик сезүү органдары жардамында абдан көп түрдүү байланыш ыкмаларын колдонушат. Олжосун табуудан бири-бирин ээрчүүгө, уяларын куруудан согушууга чейин жашоолорунун ар бир көз ирмеминде бул сезүү органдарынан пайдаланышат. 2-3 миллиметр квадраттык денелеринин ичине батырылган 500000 нерв клеткалары менен адамдарды таң калтыра турган бир байланыш системасына ээ.

Бул жандыктардын байланыштарындагы реакциялар белгилүү категорияларга бөлүнгөн: сигнал берүү, чогулуу, азыктын ордун кабар берүү, тазалануу, суюк азык алмашуусу, топтошуу, тaануу, максат аныктоо...

Системалуу бир коомду түзгөн кумурскалардын бул реакциялар аркылуу бири-бирине кабар жөнөтүү системасына таянган бир жашоолору бар. Кумурскалар маалымат алып-берүүдө кээде адамдар сүйлөшүп чече албаган багыттарда (чогулуу, бөлүшүү, тазалык, коргонуу сыяктуу) бир топ жакшы байланыш курушат.

Кумурскалар көбүнчө химиялык бир байланыш курушат. Кумурскалар байланыш куруу максатында колдонгон химиялык заттар – бул жарым-химикаттар (semiochemicals) катары белгилүү болгон «феромендер». Жыт катары кабылданган жана ички бездер тарабынан чыгарылган бир суюктук болгон «феромендер» кумурска топторунун уюшуусунда эң маанилүү ролду аткарат. Бир кумурска сигнал катары бул суюктукту чыгарганда, башкалары жыт же даам сезүү органы аркылуу кабарды алышат жана жооп беришет. Кумурска феромендери жөнүндө жасалган изилдөөлөр бардык сигналдардын кумурска тобунун муктаждыктарына жараша чыгарылаарын аныктаган. Ошондой эле, кумурскалар чыгарган феромендин көлөмү абалдын канчалык зарыл экенине жараша өзгөрүүдө.

Байкалгандай, кумурскалар кылган иштерди кыла алуу үчүн терең бир химия илимине муктаждык бар. 14 кылым мурда, кумурскалар жөнүндө мынчалык терең маалымат болбогон бир доордо, кумурскалардын байланыш системасына көңүл бурулушу Курандын илимий кереметтеринин бири. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Karınca Mucizesi* (Кумурска керемети), Araştırma Yayıncılık)

# АЗЫКТЫН АЙЛАНЫШЫ

**Данекти жана урукту жаруучу – бул шексиз Аллах. Ал тирүүнү өлүктөн чыгарат, өлүктү болсо тирүүдөн чыгарат. Мына Аллах ушул. Андай болсо кантип бурулуп кетүүдөсүңөр? (Энъам Сүрөсү, 95)**

Бул аятта Куран түшүрүлгөн доордо билүү мүмкүн болбогон бир азык айлануусуна көңүл бурулган.

Бир жандык өлгөндө, микроорганизмдер аны абдан бат майдалашат. Натыйжада өлүү дене органикалык молекулаларга айланган болот. Бул молекулалар топуракка аралашып, өсүмдүк жана жаныбарлардын, жана натыйжада адамдардын негизги азык булагы болот. Эгер мындай айлануу болбосо, жашоо да мүмкүн болбой калмак.

Бактериялар болсо жандыктардын муктаждыгы болгон минерал жана азыктарды даярдоо милдетин аткарышат. Кыш бою дээрлик өлүк абалда болгон өсүмдүк жана кээ бир жаныбарлар

жазында кайрадан жанданып жатканда муктаж болгон бардык азык жана минералдар кышындагы бактериялардын иш-аракеттери менен камсыз кылынат. Кыш бою бактериялар органикалык калдыктарды, б.а. жаныбар жана өсүмдүк өлүктөрүн майдалап, минералдарга айландырышат.[71] Натыйжада жандыктар жазында ойгонушканда азыктары даяр болгон болот. Бактериялар урматында бир тараптан алар жашаган чөйрөдө бир «жаз тазалыгы» жасалган болсо, экинчи тараптан жазда кайрадан жанданган табият үчүн жетиштүү көлөмдө азык даярдалган болот.

Байкалгандай, өлгөн жандыктар жаңы жандыктардын жашашында биринчи даражадагы ролго ээ. Ошентип Аллах аятта **«тирүүнү өлүктөн чыгарат, өлүктү болсо тирүүдөн чыгарат»** сүйлөмү менен көңүл бурган бул айлануу эч кемчиликсиз ишке ашкан болот. Куранда мынчалык детальдуу бир маалыматка кылымдар мурда көңүл бурулушу – Курандын Аллахтын сөзү экендигинин далилдеринин бири.

# УКТАП ЖАТКАНДА КУЛАКТАРДЫН АКТИВДҮҮ БОЛУШУ

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). (Кехф Сүрөсү, 11)**

Бул аяттагы «кулактарына урдук» сөзүнүн Арапчасы «дарабе» этиши. Арап тилинде бул этиш өтмө мааниде «аларды уктаттык» маанисине келет. Ошондой эле, «дарабе» сөзү кулак менен бирге колдонулганда, «кулактын угушуна тоскоол болуу» маанисине да келет. Аятта уйку жөнүндө бир гана угуу сезимине көңүл бурулушу болсо негизи абдан маанилүү бир маалыматты камтууда.

Илимпоздордун аныктоолору боюнча адам уктап жатканда активдүү абалда болгон жалгыз орган – бул кулак. Ойгонуу үчүн сааттын коңгуроосуна муктаж болгонубуздун себеби да ушул. Аллах Кехф адамдары жөнүндө колдонгон «кулактарына урдук» сөзүнүн мааниси болсо бул жаштардын угуу сезимдеринин жабылганына жана ушул себептен узак жылдар бою ойгонбостон уктаганына ишарат болушу ыктымал.

# УЙКУДА КЫЙМЫЛДООНУН МААНИСИ

**Сен аларды ойгоо деп ойлойсуң, бирок алар (терең уйкуда) уктап жатышат. Биз аларды оң тарапка жана сол тарапка айлантып турдук. Иттери болсо эки колун сунуп жаткан. Аларды көргөнүңдө, алардан артка бурулуп качмаксың, алардан ичиңди коркуу каптамак. (Кехф Сүрөсү, 18)**

Бул аятта жүздөгөн жылдар бою уктаган Кехф адамдарынан сөз кылынууда. Ошондой эле, Аллах бул аятта бул адамдардын денелерин оң жана сол тараптарга айлантканын билдирүүдө. Мунун мааниси болсо жакында гана аныкталды.

Көп убакыт бою бирдей абалда жаткан адамдар олуттуу ден-соолук проблемаларына кабылышат: кан айлануусунда кыйынчылыктардын пайда болушу, териде жаралардын пайда болушу, жерге тийген тараптарда кандын уюшу сыяктуу...

Көп убакыт бою бир тарабы менен жатканда пайда болгон жаралар «басым жаралары» деп да аталат. Себеби көп убакыт бою бир тарап менен жатканда, дененин бир тарабына болгон тынымсыз басым кан-тамырлардын кысылып жабылышына себеп болушу мүмкүн. Мунун натыйжасында кан аркылуу алып жүрүлгөн кычкылтек жана башка азыктар териге жете албайт жана тери өлүп баштайт. Бул абал денеде жаралардын пайда болушуна себеп болот. Эгер бул жаралар дарыланбаса, теринин катмарлары, май жана булчуң кыртыштары да өлүшү мүмкүн.

Теринин же кыртыштын астында пайда болгон мындай жаралар дарыланбаса же инфекцияга кабылышса, ырбап кетиши мүмкүн, ал тургай өмүрдү коркунучка салышы ыктымал. Ушул себептен териге болгон басымды азайтуу үчүн 15 мүнөттө бир жатуу позициясын өзгөртүү эң туура болот. Өз алдынча кыймылдай албаган мунжу оорулуулар да ушул себептен атайын бир кароого алынышат жана 2 саатта бир башка адамдын жардамы менен кыймылдатып турулат. Жогорудагы аятта ушул кылымда аныкталган бул медициналык маалыматтарга көңүл бурулушу – албетте, Курандын дагы бир кереметы.

# ТҮНКҮСҮН КЫЙМЫЛДЫН АЗАЙЫШЫ

**... Түндү бир сүкун (эс алуу), күн жана айды бир эсеп менен кылды... (Энъам Сүрөсү, 96)**

Бул аяттагы Арапча «секенен» сөзү «тынчтык, эс алууга өтүү убагы, эс алуу убагы» маанилерине келет. Аллах Куранда көңүл бургандай, түн адамдар үчүн эс алуу убагы. Түнкүсүн денеде чыгарылган мелатонин гормону адамды уйкуга даярдайт. Бул гормон адамдын физикалык кыймылын жайлатуучу, уйкусуратып, чарчаңкы кылуучу; маанайын бейпил кылуучу табигый бир тынчтандыргыч. Уйку бою жүрөк согушу жана дем алуу ритми жай абалда болуп, кан басымы төмөндөйт. Эрте менен болсо бул гормондун өндүрүшү токтойт жана дене ойгонууга стимул кылынат.

Уйку ошол эле учурда денедеги булчуңдардын жана башка кыртыштардын оңдолушуна, улгайган же өлгөн клеткалардын жаңыланышына да мүмкүнчүлүк берет. Уйку учурунда энергия коротуу азайгандыктан, түнү бою денеде энергия кампаланат. Мындан тышкары, иммундук система үчүн маанилүү кээ бир химикаттар жана чоңойуу гормону да уйку учурунда чыгарылат.

Ошондуктан адам жетиштүү уктабаганда, мындан иммундук системасы ылдам таасирленет жана дене ооруларга туруксуз абалга келет. Бир адам эки түн уктабаганда концентрациясы оордойт, көңүл бурушу төмөндөп, ката кетириши көбөйөт. Бир адам үч күн уктабаса, галюцинация көрүп баштайт жана логикалуу ойлоно албас абалга келет.[79]

Түн адамдар сыяктуу эле башка жандыктар үчүн да бир эс алуу учуру. Аллах «түндүн бир тынчтык кылынышы» аяты аркылуу билдирген бул абал куралсыз көз менен мүмкүн болбогон маанилүү бир чындыкка ишарат кылат: жер бетинде күндүз ишке ашкан көп кыймыл-аракеттер түнү бою жайлап, эс алууга өтөт. Мисалы, өсүмдүктөрдө күндүн чыгышы менен бирге жалбыракта тердөө жана ушуга байланышта фотосинтез жогорулап баштайт. Түштөн кийин болсо бул процесс тескери жүрөт; б.а. фотосинтез жайлайт, дем алуу көбөйөт, себеби абанын температурасынын көтөрүлүшү менен бирге тердөө да ылдамдайт. Түнкүсүн болсо температуранын төмөндөшү менен бирге тердөө жайлайт жана өсүмдүк бейпил абалга келет. Эгер түн бир күн гана болбой койсо, өсүмдүктөрдүн

көпчүлүгү өлүп калмак. Демек түн адамдар сыяктуу эле өсүмдүктөр үчүн да эс алуу жана күчтөнүү маанисине келет.

Түндөлөрү молекулярдык деңгээлде да кыймылдуулук азайат. Күндүздөрү күн тараткан радиация жердин атмосферасындагы атом жана молекулаларды кыймылга келтирип, алардын жогорураак энергия деңгээлине жетишине себеп болот. Караңгы болгондо болсо, атом жана молекулалар төмөнүрөөк энергия деңгээлине түшүшөт жана радиация чыгарып башташат.

Куранда Энъам Сүрөсүнүн 96-аяты менен жогоруда биз сөз кылган ушундай илимий маалыматтарга ишарат кылынып жаткан болушу ыктымал жана бул да Курандын сансыз кереметтеринин бири. (Эң туурасын Аллах билет.)

# БИЙИКТИККЕ КӨТӨРҮЛГӨН САЙЫН КӨКҮРӨКТҮН КЫСЫЛЫШЫ

Адам жашай алуу үчүн кычкылтек жана аба басымына муктаж. Дем алуубуз болсо абадагы кычкылтектин өпкөлөрүбүздөгү аба чөйчөктөрүнө кириши менен мүмкүн болот. Бирок жогору көтөрүлгөн сайын жердин атмосферасы ичкергендиктен, атмосфера басымы, жана натыйжада кан басымына кирген кычкылтектин саны азайат. Мунун натыйжасында дем алуу оордойт. Өпкөнүн аба чөйчөктөрү кысылып, көкүрөктө муунуп жаткан жана аба жетпеген сыяктуу бир сезим пайда болот.

Эгер кандагы кычкылтек дененин муктаждыгынан аз болсо, денеде бир катар кыйынчылыктар пайда болот. Ашыкча чарчоо, баш оору, баштын айланышы, ашказандын кыйналышы жана ой жүгүртүүнүн начарлашы сыяктуу белгилер пайда болот. Белгилүү бир бийиктикке жеткенде болсо адам үчүн дем алуу мүмкүн эмес абалга келет. Ошондуктан биз мындай бийиктикте жашай алуу үчүн кычкылтек колдоосуна жана атайын кийимдерге муктаж болобуз.

Деңиз деңгээлинен 5000-7500 метр бийиктиктеги бир адам дем алуунун оордугу себебинен эстен танып, комага кириши мүмкүн. Ошондуктан учактарда дем алуу үчүн кычкылтек жабдыгы да бар. Учактар деңиз деңгээлинен 9000-10000 метр бийиктикте учуп баратканда кабинада аба басымын жөнгө салуучу атайын системалар бар.

«Аноксия» деп аталган оору да дене кыртыштарына кычкылтектин жетпей калышынан келип чыгат. Мындай кычкылтек жетишпестиги 3000-4500 метр бийиктикте пайда болот. Кээ бир адамдар мындай чөйрөдө эс-учун жоготушу да мүмкүн, бирок ылдам кычкылтек берилсе, аларды өлүмдөн алып калууга болот.

Төмөндөгү аяттагы окшоштурууда бул физикалык чындыкка –бийиктиктин өсүшү менен бирге көкүрөктө пайда болгон өзгөрүүгө- мындайча ишарат кылынууда:

**Аллах кимди хидаятка (туура жолго) жеткиргиси келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачат; кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн, асманга көтөрүлүп бараткандай тар жана машакаттуу кылат. Аллах ыйман келтирбегендердин үстүнө мына ушундай жамандыкты түшүрөт. (Энъам Сүрөсү, 125)**

# КУРАНДЫН КЕЛЕЧЕК МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ КАБАРЛАРЫ

## КИРИШҮҮ

Курандын кереметтүү тараптарынын бири болсо – бул Анын аяттарында келечекте ишке аша турган кээ бир окуялардын алдын ала билдирилиши. Келечек жөнүндө билдирилген бул окуялардын убакыттын өтүшү менен ишке ашышы – Курандын улуу илим ээси болгон Аллахтын сөзү экенин тастыктаган далилдерден.

Бул бөлүмдө Куранда келечек жөнүндө берилген кабарлардан ишке ашкандарынын кээ бирлери терең каралмакчы.

## ВИЗАНТИЯНЫН ЖЕҢИШИ

Куранда келечек жөнүндө берилген кабарлардын бири Рум Сүрөсүнүн башындагы аяттарда орун алат. Бул аяттарда Византия императорлугунун бир жеңилүүгө кабылганы, бирок абдан кыска убакыт ичинде кайра жеңээри билдирилген:

**Алиф. Лам. Мим. Рум (аскерлери) жеңилүүгө дуушар болду. «Дүйнөнүн эң төмөнкү жеринде». Бирок алар жеңилген соң жеңишет. Үч менен тогуз жыл ичинде. Мындан мурун да, кийин да буйрук Аллахтын колунда. Жана ал күнү момундар сүйүнүшөт. (Рум Сүрөсү, 1-4)**

Бул аяттар христиан византиялыктардын 613-614-жылдары путпарас (путка сыйынган) бир коом болгон перстерден абдан оор бир жеңилүүгө кабылышынан болжол менен 7 жылдан кийин б.з. 620-жылдары түшкөн эле. Аяттарда Византиянын абдан жакында жеңээри билдирилген эле. Чынында болсо ал кезде Византия ушунчалык чоң жоготууларга кабылгандыктан, кайра жеңиши мындай турсун, өзүн сактап калышы да мүмкүн эместей болуп турган эле. Перстер византиялыктарды 613-жылы Антакияда жеңишип, жеңишин Сирия, Киликия, Тарсус, Армения жана Иерусалимди каратуу менен улантышкан. Өзгөчө 614-жылы Иерусалимдин колдон чыгышы, Ыйык мазар чиркөөсүнүн кыйратылышы жана Христиан дининин символу «чыныгы кресттин» перстер тарабынан колго алынышы византиялыктар үчүн оор бир сокку болгон эле.

Ал доордо бир гана перстер эмес, аварлар, славяндар жана ломбарддар да Византия мамлекетине чоң бир кооптуулук болуп турган. Аварлар Стамбулдун алдына чейин келишкен эле. Византия ханы Ираклий аскердик күчтүн чыгымдарын камсыздоо үчүн чиркөөлөрдөгү алтын жана күмүш кооздук буюмдарынын ээритилип, акчага айлантылышын буйрук кылган. Ал тургай, булар да жетпеген соң коло айкелдер да акча жасоо үчүн ээритилип башталган. Көптөгөн аким Ираклий ханга баш көтөрүшүп, императорлук бөлүнүү чегине келген эле. Мурда Византия жерлери болгон Месопотамия, Киликия, Сирия, Палестина, Египет жана Армения путпарас перстердин карамагына өткөн.

Кыскача айтканда, бүт баары Византиянын жок болушун күтүп жаткан эле. Бирок дал ушул учурда Рум Сүрөсүнүн алгачкы аяттары вахий кылынды жана Византиянын тогуз жыл өтпөстөн, кайрадан жеңээри билдирилди. Бул жеңиш ушунчалык мүмкүн эместей көрүнгөндүктөн, Арап мушриктери Куранда кабар берилген бул жеңиш эч ишке ашпайт деп ойлошкон эле.

Бирок Курандын бардык кабарлары сыяктуу бул да, албетте, чындык эле. 622-жылы Ираклий Арменияны басып алып, перстерди жеңип, бир топ жеңиштерге жетишти. 627-жылдын декабрь айында Византия жана Перс императорлуктары арасында Багдадга жакын жерде Дижле дарыясынын 50 км чыгыш тарабында жайгашкан Нинова калдыктарына жакын жерде дагы бир чоң согуш болду. Византия аскердик күчү перстерди бул жерде да жеңди. Бир канча айдан соң болсо перстер басып алган жерлерин Византияга кайра берген бир келишимге кол коюуга мажбур болду.

Византиянын жеңиши 630-жылы император Ираклийдин Перс өкүмдары Khosrow II'ни жеңип, Иерусалимди кайра алышы жана Христиан дининин символу «чыныгы крестти» Ыйык мазар чиркөөсүнө кайтарышы менен толукталды.

Ушундайча Аллах Куранда билдирген «Византиянын жеңиши» аяттагы «үч менен тогуз жыл ичинде» деп айтылган убакыт ичинде, кереметтүү абалда ишке ашты.

Бул аяттардагы башка бир керемет болсо – бул ал доордо эч ким аныктай албаган географиялык бир чындыктын билдирилиши. Рум Сүрөсүнүн 3-аятында византиялыктардын **«дүйнөнүн эң төмөнкү жеринде»** жеңилгени айтылат. Арапчасы «эдна эль ард» болгон бул сөз кээ бир Куран маанилеринин котормолорунда «жакын бир жер» деп да которулат. Бирок мындай котормо чыныгы маанини толук чагылтпайт, болжолдуу бир жоромолу гана. «Эдна» сөзү Арап тилинде «төмөн» дегенди билдирген «дени» сөзүнөн келип чыккан жана «эң төмөн» маанисине келет. «Ард» болсо жер жүзү дегенди билдирет. Ошондуктан, «эдна эль ард» сөзү «жер жүзүнүн эң төмөнкү жери» маанисине келет.

Кээ бир тафсирчилер бул аймактын Араптарга жакындыгын эске алышып, сөздүн «эң жакын» маанисин тандашууда. Бирок сөздүн чыныгы мааниси Куран түшүрүлгөн доордо эч ким билиши мүмкүн болбогон абдан маанилүү бир геологиялык чындыкка ишарат кылууда. Себеби дүйнөнүн эң төмөнкү жерин изилдегенибизде, бул жердин византиялыктар 613-614-жылдары жеңилүүгө кабылган жерлердин бири болгон Лут көлү (Dead Sea) бассейни экенин көрөбүз.

Мындай жеңилүүнүн эң оор соккусу, мурдараак да айтылгандай, Лут көлүнө жакын жердеги Иерусалимдеги жеңилүү менен бирге Христиан дининин символу «чыныгы кресттин» колдон чыгышы болгон.

Византия императорлугу менен перстер арасындагы согуш ишке ашкан бул аймак Сирия, Палестина жана азыркы Иордания аймактары кесишкен аймакта орун алган Лут көлү бассейни. Лут көлүнүн айланасы болсо деңиз деңгээлинен 417 метр төмөндө жайгашкан, жер бетинин «эң төмөн» аймагы.

Бул жерде көңүл бурула турган жагдай – бул Лут көлүнүн бийиктигинин заманбап өлчөөлөр менен гана аныкталган болушу. Андан мурда эч кимдин Лут көлүнүн дүйнөнүн эң төмөнкү аймагы экенин билиши мүмкүн эмес эле. Бирок бул аймак Куранда **«жер жүзүнүн эң төмөнкү жери»** деп сүрөттөлгөн. Бул маалымат Курандын Аллахтын сөзү экендигинин дагы бир далили.

# ФАРАОНДУН ДЕНЕСИНИН САКТАЛЫШЫ

Фараон өзүн кудай деп кабыл алган жана Аз. Мусанын Аллахка ыйман келтириши үчүн жасаган чакырыктарына жалган жалаа жана коркутуу менен жооп берген, буларга эмки бөлүмдөрдө тереңирээк токтолмокчубуз. Фараон мындай текебердүү мамилесин өлүм коркунучуна кабылып, суулардын астында калаарын түшүнгөнгө чейин уланткан эле. Куранда Фараондун Аллахтын азабына кабылганда, ошол замат ыйманга багытталганы төмөнкү аяттарда кабар берилген:

**Биз Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк; Фараон жана аскерлери көөп, душмандык менен (алардын) артынан кубалады. Суулар аны чөктүрө турган деңгээлге жеткенде, (Фараон): «Исраил урпактары ишенген (ыйман келтирген) Кудайдан башка кудай жок экенине ишендим жана мен да Мусулмандарданмын» деди. (Йунус Сүрөсү, 90)**

Бирок Аллах Фараондун мындай кезде ыйман келтиришин кабыл кылган эмес. Аллах Фараондун мындай чын ыклассыз мамилесин Куранда төмөнкү аяттар аркылуу билдирет:

**Эмиби? Мурдалары болсо сен баш көтөргөн элең жана бузукулук чыгаргандардан элең. Бүгүн болсо сенден кийинкилерге бир аят (тарыхый бир далил, насаат) болушуң үчүн сени бир гана денең менен куткарабыз (бүт адамдарга өлгөн денеңди көрсөтөбүз). Чынында адамдардын көпчүлүгү Биздин аяттарыбыздан кабарсыз. (Йунус Сүрөсү, 91-92)**

Бул аяттарда Фараонго тиешелүү дененин келечек урпактарга сабак болоорунун билдирилиши дененин «бузулбашына» бир ишарат деп кабыл алууга болот. Куранда 1400 жыл алдын ала кабар берилгендей, учурда тарыхый бир маалымат катары турган бир дене Каирдеги Египет музейинин Хандык мумиялары бөлмөсүндө көргөзмөдө турат. Чоң бир ыктымалдуулук менен, суулардын астында калып, чөгүп өлгөн соң Фараондун денеси жээкке чыгып калган жана египеттиктер тарабынан табылып мурдатан даярдалган мазарына алып барылган.

## МЕККЕНИН КАРАТЫЛЫШЫ

**Ант болсун, элчиси көргөн түштүн акыйкат экенин Аллах чындыкка чыгарды. Эгер Аллах кааласа, силер сөзсүз Харам Мечитине коопсуздук ичинде (тынч гана), чачтарыңарды алдырып, (кээ бирлериңер) кыскартып, (жана) коркпостон киресиңер. Бирок Аллах силер билбегенди билет, ошентип мындан мурда силерге жакын бир жеңиш (насип) кылды. (Фетих Сүрөсү, 27)**

Пайгамбар Мырзабыз Мединада жашап жүргөн кезде көргөн бир түшүндө момундардын коопсуздук ичинде Меккедеги Месжиди Харамга киргенин жана Каабаны тооп кылышканын көргөн жана момундарды бул кабар менен сүйүнчүлөгөн эле. Себеби Меккеден Мединага хижрат кылган момундар ошол кезден бери Меккеге бара албай келишкен.

Аллах Пайгамбарыбызга (сав) Өз Кабатынан бир жардам жана кубат катары Фетих Сүрөсүнүн 27-аятын вахий кылган жана түшүнүн туура экенин, эгер Аллах кааласа, момундардын Меккеге кире алаарын билдирген. Чындап эле, белгилүү мөөнөттөн соң алгач Худайбия тынчтыгы жана андан соң Меккенин каратылышы менен Мусулмандар дал аятта билдирилгендей, коопсуздук ичинде

Месжиди Харамга киришкен. Ушундайча Аллах Пайгамбар Мырзабыз алдын ала билдирген сүйүнүчтүү кабардын чындык экенин көрсөткөн.

Бирок бул жерде көңүл буруу керек болгон маанилүү бир жагдай бар. Фетих Сүрөсүнүн 27-аятына көңүл бурулган болсо, Меккенин каратылышынан мурда ишке аша турган башка бир жеңиш жөнүндө да сөз болгону байкалат. Чынында эле аятта билдирилгендей, Мусулмандар алгач иудейлердин карамагындагы Хайбар мунарасын каратышкан, андан соң болсо Меккеге киришкен.[91]

Меккенин каратылышын сүйүнчүлөгөн башка аяттардын кээ бирлери болсо төмөнкүлөр:

**Алардын үстүнөн силерге жеңиш берген соң, Меккенин ортосунда колдорун силерден жана силердин колдоруңарды алардан Ал (артка) тартты. Аллах кылгандарыңарды толук көрүүчү. (Фетих Сүрөсү, 24)**

**Шексиз, Биз сага апачык бир фетих (жеңиш) бердик. Ошентип Аллах сенин өткөн жана келечектеги (бүт) күнөөңдү кечирсин, сага болгон немат-жакшылыгын толуктасын жана сени туптуура бир жолго багыттасын. Жана Аллах сага «улуу жана даңктуу» бир жеңиш менен жардам берсин. (Фетих Сүрөсү, 1-3)**

Исра Сүрөсүнүн 76-аятында болсо каапырлардын да Меккеде тура албашы мындайча билдирилген:

**Дээрлик сени (бул) жерден (мекениңден) чыгаруу үчүн тынчыңды алышмак эле, андай болсо алар да сенден соң (бул жерде) көпкө жашай алышпайт. (Исра Сүрөсү, 76)**

Пайгамбарыбыз (сав) хижраттын 8-жылы Меккеге кирип, бул шаарды караткан. Эки жылдан соң болсо Аллах Куранда билдиргендей, каапырлар Меккеден чыгышкан. Бул жердеги башка бир маанилүү жагдай болсо мындай: Пайгамбар Мырзабыз момундарга бул сүйүнүчтүү кабарларды айткан кезде, абал эч буга окшошпойт эле. Ал тургай, шарттар толук тескери көрүнүп, мушриктер ыймандууларды эч Меккеге киргизбейбиз деген чечкиндүү маанайда эле. Бул болсо жүрөгүндө «оору» барлардын Пайгамбар Мырзабыздын айткандарына шектенүү менен карашына себеп болгон. Бирок Пайгамбарыбыз (сав) Аллахка ишенип, адамдардын сөзүнө эч маани бербестен, Аллахтын ага билдиргенине ыйман келтирген жана муну адамдарга билдирген. Анын айткандарынын жакынкы бир келечекте ишке ашканы да Курандын маанилүү бир керемети.

# ИСРАИЛ УРПАКТАРЫНЫН ТЕКЕБЕРДҮҮ ЖОГОРУЛАШЫ

**Китепте Исраил урпактарына мындай өкүм бердик: «Силер жер (жүзүн)дө сөзсүз эки жолу бузукулук чыгарасыңар жана сөзсүз абдан текеберленип-көтөрүлөсүңөр. Ал экөөнөн алгачкы убада келгенде, абдан азаптуу пенделерибизди силерге жөнөттүк, (силерди) үйлөрдүн араларына чейин кирип издешти. Бул аткарылчу бир сөз эле. Кийин аларга каршы силерге кайрадан «күч жана кубат бердик», силерге мал-мүлк жана урпактар менен жардам бердик жана коом катары силердин саныңарды көбөйттүк. (Исра Сүрөсү, 4-6)**

Исра Сүрөсүндөгү бул аяттарда билдиригендей, Исраил урпактары жер бетинде эки жолу бузукулук чыгарышат. Булардын алгачкы «бузукулук жана текебердүү жогорулашынан» соң Аллах аларга күчтүү бир аскердик ордо жөнөткөнүн билдирүүдө. Чынында эле Исраил урпактары Аз. Яхьяны өлтүргөн жана Аз. Исаны өлтүрүү үчүн тузак курган доордон, т.а. текебердүү жогорулап, бузукулук чыгаргандан бир аздан соң б.з. 70-жылы римдиктер тарабынан Иерусалимден чыгарылып, бүт дүйнөгө жайылышкан.

Пайгамбар Мырзабызга бул аят вахий кылынган учурда болсо еврейлер ар кайсы өлкөлөрдө чачыранды абалда жашап жатышкан эле жана эч мамлекеттери жок болчу. Аллах болсо аяттарда Исраил урпактарына кайрадан күч берээрин билдирген.

Бирок ал доордо бул кабардын ишке ашышы абдан алыс жана ыктымалдыгы абдан аз көрүнгөн эле. Аллах аяттарда кабар берген бул окуя кылымдардан соң толугу менен ишке ашты. Еврейлер Палестинага кайра кайтышты жана 1948-жылы Израил мамлекетин курушту. Андан соң Исраил мамлекетинде жашаган, улутчул (фашист) көз-караштарга ээ бир катар сионисттердин мамилеси Ортоңку Чыгышта ызы-чуу, согуштарга себеп болду.

Мына ушул абал Исраил урпактары чыгарган экинчи «бузукулукка» ишарат кылууда. Бирок мындай бузукулуктун бардык еврей калкына тиешелүү эмес экенин да айта кетүү керек. Еврей калкы арасында да мындай бузуку мамиле токтошу керек деген көз-карашты жактаган абийирдүү, акылдуу адамдар бар. Бузукулукту күчөткөн бир катар фашист, радикалдуу сионисттер болсо Куранда Раббибиз кеңеш кылгандай **«кечирим (же жеңилдик) жолун танда»**шы (Араф Сүрөсү, 199) зарыл. Ушундай кылышса, Фуссилет Сүрөсүндө билдирилгендей, тынчтык, бир туугандык чөйрөсү Аллахтын каалоосу менен кайрадан курулат:

**Жакшылык менен жамандык тең эмес. Сен эң сонун бир жол менен (жамандыкты) алыстат; ошондо, сени менен анын арасында душмандык болгон адамдын ысык бир досуң болуп калганын (көрөсүң). (Фуссилет Сүрөсү, 34)**

Исраил урпактары жөнүндөгү Исра Сүрөсүнүн аяттарындагы маанилүү нерселердин бири – бул ал доордо эч мүмкүн эместей көрүнгөн жана ал багытта эч кандай бир жылыш же белги болбогон окуялардын келечекте ишке ашаарынын билдирилгени. Албетте, булардын баары Курандын бир керемети.

# КОСМОСТУН АЧЫЛЫШЫ

Адамдардын космосту изилдеши жана ачышы 1957-жылы 4-октябрда советтик «Спутник» аттуу спутниктин космоско чыгарылышынан соң ылдамдады. НАСА (Улуттук аба жана космос башкармалыгы) Спутниктин космоско жөнөтүлүшүн «Космос доорунун» башталышы деп кабыл алат. Жердин орбитасынан чыккан алгачкы адам болсо – бул Восток 1 аттуу рокета менен 1961-жылы космоско чыккан советтик космонавт Юрий Гагарин. Адамдардын айга барышы болсо 1969-жылы 20-июльда америкалыктардын Аполло 11 сапары менен ишке ашкан.

Куранда болсо 1400 жыл мурда адамдардын бул тармактагы болочок жетишкендиктерине жана космоско чыгуунун мүмкүн болооруна ишарат кылынууда. Аллах бул темага Куранда төмөнкү аят менен көңүл буруууда:

**Эй жин жана инсан коомдору, эгер асмандардын жана жердин учтарынан ашып-өтүүгө күчүңөр жетсе, ылдам ашкыла; бирок «улуу бир күч (султан)» болбостон аша албайсыңар. (Рахман Сүрөсү, 33)**

Аятта «жогорку бир күч» деп которулган Арапча «султан» сөзү «далил, күч, кубат, өкүм, мыйзам, жол, авторитет, уруксат, уруксат берүү, жол берүү» сыяктуу маанилерге келет.

Көңүл бурулган болсо, жогорудагы аятта адамдардын асмандардын жана жердин терендиктерине эч өтө албашы эмес, жогорку бир күч менен өтө алаарына басым жасалууда. Жана мындай жогорку бир күч менен 20-кылымда колдонулган жогорку технологияга ишарат кылынып жаткан болушу ыктымал. 20-кылымдагы жогорку технология жардамы менен Аллах Куранда билдиргендей бул нерсе ишке ашкан.

## АЙГА БАРУУ

**Он төртүнө киргенде Айга; силер чынында кабаттан кабатка минип өтөсүңөр. Бирок аларга эмне болду, ыйман келтирбей жатышат? (Иншикак Сүрөсү, 18-20)**

Бул аяттарда айга көңүл бурулган соң кабаттан кабатка минип өтүлөөрү айтылган. «Теркебу» сөзү (унаага) түшүү, бир жол үстүндө басуу, изинен жүрүү, изине түшүү, киришүү, катышуу, ээ болуу маанилерине келген «ракибе» этишинен келип чыккан. Бул маанилер эске алынганда, «кабаттан кабатка минип өтөсүңөр» сүйлөмүндө миниле (түшүлө) турган бир унаага ишарат кылынып жаткан болушу мүмкүн.

Чынында эле айга баруу үчүн колдонулган космос унаалары атмосфера катмарларын бир-бирден өткөн соң космос мейкиндигине жана ал жерден болсо айдын тартылуу аймагына киришет. Ушундайча бири-биринен айырмалуу бир канча катмардын биринин артынан экинчисин өткөн соң айга барууга мүмкүн. Ошондой эле, Иншикак Сүрөсүнүн 18-аятында айга ант ичилиши да бул басымды дагы да күчөтүүдө. Ошондуктан жогорудагы аят менен айга бааруунун ишке ашаарына ишарат кылынып жаткан болушу ыктымал. (Эң туурасын Аллах билет.)

## ЗАМАНБАП УНААЛАР

**Ал силердин минишиңер үчүн жана коохдук-сулуулук аттарды, качырларды жана эшектерди (жаратты). Жана силер билбеген нерселерди да жаратууда. (Нахл Сүрөсү, 8)**

Бул аятта унаа катары саналган жаныбарлардан тышкары адамдар билдеген унаалардын да болооруна көңүл бурулууда. Төмөнкү аятта болсо кеме сыяктуу массалык ташуу унааларынын болооруна ишарат кылынууда:

**Алардын урпактарын (киши) толо кемелерде ташышыбыз да алар үчүн бир аят-далил. Жана алар үчүн (алар) минип жаткан ушуга окшогон (канчалаган) нерселерди жаратышыбыз да. (Йасин Сүрөсү, 41-42)**

# УЧАК ТЕХНОЛОГИЯСЫ

**Сулайманга бороон сыяктуу соккон шамалды (моюн сундурдук), Анын буйругу менен ичинде берекелер болгон жерге сызып барчу. Биз бүт нерсени билүүчүбүз. (Анбия Сүрөсү, 81)**

Бул аяттан байкалгандай, Аллах шамалды Аз. Сулаймандын буйругуна берген жана ар түрдүү иштеринде бир каражат катары колдонушуна мүмкүнчүлүк сунган. Бул аят менен Аз. Сулайман доорундагы сыяктуу, келечекте да шамал энергиясынын технологияда колдонулаарына ишарат кылынып жаткан болушу ыктымал.

**Сулайманга болсо эрте мененки жүрүшү бир ай, шамда кайтышы бир ай (аралык) болгон шамалды (моюн сундурдук)... (Себе Сүрөсү, 12)**

Жогорудагы аятта орун алган **«... эрте мененки жүрүшү бир ай, шамда кайтышы бир ай (аралык) болгон шамалды (моюн сундурдук)...»** сүйлөмү менен болсо Аз. Сулаймандын ар кайсы аймактар арасында ылдам жол басканына көңүл бурулуп жаткан болушу мүмкүн. Аз. Сулайман өз доорунда учурдагы учак технологиясына окшош бир технологияны колдонуп, шамал менен кыймылдаган унаалар жасаган жана булар менен бири-биринен алыс жерлерге кыска убакытта жеткен болушу ыктымал. Албетте, эң туурасын Аллах билет.

Ошондуктан, жогорудагы аяттарда учурдагы учак технологиясына көңүл бурулуп жаткан болушу мүмкүн.

# СҮРӨТТӨЛҮШТҮН БЕРИЛИШИ

**Анын жанындагы китептен илими бар бирөө: «Мен (көз ачып жумганча) аны сага алып келе алам» деди. Анан (Сулайман) анын өз жанында турганын көргөндө (мындай деди): «Бул Раббимдин берешендигинен, «Мага шүгүр кылабы, же нашүгүрдүк кылабы» деп мени сынап жатканы үчүн (бул кереметтүү окуя ишке ашты)... (Немл Сүрөсү, 40)**

Аятта «анын жанындагы китептен илими бар бирөө» деп айтылган адам Аз. Сулайманга Саба ханышасынын тактысын «көз ачып жумганча», б.а. абдан кыска убакыт ичинде алып келе алаарын айтууда. Саба ханышасынын тактысынын алып келиниши учурда колдонулган сүрөттөлүштү

берүүнүн жогорку технологиясына ишарат кылышы мүмкүн. Бул жөнүндөгү дагы бир аят болсо төмөнкүдөй:

**Жиндерден ифрит: «Сен ордуңдан тура электе, мен аны сага алып келе алам, мен чынында буга (муну кылууга) ишенимдүү бир күчкө ээмин.» деди. (Немл Сүрөсү, 39)**

Учурда текст, сүрөт, тасма сыяктуу ар кандай маалыматтын интернет технологиясы менен бир канча мүнөт, ал тургай бир канча секунда ичинде абдан алыс аралыктарды басып өтүшү мүмкүн болууда. Мисалы, Саба ханышасынын тактысын абдан бат бир жерге жөнөтүлүшүнүн баяны аркылуу мындай бир процесстин (мисалы, бир тактыга тиешелүү үч өлчөмдүү сүрөттөлүштүн же сүрөттүн жөнөтүлүшүнүн) интернет аркылуу көз ачып жумганча мүмкүн болооруна да көңүл бурулуп жаткан болушу мүмкүн.

Учурда илимпоздордун ою боюнча, атом жана молекулаларды, ал тургай чоңураак нерселерди жиберүү жакынкы болочокто мүмкүн болмокчу. «Телепортация» деп аталган бул ыкма менен бир жердеги бир буюмдун (нерсенин) материалдык өзгөчөлүктөрү жок кылынып, бул буюмга тиешелүү бардык детальдар жана атомдук түзүлүшү башка бир жерге жөнөтүлүүдө. Кыскача айтканда, буюмдун бардык материалдык өзгөчөлүктөрү кайрадан куралууда. Бул эмгектер убакыт жана мейкиндик жолоочулукка тоскоол болбойт жана буюмдар (нерселер) кандайдыр бир жерге бир көз ирмемде, чындыгында физикалык бир аралыкты басып өтпөстөн жеткириле алат деген мааниге келет.

1998-жылы Калифорния технология институтунун (Caltech) борборундагы физиктер эки европалык топ менен бирге бир фотонду жөнөтө алышкан. Илимпоздор фотондун атомдук түзүлүшүн окуп, бул маалыматты 1 метрге жеткирип, фотондун бир копиясын пайда кылышкан. Андан мурдараак ишке ашырылган башка бир телепортация экспериментинде болсо Улуттук Австралия университетинен (ANU) Пинг Кой Лам (Ping Koy Lam) жана башка изилдөөчүлөр бир лазер нурун кыска бир аралыкка жөнөтө алышкан.

2002-жылы 17-июльда CNN кабар каналындагы бир кабарда Canberra'дагы Улуттук Австралия университетинин физиктеринен турган бир топтун бир лазердик нурду бөлүктөргө бөлүп, бир канча метр башка жерге «иондоштурганы» айтылды. Топтун башчысы Пинг Кой Ламдын болсо «али затты иондоштура албадык, бирок бул мүмкүн жана атом абалындагы заттарды иондоштуруу келечекте мүмкүн болот» деп айтканы кабарланды.

Данияда Aarhus университетинен Юджин Ползик (Eugene Polzik) жана кесиптештеринин *Nature* журналында жарык көргөн изилдөө отчеттору боюнча, лазер нурун колдонуп, көп сандагы атомго кванттык физикадан пайдаланып, ийгиликтүү эксперименттерди жасашкан.

*Scientific American* журналында эмгегин жарыялаган австралиялык физик Антон Цайлингер (Anton Zeilinger) болсо телепортация потенциалы жөнүндөгү анализдеринде бир топ татаал системаларды физика мыйзамдарын тебелебестен ташууга (бир жерге жеткирүүгө) болоорун айткан.

Куранда «**Биз аларга анын акыйкат экени анык болгонго чейин, Өзүбүздүн (кудурет) белгилерибизди мейкиндиктерде жана алардын өздөрүндө көргөзүп койобуз...»** (Фуссилет Сүрөсү, 53) аяты менен билдирилгендей, бул илимий жетишкендиктер да Куранда ишарат кылынган жана Курандын кереметтүү тараптарын ортого койгон технологиялардын бир бөлүгү болушу мүмкүн.

# ЖЫТТЫН БЕРИЛИШИ

**Айтты: «Бүгүн силерге карата сурак, айыптоо жок. Силерди Аллах кечирсин. Ал мээримдүүлөрдүн (эң) мээримдүүсү. Бул көйнөгүм менен баргыла да, атамдын жүзүнө сүрткүлө. Көзү (кайра) көрүп калат. Бүт үй-бүлөңөрдү да мага алып келгиле.» Кербен (Египеттен) чыгып баштаганда, аталары: «Эгер мени акылдан азган дебесеңер, ишенгиле, Йусуфтун жытын (мурдумда) алып жатам» деди. (Йусуф Сүрөсү, 92-94)**

Учурда илимпоздор фотондор сыяктуу атомдорду жана жыт молекулаларын да жакынкы болочокто бир жерден бир жерге жөнөтүүгө мүмкүн болот дешүүдө. Йусуф Сүрөсүнүн 94-аятында Аз. Йусуфтун атасы уулунун жытын сезгенин айтууда. Илимпоздор жакынкы келечекте үч өлчөмдүү сүрөттөлүштү же сүрөттү жөнөткөн сыяктуу жытты жөнөтүү да технологиялык жактан мүмкүн болот дешүүдө. Ошондуктан бул аят учурда аракет кылынып жаткан жытты жиберүүчү алдыңкы технологияга ишарат кылышы ыктымал.

Себеби жыт сезүү –башка сезүү органдарыбыз сыяктуу эле- мээбизде пайда болот. Бир лимондун кабыгынан чыккан химиялык молекулалар мурундагы жыт кабылдагычтарды стимулдайт. Бул жерден электрдик импульс жоромолдонушу үчүн мээге жөнөтүлөт. Ошондуктан бул жытка тиешелүү импульс башка жол менен пайда кылынганда да ошондой эле жытты сезүүгө болот. «Электрдик мурун» деп аталган технология да мунун мүмкүн экенин көрсөткөн эмгектердин бири.

Адамдагы жыт сезүү системасы он миңден ашуун жытты оңой гана айырмалай алууга мүмкүндүк берет. Белгилүү бир химия билимин алган адистер бир атырдагы жүзгө жакын жыттын булагын аныктай алышат. Адамдын мурдундагы мындай улуу жаратылуу көптөгөн илимпозду ушуга окшогон жабдыктарды долбоорлоого стимулдоодо. Дүйнөнүн ар кандай изилдөө-өнүктүрүү борборлорунда адамдагы мындай жыт алуу системасынын копияларын өндүрүүгө аракет жасалууда. Мурун өрнөк алынуу менен иштеп чыгылган бул моделдерге «электрондук мурун» деген ат ыйгарылууда.

Адамдын мурдундагы протеиндерден турган рецепторлордун ордуна электрондук копияларда бир катар химиялык кабылдагыч колдонулат. Бул кабылдагычтардын ар бири ар башка жытты кабылдай турган абалда жасалат; тандай алуу мүмкүнчүлүгү өскөн сайын өндүрүү татаалдайт жана баалары өсөт. Сенсорлор айланадан топтогон сигналдар электрондук системалар аркылуу экилик коддорго айландырылат жана бир компьютерге жөнөтүлөт. Электрондук системалар жыт сезүүгө жооптуу нерв клеткаларынын, компьютер болсо адамдын мээсинин бир копиясы деп элестетүүгө болот. Компьютер ага келген маалыматтарды анализдөөгө программаланат жана мунун жардамында ага келген экилик код системасынан турган сигналдарды жоромолдойт.

Ушундай ыкма менен иштеп чыгылган электрондук мурундар тамак-аш, парфюмерия, медицина жана химия өнөр-жайы сыяктуу ар кайсы тармактарда колдонулууда. Университеттер жана эл аралык уюмдар мындай долбоорлорго абдан колдоо көрсөтүшүүдө. Ошого карабастан, Warwick университетинен Жулиан Гарднер (Julian Gardner) айткандай, электрондук мурун технологиясы али башталгыч этапта гана.

NASA'да эмгектенген илимпоздор болсо космостук изилдөөлөр үчүн абдан сезгич жасалма мурун иштеп чыгышууда. Бул аппарат дээрлик ар түрдүү химиялык кошулманы айырмалай ала турган, адамдын мурдунан кылдатыраак өлчөөлөрдү жасай алат. Бул ыкма менен космостук станциядагы зыяндуу заттарды аныктоо мүмкүн болуп, акылдуу бир коопсуздук системасынын

бөлүгү катары иштейт. Мына ушул технология үн, сүрөттөлүш сыяктуу эле жытты бир жерден бир жерге жиберүүнүн да жакынкы келечекте мүмкүн болушу ыктымал экенин көрсөтүүдө.

# ЭЛЕКТРДИК ТОКТУН КОЛДОНУЛУШУ

**... Ээриген жез металлын ага сел сыяктуу агыздык... (Себе Сүрөсү, 12)**

Аллах Аз. Сулаймандын буйругуна берген чоң немат-жакшылыктардын бири – бул **«ээриген жез металлы»**. Бул аятты көп түрдүү жоромолдоого болот.

Ээриген жездин колдонулушу аркылуу Аз. Сулайман доорунда электрдик ток колдонулган алдыңкы бир технологиянын бар экенине да ишарат кылынып жатышы мүмкүн. Белгилүү болгондой, жез токту жана жылуулукту эң жакшы өткөрүүчү металлдардын бири жана бул жагынан электр өнөр-жайынын негизин түзүүдө. Дүйнөдө өндүрүлгөн жездин маанилүү бөлүгү электр өнөр-жайында колдонулууда.

Аяттагы **«сел сыяктуу агыздык»** сүйлөмү болсо электрдик токту абдан көп тармактарда колдонууга мүмкүн экенине ишарат кылып жатышы ыктымал. (Эң туурасын Аллах билет.)

# АРТЕЗИАН КУДУГУ

**Биз аларды (Исраил урпактарын) өз-өзүнчө уруулар кылып он эки коомго (үммөткө) бөлдүк. Коому андан суу сураганда, Мусага: «Асаң менен ташты ур» деп вахий кылдык. Андан он эки булак атырылып чыкты; ошентип ар бир коом суу иче турган жерин таанышты. Үстүлөрүнө булуттан көлөкө кылдык жана аларга кудурет халвалары менен куш эттерин жаадырдык. (Анан мындай дедик:) «Силерге ырыскы катары бергендерибиздин тазаларынан жегиле.» Алар Бизге зулумдук кылышпады, өздөрүнө гана зулумдук кылышты. (Аьраф Сүрөсү, 160)**

Бул аятта Аз. Мусанын коомунун андан суу талап кылганы, Аз. Мусанын болсо он эки коомдун ар бирин суу иче турган бир жер менен камсыз кылганы баяндалууда. Аз. Мусадан коомунун суу сурашы суудан кыйналып турушканын көрсөтүүдө. Учурда да ушундай бир көйгөй бар. Бүгүнкү күндө 1 миллиарддан ашуун адам таза сууга жете албоодо; 2,4 миллиард адам ден-соолукка толук ылайыктуу болбогон шарттардагы сууну колдонушууда. 2025-жылга жасалган божомолдор боюнча суу көйгөйүнөн жабыр тарта турган адамдардын санынын 5 миллиард болоору күтүлүүдө. Суу булактарынын жетишсиздигинен жыл сайын 12 миллион адам каза болууда. Мунун 3 миллионун суудан келип чыккан оорулардан өлгөн жаш балдар түзөт.[1]

Учурда дүйнө калкынын 8%ын түзгөн 31 өлкө үзгүлтүксүз таза суу көйгөйү менен жашашууда. 2025-жылга жеткенде 48 өлкөнүн ушул сыяктуу көйгөйгө кабылаары күтүлүүдө. БУУнун божомолдору боюнча, 2025-жылга жакын ичүүгө мүмкүн болгон суу мындан да тартыш бир ресурска айланат жана калктын жай өсүшүнө жараша суудан кыйналган 131 миллион адамдын саны 817 миллионго, калк бат өскөн болсо 1,079 миллиард адамга жетет.

Жер астындагы суулар жер жүзүндөгү эң ири тузсуз суу ресурсу, жана бүгүнкү күндө колдонууга мүмкүн болгон тузсуз суу резервдеринин 90%дан көбүн түзөт. Жер астындагы суулар жер бетиндеги болжол менен 2 миллиард адамдын суу муктаждыгын камсыздап, көп өлкөлөр үчүн абдан чоң мааниге ээ. Америка калкынын болжол менен 50%ынын негизги суу булагы – бул жер астындагы суулар, тоолуу аймактарда бул көрсөткүч 95%га чейин чыгат. Жер астындагы суулар эң ишенимдүү жана эң коопсуз тузсуз суу булактары болуп саналат. Ошол эле учурда бул суулар геотермалдык энергия абалында энергия өндүрүшү үчүн жана жылуулук насостору колдонулуу менен энергияны үнөмдөө максатында да колдонулууда.

Жердин астына сиңген суу жердин астында суу өткөрбөс бир катмарга жеткенде, ал жерде чогулуп бир суу ресурсун түзүүдө. Бул суу жер бетине артезиан ыкмасы менен чыгарылууда. Артезиан булактар – бул жер астындагы сууларды кампалоо максатында суу сактагыч катары кызмат кылган, майда породалар же таштардан турган түзүлүштөр.

Артезиан кудуктарынын таштуу аймактарда болушу аяттагы сүрөттөөгө дал келет. Аллахтын Аьраф Сүрөсүнүн 160-аятында Аз. Мусага ташты урушун же ташты көтөрүшүн буйрук кылышы да ушундай бир ыкмага ишарат кылып жаткан болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.) Аятта «ур» деп которулган «идриб» этиши ошол эле учурда көтөрүү, ачуу маанилерине келет. Ошондуктан бул жерде сүрөттөлгөн ташты көтөрүү менен ачылган суу булагы болушу мүмкүн. Натыйжада артезиан кудуктарындагы сыяктуу басым астындагы суу аяттагы «атылып чыгуу, эркин агуу, ашуу, жерден кайнап агуу» маанилерине келген «инбежесет» сөзү менен айтылган абалда пайда болгон болушу ыктымал. Тешилип ачылган артезиан булактарында сууга алгач жеткенде басымдын таасири менен суу жер бетин көздөй атылат. Эгер жетиштүү басым пайда болсо, анда суу насостун көмөгүсүз жер бетине чыгышын улантышы мүмкүн.

Учурда –Аз. Муса суу көйгөйүн ташты көтөрүү менен чечкен сыяктуу- суу көйгөйүнө жер астындагы суулар менен чечүү жолунун изделиши жана андан пайдалануунун эң натыйжалуу ыкмасынын артезиан кудуктары болушу абдан көңүл бурат. Ошондуктан Аьраф Сүрөсүнүн 160-аятында алгачкысы Франциянын Артуа (Artois) аймагында 1126-жылы ачылган артезиан кудуктарына ишарат кылынып жаткан болушу мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.)

# ТЕХНОЛОГИЯДА КУМУРСКА ОРДОСУ

**Анан кумурска өрөөнүнө келишкенде, бир ургаачы кумурска: «Эй кумурска коому, уяларыңарга киргиле, Сулайман менен ордолору (аскерлери) байкабастан силерди эзип кетпесин» деди. (Немл Сүрөсү, 18)**

Бул аятта «кумурска өрөөнү» деп аталган атайын бир жерге жана өзгөчө кумурскаларга көңүл бурулууда. Аз. Сулаймандын кумурскалардын өз ара маегин угушунда болсо компьютер технологиясында ишке аша турган өнүгүүлөргө карата кээ бир маанилүү ишараттар болушу мүмкүн. Учурда «силикон өрөөнү» термини технология дүйнөсүнүн борборун түшүндүрөт. Аз. Сулайман кыссасында да бир «кумурска өрөөнүнөн» сөз кылынышы абдан терең маанилүү. Аллах бул аят менен келечекте ишке аша турган алдыңкы бир технологияга көңүл буруп жаткан болушу ыктымал.

Ошондой эле, учурда кумурскалар жана кээ бир курт-кумурска түрлөрү жогорку технология тармагында кеңири колдонулууда. Бул жандыктар өрнөк алынуу менен иштеп чыгылган робот

долбоорлору коргонуу индустриясынан технология тармагына чейин көп тармакта кызмат кылышы максатталууда. Аятта буларга да ишарат кылынып жатышы мүмкүн.

## Мини технологиядагы акыркы жаңылык: робот кумурска ордосу

Кумурскалар өрнөк алынып иштеп чыгылган долбоорлордун эң атактуусу – бул көп өлкөлөрдө бири-биринен көз-карандысыз жүргүзүлүп жаткан «робот кумурска ордосу долбоорлору». Мисалы, Виржиния политехникалык институту (Virginia Polytechnic Institute) жана Виржиния мамлекеттик университети (Virginia State University) тарабынан жүргүзүлгөн бир изилдөө кичинекей, арзан жана жөнөкөй роботторду иштеп чыгууну көздөөдө. Максат – баары бири-бирине окшош көрүнүштөгү бул роботтордон бир робот ордосун түзүү. Долбоордун жооптуулары бул роботтордун колдонууга ыңгайлуу болушунун себебин төмөнкүчө түшүндүрүшүүдө: «Группа болуп кыймыл-аракет кылышы, координация ичинде, бир команда сыяктуу физикалык жумуштарды аткарышы жана ортоктошуп чечим кабыл алышы». Мындай робот ордолорунун бардык механикалык жана электрдик долбоорлору бир кумурска коомунун кыймыл-аракеттери эске алынуу менен долбоорлонгон. Кумурскаларга окшоштугу себептүү булар «кумурска ордосу» роботтору деп аталышат.

«Кумурска ордосу» робот системасы башында бир «материал ташуу системасы» катары долбоорлонгон. Бул сценарий боюнча, бир канча робот ортоктошуп буюмдарды көтөрүп ташууга милдеттендирилмек. Кийинчерээк башка кызматтарды да аткарышсын деген чечим алынды.

Бир макалада бул роботтордун кандай максатта колдонулаары мындайча сүрөттөлгөн:

Ядролук жана кооптуу заттарды тазалоо, металлургия (материал чыгаруу жана куткаруу), мина тазалоо, кабар чогултуу жана күзөт, планеталардын изилдениши жана казуу иштери.

Кумурска робот технологиясы тармагынын адиси Израель А. Вагнер (Israel A. Wagner) тарабынан Израил парламентине сунулган бир отчетто болсо кумурска робот долбоорлору мындайча сүрөттөлүүдө:

Кумурска-роботтор – бул орток бир максатты ишке ашыруу үчүн долбоорлонгон нерселер. Булар абдан аз энергия колдонушат жана иштеген аймактарында көп издерди калтырышып байланыш курушат. Жумуштардын бул роботтор арасында бөлүнүшү же борбордук башкарууну камсыз кылган жана башка агенттерге буйрук жөнөткөн бир индивид тарабынан ишке ашырылат же болбосо индивиддерге мурдатан баш ийүү шарты менен берилген бир кызматтын жасалышы түрүндө да болушу мүмкүн.

Үчүнчү бир жол болсо жумуш убагында мындай кызматташуунун табигый түрдө, алдын ала чечим алынбастан ортого чыгышы. Буларды колдонуу максаты изилдөө, карта чыгаруу, бир үйдүн түбүн тазалоо, белгисиз бир планетаны изилдөө же бир мина талаасын тазалоо болушу мүмкүн.

Бул мисалдардан да байкалгандай, учурда кумурскалардын коомдук жашоосу көптөгөн долбоордун негизин түзүүдө жана кумурскалар өрнөк алынып жасалган робот технологиялары адамдарга пайда келтирүүдө. Мына ушул себептен Аз. Сулайман кыссасында кумурскаларга жана алар жашаган өрөөнгө көңүл бурулушу абдан маанилүү. Аяттардагы «кумурска» сөзү менен роботтордон турган бир ордого ишарат кылынып жатышы мүмкүн. Аяттарда, мындан тышкары, келечекте робот технологиясында ишке аша турган өнүгүүлөргө, роботтордун адамдардын жашоосунда маанилүү бир кызмат аткараарына, көптөгөн оор жумуштарды адамдардын ордуна жасап алардын жашоосун мындан да комфорттуу кылаарына ишарат кылышы ыктымал. Албетте, эң туурасын Аллах билет.

# АТОМ ЭНЕРГИЯСЫ ЖАНА ЯДРОЛУК БӨЛҮНҮҮ (FISSION)

**Данекти жана урукту жаруучу – бул шексиз Аллах. Ал тирүүнү өлүүдөн чыгарат, өлүүнү болсо тирүүдөн чыгарат. Мына Аллах ушул. Андай болсо кантип бурулуп кетүүдөсүңөр? (Энъам Сүрөсү, 95)**

Энъам Сүрөсүнүн 95-аятында «данек» (элхабби) жана «урук» (эннева) сөздөрү менен атомдун жарылышы, бөлүнүшү менен байланыштуу бир абалга ишарат кылынган болушу мүмкүн. «Эннева» сөзүнүн сөздүктөгү маанилери арасында урук, борбор, ядро бар. Ошондой эле, аятта сүрөттөлгөн тирүүнүн өлүктөн чыгарылышын «өлүк болгон энергиядан Аллахтын затты жаратышы» катары жоромолдоого болот. Өлүктүн тирүүдөн чыгышы болсо заттын (материянын) атому кыймылдуу болгондуктан (тирүү), заттан энергиянын (өлүк) чыгышы болушу ыктымал. (Эң туурасын Аллах билет.) Себеби тирүү деп которулган «элхаййе» жандуу маанисинен тышкары активдүү, энергиялуу маанилерине да келет. Өлүк деп которулган «элмеййити» сөзү болсо жансыз маанисин берүү менен бирге энергияны айтып жаткан болушу ыктымал.

Энергияга илимпоздор тарабынан жумуш жасоо кубаттуулугу деп аныктама берилүүдө. Зат болсо жер бетиндеги жана ааламдын ичиндеги нерселерди түзгөн материал жана электрондук микроскоп менен көрүүгө мүмкүн болгон кыймыл абалындагы атом жана молекулалардан турат. Альберт Эйнштейн 20-кылымдын башында энергия жана заттын атом деңгээлинде бири-бири менен байланышта экенин айтып, затты энергияга айлантууга болоорун айткан.[108] Бул жогоруда сүрөттөлгөн тирүүдөн өлүктүн чыгышы, т.а. атом деңгээлинде кыймылдуу заттан энергиянын алынышы болушу ыктымал. Ошондой эле, «чыгарат» деп которулган «йухрижу» сөзү сыртка чыгаруу, чачуу, сыртты көздөй чыгаруу, жайуу (мисалы электрдик толкундарды) маанилерине келет. Ошондуктан аяттагы сөздөр атомдон алынган энергия ыкмасын сүрөттөп жатышы мүмкүн. (Эң туурасын Аллах билет.)

Белгилүү болгондой, учурда атомдун ядросун жарып бөлүктөргө бөлүүгө болот. Эйнштейндин теорияларына таянган илимпоздор 1940-жылдары ядролук бөлүнүү жолу менен заттан энергия ала алышкан. Атомдордун бөлүнүшү же жарылышы менен ишке ашкан бул процесс «ядролук бөлүнүү» (fission) деп аталат. Энъам Сүрөсүнүн 95-аятында «фалику» сөзү менен айтылган «жаруу» этиши болсо «бөлүнүү» сөзүнүн сөздүк мааниси болгон (атом ядросун) жарып майдалоо процессин сүрөттөп жатышы мүмкүн. Бул процесс ишке ашырылганда кереметтүү көп өлчөмдө энергия сыртка чыгат.

Энъам Сүрөсүнүн 95-аятындагы сөздөр маанилери жагынан абдан терең мааниге ээ. Бул аятта сүрөттөлгөн кубулуштар атом энергиясын алуу жолу болгон атомдун ядросун майдалоо процессине абдан окшошот. Ошондуктан бул аятта 20-кылымдын технологиясы менен мүмкүн болгон ядролук бөлүнүү ыкмасына ишарат кылынып жатышы ыктымал. (Эң туурасын Аллах билет.)

# КУРАНДЫН ТАРЫХЫЙ КЕРЕМЕТТЕРИ

## ХАМАН ЖАНА БАЙЫРКЫ ЕГИПЕТ ЖАЗУУЛАРЫ

Куранда Байыркы Египет жөнүндө берилген маалыматтардын кээ бирлери жакынкы убакка чейин жашыруун болуп келген кээ бир тарыхый чындыктарды ачыкка чыгарууда. Бул чындыктар Курандагы ар бир сөздүн белгилүү бир терең максатка ылайык колдонулганын бизге көрсөтүүдө.

Куранда Фараон менен бирге аты аталган адамдардын бири – бул «Хаман». Хаман Курандын 6-аятында Фараондун эң жакын адамдарынын бири катары эскерилет.

Ал эми Тооротто болсо Аз. Мусанын өмүрү баяндалган бөлүмдө Хамандын аты эч аталбайт. Бирок Хаман аты Байыркы Ахиттин (Ветхий Завет) кийинки бөлүмдөрүндө Аз. Мусадан болжол менен 1100 жыл кийин жашаган жана еврейлерге зулумдук кылган бир Вавилон ханынын жардамчысы катары айтылат.

Куран жөнүндө акылга сыйбас жоромолдорду жасаган Мусулман эместердин доомattарынын жараксыз экени бир Египет иероглифинин мындан болжол менен 200 жыл мурда окулуп, байыркы Египет жазууларында «Хаман» атынын табылышы менен ортого чыкты. 18-кылымга чейин Байыркы Египет тилинде жазылган эпитафия жана жазууларды окуу мүмкүн эмес эле. Байыркы Египет тили иероглиф эле жана кылымдар бою бул тил колдонулуп келген. Бирок б.з. 2- жана 3-кылымында Христиан дининин жайылышы жана маданий таасири натыйжасында Египет дини менен кошо тилин да унутту; жазууларда иероглифти колдонуу азайды жана токтоду. Иероглиф жазуусунун акыркы колдонулушу катары билинген жыл – бул б.з. 394-жылына тиешелүү бир эпитафия. Андан соң бул тил унутулган жана бул тилде жазылган жазууларды окуй алган жана түшүнө алган адамдар калган эмес. Мындан болжол менен эки жүз жыл мурдага чейин...

Байыркы Египет иероглифи 1799-жылы Rosetta Stone деп аталган б.з.ч. 196-жылга тиешелүү бир эпитафиянын табылышы менен түшүнүктүү болуп калды. Бул тактайдын (таблетка) өзгөчөлүгү үч башка тилде жазылганы эле: иероглиф, демотика (иероглифтин кол жазма түрү) жана грекче. Грек тилиндеги тексттин жардамы менен тактайдагы байыркы Египет жазуусун түшүнүүгө аракет кылынды. Жазууну толук түшүнүү Жан-Франсуа Шамполлион (Jean-Françoise Champollion) аттуу француз тарабынан жыйынтыкталды. Натыйжада унутулган бир тил жана бул тил баяндаган тарых ачыкка чыкты. Мунун жардамы менен байыркы Египет цивилизациясы, алардын диндери жана коомдук жашоолору жөнүндө көп маалыматтар алынды.

Иероглифти түшүнүүнүн натыйжасында биздин темабыз менен байланыштуу болгон абдан маанилүү бир маалымат да алынды: «Хаман» аты чындап эле Египет жазууларында бар эле. Венадагы Хоф (Hof) музейинде турган бир эстеликтин бетинде бул ысымдан сөз кылынган. Ошол эле жазууда Хамандын Фараон менен болгон байланышы да айтылган.

Бардык жазууларга таянып даярдалган «Жаңы хандыктагы адамдар» сөздүгүндө болсо Хамандан «Таш очокторунда иштегендердин башчысы» катары сөз кылынган эле.

Алынган жыйынтык маанилүү бир чындыкты көрсөткөн. Хаман – дал Куранда айтылгандай, Аз. Муса заманында Египетте жашаган бир адам эле. Куранда айтылгандай, Фараонго абдан жакын эле жана курулуш иштери менен алектенген.

Куранда Фараондун мунара куруу жумушун Хамандан талап кылганын кабар берген аят бул археологиялык табылга менен толук дал келет:

**Фараон: «Эй алдыңкылар (башчылар), силер үчүн менден башка кудай бар экенин билбейм. Эй Хаман, ылайдын үстүндө бир от жагып, мага бийик бир мунара курчу, балким Мусанын Кудайына чыгаармын, себеби чынында мен аны жалганчылардан деп ойлоймун» деди. (Касас Сүрөсү, 38)**

Жыйынтыктасак, Байыркы Египет жазууларында Хамандын атынын болушу Курандын кайып кабарларын билген Аллах Кабатынан түшүрүлгөнүн дагы бир жолу ортого койду. Себеби Куранда Пайгамбар Мырзабыз жашаган доордо табылышы жана чечмелениши мүмкүн болбогон бир тарыхый маалымат кереметтүү абалда бизге берилген эле.

# АЗ. МУСА ЖАНА ДЕҢИЗДИН БӨЛҮНҮШҮ

Фараон деп таанылган Египет хандары байыркы Египеттин көп кудайлуу батыл дининде өздөрүн кудай деп кабыл алышчу эле. Аллах Египет калкы акыйкат диндин ордуна батыл (негизсиз, жалган) бир системаны кабыл алган жана Исраил урпактары кул кылынган бир доордо Аз. Мусаны элчиси (пайгамбар) катары Египет коомуна жөнөткөн.

Бирок байыркы Египеттиктер –Фараон жана чөйрөсү баш болуп- Аз. Мусанын акыйкат динге болгон чакырыгына карабастан путпарасттык ишенимдеринен кайтпай жатышкан эле. Аз. Муса Фараонго жана анын жакын чөйрөсүнө өздөрүн тыйышы керек болгон нерселерди баяндап берип, аларды Аллахтын азабы менен эскерткен. Бирок алар баш көтөрүп, Аз. Мусаны жинди, сыйкырчы жана жалганчы деп күнөөлөшкөн. Фараон жана анын коомуна көп санда балээ берилгенине карабастан, алар Аллахка моюн сунушкан эмес; Аллахты жалгыз Кудай деп кабыл алышкан эмес. Ал тургай, баштарына келген балээлерге Аз. Мусаны айыпташып, аны Египеттен айдагылары келген. Аллах Куранда Аз. Муса жана анын жанындагы ыймандууларга мындай буюрган:

**Мусага: «Пенделеримди түнкүсүн жолго (сапарга) алып чык, себеби силердин изиңерден куугунчулар түшүшөт» деп вахий кылдык. (Алардын качканын түшүнгөн) Фараон шаарларга (аскер) чогултуучуларды жиберди. «Чынында алар аз сандагы бир коом. Жана албетте бизди абдан жек көрүшөт. Биз болсо сак (эстүү) бир коомбуз» (деди). Ошентип Биз аларды (Фараон менен анын коомун) бакчалардан жана булактардан сүрүп чыгардык. Казыналардан жана мурастуу макам(дар)дан да. Ошондой (болду); аларга Исраил урпактарын мураскор кылдык. Ошентип (Фараон менен аскерлери) күн чыгаарда аларды кууп жөнөштү. (Шуара Сүрөсү, 52-60)**

Куранда кабар берилгендей, мындай кубалоодон соң эки коом кезиккен кезде Аллах деңизди экиге бөлүп, Аз. Мусаны жана аны менен бирге ыйман келтиргендерди куткарып, Фараон жана анын коомун болсо кыйроого дуушар кылган. Куранда Аллахтын ыйман келтиргендерге болгон бул жардамы мындайча айтылат:

**Анан (Биз) Мусага: «Асаң менен деңизди ур» деп вахий кылдык. (Урду жана) Деңиз ошол замат экиге бөлүндү да ар бир бөлүгү чоң бир тоодой болду. Беркилерди да ал жерге**

**жакындаттык. Мусаны жана анын жанындагыларды куткардык. Кийин беркилерди суудa чөктүрдүк. Албетте, мында бир аят бар. Бирок алардын көпчүлүгү ыйман келтиришпейт. Жана эч шексиз, сенин Раббиң күчтүү жана Улуу, боорукер. (Шуара Сүрөсү, 63-68)**

Бул жөнүндө жакында табылган, Фараон заманынан калган папирустарда мындай баяндар кездешкен:

Сарайдын ак бөлмөсүнүн кароолчусу китептеринин башчысы Аменамониден катчы Пентерхорго:

Бул кат колуңузга тийгенде жана чекити чекитине окулганда, жүрөгүңдү сыга турган кайгылуу кырсыкты, **суу айлампасына кабылуу кырсыктарын** угуп, жүрөгүңдү бороон алдындагы жалбырак сыяктуу эң күчтүү азапка тапшыр...

... Кырсык күчтүү жакырчылык кокустан аны кармады. **Суулар ичинде уйку, жандууну айоолуу бир нерсеге айлантты...** Башчылардын өлүмүн, **коомдордун мырзасынын чыгыш жана батыштардын ханынын кыйрашын элестет.** Сага жөнөткөн кабарымды кайсы кабарга салыштырууга болот?

Куранда өтмүш жөнүндө баяндалган окуялардын учурда тарыхый далилдер менен ачыкка чыгышы, албетте, Курандын маанилүү бир кереметі. (Караңыз. Harun Yahya, *Hazreti Musa* (Азрети Муса), Araştırma Yayıncılık)

Аз. Муса жана Исраил урпактары Кызыл деңизден өтүп баратып баштарынан өткөргөн бул керемет бир катар изилдөөлөргө тема болгон. Жүргүзүлгөн археологиялык изилдөөлөрдө Египеттен чыккан соң Кызыл деңизге чейин басып өтүлгөн жолдон тышкары, Фараон менен Аз. Муса жана коому кез келген жердин географиялык жактан тоолор менен курчалган бир жер экенин да аныктаган. (Эң туурасын Аллах билет.)

Бул маалыматтарга таянган илимпоздор бир катар изилдөө жана анализдерден соң деңиздин кандайча экиге бөлүнгөнү жөнүндө маанилүү жыйынтыктарды алышкан. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы Куранда билдирилген окуяга толук дал келген эле.

Наум Вольцингер (Naum Volzinger) жана Алексей Андросов аттуу эки орус математик Аз. Мусанын Кызыл деңизди «ортодон экиге» бөлүшүнүн мүмкүн экенин математикалык жактан далилдешти. Орус математиктер бул кереметтин ыктымалдуулук эсебин жасаган илимпоздордун тескерисинче, кереметти пайда кылышы мүмкүн болгон шарттарды анализ кылышты жана бул анализдер аларды кереметти тастыктаган жыйынтыкка алып барды.

Бул илимпоздордун Россия Илимдер академиясынын бюлтениндеги сөздөрү боюнча, Кызыл деңизде ал замандарда суунун бетине жакын ири бир тоо бар эле. Буга таянып бул илимпоздор тоонун суу деңгээлинин үстүнө чыгып калышын мүмкүн кылуучу бороондун күчүн жана шамалдын ылдамдыгын эсептөөгө аракет кылышты. Жасаган эмгектери натыйжасында ылдамдыгы секундасына 30 метрге жеткен бир шамалдын деңиздин тартылып, тоонун суу бетинин үстүнө чыгышына себеп боло алаары аныкталды. Россиянын океан изилдөө институтунан Наум Вольцингер ушундайча саны 600 миңге жеткен еврейдин 7 километр узундуктагы тоо-ташты басып, төрт саатта аркы өйүзгө өтө алаарын аныктаганын айтты. Еврейлер өткөндөн жарым сааттан соң болсо тоонун кайрадан суу астында калып, аларды кууп келаткан египеттиктердин ушундайча чөгүп кетиши мүмкүн экенин айтты. Ошондой эле, Вольцингер кесиптеши Андросов менен бирге Исаак Ньютондун төмөнкү сөзүнө таянып, бул эмгегин баштаашканын айткан:

Аллахтын дүйнөнү физика мыйзамдары менен башкарганына ынандым.

Бир нерсени унутпаш керек, мындай табигый кубулуштун дайыма болуу ыктымалдыгы бар. Аллахтын каалоосу менен, шамалдын ылдамдыгы, орду жана убактысы сыяктуу шарттар керектүү абалда ишке ашканда бул керемет кайрадан болушу мүмкүн. Бирок бул жердеги негизги кереметтүү тарап – бул окуялардын Аз. Муса жана Исраил урпактары мына жеңилүүгө кабылат деп турган учурда ишке ашкандыгы. Дал Аз. Муса менен бирге коому өтө турган убакта суулар тартылып, Фараон жана аскерлери өтүп баратканда суулардын кайра көтөрүлүшү Аллахтын ыймандууларга болгон жардамынын апачык бир мисалы. Аз. Муса мына ушундай оор учурда Аллахка таянып, ишенүү менен абдан сонун бир ахлак мисалын көрсөткөн:

**Эки коом бири-бирин көргөндө, Мусанын адамдары: «Чындап кармалдык» дешти. (Муса:) «Жок» деди. «Шексиз Раббим мени менен бирге; мага жол көрсөтөт.» (Шуара Сүрөсү, 61-62)**

# ФАРАОН ЖАНА АНЫН ЧӨЙРӨСҮНӨ КЕЛГЕН БАЛЭЭЛЕР

Фараон жана анын жакын чөйрөсү өздөрүнүн көп кудайлуу системаларын, путпарасттык ишенимин ушунчалык бекем тутунушкандыктан, Аз. Мусанын кереметтер менен келиши да аларды бул батыл (негизсиз, жалган) ишенимдеринен кайтара алган эмес. Болгондо да муну апачык айтышкан:

**Алар: «Бизди сыйкырлоо үчүн эмне керемет (аят) алып келсең да, баары бир биз сага ишенбейбиз.» дешти. (Аьраф Сүрөсү, 132)**

Мындай мамилелерине жооп катары Аллах аларга бул дүйнөдө да бир азап таттыруу үчүн аятта айтылгандай, **«өз-өзүнчө кереметтер»** (Аьраф Сүрөсү, 133) балээлерди жиберди. Булардын биринчиси кургакчылык жана натыйжада түшүмдүн азайышы эле. Бул жөнүндө Куран аяты төмөнкүдөй:

**Ант болсун, Биз Фараон (үй-бүлө)сүн балким насаат алып-ойлонушат деп жылдар бою кургакчылык жана түшүм каатчылыгына туш кылдык. (Аьраф Сүрөсү, 130)**

Египеттиктер айыл-чарба системаларын Нил дарыясына таяшкан эле жана мунун урматында табигый шарттардын өзгөрүшү аларга таасир этчү эмес. Бирок Фараон жана анын жакын чөйрөсүнүн Аллахка карата бой көтөрүшү жана Аллахтын пайгамбарларын тааныбашы себебинен аларга күтүлбөгөн бир балээ келген эле. Бирок аятта да айтылгандай, «сабак алып ойлонуунун» ордуна, болуп жаткандарды Аз. Муса жана Исраил урпактары алып келген бир бактысыздык деп кабыл алышты. Андан соң Аллах бир катар балээлерди жөнөттү. Бул балээлер Куранда мындайча билдирилген:

**Анан өз-өзүнчө кереметтер (аяттар) катары аларга топон, чегиртке, буудай куртун, бака жана канды (баштарына) жөнөттүк. Кайра эле бой көтөрүштү жана кылмышкер-күнөөкөр бир коом болушту. (Аьраф Сүрөсү, 133)**

Египет калкынын башына келген балээлер жөнүндө Папируста орун алган маалыматтар дал Куранда баяндалгандай эле. Куранда Египет калкынын башына келген бул балээлер жөнүндө айтылгандар 19-кылымдын башында Орто хандык доорунан калган Ипувер (Ipuwer) папирустарынын Египетте табылышы менен Куранда айтылган чындыктар дагы бир жолу тастыкталды. Бул папирус табылган соң 1909-жылы Leiden Голландия музейине алып барылып, А. Х. Гардинер (A. H. Gardiner) тарабынан которулду. Папируста Египеттеги жокчулук, кургакчылык сыяктуу балээлер жана Египеттен кулдардын качышы баяндалууда. Ошондой эле, бул папирусту жазган Ипувердин да бул окуяларга күбө болгону көрүнүп турат.

Египет калкынын башына келген балээлер тизмеги Куранда баяндалган жокчулук, кандын аралашышы сыяктуу балээлерге абдан дал келет. Аллах Куранда билдиргендей, бул балээлер жөнүндө Ипувер папирустарында мындайча сөз кылынууда:

Балээлер бүт өлкөнү каптаган эле. Бүт жерде кан бар эле.

Дарыя кан болду.

Ушундай кечээ мен көргөн бүт нерсе кыйрады. Орулган сыяктуу бүт жерлер жыпжылаңач...

Египеттин ылдый жагы кыйрады... Бүт сарай бопбош калды. Колдогу бүт нерсе: буудай жана арпа, каздар жана балыктар...

Чындап эгин бүт жерде кыйрады...

Жерлер –бүт каргашага жана ызы-чууга карабастан... Тогуз күн бою сарайдан эч бир чыгуу жолу жок эле жана эч ким ал адамдын жүзүн көрө албады... Шаарлар күчтүү агымдар тарабынан кыйрады... Жогорку Египет кыйраган эле... бүт тарапта кан бар эле... өлкөдө жугуштуу оорулар чыкты... Бүгүн чынында эч ким түндүккө Byblos'ко бара албай жатат. Мумияларыбыз үчүн эмне кылабыз?... Алтын азайууда...

Адамдар суудан коркчу болду. Суу ичкенден соң да суусашты.

Мына суубуз! Бактыбыз! Колубуздан эмне келет? Бүт жер талоондо.

Шаарлар кыйрады. Жогорку Египет куурады.

Эл жашаган жерлер бир мүнөт ичинде астын-үстүн болду.

20-кылымда биз маалымат алган бул папируста Фараон жана анын коомуна келген балээлер жөнүндө Куранга абдан окшош айтылып жатышы Курандын Кудайдан келгенин дагы бир жолу ортого койууда.

# АЗ. МУСАГА СЫЙКЫРЧЫ ДООМАТЫ

Фараон заманынан калган папирустарда Аз. Муса жөнүндө «сыйкырчы» деп айтылууда. (Бул папирустар Англияда Британ Музейинде (British Museum)). Фараон жана анын жакындары бүт аракеттерине карабастан, Аз. Мусаны эч жеңе алышкан эмес.

«Бул адилеттин башкаруучусу күндүн баласы Аммондун чоң досу болгон жана атасы күн сыяктуу дайыма жашаган Рамзестин хандыгы учурунда жетинчи пайны айынын экинчи күнү жазылды... Бул катты алганыңда тур, жумушту башта айдоолорду башкарууну өз колуңа ал. Дандын

баарын кыйраткан бир суу баскыны сыяктуу жаңы бир балээни алганында башыңды иштет. (Б.а. ойлон), Хемтон аларды ач көздүк менен жеп түгөттү, кампалар тешилди, чычкандар талааларда топ-топ абалда, биттер бороон абалында, чаяндар ач көздүк менен жеп жатышат, кичинекей чымындар пайда кылган жаралар санап бүтпөстөй көп. Жана калкты кайгыртууда... **Scribe,** (Scribe англис тилинде еврей аалым дегенди билдирет. Бул жерде Аз. Муса айтылып жатышы толук ыктымал.) **ири санда данды кыйратуу максатына жетти...** Сыйкырлар алар үчүн нандар сыяктуу. Scribe... жазуу чеберчилигинде адамдардын биринчиси.»

Аз. Муса жөнүндө «сыйкырчы» деп сөз кылынышы Куранда төмөнкү аяттарда айтылган:

**Жана алар: «Эй сыйкырчы, сендеги убадасы (сага берген сөзү) атынан биз үчүн Раббиңе дуба кыл; чынында биз хидаятка келебиз (ыйман келтиребиз)» дешти. (Зухруф Сүрөсү, 49)**

**Алар: «Бизди сыйкырлоо үчүн эмне керемет (аят) алып келсең да, баары бир биз сага ишенбейбиз.» дешти. (Аьраф Сүрөсү, 132)**

# КУРАНДА ФАРАОН СӨЗҮ

Байыркы Ахитте (Ветхий Завет, Библия) Аз. Ибрахим менен Аз. Йусуф доорундагы Египет өкүмдарынан Фараон деп сөз кылынат. Чынында болсо Фараон деп кайрылуу эки пайгамбардан тең бир топ кийин колдонулган.

Куранда Аз. Йусуф доорундагы Египет башчысынан сөз кылынып жатып «өкүмдар, хан, султан» маанилерине келген Арапча «Эль мелик» сөзү колдонулат:

**Өкүмдар: «Аны мага алып келгиле» деди... (Йусуф Сүрөсү, 50)**

Аз. Муса доорундагы Египет башчысынан болсо «Фараон» сөзү менен сөз кылынат. Курандагы мындай айырмалоо Байыркы жана Жаңы Ахитте (Ветхий Завет, Новый Завет) же иудей тарыхчылар тарабынан жасалбайт; Фараон сөзү гана колдонулат.

Бирок чындап эле Египет тарыхында «Фараон» термининин колдонулушу кийинки доорго гана тиешелүү эле; Фараон деп кайрылуу алгачкы жолу б.з.ч. 14-кылымда Аменхотеп IV доорунан баштап колдонулуп баштаган. Аз. Йусуф болсо бул жылдан эң аз 200 жыл мурда жашаган.

*Encylopedia Britannica*'да Фараон сөзү хандыктан баштап (18-династиядан башталат; б.з.ч. 1539-1292) 22-династияга чейин (б.з.ч. 945-730) колдонулган бир урматтоо наамы экени, кийин болсо мындай кайрылуунун хандык наамына айланганы, мурдалары болсо бул наамдын эч колдонулбаганы айтылат. Бул жөнүндөгү дагы бир маалымат болсо *Academic American Encyclopedia*'да берилет жана Фараон наамынын Жаңы хандыктан баштап колдонулуп башталганы айтылат.

Бул жерден көрүлгөндөй, Фараон сөзү белгилүү бир жылдардан баштап колдонулган. Ошондуктан Куранда мындай айырмалоонун даана жасалышы –Аз. Йусуф доорундагы өкүмдар жөнүндө дайыма «Хан» деп сөз кылынып, Аз. Муса доорундагы өкүмдар жөнүндө болсо дайыма «Фараон» деп сөз кылынышы – Курандын Аллахтын сөзү экенин тастыктаган дагы бир далил.

# НУХ СУУ БАСКЫНЫ

**Ант болсун, Биз Нухту өз коомуна жөнөттүк, ал болсо (алардын) арасында элүү жылы кем миң жыл жашады. Аягында алар зулумдугун улантып жатышканда, топон суу аларды каптады. (Анкебут Сүрөсү, 14)**

Аз. Нух Аллахтын аяттарынан алыстап, Ага шериктер кошкон коомун бир гана Аллахка ибадат кылышы жана адашуучулуктан кайтуулары үчүн эскертүү максатында жөнөтүлгөн эле. Аз. Нух коомуна Аллахтын динине моюн сунгула деп көп жолу насаат айтып, аларды Аллахтын азабы жөнүндө көп жолу эскертсе да, алар Аз. Нухту жалганчы аташкан жана шерик кошууну улантышкан. Натыйжада Аллах Аз. Нухка каапырлардын сууга чөгүп азапталаарын жана ыйман келтиргендердин кутулаарын кабар берген. Куранда Нух коомунун кыйратылышы жана ыйман келтиргендердин кутулушу бир аятта мындайча баяндалган:

**Аны жалганга чыгарышты. Биз болсо аны жана анын жанындагы кемедегилерди куткардык, аяттарыбызды жалган дегендерди болсо сууга чөктүрдүк. Себеби алар сокур бир коом эле. (Аьраф Сүрөсү, 64)**

Бул азаптын убактысы келгенде, жердеги суу булактары күчтүү жамгырларга кошулуп, абдан чоң бир ташкынга себеп болгон. (Эң туурасын Аллах билет.) Куранда Аллахтын Аз. Нухка кыйроодон мурда мындай вахий бергени айтылат:

**Ошентип Биз ага: «Көз алдыбызда жана вахийибиз менен кеме жаса. Анан Биздин буйругубуз келип, тандыр кызыганда, ага ар бир жуп менен бирге, араларынан алардын зыянына сөз өткөн (өкүм кылынган)дардан башка үй-бүлөңдү да сал. Зулумдук кылгандар жөнүндө Мага кайрылба, себеби алар чөктүрүлүшөт» деп вахий кылдык. (Мүминун Сүрөсү, 27)**

Аз. Нухтун кемесине түшкөндөрдөн башка –Аз. Нухтун жакын жердеги бир тоого чыгып кутулам деп ойлогон «уулу» да кошо- бүт коом сууга чөккөн. Топондон кийин суулар тартылганда, кеме Куранда билдирилиши боюнча, Жудиге –т.а. бийик бир жерге- токтогон:

**«Эй жер, сууңду жут жана эй асман сен болсо карма» деп айтылды. Суу тартылды, иш бүтүрүлдү, (кеме болсо) Жуди үстүндө токтоду жана заалымдар коомуна болсо: «Алыс болушсун» деп айтылды. (Худ Сүрөсү, 44)**

Аллах түшүргөн жана эч кошумча-алымчаланып бузулбаган жалгыз ыйык китеп болгон Куранда Топон суу окуясы Тооротто жана башка маданияттарда айтылган топон суу баяндарынан абдан айырмаланып берилген. Кошумчаланып бузулган Тооротто бул топон бүт жер жүзүн каптаган деп айтылат. Ал эми Куранда болсо топондун бүт жер жүзүн каптагандыгы жөнүндө бир да сөз жок. Тескерисинче ал жөнүндөгү аяттардан топондун аймактык болгонун жана бүт дүйнө жүзүнүн эмес, бир гана Нухту жалганга чыгарган коомдун жазаландырылганын түшүнүүгө болот. Кыйратылгандар Аз. Нухтун чакырыгынан баш тарткан жана баш көтөрүүдө кежирленген коом. Бул жөнүндө мындай аяттар бар:

**Ант болсун, Биз Нухту коомуна жөнөттүк. (Аларга) «Мен силер үчүн бир гана апачык эскертип-коркутуучумун. Аллахтан башкага кулчулук кылбагыла. Мен силерге (келе турган) кайгылуу бир күндүн азабынан коркомун» деди. (Худ Сүрөсү, 25-26)**

**Аны жалганга чыгарышты. Биз болсо аны жана кемедеги анын жанындагыларды куткардык, аяттарыбызды жалган дегендерди болсо сууга чөктүрдүк. Себеби алар сокур бир коом эле. (Аьраф Сүрөсү, 64)**

**Ошентип аны жана анын жанындагыларды Кабатыбыздан (болгон) бир ырайым менен куткардык. Аяттарыбызды жалган деп ойлоп, ишенбегендердин болсо тамырын куруттук. (Аьраф Сүрөсү, 72)**

Байкалгандай, Куранда бүт дүйнө жүзүнүн эмес, бир гана Нух коомунун кыйратылганы айтылууда. Бузулган Тоорот жана Инжилдеги баяндардын оңдолгон чыныгы жүзүнүн баяндалышы да Курандын толугу менен Аллах Кабатынан жөнөтүлгөн бир Китеп экенин далилдөөдө.

Топон болгон жер деп ойлогон археологиялык аймакта жасалган казуу иштери да топондун бүт дүйнөнү каптаган бир окуя эмес, Месопотамиянын бир бөлүгүн каптаган ири бир табигый кырсык экенин көрсөтүүдө.

Мындан тышкары, Куранда кеменин топондон соң «Жудиге» токтогону айтылууда. «Жуди» сөзү кээде белгилүү бир тоонун аты катары алынат, чынында болсо бул сөз Арапчада «бийик бир жер, дөбө» маанисине келет. «Жуди» сөзүнүн бул маанисинен суулардын белгилүү бир деңгээлге гана жеткени, кургактыкты толук басып калбаганы көрүнүп турат. Б.а. топондун бурмаланган Тоорот жана башка уламыштарда баяндалгандай, бүт жер жүзүн жана жер бетиндеги бардык тоолорду көмбөгөнүн, белгилүү бир аймакты гана каптаганын Курандан түшүнө алабыз.

## Топондун археологиялык далилдери

Бир цивилизация кокустан жок болгондо –бул бир табигый кырсык, күтүлбөгөн бир көч же бир согуш натыйжасында болушу мүмкүн- бул цивилизацияга тиешелүү издер абдан жакшы сакталып калат. Адамдардын жашаган үйлөрү жана күнүмдүк жашоодо колдонгон буюмдары кыска мөөнөт ичинде жердин астына көмүлүп калат. Натыйжада алар көп убакыт бою адамдын колу тийбестен сакталат жана жер бетине чыгарылганда өтмүштөгү жашоо жөнүндө маанилүү маалыматтарды берет.

Нух топону жөнүндө көптөгөн далилдин учурда аныкталышы да мына ушунун урматында болду. Болжол менен б.з.ч. 3000-жылдары ишке ашкан деп кабыл алынган топон суу бүт цивилизацияны бир заматта жок кылган жана мунун ордуна толугу менен башка бир цивилизациянын курулушуна себеп болгон. Ошентип топондун апачык далилдери биздер сабак алышыбыз үчүн миңдеген жыл бою сакталып калган.

Месопотамия өрөөнүн каптаган топонду изилдөө үчүн жасалган бир топ казуу иштери бар. Аймакта жасалган казууларда негизги төрт шаарда чоң бир топон натыйжасында болушу мүмкүн болгон сел кырсыгынын издери аныкталган. Бул шаарлар Месопотамия өрөөнүнүн маанилүү шаарлары Ур, Урук, Киш жана Шуруппак. Бул шаарларда жүргүзүлгөн казуу иштери булардын баарынын болжолдуу б.з.ч. 3000-жылдардагы бир селге кабылышканын көрсөтүүдө.

Учурда Тел-Эль Мухайер деп аталган Ур шаарында жүргүзүлгөн казуу иштеринде табылган маданият калдыктарынын эң байыркысы б.з.ч. 7000-жылдарга чейин барууда. Адамдар алгачкы цивилизация курган жерлердин бири болгон Ур шаары тарых бою көптөгөн маданияттын биринин артынан экинчиси жашап өткөн бир отурукташуу аймагы болгон.

Ур шаарында жүргүзүлгөн казуу иштеринде табылган археологиялык табылгалар ал жердеги маданияттын абдан чоң бир сел кырсыгынын натыйжасында токтогонун, кийинчерээк убакыт өткөн соң кайра жаңы цивилизациялардын пайда болуп баштаганын көрсөтүүдө. Леонард Вулли (Leonard Woolley) British Museum жана Pennsylvania университети тарабынан ортоктошуп жасалган бир казуу иштерине башчылык кылган. Вулли мырзанын казуулары Багдад менен Басра корфезу арасындагы чөлдүн ортолорунда болгон. *Reader's Digest* журналында Вуллинин казуулары мындайча баяндалган:

«Казуу жүргүзүлгөн аймакта тереңге түшкөн сайын абдан маанилүү бир табылга аныкталган; бул Ур шаарынын хандар мүрзөсү эле. Изилдөөчүлөр Шумер хандары жана атактуулары көмүлгөн бул мүрзөдө көптөгөн уламышталган искусство чыгармаларына кездешкен. Шлемдер, кылычтар, музыкалык аспаптар, алтындан жана кымбат баалуу таштардан жасалган искусство буюмдары...

Жумушчулар топуракка айланган кирпичтердин ичинен бир метрдей тереңге түшүштү жана чопо идиштерди чыгарып башташты. «Жана кийин кокустан бүт нерсе токтоду.» Вулли мындай деп жазган эле. «Эми чопо идиштер да, күл да жок эле, бир гана суу алып келген таза ылай.»

Вулли казуусун улантты, эки жарым метрдей таза чопо катмарынан өтүп тереңге түшүлдү жана андан соң кокустан жумушчулар ...ал доордун адамдары тарабынан жасалган наждак ташынан шаймандарды жана идиш сыныктарын табышты. **Ылай жакшылап тазаланганда, астында калган маданият көрүндү. Бул көрүнүш аймакта чоң бир суу баскыны болгонун көрсөтүп турган эле. Мындан тышкары, микроскопиялык анализ таза чоподон калың бир катмардын байыркы Шумер цивилизациясын жок кыла турганчалык ири бир топон суу тарабынан бул жерге чогулганын көрсөтүп турду. Гылгамыш дастаны менен Нухтун баяны Месопотамия чөлүндө казылган бир кудукта орток бир булакта бириккен эле.**

Ошондой эле, Макс Маллоуэн (Max Mallowan) казууну алып барган Леонард Вуллинин ой-пикирлерин мындайча баян кылган:

Вулли кыска бир убакыт ичинде пайда болгон мынчалык чоң бир чопо массасынын чоң бир сел балээсинин натыйжасы гана болушу мүмкүн экенин айтып; Шумер Уру менен Аль-Убаиддин бойолгон идиштер колдонгон калкы тарабынан курулган шаарды бөлгөн сел катмарын уламышта айтылган топон суунун калдыктары деп атады.

Бул маалыматтар топон суу таасир берген жерлердин биринин Ур шаары экенин көрсөткөн эле. Немец археолог Вернер Келлер (Werner Keller) болсо бул казуунун маанисин мындайча айткан: «Месопотамияда жасалган археологиялык казууларда балчыктуу бир катмардын астынан шаар калдыктарынын чыгышы ал жерде бир сел болгонун далилдеди.»

Топон суунун издерине ээ дагы бир Месопотамия шаары болсо учурда Тель Эль-Ухаймер деп аталган, Шумерлердин Киш шаары. Байыркы Шумер булактарында бул шаар «Ири топон суудан соң башкарууга келген алгачкы династиянын борбору» деп сыпатталган.

Учурда Тель Эль-Фара деп аталган Түштүк Месопотамиядагы Шуруппак шаары да топон суунун апачык издерине ээ. Бул шаардагы археологиялык изилдөөлөр 1920-1930-жылдары арасында Пенсильвания университетинен Эрик Шмидт (Erich Schmidt) тарабынан жасалды. Казуу иштеринде б.з.ч. 3000-2000-жылдар арасында жашаган бир цивилизациянын пайда болушу жана өнүгүшү ар

кайсы катмарларда оңой гана байкалып турган эле. Оюп жазылган маалыматтардан бул аймакта б.з.ч. 3000-жылдарда маданий жактан абдан өнүккөн бир калктын жашаганы көрүнүп турган.

Эң маанилүүсү бул шаарда да болжол менен б.з.ч. 3000-2900-жылдары чоң бир сел кырсыгы болгону аныкталган. Шмидттин эмгектерин баяндаган Маллоуэн мындай дейт:

«Шмидт 4-5 метр тереңдикте чопо жана кум аралашкан сары топурактан бир катмарга жетти (бул катмар сел менен пайда болгон эле). Бул катмар дөңсөөгө караганда түздүк деңгээлине жакын бир деңгээлде орун алган жана дөңсөөнүн бүт тарабында көрүнүп турган эле...» Жемдет Наср доорун байыркы хандык доорунан бөлгөн чопо менен кум аралашмасы катмарын Шмидт «толугу менен дарыядан келген бир кум» деп айтып, Нух топону менен байланыштырды.

Кыскача айтканда, Шуруппак шаарында жасалган казуу иштеринде да болжол менен б.з.ч. 3000-2900-жылдарына туура келген бир селдин калдыктары аныкталган. Башка шаарлар менен бирге Шуруппак шаарынын да топон суудан таасирленген болушу толук ыктымал.

Топондон таасирленгенине байланыштуу колдо далилдер бар болгон акыркы отурукташкан аймак – бул Шуруппактын түштүгүнөн орун алган жана учурда Тель Эль-Варка деп аталган Урук шаары. Бул шаарда да берки шаарлар сыяктуу бир сел катмары табылган. Бул сел катмары да б.з.ч. 3000-2900-жылдар деп айтылууда.

Белгилүү болгондой, Дижле жана Эфрат дарыялары Месопотамияны узунунан кесип өтөт. Демек окуя учурунда бул эки дарыя жана чоң-кичине бардык суу булактары ашып, булар жамгыр сууларына кошулуп, ири бир суу баскынын пайда кылганы көрүнүп турат. Куранда бул окуя мындайча баяндалган:

**Биз чыныдан куюлгандай аккан бир суу менен асмандын эшиктерин ачтык. Жерди болсо күчтөнгөн булактар абалында атырылттык. Ошентип суу буйрук кылынган бир жумуш үчүн бирикти. Жана аны болсо тактайлар жана мыктар (менен курулган кеме) үстүндө ташыдык. (Камер Сүрөсү, 11-13)**

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган ишараттар анализденгенде, топон суунун бүт Месопотамия өрөөнүн каптаганы көрүнүп турат. Топон суунун издерин алып жүргөн Ур, Урук, Шуруппак жана Киш шаарларынын жайгашышын анализ кылганыбызда булардын бир сызыкта жайгашканын көрөбүз. Мындан тышкары, б.з.ч. 3000-жылдары Месопотамия өрөөнүнүн географиялык түзүлүшү учурдагыдан башкача болгон. Ал доорлордо Эфрат дарыясынын орду бүгүнкү күнкүдөн чыгышыраак тарапта эле; бул агым сызыгы да Ур, Урук, Шуруппак жана Киштен өткөн бир сызыкка (линияга) туура келүүдө. Ошондуктан бул аймакта Эфрат дарыясынын ашып, бул төрт шаарды кыйратканы ортого чыгууда. (Эң туурасын Аллах билет.)

Аллах Нух топонун адамдарга бир насаат жана сабак болсун үчүн ар кайсы коомдорго жөнөткөн пайгамбарлар жана китептер аркылуу билдирген. Бирок ар бир жолу тексттер оригиналынан алыстатылган жана топон баяндарына мистикалык, мифологиялык элементтер кошулуп кеткен. Археологиялык табылгаларга туура келген жана аларды тастыктаган жалгыз булак болсо – бул Куран. Мунун себеби Аллахтын Куранды кыпындай да бир өзгөрүүгө учуратпастан коргогондугу. (Терең маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Kavimlerin Helakı* (Коомдордун кыйратылышы), Araştırma Yayıncılık)

# ИРЕМ ШААРЫ

1990-жылдардын башында дүйнөнүн атактуу гезиттери абдан маанилүү бир археологиялык табылгага «Кереметтүү Арап шаары табылды», «Уламышта айтылып келген Арап шаары табылды», «Кумдардын атлантикасы Убар» темалары менен орун беришти. Бул кызыктуу археологиялык табылганы андан да маанилүү кылган нерсе – бул анын атынын Куранда эскерилгени эле. Ал күнгө чейин Куранда айтылган Ад коому бир уламыш же эч качан табылбайт деп ойлогон көп адамдар бул жаңы табылганы көрүп айран таң калышты. Куранда сөз кылынган бул шаарды тапкан киши – бул үйрөнчүк бир археолог Николас Клэпп (Nicholas Clapp) эле.

Бир Арап тарыхы адиси жана документалдуу тасма тартуучу Николас Клэпп Арап тарыхын изилдөө учурунда 1932-жылы англис изилдөөчү Бертрам Томас (Bertram Thomas) тарабынан жазылган Arabia Felix аттуу бир китепти көрүп калган. «Бактылуу Арабистан» маанисине келген «Arabia Felix» Римдиктер Арап жарым аралынын түштүгүндө жайгашкан жана учурда Йемен жана Оманды камтыган аймакка берген аты эле. Гректер болсо бул аймакты көк жерлери жана мелүүн климаты себеп болгон артыкчылыктардан улам «Куттуу Арабистан» маанисине келген «Eudaimon Arabia» деп аташкан эле. Ортоңку доордогу Арап аалымдары болсо бул жерлерди «Бактылуу Йемен» маанисине келген «Эль Йемен эс-Саийд» деп аташкан. Бул аттардын баары «Бактылуу Йемен» маанисине келген. Себеби байыркы доорлордо бул аймак Индия жана Түндүк Арабистан арасында жүргүзүлгөн даам кошуучу өсүмдүктөр (специи) соодасынын борбору эле. Мындан тышкары, аймакта жашаган коомдор «кехрибар» деп аталган сейрек кездешчү жана ал учурларда алтындай баалуу болгон карагай шербетин өндүрүшчү.

Китебинде бул маалыматтарга терең орун берген англис изилдөөчү Бертрам Томас Ад коому жашаган Убар шаарынын калдыктары жайгашкан аймакка бир изилдөө саякатын жасаган. Саякат учурунда чөлдө жашаган көчмөндөр Омандын жээкке жакын бир жеринде жайгашкан бул аймакта байыркы бир жалгыз аяк жолду көрсөтүшкөн жана бул жалгыз аяк жолдун Убар аттуу абдан байыркы бир шаарга тиешелүү экенин айтып беришкен.

Убарда жасалган казууларда Куранда айтылгандай көптөгөн искусство эмгектери жана жогорку маданият чыгармалары табылды. Англис изилдөөчү Убардын бар экенин далилдөө үчүн эки жолду колдонгон. Алгач көчмөндөр тарабынан бар экени айтылган жалгыз аяк жолдун издерин тапты. НАСАга кайрылып, бул аймактын сүрөттөрүн спутник менен тартылып алынышын суранды. Андан соң болсо Калифорниянын Хантингтон (Huntington) китепканасындагы байыркы жазууларды жана карталарды анализдеп баштады. Кыска бир изилдөөдөн соң Египет-грек географы Батламюс (Batlamyus) тарабынан б.з. 200-жылы тартылган бир карта табылды. Картада аймакта жайгашкан байыркы бир шаардын орду жана бул шаарга түздөн-түз барчу жолдордун сызыгы көрсөтүлгөн эле. Ал ортодо НАСА тарткан сүрөттөрдө жерден куралсыз көз менен көрүүгө мүмкүн болбогон, бирок асмандан бир толук абалда көрүүгө мүмкүн болгон кээ бир жолдордун издери аныкталган эле. Байыркы картада көрсөтүлгөн жолдор да, спутниктен тартылган сүрөттөрдө көрүнгөн жолдор да бири-бирине дал келген эле. Бул жолдордун бүткөн жери болсо илгери бир шаар болгону аныкталган кеңири бир аймак эле.

Ушундайча көчмөндөр сөз менен айтып берген икаялардагы уламыштуу шаардын орду табылган. Казуу учурунда кумдардын ичинен байыркы бир шаардын калдыктары чыгып баштаган. Ошондуктан бул кайып шаар «Кумдардын атлантикасы Убар» деп аталды.

Бул байыркы шаардын Куранда айтылган Ад коомунун шаары экенин далилдеген негизги далил болсо – бул шаардын калдыктары эле. Калдыктар алгач табылгандан баштап бул кыйраган шаардын Куранда айтылган Ад коому жана Иремдин мунаралары экени түшүнүлгөн эле. Себеби казууларда алып чыгылган курулуштар арасында Куранда көңүл бурулган бийик мунаралар бар эле. Казууну жүргүзгөн изилдөө тобунан Др. Юрис Заринс (Dr. Juris Zarins) да бул шаарды башка археологиялык табылгалардан айырмалаган нерсенин бийик мунаралар экенин жана ошондуктан бул шаардын Куранда айтылган Ад коомунун шаары Ирем экенин айткан эле. Куранда Ирем жөнүндө мындай сөз болот:

**Раббиңдин Ад (коомун) эмне кылганын көргөн жоксуңбу? «Бийик мунаралар» ээси Иремди? Шаарлар арасында ага окшогон жаратылган эмес эле. (Фежр Сүрөсү, 6-8)**

Көргөнүңүздөй, Куранда өтмүш жөнүндө берилген маалыматтардын тарыхый маалыматтарга мынчалык дал келиши Курандын Аллахтын Сөзү экендигинин дагы бир далили. (Терең маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Kavimlerin Helakı* (Коомдордун кыйратылышы), Araştırma Yayıncılık)

# СОДОМ ЖАНА ГОМОРРА ШААРЛАРЫ

Лут пайгамбар Ибрахим пайгамбар менен бир доордо жашаган. Аз. Лут Аз. Ибрахимге кошуна коомдордун бирине элчи (пайгамбар) катары жөнөтүлгөн эле. Бул коом Куранда айтылышы боюнча, ал күнгө чейин жер бетинде эч болбогон бир бузукулукту, гомосексуалдуулукту жасашчу эле. Аз. Лут аларга бул бузукулуктан кайткыла деп айтканда жана аларга Аллахтын чакырыгын алып келгенде аны жалганга чыгарышты, Аз. Луттун пайгамбарлыгын танышты жана бузукулуктарын улантышты. Мунун натыйжасында коом коркунучтуу бир балээ менен кыйратылды.

**Лут да коомуна мындай деген эле: «Силерден мурда ааламдардан эч ким кылбаган уятсыз-жамандыкты кылып жатасыңарбы? «Чынында силер аялдарды коюп, каалоо менен эркектерге жакындап жатасыңар. Чынында силер чектен чыккан (адашкан) бир коомсуңар.» ... Жана аларга бир (азап) жамгырын жаадырдык. Мына кылмышкер-күнөөкөрлөрдүн туш болгон натыйжасына бир кара. (Аьраф Сүрөсү, 80-84)**

**Шексиз Биз, бузукулук кылгандыгы үчүн, бул өлкө калкына асмандан жийиркеничтүү бир азап түшүрөбүз.» Ант болсун, Биз акыл жүгүртө алган бир коом үчүн ал жерде апачык бир аят калтырдык. (Анкебут Сүрөсү, 34-35)**

Аз. Лут жашаган жана кийин кыйроого кабылган бул шаардын Байыркы Ахиттеги (Ветхий Завет) аты – бул Содом. Кызыл деңиздин түндүгүндө отурукташкан бул коомдун Куранда жазылгандай абалда кыйратылганы аныкталган. Археологиялык изилдөөлөрдөн шаардын учурдагы Израил-Иордания чек арасы бою созулган Туз Көлүнүн (Өлүк деңиз) жакын жеринде жайгашканы белгилүү болгон. Илимпоздордун табылгалары боюнча бул аймак абдан көп санда күкүрт менен капталган. Ушул себептен бүт аймакта жаныбар же өсүмдүктүн эч кандай түрү жашабайт жана бул аймак кыйроонун бир символу абалында.

Белгилүү болгондой, күкүрт вулкан атылуулары натыйжасында пайда болчу бир элемент. Куранда билдирилген кыйратуу жолунун жер титирөө жана вулкандык жарылуулар экендигинин апачык далилдери бар. Немец археолог Вернер Келлер бул аймак жөнүндө мындай дейт:

Бул аймакта бир күнү абдан чоң бир чөгүүдө жарылуулар, чагылгандар, өрттөр жана табигый газдар менен бирге коркунучтуу бир жер титирөө болгон жана Сиддим өрөөнү менен бирге Лут коомунун шаарлары жердин тереңине көмүлүшкөн эле... Бул жер титирөө учурунда жердин үстүңкү катмарынын жарылып чөгүшү үсүңкү катмардын астында тынч жаткан вулкандарга эркин жол ачкан. Шерианын жогорку өрөөнүндө бүгүнкү күндө да өчкөн кратерлер кезигет жана ал жерлерде акиташ катмарлары бетинде ири лава массалары жана базальт катмарлары орун алган.

Мына ушул лава жана базальт катмарлары өз учурунда бул жерде вулкандык бир жарылуу жана жер титирөө болгонун көрсөткөн эң чоң далил. Ансыз деле Лут көлү же болбосо башка бир аты менен Өлүк деңиз активдүү бир сейсмикалык аймактын, т.а. бир жер титирөө поясынын дал үстүндө жайгашкан.

Өлүк деңиздин түбү Рифт өрөөнү деп аталган тектоникалык бир чөккөн жерде жайгашкан. Бул өрөөн түндүктө Таберия көлүнөн түштүктө Арабах өрөөнүнүн ортосуна чейин 300 километрлик бир узундукта орун алат.

Лут коому кабылган балээнин техникалык тарабы геологдордун изилдөөлөрүнөн белгилүү болууда. Ал боюнча, Лут коомун жок кылган жер титирөө абдан узун бир жер жаракасынын натыйжасында пайда болгон: Шериа дарыясынын ордун түзгөн 190 километрлик аралык бою Шериа дарыясы жалпысы 180 метрге төмөндөйт. Бул абал жана Лут көлүнүн деңиз деңгээлинен 400 метр төмөн болушу бул жерде бир убактарда чоң бир геологиялык окуянын болуп өткөнүн көрсөткөн маанилүү далилдерден.

Шериа дарыясы менен Лут көлүнүн мындай кызыктуу түзүлүшү болсо жер шарынын бул аймагынан өткөн бир жараканын бир бөлүгү гана. Бул жарака Торос тоолорунун этегинен баштап түштүктү көздөй Лут көлүнүн түштүк жээктеринен жана Арап көлүнүн үстүнөн Акабе корфезун көздөй узанып, ал жерден болсо Кызыл деңизден өтүп Африкада бүтөт. Бул узун чөккөн жерлерде күчтүү вулкандык кыймылдардын бар экени белгилүү болууда. Израилдеги Желиле тоолорунда, Иорданиянын бийик жайлоо тараптарында, Акабе корфезу жана башка жакын жерлерде кара базальт жана лавалар бар.

Бардык бул калдыктар жана географиялык өзгөчөлүктөр Лут көлүндө чоң бир геологиялык окуянын болуп өткөнүн көрсөтүүдө.

*National Geographic* журналынын 1957-жыл декабрь айындагы санында бул жөнүндө мындай сөздөр орун алган:

Содом дөбөсү Өлүк деңизди көздөй көтөрүлөт. Эч ким бүгүнкү күнгө чейин жок болгон шаарлар Содом жана Гоморраны таба албады, бирок илимпоздордун ою боюнча бул шаарлар аска таштардын маңдайындагы Сиддим өрөөнүндө турушат. Чоң ыктымалдуулук менен, Өлүк деңиздин ашкан суулары жана жер титирөөнүн астында калышкан.

Кыйроого дуушар болгон бул шаар жөнүндө ишарат кылынган маалыматтардын бири болсо – бул Хижр Сүрөсүнүн 76-аятында айтылгандай, бул шаарлардын алигече чоң жолдун үстүндө турушу. Географтар бул аймактын Арап жарым аралынан Сирия жана Египетке чейин созулган Өлүк деңиздин түштүк чыгышындагы бир чоң жолдун үстүндө жайгашканын аныкташкан. (Тереӊ маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Kavimlerin Helakı* (Коомдордун кыйратылышы), Araştırma Yayıncılık)

**Заматта (мекендерин) астын-үстүн кылдык жана (алардын) үстүнө балчыктан бышырылган таш жаадырдык. Албетте, мында «терең бир аң-сезимге ээ болгондор» үчүн чынында аяттар бар. Ал (шаар да) чынында бир жол үстүндө (дагы эле) турат. Албетте, мында ыйман келтиргендер үчүн чынында аяттар бар. (Хижр Сүрөсү, 74-77)**

# САБА КАЛКЫ ЖАНА АРИМ СЕЛИ

Саба калкы Түштүк Арабистанда жашап өткөн төрт чоң цивилизациянын бири. Саба коомун баяндаган тарыхый булактар бул коомдун Финикиялыктар сыяктуу соода иштери менен көп алектенген бир мамлекет экенин айтышат. Сабалыктар тарыхта маданий бир коом катары белгилүү. Саба өкүмдарларынын жазууларында «оңдоо», «арноо», «куруу» сыяктуу сөздөр көп кездешет. Бул коомдун эң маанилүү эмгектеринин бири болгон Мариб дамбасы болсо алар жеткен технология деңгээлинин маанилүү көрсөткүчтөрүнөн.

Саба мамлекети аймактын эң күчтүү аскер күчтөрүнүн бирине ээ эле. Аскердик күчү урматында империалисттик бир саясат жүргүзө алчу. Өнүккөн маданияты жана аскердик күчү менен Саба мамлекети өз учурунда толугу менен ошол аймактын бир «супер күчү» эле. Саба мамлекетинин мындай күчтүү аскердик күчү жөнүндө Куранда да айтылат. Саба ордосунун башчыларынын Куранда орун алган бир сөзү бул ордонун өзүнө канчалык ишенгенин көрсөтөт. Башчылар (командирлер) Сабанын аял башкаруучусуна (Маликасына) мындай дешет:

**... «Биз кубаттуубуз жана күчтүү аскерлербиз. Иштин бүтүмү сенин колуңда, эми сен карап көр, эмне буйрук кылсаң (биз аткарабыз).» (Немл Сүрөсү, 33)**

Саба калкы ал доорго салыштырганда абдан алдыңкы бир технология менен курган Мариб дамбасы менен чоң бир сугат мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Бул ыкма менен алган көп түшүмдүү жерлери жана соода жолдорун башкарышы аларга бай жана бардар бир жашоо тартуулаган. Бирок бүт бул жакшылыктар үчүн Ага шүгүр кылышы керек болгон Аллахтан –Куранда билдирилиши боюнча- «жүз бурушкан». Болгондо да аларга жасалган эскертүүлөргө да кулак салышпады. Мындай жаман ахлагы себебинен Аллах Кабатынан бир азапка ылайыктуу болушту жана дамбалары кыйрады; «Арим сели» бардык жерлерин жер менен жексен кылды.

Саба мамлекетинин борбору – жайгашкан аймактын артыкчылыгы себебинен абдан байыган Мариб эле. Борбор аймактагы Адхана дарыясына абдан жакын болгон. Бул дарыя Жебел Балакка кирген жер дамба курууга абдан ыңгайлуу эле; мындан пайдаланган Сабалыктар али цивилизацияларын куруп жатканда эле бул жерге бир дамба курушкан жана сугаруу ишин жасап баштышкан. Бул дамба урматында жогорку жашоо деңгээлине жетишкен. Борбор Мариб ал доордун эң өнүккөн шаарларынын бири эле. Аймакты кыдырган жана бул өлкөнү абдан мактаган грек жазуучусу Плини (Pliny) бул жердин канчалык жашыл бир аймак экенин айткан.

Марибдеги бул дамбанын бийиктиги 16 метр, туурасы 60 метр жана узундугу болсо 620 метр болгон. Эсептөөлөр боюнча дамба аркылуу сугарыла алган жалпы аянт 9600 гектар эле, мунун 5300 гектары түштүк, калганы болсо түндүк өрөөнгө тиешелүү эле. Бул эки өрөөн Саба жазууларында

кээде «Мариб жана эки өрөөн» деп эскерилчү. Курандагы «оңдон жана солдон эки бакча» сөзүнүн бул эки өрөөндөгү көз жоосун алган бак жана бакчаларга ишарат кылып жатышы толук ыктымал. Бул дамба жана сугат жабдыктары урматында аймак Йемендин эң жакшы сугарылган жана эң өндүрүмдүү аймагы катары атактуу болгон. Француз Ж. Галеви (J. Holevy) жана австралиялык Глазер (Glaser) Мариб тармагынын абдан байыркы доорлордон бери бар болгонун жазылуу далилдер менен далилдешти. Химер диалекти менен жазылган жазууларда бул дамбанын өлкө жерлерин өндүрүмдүү кылганы жазылган эле.

Б.з. 542-жылы бузулган дамба Куранда айтылган «Арим селине» жол ачкан жана чоң кыйроого себеп болгон. Саба калкы жүздөгөн жылдар бою өстүрүп келген бактары, бакчалары жана эгин талаалары толугу менен жок болгон. Дамба бузулган соң Саба коомунун да бат артка кеткени байкалган; дамбанын бузулушу менен башталган бул процесстин натыйжасында Саба мамлекети да жок болгон.

Жогоруда айтылган тарыхый чындыктарга таянып Куран аяттарын анализ кылганыбызда абдан даана бир дал келүү бар экенин көрөбүз. Археологиялык табылгалар жана тарыхый чындыктар Куранда айтылгандарга ишарат кылууда. Аятта кабар берилгендей, аларга жөнөтүлгөн пайгамбарлардын эскертүүлөрүнө кулак салбаган жана Раббибиздин жакшылыктарын «көрбөгөн» калк акыр аягында бир сел балээси менен жазаландырылышкан. Куранда Саба мамлекетине жөнөтүлгөн сел балээси мындайча сүрөттөлөт:

**Ант болсун, Саба (калкы) жашаган жерлерде да бир аят бар. (Үйлөрү) Оңдон жана солдон эки бакчалуу эле. (Аларга мындай деген элек:) «Раббиңердин ырыскысынан жегиле жана Ага шүгүр кылгыла. Сонун бир шаар жана кечиримдүү бир Рабб(иңер бар).» Бирок алар жүз бурушту, ошентип Биз да аларга Арим селин жөнөттүк. Жана алардын эки бакчасын мөмөсү ачуу, бадалдуу жана бираз тикенектүү дарагы бар эки бакчага айланттык. Ошентип нашүгүрдүк кылганы үчүн аларды жазаландырдык. Биз (немат-жакшылыкка) нашүгүрдүк кылгандан башкасын жазаламак белек. (Саба Сүрөсү, 15-17)**

Куранда Саба коомуна жөнөтүлгөн азаптан «Сейл-үл Арим», б.а. «Арим сели» деп сөз кылынууда. Курандагы бул сөз ошол эле учурда бул селдин пайда болуу формасын да көрсөтүүдө. Себеби «Арим» сөзүнүн мааниси дамба же дубал (тосмо). «Сейл-үл Арим» сөзү болсо тосмонун жыгылышы натыйжасында пайда болгон бир селди түшүндүрөт. Бул жөнүндө Ислам жоромолчулары да Куранда Арим селине байланыштуу колдонулган терминдерге таянып, буга туура келген жерди жана убакытты аныкташкан. Мевдуди тафсиринде мындай деп жазат:

Тексттеги (Сейл-үл Арим) сөзүндө колдонулгандай, «арим» сөзү «дамба, тосмо» маанисине келген жана Түштүк арап тилинде колдонулган «аримен» сөзүнөн келип чыккан. Йеменде жасалган казууларда табылган калдыктарда бул сөз көп жолу ушул мааниде колдонулган. Мисалы, Йемендин Эфиопиялык өкүмдары Абраха чоң Мариб дубалын оңдогон соң жаздырган б.з. 542- жана 543-жылкы бир эпитафиясында бул сөз кайра эле дамба (дубал) маанисинде колдонулган. Демек Сейл-үл Арим «бир дубал жыгылганда пайда болгон сел кырсыгы» маанисине келет. **«... Жана алардын эки бакчасын мөмөсү ачуу, бадалдуу жана бираз тикенектүү дарагы бар эки бакчага айланттык»** (Саба Сүрөсү, 16). Б.а. дубал (дамба) жыгылган соң пайда болгон сел натыйжасында бүт өлкө кыйрады. Сабалыктар тоолордун арасына дубалдарды куруп, казган каналдары кыйрады жана бүт сугаруу системасы бузулду. Мунун натыйжасында мурда бир бакча сыяктуу болгон өлкө жапайы

чөптөр өскөн талаага айланды жана кичинекей жапыс дарактардын гиласка (черешняга) окшош жемишинен башка жегенге боло турган эч бир мөмө калган жок.

Мунаралардын бетинде Саба тилинде жазылган жазуулар бар. *Ыйык Китеп чындыкты айтты* (Und Die Bibel Hat Doch Recht) китебинин автору христиан археолог Вернер Келлер да Арим селинин Курандагыдай ишке ашканын кабыл алып мындай деп жазат:

«Мындай бир дамбанын болушу жана жыгылып шаарды толук кыйратышы Курандагы бакча ээлери жөнүндө берилген мисалдын чындап болуп өткөнүн далилдейт.»

Арим сели менен бирге келген балээден соң аймак чөлгө айланып баштаган жана эгин талааларынын жок болушу менен Саба калкынын эң негизги киреше булагы да колдон чыккан эле. Аллахтын аларды ыйман келтирүүгө жана шүгүр кылууга болгон чакырыгына кулак салбаган калк аягында ушундай бир балээ менен жазаландырылган. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, Kavimlerin Helakı (Коомдордун кыйратылышы), Araştırma Yayıncılık)

# ХИЖР КАЛКЫ

Учурда Самуд коому – Куранда айтылган коомдор арасында алар жөнүндө эң көп маалымат алынгандардын бири. Тарыхый булактар Самуд аттуу бир коомдун чындап жашаганына ишарат кылууда. Куранда айтылган Хижр калкы жана Самуд коому түпкүрүндө бир эле коом деп божомолдонууда; себеби Самуд коомунун башка бир аты Асхабы Хижр (Хижр ээлери). Демек «Самуд» сөзү бир элдин аты, ал эми Хижр болсо бул адамдар курган шаарлардын бири болушу мүмкүн. грек географы Плининин сүрөттөлөрү да ушундай. Плини Самуд коому отурукташкан жерлердин Доматха (Domatha) жана Хегра (Hegra) экенин жазган, бул жерлер болсо бүгүнкү күндөгү Хижр шаары.

Самуд коомунан сөз кылган белгилүү эң байыркы булак – бул Вавилон ханы Sargon II'нин бул коомдун үстүнөн болгон жеңиштерин баяндаган Вавилон өлкөсүнүн жазуулары. (Б.з.ч. 8-кылым) Sargon Түндүк Арабистанда болгон бир согушта аларды жеңген эле. Гректер да бул коом жөнүндө айтышат жана Аристотель, Батламюс жана Плининин жазууларында аты «Thamudaei», б.а. «Самуддар» деп эскерилет. Пайгамбарыбыз (сав)дан мурда болжол менен б.з. 400-600-жылдары арасында болсо издери толугу менен жок болгон. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. Harun Yahya, *Kavimlerin Helakı* (Коомдордун кыйратылышы), Araştırma Yayıncılık)

Учурда Иорданиядагы Рум (байыркы грек, византиялык) өрөөнү же башка бир аты болгон Петрада (Petra) бул коомдун таш устачылыгынын эң сонун өрнөктөрүн көрүүгө болот. Куранда да Самуд коомунун таш устачылыгындагы чеберчилиги жөнүндөй мындай деп айтылат:

**(Салих коомуна мындай деди: Аллахтын) «Ад (коомунан) кийин силерди орун басарлар кылганын жана силерди жер жүзүнө жайгаштырганын эстегиле. Анын түздүктөрүндө сарайларды куруп, тоолордон үйлөр жонуп жасадыңар. Демек Аллахтын немат-жакшылыктарын эстегиле, жер бетинде бузукулардай болуп баш аламандык чыгарбагыла.» (Аьраф Сүрөсү, 74)**

# КУРАНДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК КЕРЕМЕТТЕРИ

## КУРАНДА СӨЗДӨРДҮН КАЙТАЛАНЫШЫ

Курандын буга чейин каралган кереметтүү өзгөчөлүктөрүнөн тышкары «математикалык кереметтери» да бар. Бул кереметке бир мисал Курандагы кээ бир сөздөрдүн кайталанышынын барабар болушу. Бири-бири менен байланыштуу кээ бир сөздөр таң калыштуу болуп бирдей жолудан кайталанышат. Төмөндө мындай сөздөр жана Курандын ичиндеги кайталануу сандары берилген.

«Жети асман» сөзү 7 жолу колдонулган. «Асмандардын жаратылышы (халку семават)» сөзү да 7 жолу кайталанат.

«Күн (йевм)» жекелик түрдө 365 жолу кайталанса, көптүк түрдө, т.а. «күндөр (еййам жана йевмейн)» сөздөрү 30 жолу кайталанат. «Ай» сөзүнүн кайталануу саны болсо 12.

«Өсүмдүк» жана «дарак» сөздөрүнүн кайталануу саны бирдей: 26

«Жаза» сөзү 117 жолу кездешкен болсо, Курандын негизги ахлак өзгөчөлүктөрүнөн болгон «кечирүү» сөзү бул сандан эки эсе көп, т.а. 234 жолу кайталанат.

«Айт» сөздөрүн санаганыбызда чыккан жыйынтык 332. «Айтышты» сөзүн санаганыбызда да ушул эле санды алабыз.

«Дүйнө» сөзү жана «акырет» сөзүнүн кайталануу саны да бирдей: 115

«Шайтан» сөзү Куранда 88 жолу кездешет. «Периште» сөзүнүн кайталануу саны да 88.

«Ыйман» (толуктоо албастан) жана «күфүр (каапырдык)» сөздөрү болсо Куранда 25 жолу кайталанат.

«Бейиш» сөзү жана «тозок» сөзү да бирдей санда кайталанат: 77.

«Зекет» сөзү Куранда 32 жолу кайталанса, «берекет» сөзүнүн кайталануу саны да 32.

«Жакшылар (эбрар)» 6 жолу кайталанса, «жамандар (фужжар)» сөзү анын толук жарымынча, т.а. 3 жолу кездешет.

«Жай-ысык» сөздөрү менен «кыш-суук» сөздөрүнүн кайталануу саны да бирдей: 5.

«Шарап (хымр)» жана «мастык (секере)» сөздөрү да Куранда бирдей санда кайталанат: 6.

«Акыл жүгүртүү» жана «нур» сөздөрүнүн кайталануу саны да бирдей: 49.

«Тил» жана «динге чакыруу» сөздөрү бирдей санда -25 жолу- кайталанат.

«Пайда» сөзү 50, «бузуу» сөзү да 50 жолу кайталанат.

«Сооп» жана «кылмыш» сөздөрүнүн кайталануу саны да бирдей: 107.

«Сүйүү» жана «баш ийүү» сөздөрүнүн кайталанышы бирдей санда: 83.

Куранда «кайтуу» жана «түбөлүк» сөздөрү бирдей санда кездешет: 28.

«Кыйынчылык окуя (мусибет)» сөзү жана «шүгүр» сөзү Куранда бирдей санда кездешет: 75 жолу.

«Күн (шемс)» жана «нур» сөздөрү Куранда 33 жолудан кездешет.

* Бул саноодо «нур» сөзүнүн өз алдынча абалдары эсепке алынган.

«Туура жолго жеткирүүчү (Элхуда)» жана «рахмет (ырайым)» сөздөрүнүн кайталануу саны да барабар: 79.

Куранда «кыйынчылык» сөзү 13 жолу орун алса, «бейпилдик» сөзү да 13 жолу кайталанат.

«Аял» жана «эркек» сөздөрүнүн кайталануу саны да бирдей: 23.

Аял-эркек сөздөрүнүн Куранда кайталануу саны болгон 23 ошол эле учурда адам эмбрионунун пайда болушунда жумуртка жана спермадан келүүчү хромосома саны. Адамдын хромосомасынын саны эне жана атадан келген 23төн хромосоманын суммасынан туруп, 46га барабар.

«Кыянат» сөзү 16 жолу кездешсе, «зыянкеч» сөзүнүн кайталануу саны да 16.

«Адам» сөзү Куранда 65 жолу кездешет; адамдын жаратылуу баскычтарынын санынын суммасы да ошончо.

Салават сөзү бүт Куран бою 5 жолу айтылат жана Аллах адамдарга күнүнө беш жолу намаз кылууларын билдирген.

«Кургактык» сөзү Куранда 13 жолу кездешсе, «деңиз» сөзү 32 жолу кездешет. Бул сандардын суммасы бизге 45 санын берет. Эгер кургактык сөзүнүн Куранда кайталануу саны болгон 13тү 45ке бөлсөк, 28,888888888889% санын табабыз. Деңиз сөзүнүн Куранда кайталануу саны болгон 32ни 45 бөлгөндө болсо, 71,111111111111% санын табабыз. Бул катыштар болсо планетабыздагы суу жана кургактык бөлүктөрүнүн чыныгы катышы.

# КУРАНДА ЭБЖЕД ЭСЕПТЕРИ

Арап алфавитиндеги ар бир тамганын сандык бир мааниси бар. Б.а. Арапчада ар бир тамга бир санга туура келет. Мындан пайдалануу менен ар кандай эсептөөлөр жүргүзүлөт. Мына ушул эсептөөлөр «эбжед эсеби» же болбосо «хисаб-ы жүмел» деп аталат.

Эбжед алфавит системасынын ар бир тамгасынын бир санга туура келүү өзгөчөлүгүнөн пайдаланган Мусулмандар муну ар кайсы тармактарда колдонушкан. Жифр илими да бул ыкмалардын бири.

Жифр – бул келечекте болушу ыктымалдуу болгон окуялардан кабар берүүчү илимдин аты. Символикалык сүрөттөр жана тамгаларга туура келген эбжед саны жөнүндө жасалган жоромолдор бул тармак менен алектенген адамдар колдонгон жолдордун бири. Эбжед менен жифр ыкмалары арасындагы эң маанилүү айырма – бул эбжед ишке ашкандын, ал эми жифр болсо ишке ашышы ыктымал болгондун илими болушу.

Мындай эсептөө ыкмасы абдан байыркы тарыхтарга чейин созулган жана али Куран түшүрүлө электе эле абдан кеңири колдонулган бир жазуу калыбы болгон. Арап тарыхында болгон бардык окуялар тамгаларга сандык маани берилүү менен жазылып, натыйжада ар бир окуянын датасы да жазылган болоор эле. Бул даталар (жылдар) ар бир колдонулган тамганын атайын сандык маанилеринин суммасын алуу менен табылган.

Мына ушул эбжед ыкмасы менен Курандагы кээ бир аяттар анализ кылынганда, бул аяттардын маанилерине туура келген бир катар даталарга дал келгенин көрөбүз. Жана бул аяттарда сөз кылынган окуялардын эбжед эсеби менен алынган даталарда (жылдарда) ишке ашканын көргөнүбүздө болсо, бул аяттарда окуяга байланыштуу жашыруун ишарат бар экенин түшүнөбүз. (Эң туурасын Аллах билет.)

1969-жылы айга барылышына Куранда ишарат кылынууда

**Саат (кыямат убактысы) жакындады жана Ай жарылды. (Камер Сүрөсү, 1)**

Аятта «жарылды» маанисине келген «иншакка» сөзү колдонулган. Бул сөз «жердин жарылышы, казылышы, көптүрүү, жерди сүртүү...» маанилеринде да колдонулган «шакка» этишинен келип чыккан.

**Биз шексиз, сууну көп-көп агыздык, анан жерди жардык; ошентип анда данектерди өндүрдүк, жүзүмдөрдү, көк чөптөрдү, зайтундарды, курмаларды, бойлору бири-бири менен жарышкан жана чырмалышкан дарактуу бакчаларды. Мөмөлөрдү жана жайсаң чөптөрдү (чыгардык). (Абаса Сүрөсү, 25-31)**

Көрүнүп тургандай, бул аятта «шакка» сөзү «экиге бөлүнүү, жарылуу» маанисинде эмес, «жердин жарылып, ар кандай эгиндердин чыгышы» маанисинде колдонулган. «Шакка» сөзү бул мааниси жагынан каралганда (Камер Сүрөсүнүн 1-аятындагы) «Айдын жарылышы» мааниси менен бирге ошол эле учурда 1969-жылы айга баруу окуясында айдын топурагынан алуу иш-аракеттерин да түшүнүүгө болот. (Эң туурасын Аллах билет.) Бул жерде абдан маанилүү дагы бир ишарат бар. Камер Сүрөсүндөгү бул аяттын кээ бир сөздөрүнүн эбжеди бизге 1969 санын берүүдө. Бул эсептөө ыкмасында басым жасоо керек болгон бир жагдай бар: жүргүзүлгөн эсептөөлөрдө абдан чоң же такыр байланышы жок сандар чыгышы толук ыктымал. Тиешелүү сандын чыгуу ыктымалы абдан төмөн болгонуна карабастан, мынчалык так бир сандын табылышы абдан көңүл бурат.

**Саат (жакындады) жана Ай жарылды.**

ХИЖРИЙ: 1390;

МИЛАДИЙ (Иса (ас)дын төрөлүшүнөн башталып саналган учурдагы жыл эсеби): 1969

*Жакындады сөзү Арапчада аягында болгондуктан саноого кошулган эмес.

1969-жылы америкалык астронавттар ай бетинде изилдөөлөрдү жасашып, айдын топурагы ар кандай инструменттер менен казылып, жарылган жана жерге өрнөк алынып келинген.

Бирок муну да айта кетүү керек: албетте, айдын жарылуу окуясы Аллах Пайгамбарыбызга (сав) берген кереметтердин бири. Бир хадисте бул керемет мындайча билдирилген:

... Саид ибн Эби Арубе Катадеден; ал болсо Энес ибн Маликтен (ра) алып баяндады: Мекке тургундары Расулуллахтан аларга бир аят (бир керемет) көрсөтүшүн каалашты. Ал болсо аларга айды эки бөлүк кылып көрсөттү, болгондо да Меккеликтер Хира тоосун ал эки бөлүктүн арасында көрүштү.

Бул жерде баяндалган керемет – аятта кабар берилген айдын жарылышы окуясы. Бирок Куран бүт доорго караган бир китеп болгондуктан, бул аят аркылуу биздин доордо айдын ачылышына да көңүл бурулуп жатат деп ойлоого болот. (Эң туурасын Аллах билет.)

# КУРАНДА 19 КЕРЕМЕТИ

Курандын математикалык кереметтеринин дагы бир тарабы болсо 19 санынын аяттардын ичине коддолгон абалда жайгаштырылган болушу. Куранда **«Анын үстүндө он тогуз бар.»** (Мүдессир Сүрөсү, 30) аяты менен көңүл бурулган бул сан Курандын көп жеринде коддолгон. Буга бир канча төмөнкү мисалдарды берүүгө болот:

Бисмиллах 19 тамга.

Куран 114 (19 x 6) сүрөдөн турат.

Биринчи вахий кылынган сүрө (96-сүрө) аягынан санаганда 19-сүрө.

Курандын биринчи вахий кылынган аяттары 96-сүрөнүн алгачкы 5 аяты жана бул аяттардын жалпы сөздөрүнүн саны 19.

Көрүнүп тургандай, алгачкы 5 аят жалпысы 19 сөздөн турат. Ортодогу "" бул тамга, сөз эмес. "" тамгалары да санакка кошулган эмес.

Вахий кылынган алгачкы сүрө (Алак Сүрөсү) 19 аяттан жана 285 (19 x 15) тамгадан турат.

Акыркы вахий кылынган сүрө болгон Наср жалпысынан 19 сөздөн турат.

Мындан тышкары, Наср Сүрөсүнүн Аллахтын жардамынан сөз кылган алгачкы аяты да 19 тамга.

Куранда 114 (19 x 6) бисмиллах бар. Бул сан болсо 19дун 6 эсеси.

Куранда 113 сүрө бисмиллах менен башталат. Башында бисмиллах болбогон жалгыз сүрө - бул 9-катардагы Тообо Сүрөсү. Куранда бир гана Немл Сүрөсүндө эки бисмиллах бар. Бул бисмиллахтардын бири сүрөнүн башында, экинчиси болсо 30-аятта орун алган. Бисмиллах менен башталбаган Тообо Сүрөсүнөн баштап санап баштасак, Немл Сүрөсүнүн 19-катарда орун алганын көрөбүз.

Тообо Сүрөсүнөн 19 сүрө кийин келген 27-катардагы Немл Сүрөсүнүн башында да, 30-аятында да бисмиллах бар. Ушундайча 27-сүрөдө эки бисмиллах бар. Бисмиллахтарды 114 кылып толуктаган – бул 27-сүрөнүн 30-аяты. Бул сүрө жана аят катарларын, т.а. 27 жана 30ду кошконубузда, 57 (19 x 3) санын табабыз.

Тообо Сүрөсүнөн (9) Немл Сүрөсүнө (27) чейин болгон сүрө катарларынын суммасы;

(9+10+11+12+13+14+15+16+17+18+19+20+21+22+23+24+25+26+27=) 342. Бул болсо 19дун 18 эсеси (19 x 18).

Катар номери 19 жана 19дун эсеси болгон аяттардагы Аллах ысмынын жалпы саны 133 (19 x 7).

Бир маанисине келген «вахид» (и тамгасы окулуп жатканда кошулат) сөзүнүн эбжед мааниси 19. Куранда бул сөз бир түр тамак, бир эшик ж.б. сыяктуу ар түрдүү сөздөргө колдонулган. «Бир Аллах» катары колдонулушу болсо 19 жолу.

19 жолу «вахд» сөзү кездешкен аяттардын сүрө жана аят номерлеринин суммасы: 361 (19 x 19).

Башталгыч тамгалары (хуруфу мукатта) бар болгон алгачкы сүрө менен башталгыч тамгалары бар акыркы сүрө арасында башталгыч тамгалары болбогон 38 (19 x 2) сүрө бар.

«Рахман» сөзү болсо Куранда 57 (19 x 3) жолу кездешет.

Куранда сөз болгон 30 ар башка сан бар.

Куранда кездешкен бардык бул сандарды (кайталануулорын эске албастан) кошконубузда чыккан сан 162146 болот. Бул болсо 19дун 8534 эсеси:

1+2+3+4+5+6+7+8+9+10+11+12+19+20+30+40+50+60+70+80+99+100+200+300+1000+2000+ 3000+5000+50000+100000=**162146** (19 x 8534)

Бул 30 түрдүү сандан тышкары Куранда 8 даана бөлчөк сандан сөз болот. Булар 1/10, 1/8, 1/6, 1/5, 1/4, 1/3, 1/2, 2/3. Ошентип, Куран 38 (19 x 2) ар башка санды камтыйт.

Курандын башынан караганда 19 аятка ээ болгон алгачкы сүрө - бул Инфитар Сүрөсү. Бул сүрөнүн дагы бир өзгөчөлүгү – бул акыркы сөзүнүн Аллах болушу. Бул ошол эле учурда Раббибиз «Аллах» деп зикир кылынган Курандагы аяк жагынан 19-ысмы.

Каф тамгасы менен башталган 50-сүрөдө 57 (19 x 3) даана Каф тамгасы бар. Башында Каф тамгасы бар 42-сүрөдө да 57 (19 x 3) даана Каф тамгасы бар. 50-сүрөнүн 45 аяты бар. Буларды

кошсок, жыйынтык 95 (19 x 5) чыгат. 42-сүрөнүн 53 аяты бар. Буларды да кошсок 42+53=95 (19 x 5) чыгат.

Каф Сүрөсүнүн алгачкы аятында Куран үчүн колдонулган Межид сөзүнүн эбжед мааниси 57 (19 x 3). Жогоруда да айтылгандай, сүрөнүн ичиндеги Каф тамгаларынын суммасы да 57.

Каф Сүрөсүндөгү Каф тамгалары кездешкен аяттардын катар номерлерин кошсок, 19дун 42 эсеси болгон 798 санын алабыз. 42 саны болсо башталгыч тамгалары арасында Каф бар болгон башка бир сүрөнүн катар номери.

Нун тамгасы бир гана 68-сүрөнүн башында бар. Бул сүрөдөгү Нун тамгаларынын суммасы 133 (19 x 7).

Йа, Син тамгалары Йасин Сүрөсүнүн башында бар. Син тамгасы Йасин Сүрөсүндө 48 жолу кездешсе, Йа тамгасы 237 жолу кездешет. Бул эки тамганын суммасы 285 (19 x 15).

Бир сүрө гана (7-сүрө) «Элиф, Лам, Мим, Сад» башталгыч тамгалары менен башталат. Элиф тамгасы бул сүрөдө 2529 жолу, Лам тамгасы 1530 жолу, Мим тамгасы 1164 жолу жана Сад тамгасы 97 жолу кездешет. Натыйжада бул 4 тамга бул сүрөдө жалпысынан 2529 + 1530 + 1164 + 97 = 5320 (19 x 280) жолу кездешет.

Элиф, Лам, Мим тамгалары Арапчада эң көп колдонулган тамгалар. Бул тамгалар чогуу 6 сүрөнүн (2, 3, 29, 30, 31 жана 32-сүрөлөрдүн) башында орун алган жана бул 3 тамга 6 сүрөнүн ар биринде жалпысынан 19дун эсеси катары кездешүүдө. Катары менен [9899 (19 x 521), 5662 (19x298), 1672 (19 x 88), 1254 (19 x 66), 817 (19 x 43)]. Бул үч тамга 6 сүрөдө жалпысынан 19874 (19 x 1046) жолу кездешет.

Элиф, Лам, Ра башталгыч тамгалары 10, 11, 12, 14 жана 15-сүрөлөрдө бар. Бул тамгалар бул сүрөлөрдө жалпысынан 2489 (19 x 131), 2489 (19x131), 2375 (19 x 125), 1197 (19 x 63) жана 912 (19 x 48) жолу кездешет.

Элиф, Лам, Мим, Ра башталгыч тамгаларынын жалпы кездешкен саны 1482 (19 x 78). Элиф тамгасы 605 жолу, Лам тамгасы 480 жолу, Мим тамгасы 260 жолу жана Ра тамгасы 137 жолу кездешет.

Каф, Ха, Йа, Айн, Сад башталгыч тамгалары бир сүрөдө гана (19-сүрө) кездешет. Каф тамгасы бул сүрөдө 137 жолу, Ха тамгасы 175 жолу, Йа тамгасы 343 жолу, Айн тамгасы 117 жолу жана Сад тамгасы 26 жолу кездешет. 5 тамга жалпысынан 137 + 175 + 343 + 117 + 26 = 798 (19 x 42) жолу кездешет.

Бул жөнүндө башка төмөнкүлөр аныкталган:

Бүт Куранда;

- Этиу (баш ийгиле) сөзү 19 жолу,
- Абд (кул, пенде), абид (кулчулук кылган адам) жана ибадат сөздөрү болсо жалпысынан 152 (8 x19) жолу кездешет.

Төмөндө мисал катары берилген Аллахтын ысымдарынын кээ бирлеринин сандык эбжед мааниси да 19дун эсеси.

- Вахид (Жалгыз) 19 (19 x 1)
- Жами (Чогултуучу) 114 (19 x 6)

# КЕРЕМЕТТҮҮ БИР САН 19

Он тогуз 9 жана 10 сандарынын биринчи даражаларынын суммасы. 9 жана 10 сандарынын экинчи даражалары арасындагы айырма да 19 санын берет.

Күн, ай жана жер ар 19 жылда бир, салыштырмалуу бирдей позицияга тизилишет.

Галилей куйруктуу жылдызы ар 76 (19 x 4) жылда бир күн системасынын ичинен өтөт.

19 санынын Паскаль үч бурчтугундагы орду

Жыйынтык:

Алгачкы 19 цифранын суммасы 19дун эсеси.

Алгачкы 19 сандын суммасы 19дун эсеси.

Куран аяттарынын түшүрүлүү катары боюнча, 19 кодунун Паскаль үч бурчтугу менен байланышы

Алгачкы вахий болгон 96-сүрө аяк жагынан 19-сүрө. 19 аяттан турат жана бул сүрөдө жалпы 285 (19 x 15) тамга бар. Вахийдин алгачкы 5 аятында болсо 76 (19 x 4) сөз бар.

Экинчи вахий кылынган 68-сүрөдө вахий кылынган аяттар 38 (19 x 2) сөздөн турат.

Үчүнчү вахий болгон 73-сүрө 57 (19 x 3) сөздөн турат.

# КУРАНДЫН АДАБИЙ КЕРЕМЕТИ

## КУРАНДЫ ТУУРООГО МҮМКҮН ЭМЕС БОЛУШУ

Бул бөлүмгө чейин Курандын илимий жана тарыхый тараптан кереметтүү өзгөчөлүктөрүнө токтолдук. Булардан тышкары, Куран ошол эле учурда адабий тараптан да таң калтыруучу, теңдишсиз бир услупка ээ.

Эң биринчиден белгилей турган жагдай – бул Курандын ар бир доордо, ар кандай адам топторуна кайрылган бир услупта болушу. Окуган адамдын илимий жана маданий деңгээли кандай гана болбосун, Куран бүт адамдар түшүнө ала турган ачык, түшүнүктүү бир услупка ээ. Бир аятта Аллах Куран жөнүндө мындай кабар берет:

**Ант болсун, Биз Куранды зикир (насаат алып ойлонуу) үчүн жеңил кылдык... (Камер Сүрөсү, 22)**

Куранда мынчалык оңой түшүнө турган бир услуп болгонуна карабастан, эч бир тараптан Куранда тууроо мүмкүн болгон эмес. Аллах Курандын теңдешсиздигине көңүл бурган аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эгер пендебизге түшүргөн (Куран)дан шектенип жатсаңар, анда силер да ушуга окшогон бир сүрө алып келгиле. Жана эгер чынчыл болсоңор, Аллахтан башка күбөлөрүңөрдү (ишенген жардамчыларыңарды) чакыргыла. (Бакара Сүрөсү, 23)**

**Же болбосо: «Муну өзү жалгандан ойлоп тапты» деп жатышабы? Айткын: «Ушуга окшогон бир сүрө алып келгиле жана эгер чынчыл болсоңор, Аллахтан башка чакыра алганыңарды(н баарын) чакыргыла.» (Йунус Сүрөсү, 38)**

Курандын керемет сөзү менен сыпатталышынын себептеринин бири, жогорудагы аяттарда басым жасалгандай, адамдын аракети менен ага окшошунун жазыла албашынан келип чыгат. Тууроо, окшошун жазуу канчалык мүмкүн эмес болсо, керемет да ошончолук улуу болот. Ошондуктан, Курандын услубунун кылымдар бою миллиарддаган адамдардын арасынан бир адам тарабынан да тууроого мүмкүн болбогону кереметтүү тараптарынын далилдеринин бири. Ф. Ф. Арбутнот (F. F. Arbuthnot) *The Construction of the Bible and the Koran* (Инжил жана Курандын түзүлүшү) аттуу китебинде Куран жөнүндө мындай жоромолун жасаган:

«Адабий тараптан караганда, Куран жарым ыр сабы жарым түз текст абалында жазылган эң таза Арапчага өрнөк. Тил адистери кээде Куранда колдонулган белгилүү калып жана сөз айкаштарына туура келе турган эрежелерди колдоноору жана Куранга тең келчү бир эмгек жаратуу үчүн көп жолу аракет кылышканына карабастан, али эч кимисинин ийгиликке жете албаганы айтылган.»

Курандын услубунда колдонулган сөздөр маани жагынан да, услуптун шыр болушу жана таасири жагынан да абдан өзгөчө. Бирок Курандын Аллахтын буйрук жана тыюуларын кабар берген ыйык бир китеп экенине ишенгиси келбегендер, ар кандай шылтоолорду айтышып, андан баш

тартышкан. Аллах ыйман келтирбегендердин Куран жөнүндөгү сыпаттоолоруна карата төмөнкү аяттарда мындайча билдирет:

**Биз ага (пайгамбарга) ыр саптарын үйрөткөн жокпуз; (бул) ага жарашпайт дагы. Ал (ага түшүрүлгөн Китеп) – болгону бир насаат жана апачык бир Куран. (Куран) Тирүүлөрдү эскертип-коркутуу жана каапырларга болгон убаданын акыйкат болушу үчүн (түшүрүлгөн). (Йасин Сүрөсү, 69-70)**

## Курандын рифма (уйкаштык) системасындагы улуулук

Куранды тууроого мүмкүн эмес кылган элементтеринин дагы бири болсо Курандын адабий түзүлүшүнөн келип чыгат. Куран Арапча болгонуна карабастан, Арап адабиятында колдонулган калыптардын эч бирине окшошпойт.

Курандагы рифма системасы «сежи» деп аталат жана тил адистери Курандагы мындай рифма колдонулушун да керемет деп айтышууда. Атактуу англис илимпоз Проф. Адель М. А. Аббас (Adel M. A. Abbas) Курандын лингвистика жагынан бир керемет экенин далилдөө үчүн даярдаган *Science Miracles* (Илимий кереметтер) аттуу китебинде Куранда колдонулган тамгаларды, рифма системасын график жана сүрөттөр жардамы менен терең изилдеген. Бул китепте Курандагы рифма системасы жөнүндө абдан маанилүү жыйынтыктар айтылган.

Белгилүү болгондой, Куранда 29 сүрө 1 же 1ден көп символикалык тамга менен башталат. **«Мукатта тамгалары (хуруфу мукатта)»** деп аталган бул тамгалар башталгыч тамгалар деп да аталышат. Арап тилиндеги 29 тамганын 14 даанасы мукатта тамгаларын түзөт: Айн, Син, Каф, Нун, Ра, Йа, Та, Ха, Элиф, Лам, Мим, Хе, Сад, Кеф.

Бул тамгалардан «Нун» тамгасынын Калем Сүрөсүндөгү колдонулушу изилденгенде, аяттардын 88,8%ында «Нун» тамгасы менен рифма болгону байкалат. Шуара Сүрөсүнүн 84,6%ы, Немл Сүрөсүнүн 90,32%ы, Касас Сүрөсүнүн 92,05%ы «Нун» тамгасы менен рифмаланган (уйкаштырылган).

Курандын баары каралганда болсо, 50,08%ында «Нун» тамгасы менен рифма жасалганы аныкталат. Башкача айтканда, Курандагы аяттардын жарымынан көбү «Нун» тамгасы менен аяктайт. Ушундай чоңдуктагы эч бир адабий эмгекте тексттин жарымынан көбүндө жалгыз тыбыш менен рифма (уйкаштык) жасоо мүмкүн болгон эмес. Бул бир гана Арап тилине эмес, бүт тилдерге тиешелүү.

Куран уйкаштык жагынан жалпы анализ кылынганда болсо, уйкаштыктардын болжол менен 80%ынын Элиф, Мим, Йа жана Нун тамгалары тарабынан турган үч тыбыштан (н, м, а) турааары аныкталган. «Нун» тамгасынан башка аяттардын 30%ы «Мим», «Элиф» же болбосо «Йа» менен рифмаланган.

Төмөндөгү сүрөлөрдө болсо бул төрт тамга менен жасалган көптөгөн рифмадан болгону бир канча мисал орун алган.

Эки жүз-үч жүз саптык бир ыр сабында рифманын эки үч тыбыш менен жасалышы бул чыгармага шедевр деп атай турганчалык өзгөчөлүк бере алышы мүмкүн. Бирок Курандын узундугу, ичиндеги маалыматтар жана хикматтуу (терең маанилүү) баяны эске алынганда, мындай бир рифма колдонуунун канчалык кереметтүү бир абал экени жакшыраак көрүнөт. Себеби Куран адамдарга жол көрсөтүүчү болгон ыймандык бир китеп катары бардык адабий артыкчылыктары, социалдык жана психологиялык темаларынан тышкары, физика илими менен байланыштуу көп теманы да камтыйт.

Ошондуктан ушунчалык ар түрдүү жана илимий темаларды камтыган Куранда мынча аз тыбыш менен рифма жасалышы адамдын аракети менен ишке ашыруу мүмкүн эмес болгон нерсе. Бул жагынан Арап тилинин адистери Куранды «эч тууроого мүмкүн болбогон Китеп» деп сыпатташуууда.

# ИЛИМДҮҮЛӨРДҮН КУРАН ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОРОМОЛДОРУНУН КЭЭ БИРЛЕРИ

## Курандын адабий кереметтүүлүгү жана тууроого мүмкүн эместиги жөнүндөгү жоромолдордун кээ бирлери

Меккеликтер дагы эле андан керемет каалап жатышкан эле жана Аз. Мухаммед (сав) чоң бир эр жүрөктүк менен жана өзүнө ишенүү менен миссиясынын далили болгон Курандын өзүнө кайрылды. Бүт Араптар сыяктуу алар да тил жана сүйлөө чеберчилигинде адис эле. Эгер Куранды ал өзү жазган болсо, башка адамдар да аны менен атаандаша алышмак. Ал сыяктуу он аят жазышсын. Эгер жаза алышпаса (эч жаза алышпайт да), анда Куранды апачык бир керемет катары кабыл алышсын. (Оксфорд университетинен атактуу Арап тили адистеринен Гамильтон Гибб (Hamilton Gibb))

Адабий бир ири эмгек катары Куран жалгыз турат; Арап адабиятынын теңдешсиз бир түшүмү, өзүндө айтылгандай бир «ата-бабасы» жана мураскору жок. Бүт доорлордун Мусулмандары бир гана мазмуну эмес, услубун да тууроо мүмкүн эмес деген орток пикирге келишкен... (Арап тили адиси Гамильтон Гибб (Hamilton Gibb))

Курандын Арап адабиятынын өнүгүшүнө болгон таасирин өлчөөгө болбойт жана бул таасир көп тараптуу болгон. Ичиндеги пикирлер, тили, рифмасы кийинки бардык адабия чыгармаларга аз же көп таасири болгон. Белгилүү тил өзгөчөлүктөрүн кийинки кылымдын прозасында да, андан кийинки проза чыгармаларында да тууроо мүмкүн болгон жок, бирок Куран Арап тилине алып келген ийкемдүүлүк себебинен ошол учурдагы абал жарым-жартылай ылдам өнүгө алды жана императорлук башкаруунун жана өнүккөн коомдун жаңы муктаждыктарына ылайык абалга келди. (Арап тили адиси Гамильтон Гибб (Hamilton Gibb))

Миссиясынын чындык экендигинин бир далили катары Аз. Мухаммедден (сав) бир керемет сурашкан сайын, Ал Курандын Аллахтан келгендигинин бир далили катары Курандын баяндарын жана эч салыштырылгыс улуулугун колдонгон. Негизи Мусулман болбогон адамдар үчүн да эч нерсе анын түшүнүктүү бир бүтүндүккө жана токтукка ээ тилинен кереметтүүрөөк эмес... Кереметтүү гармонияларга толгон тыбыштардын көптүгү жана кереметтүү ритмдер абдан душмандык жана шектенүү менен караган адамдардын өзгөрүшүндө маанилүү болгон. (Пол Казанованын (Paul Casanova) "L'Enseignement de I'Arabe au College de France" (Француз коллежинде Арапча окутуу) аттуу макаласынан)

Куран Жебрейил тарабынан Аз. Мухаммедге (сав) жеткирилген сөзү сөзүнө Аллахтын бир вахийи. Өзүнүн жана Аллахтын пайгамбары Аз. Мухаммеддин (сав) тууралыгын далилдеген бир керемет. Кереметтүү сыпаты услубунда да жатат –ушунчалык кемчиликсиз жана улуу болгондуктан, эч бир адам жана жин эң кыска сүрөсүнө салыштырууга мүмкүн болгондой бир сүрө да жаза албайт- мазмунунда да бар, келечек жөнүндөгү маалыматтарында жана Аз. Мухаммед (сав) эч өз башынча жете албаган маалыматтардын кереметтүү тууралыгында жатат. (Гарри Гайлорд Дормандын (Harry Gaylord Dorman) *Towards Understanding Islam* (Исламды түшүнүүнү көздөй) аттуу китебинен)

Арапча Куран менен тааныш болгон бүт адамдар бул диний китептин сонундугун макташат; калыбындагы керемет ушунчалык улуу болгондуктан, кандайдыр бир Европа тилине которулганда, анчалык суктанылбашы мүмкүн. (Эдуард Монтет (Edward Montet), *Traduction Francaise du Coran* (Курандын Француз тилиндеги котормосу) аттуу китебинен)

Оригиналдуу Арапчасы менен Куран адамды кыймылга келтирүүчү бир кооздукка жана өзүнө тартуучу күчкө ээ. Маңыздуу жана жогорку стили, көбүнчө рифмалуу болгон, бирден көп маанилерди камтыган кыска сүйлөмдөрү, сөзмө-сөз котормо аркылуу берилиши абдан кыйын болгон маанилүү бир таасирге жана жарылуучу бир энергияга ээ. (Жон Неиштин (John Naish) *The Wisdom of the Qur'an* (Курандын хикматы) аттуу китебинен)

Куран ааламдык (Китеп) катары Араптардын эң асылы жана жөнөкөйү болгон Курейш диалектинде, эң сонун жана таза бир тилде жазылган... Курандын стили сонун жана куюлушкан... жана көп жерде өзгөчө Аллахтын улуулугу жана сыпаттары сүрөттөлгөн убактарда улуу жана көркөм... Ушунчалык ийгиликтүү жана угуучуларды ушунчалык таң калтыргандыктан, кээ бир каршы чыккандар бул бир көз бойомочулук жана сыйкыр таасири деп ойлошкон. (Жорж Сейлдин (George Sale) *The Koran: The Preliminary Discourse* (Куран: алгачкы чакырык) аттуу китебинен)

Чындыктын, хикматтын жана услуп маңыздуулугунун керемети... (Касиеттүү (святой) Босуорт Смиттин (Bosworth Smith) *Mohammed and Mohammadanism* (Аз. Мухаммед жана Мухаммедийлик) аттуу китебинен)

Куран тандамал кооздуктагы бир рифмага жана кулакты сыйкырлоочу бир гармонияга ээ. Көп христиан-арап Курандын стилинен таң калуу менен сөз кылышат жана көп арап тили адистери анын кемчиликсиздигин кабыл алат... Чынында поэзияда да, прозада да бай жана түшүмдүү болгон Арап адабиятында аны менен салыштырууга боло турган эч нерсе жок. (Альфред Гийомдун (Alfred Guillaume) *Islam* (Ислам) аттуу китебинен)

## Курандын Кудайдан келген бир Китеп болушу жана адамдарга таасири жөнүндөгү пикирлердин кээ бирлери

Бир бүтүн катары Куранда эң мээлүү адамдар, эң улуу философтор жана эң күчтүү саясатчылардан алына ала турган бир акыл коллекциясын табабыз. Бирок Курандын Кудайдан келгендигинин дагы бир далили бар; вахий кылынган күндөн бүгүнкү күнгө чейин кылымдар бою бузулбастан корголгондугу... Мусулман дүйнөсү тарабынан кайра кайра окулуучу бул китеп ыйман келтирген бир адамды эч качан тажатпайт, тескерисинче кайталанган сайын ар күнү мурдакыдан да көбүрөөк сүйүлөт. Аны уккан же окуган адамда терең бир хушу (Аллахтан коркуу) жана урмат сезимин ойготот... Ошондуктан, Исламдын улуу жана ылдам жайылышына себеп болгон – бул баарынан мурда бул китептин Аллахтын китеби болушу... (Лаура Веччи Вальеринин (Laura Veccia Vaglieri) *Apologie de I'Islamisme* (Ислам дини жөнүндө бир сөз) аттуу китебинен)

Куран көп санда кемчиликсиз ахлактык кеңештерди камтыйт жана мазмуну кичине, байланышсыз бөлүктөрдөн турат, бүт адамдар тастыкташы керек болгон нуска сөздөрү (афоризми)

жок бир бетин да көрө албайбыз. Курандын бөлүмдөр абалындагы мындай түзүлүшү жашоодогу кандайдыр бир окуяда катардагы адамдарга туура келген, өз ичинде бир бүтүн болгон бул тексттер нуска сөздөрдү жана эрежелерди түзөт.[159] (Жон Уильям Драпердин (John William Draper) *A History of the Intellectual Development of Europe* (Европанын интеллектуалдык тарыхынын өнүгүшү) аттуу китебинен)

[Аллахтын] Күч, илим жана ааламдык Кудайдык эрк жана жалгыздыгы (асмандардын жана жердин ээси жалгыз бир Аллахка болгон ишеним жана таяныч) сыпаттарына таянган Курандагы Кудайдык табият түшүнүгү, ошондой эле жогорку жана терең адеп-ахлактык чечкиндүүлүк, насаат берүүчү көсөм темалардын Куранда орун алышы жана күчтүү калктар жана чоң императорлуктардын курулаарын далилдеген бөлүмдөрдүн болушу себебинен Курандын эң жогорку мактоого татыктуу экенин кабыл алуу керек.[160] (Касиеттүү (святой) Ж. М. Родуэллдин (J. M. Rodwell) Арапчадан которулган англисче Куран маанилери котормосунун баш сөзүнөн)

... Адабий бир түшүм катары анын баркын кээ бир субъективдүү жана коздук каалоолорго карап өлчөбөш керек, Аз. Мухаммеддин (сав) замандаштары жана жердештерине болгон таасирин эске алуу зарыл. Ошого чейин душман болгон элементтерди жалгыз бир денеде бириктирүүдөн тышкары, эгер угуучулардын жүрөгүнө үнүн мынчалык күчтүү жана ынандырарлык жеткире алып жатса, ошого чейинки араптардын аң-сезиминен жогору болгон пикирлерди сунуп жатса, реторикасы эч кемчиликсиз, себеби уруулардан маданий бир улут курган... (Др. Стейнгасстын (Dr. Steingass) T. P. Hughes'тун *Dictionary of Islam* (Ислам сөздүгү) аттуу китебинде орун алган бир сөзү)

... Арапча Курандын улуу реторикасын алсыз да болсо чагылта турган бир нерселерди чыгаруу аракетим, кабардын өзүнөн тышкары, комплекстүү жана бай рифмалары менен байытылган адамзаттын эң улуу адабий шедеври болгон Курандын алдында нурсуз болуп калды... Мусулман Пикхоль (Pickthall) Ыйык Китепти сүрөттөп жатып айткандай «тууроого мүмкүн болбогон гармонияга» мурдакы котормочулар тарабынан дээрлик эч маани берилген эмес; ошондуктан кереметтүү кооздолгон оригиналы менен салыштырылганда (котормолордун) супсак жана түз тыбыштарга ээ болушу таң калыштуу эмес.[162] (Артур Алберринин (Arthur J. Arberry) *The Koran Interpreted* (Түшүндүрмөлөрү менен Куран) аттуу китебинен)

Заманбап илимдин негизинде Куран толугу менен объективдүү анализ кылынганда, көп жолу айтылгандай, экөөсү арасындагы дал келүү байкалат. Аз. Мухаммеддин (сав) доорундагы бир адамдын ал күндүн илим деңгээли менен мындай баяндарды жаза алышы мүмкүн эмес. Мындай ойлор Курандын теңдешсиздигин көрсөтүүдө жана объективдүү илимпоздун материалисттик себептерге таянган бир түшүндүрмө бере албашын кабыл алууга мажбурлайт. (Др. Морис Бюкай (Dr. Maurice Bucaille), Париж университетинин Хирургия клиникасынын башчысы)

... Куран башталгыч чекити катары өзгөрбөгөн ордун сактап калды... Бүт адамдар түшүнө ала турган маңыздуу бир баянга ээ болгон бул дин адамдардын абийирин кыймылдатууга багытталган улуу бир күчкө да ээ.[164] (Атактуу француз окумуштуулардан Эдуард Монтет (Edward Montet))

... Корголгон болушу жана мазмуну жагынан толугу менен теңдешсиз бир китеп бар... эч ким олуттуу бир шектенүү чыгара албаган чыныгы бир авторитет. (Босуорт Смиттин (Bosworth Smith) *Mohammed and Mohammadanism* (Аз. Мухаммед жана Мухаммедийлик) аттуу китебинен)

... Куран абийир эркиндигин апачык колдойт.[166] (Жеймс Миченердин (James Michener) "*Islam: The Misunderstood Religion*" (Ислам: туура эмес түшүнүлгөн дин) аттуу макаласынан)

Адилет түшүнүгү Исламдын кереметтүү идеалдарынын бири, себеби Куранды окуганымда жашоонун бул динамикалык принциптерин көрүүдөмүн; булар мистикалык эмес, тескерисинче бүт дүйнөгө туура келген, жашоонун күнүмдүк агымына ылайыктуу практикалык адеп-ахлак системасын көрүүдөмүн.[167] (*Speeches and Writings of Sarojini Naidu* (Сарожини Найдунун сөздөрү жана дил баяндары) аттуу китепте орун алган *"The Ideals of Islam"* (Ислам дининин идеалдары) темалуу бир конференциядан)

Курандын бир булак, илимдердин башы экенин көрүү бизди таң калтырбашы керек. Куранда асмандар жана жер менен, адам жашоосу менен, соода жана ар кандай иштер менен байланыштуу ар түрдүү темадан сөз кылынууда жана бул болсо ыйык китептин бөлүмдөрүндөгү тафсирлерди түзгөн жалгыз бир тема же бир теманын жалгыз бир тарабы жөнүндөгү түшүндүрмөлөрдү пайда кылууда. Куран ушундайча Мусулман дүйнөсүндөгү бардык илим тармактарындагы кереметтүү өнүгүүлөрдүн негизги себеби... Бул бир гана араптарга таасир этпестен, ошол эле учурда еврей философтордун метафизикалык жана диний темаларга арап ыкмалары менен ой жүгүртүшүнө себеп болгон. Ошондой эле, христиан схоластицизминин арап дин философиясы менен канчалык аралашып кеткени жөнүндө көп талашуунун кажети жок.

Исламдык чектер ичинде ойгонгон руханий кыймыл бир гана диний божомолдор менен чектелбейт. Гректердин философиялык, математикалык, астрономиялык жана медициналык жазма эмгектери менен болгон жакындык бул эмгектердин уланышына жол ачкан. Аз. Мухаммед (сав) түшүндүрмө вахийлер менен Аллахтын кереметтеринин бир бөлүгү катары адамдын кызматына сунулган, натыйжада сыйынылбашы керек болгон асман телолорунун кыймылдарына көп жолу көңүл бурган. Бүт улуттардан Мусулмандардын астрономия илиминде канчалык ийгиликтүү эмгектенгени алардын кылымдар бою бул илимдин эң алдыңкы колдоочулары болушунан көрүнүп турат. Азыр деле көптөгөн арап тилиндеги жылдыз аттары жана техникалык термин колдонулууда. Европада ортоңку кылым астрономдору араптардын окуучулары болушкан.

Ошондой эле, Куран медициналык эмгектерге да күч берип, жалпы табият жөнүндө ойлонууну жана эмгектенүүнү насаат кылган.[168] (Проф. Хартвиг Хиршвельддин (Prof. Hartwig Hirschfeld) *New Researches into the Composition and Exegesis of the Qur'an* (Курандын түзүлүшү жана тафсирин изилдеген жаңы эмгектер) аттуу китебинен)

Курандын дүйнөнүн Кудайдан келген улуу китептеринин арасында маанилүү орду бар экенин көпчүлүк кабыл алат. Кылымга жол ачкан эмгектердин эң жаңылары адабият классына тиешелүү болсо да, булардын дээрлик эч бири көп адам топторуна мынчалык кереметтүү таасир эте алган эмес. Куран адамдын ой жүгүртүүсүндө жаңы бир доор жана жаңы бир табият пайда кылган. Алгач Арап жарым аралынын бири-биринен абдан айырмалуу көп сандагы чөл урууларын баатырлар калкына айлантып, андан соң учурда Европа жана Чыгыштын эң чоң күчтөрүнүн бири катары эске алынышы

керек болгон Аз. Мухаммед (сав) доорунун абдан кеңири саясий-диний уюмдарын түзүүсүн уланткан. (Ж.М. Родуэллдин (J. M. Rodwell) Курандын арап тилинен англис тилине маанилеринин котормосуна Г. Марголит (G. Margoliouth) тарабынан жазылган кириш бөлүмүнөн)

... колубузга алган сайын... кыска бир убакыт ичинде бизди өзүнө тарткан, айран таң калтырган жана эң аягында алдына таазим кыла турганчалык таң калтырган бир чыгарма... Курандын услубу мазмуну жана максатына ылайык абдан күчтүү, улуу жана кереметтүү... бул китеп кылымдар бою эң таасирдүү китеп бойдон калат. (Гетенин (Goethe) Т. П. Хьюздун (T. P. Hughes) *Dictionary of Islam* (Ислам сөздүгү) аттуу китебинде орун алган бир сөзү)

## Илимпоздордун Куран жөнүндөгү пикирлеринин кээ бирлери

... (Куранда) абдан көп чындык бар жана Др. Мур (Dr. Moore) сыяктуу мен да бул баяндарды жасаткандын Кудайдан келген бир илхам экенине ишенүүдө эч кыйналбайм. (Проф. Персод (Prof. T. V. N Persaud) Manitoba университетинде анатомия, педиатрия жана балдар ден-соолугу, акушердик, гинекология тармактарында профессор)

... Менимче генетика менен дин арасында эч бир карама-каршылык жок, тескерисинче дин кээ бир традициялык илимий подходдорго вахий кошуп, илимге жол көрсөтө алат, булар болсо Куранда бар болгон сөздөр, кылымдардан кийин туура экени көрсөтүлгөн жана Курандагы мындай илимий колдоо Аллахтан. (Проф. Жо Ли Симпсон (Prof. Joe Leigh Simpson) акушердик, гинекология, молекулярдык жана адам генетикасы тармактарында профессор)

Бир илимпоз катары таптак көргөн нерселеримди гана изилдей алам. Эмбриология жана өрчүү биологиясын түшүнө алам. Курандан мага которулган сөздөрдү да түшүнө алам. Мурда берген мисалымда айткандай, эгер өзүмдү ошол доорго алып бара алганымда, бүгүн билгендерим менен жана түшүндүрө алгандарым менен ал доордо сүрөттөлгөн нерселерди түшүндүрүп бере алмак эмесмин... Демек (Куранда) жазылган бүт нерседе Аллахтын кийлигишүүсү бар деген пикирде эч бир карама-каршылык жок. (Проф. Маршалл Жонсон (Prof. E. Marshall Johnson), Thomas Jefferson университетинде анатомия жана өрчүү биологиясы профессору)

Кээ бир аяттар (Куран аяты) адамдын өрчүшүн клетка аралашмасынан оргаидардын жаратылуусуна чейин абдан терең баяндап берет. Баскычтары, терминологиясы жана түшүндүрмөсү менен бирге адамдын өрчүшүнүн мынчалык даана жана кемчиликсиз маалыматы мурда болгон эмес эле. Баарында болбосо да көбүнчө бул түшүндүрмө адаттагы илимий булактарда жазылган адамдын эмбриону жана адам түйүлдүгүнүн өрчүшүнүн көптөгөн баскычтарын кылымдар мурда кабар берген. (Жеральд К. Герингер (Gerald C. Goeringer), Georgetown университетинде медициналык эмбриология тармагында доцент)

Адамдын өрчүшү жөнүндөгү Курандагы сөздөрдү түшүндүрүүдө көмөкчү болуу мен үчүн чоң бир ырахат. Мен бул баяндарды Аз. Мухаммедге (сав) Аллах берди деп так айта алам, себеби бул маалыматтардын көпчүлүгү көптөгөн кылым кийинге чейин аныктала алган жок. Бул мага Аз. Мухаммеддин (сав) Аллахтын элчиси (пайгамбары) экенин далилдөөдө. (Проф. Кейт Мур (Prof.

Keith L. Moore), Торонто университетинин анатомия жана клетка биологиясы профессору, атактуу бир эмбриолог жана көптөгөн медициналык окуу китептеринин автору)

... Адамдын эмбриону басып өткөн баскычтар комплекстүү болгондуктан, –бул үчүн өрчүү учурундагы тынымсыз өзгөрүүгө милдеттүү- Куран жана сүннөттөгү сөздөр колдонулуу менен жаңы бир классификациялоо системасы сунушталган. Сунушталган система жөнөкөй, абдан көп маалыматты камтыйт жана учурдагы эмбриология илиминин ачылыштарына толук дал келет. (Проф. Кейт Мур (Prof. Keith L. Moore), Торонто университетинин анатомия жана клетка биологиясы профессору)[176]

Акыркы төрт жылда Куран жана хадистер менен жасалган терең изилдөөлөр натыйжасында адамдын эмбрионун бөлүмдөргө бөлгөн жаңы бир система пайда болду, мунун б.з. 7-кылымында жазылган болушу болсо абдан таң калыштуу... Курандагы маалыматтардын б.з. 7-кылымындагы илимге таянган болушу мүмкүн эмес... (Проф. Кейт Мур (Prof. Keith L. Moore), Торонто университетинин анатомия жана клетка биологиясы профессору)

(Аз. Мухаммеддин) ааламдын орток тамыры сыяктуу темаларды билген болушу мүмкүн эмес деп ойлоймун, себеби илимпоздор муну абдан комплекстүү жана алдыңкы технологиялык ыкмаларды колдонуу менен акыркы бир канча жыл ичинде аныктай алышты... 1400 жыл мурда ядролук физика жөнүндө эч нерсе билбеген бир адам, мисалы; жер бетинин жана асмандардын бир эле булактан келгенин же бул жерде биз талашкан башка суроолордун жоопторун өзү таба албайт. (Проф. Альфред Кронер (Prof. Alfred Kroner), Германия Mainz университетинин геобилим профессору, дүйнөнүн эң атактуу геологдорунан)

Булардын баарын бириктирсеңиз жана Куранда дүйнө жөнүндөгү темалар менен дүйнөнүн пайда болушу жана жалпысынан илим менен бардык бул сөздөрдү кошсоңуз, бир канча түрдө ал жерде баяндалгандардын туптуура экенин жана учурда алардын илимий ыкмалар менен тастыкталганын... айта аласыз. Куранда айтылгандардын көпчүлүгү ал доордо али далилденген эмес эле, бирок заманбап илимий ыкмалар учурда Аз. Мухаммеддин (сав) 1400 жыл мурда айткандарын далилдеген бир позицияда. (Проф. Альфред Кронер, Германия Mainz университетинин геобилим профессору)

Куранда туура астрономиялык чындыктарды көргөнүм үчүн абдан таасирлендим деп айта алам жана биз сыяктуу ааламдын эң кичинекей бөлүкчөсүн да изилдеген заманбап астрономдор үчүн өзгөчө. Эң кичинекей бөлүкчөнү да түшүнүү үчүн көп аракет кылуудабыз. Себеби телескопторду колдонуу менен бүт ааламды ойлонбостон, асмандын эң кичинекей бөлүктөрүн да көрө алуудабыз. Демек Куран окуу менен жана суроолорду Курандан жооптоо менен аалам изилдөөлөрүм үчүн келечектеги жолумду таба аламын деп ойлойм. (Проф. Юшиди Кусан (Prof. Yushidi Kusan), Япония, Токио Обсерваториясынын директору)

Көргөн нерсебизди кереметтүү деп так айткым келет. Илимий түшүндүрмөнү кабыл алсын, албасын, биз көргөн бул жазууларды анализдөө үчүн биздин кадимки бир адам тажрыйбасы менен

түшүнө ала тургандан абдан жогору болушу керек. (Проф. Армстронг (Prof. Armstrong), NASA'да иштеген астрономия профессору)

Мындай бир маалыматтын ал доордо, т.а. 1400 жыл мурда бар экенин элестетүү да абдан кыйын. Балким кээ бир нерселер жөнөкөй бир пикирлер болушу мүмкүн эле, бирок буларды абдан терең түшүнө алуу абдан татаал. Демек, бул эч адам өзү билген нерсе эмес. Кадимки бир адам бул кубулушту мынчалык терең детальдары менен түшүндүрө албайт. Демек бул маалымат табияттан жогорку бир булактан келген болушу керек деп ойлойм. (Проф. Dorja Rao, Сауд Арабия, Жидда, Абдулазиз Хан университетинде деңиз геологиясы профессору)

... Мен Куранда 1400 жыл мурда айтылган бүт нерсенин туура экенине жана илимий ыкмалар менен далилдене алаарына ишенем... Бул бүт илимдерди билген Аллахтын илхамы. Демек, төмөнкүнү айтуунун убактысы келди, «Аллахтан башка Кудай жок жана Аз. Мухаммед (сав) Анын элчиси». (Проф. Tejatat Tejasen, Tayland, Chiang Mai университетинин эмбриология жана анатомия бөлүмүнүн башчысы)

Куран бир канча кылым мурда келген жана эмне ачылыш жасасак тастыктаган. Бул Куран Аллахтын сөзү дегенди билдирет. (Проф. Joly Sumson, гинекология жана акушердик профессору)

Бул китеп (Куран) өтмүштөн, жакынкы убактан жана келечектен сөз кылууда. Аз. Мухаммеддин (сав) доорундагы адамдардын маданий деңгээлин биле албаймын жана илимий деңгээлин да билбейм. Эгер бул өтмүш доордо илим деңгээли биз билгендей төмөн болгон болсо жана технология жок болгон болсо, анда учурда Куранда окуганыбыздын баары Аллахтын нуру экенинде эч күмөн жок. Муну Аз. Мухаммедге (сав) илхам кылган. Мынчалык кемчиликсиз бир илим болушу мүмкүнбү деп Ортоңку Чыгыштагы маданияттын башталгыч тарыхы жөнүндө бир изилдөө жасадым. Бул Аллахтын Аз. Мухаммедди (сав) жөнөткөнүнө болгон ишенимди андан да күчтөндүрдү. Ага улуу илиминен биз жакында аныктаган кичинекей бир бөлүк жөнөттү. Геология тармагында Куран менен илимдин үзгүлтүксүз бир диалогу боloорун үмүт кылуудабыз. (Проф. Palmar, Америкада геология тармагындагы алдыңкы илимпоздордун бири)

Куранда тоолордун жер бетин турукташтыруу функциясы жөнүндө болгон бир маекте:

Бул (Куран маалыматы) абдан абдан кызыктуу жана дээрлик эч мүмкүн эмес экенине ишенем. Эмне айтсаңар туура экенине ишенем, мындан улам бул китепти (Куранды) угузуу (жеткирүү) абдан баалуу, силерге кошулам. (Проф. Syawda, океан геологиясы тармагында Японияда жана дүйнөдө атактуу япон илимпоз)[186]

## Куран жөнүндө айтылган башка сөздөрдөн тандалмалар

Бүт баары логикага абдан туура келди. Мына ушул Курандын коoздугу сизден жооп жана акыл жүгүртүүңүздү күтөт... Куранды көбүрөөк окуганымда, дуба, жакшылык жана жардам жөнүндө сөз болуп жаткан эле. Ал кездерде али Мусулман болгон эмес элем, бирок мен үчүн жалгыз жооптун Куран экенин жана Куранды Аллахтын жөнөткөнүн түшүндүм.

(Йусуф Ислам [Cat Stevens], мурдакы англис поп жылдызы)

«Аллахка моюн сунган адам» маанисинде бир «Мусулманмын» деп үмүт кылганыма карабастан, көнүмүш мааниде бир Мусулман эмесмин. Менин жана башка батыштыктардын Куран жана башка Исламдык ой жүгүртүүнү чагылдырган булактарда терең каралган жана али үйрөнүшүбүз керек болгон абдан улуу Илахий чындыктар бар экенине ишенем. Ошондой эле, Исламдын келечектин жалгыз дининин негизги чатырын түзө турган эң күчтүү талапкер экени талашсыз. (*Islam and Christianity Today* (Учурда Ислам жана Христиандык) аттуу китептен)[188]

Менин динимди өзгөртүп, Ислам динин тандашымдын эң маанилүү факторлорунун бири Куран эле.

Мен Ислам динин тандоодон мурда Батыштык бир интеллектуалдын критикалык маанайы менен Куранды изилдеп баштадым... Бул китепте, Куранда он үч кылымдан мурда вахий кылынган, заманбап илимий изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндөгү пикирлерди толугу менен камтыган аяттар бар. Мына ушул толугу менен менин динимди өзгөртүшүмө себеп болду. (Ali Selman Beroist, Француз медицина доктору)

Мен бардык диндердин ыйык китептерин окудум, Исламда көргөн нерсемди эч биրөөсүнөн таба албадым; кемчиликсиздикти. Куран, башка окуган китептериме салыштырмалуу, бир ширеңкенин жарыгы менен күн сыяктуу. Чындыкка толугу менен жабык болбогон бир акыл менен Аллахтын сөздөрүн окугандардын баарынын Мусулман болооруна так ишенем. (Saifuddin Dirk Walter Mosig)

Куранды күчтүү кылган нерселердин бири төмөнкүдөй; бир Мусулман же кандайдыр бир адам Куранды колуна алып кандайдыр бир бетин ачып окуганда, жашоонун маңызы жөнүндө алышы зарыл болгон кабарды алат. (Атактуу теолог Джон Эспозито (John Esposito))[191]

Дүйнөдөгү бардык аалым жана билерман адамдарды топтоп, жалгыз туура жана адамдарды бактылуулукка жеткире турган жалгыз себепчи болгон Курандын принциптерине таянган орток бир режим кура турган учурдун абдан жакын экенин үмүттөнөм. (Француз император Наполеон Бонапарт)

Тони Блер (Tony Blair): «Куран мага илхам берди»

Бүгүнкү күнгө чейин Куранды үч жолу окуганын айткан Англиянын премьер-министри Тони Блер көп сөздөрүндө Куран ахлагына болгон суктануусун айтып келүүдө. 2000-жылдын 29-мартында атактуу телевизор каналы BBC Блердин Куранга болгон суктануусун "Blair: Koran Inspired Me" (Блер: Куран мага илхам берди) темалуу кабары менен чагылдырган эле. Исламдын абдан тынчтыкка чакырган жана сонун бир дин экенин, ага тиешелүү эки Куранды окуганын жана Куранды окуган сайын андан илхам алганын айткан Блер сөздөрүн мындайча уланткан:

Эгер Куранды окусаңыз, абдан айкын бир китеп экенин көрөсүз... адамзатка жол башчылык кылган сүйүү жана достук түшүнүктөрүн абдан сонун баяндап берет.

11-сентябрь кол салуусу болоордон бир эки күн мурда англис *The Mail on Sunday* гезитиндеги бир кабарда болсо мурдакы АКШ президенти Билл Клинтондун (Bill Clinton) кызынын ага Куран белекке бериши менен Куран окуп баштаганын айткан Блер Курандын ага эр жүрөктүк бергенин

айткан эле. Кол салуудан кийин Аль-Жазира каналында жарыяланган бир маегинде Блер дагы бир жолу Куран окуганын айтып, мындай деген:

Курандын биздин тилге которулганын окудум. Ислам жөнүндөгү эмгектерди да окуп жатамын жана мындан абдан ырахат алам. Куран жөнүндө мурда билбеген жана Христиандарды да абдан кызыктырат деп ойлогон көп нерсени үйрөндүм.

*Time* журналы болсо Тони Блер жөнүндөгү бир макалада Блерди *«көп убактан бери Курандын окуучусу болгон Тони Блер»* деп сүрөттөгөн.

**Билл Клинтондун Курандан канчалык таасирленгенин айткан сөзү**

Американын мурдакы президенти Билл Клинтон (Bill Clinton) Ак үйдөгү акыркы жылында Рамазан майрамында Мусулмандарды кабыл алган эле. Куран аяттары окулуп башталган чогулушта Билл Клинтон да өз сөзүндө Курандан аяттар колдонгон жана Исламга болгон жакындыгын көп жолу айткан:

Имам Курандан окуган бөлүмдө Аллахтын адамдарды бири-бири менен согушушу үчүн эмес, таанышуулары үчүн улут улут кылып жаратканы айтылган эле. Менимче бул абдан таасирлентүүчү. Тооротто адамдардын жат адамдардан жүз бурбашы, мунун Улуу Теңирден жүз буруу маанисине келээри айтылат. Инжилде болсо адамдарга коңшуларына жакшы мамиле кылуулары айтылат. Бирок Куранда Аллахтын улуттарды жана расаларды бири-бири менен таанышсын, пикирлерин бөлүшсүн деп жараткандыгынын айтылышы менимче керемет... Бир нерсени айтууга уруксат бериңиздер, менимче дүйнө Исламдан үйрөнө турган көп нерсе бар. Дүйнөдө ар бир төрт адамдын бири Мусулман. Американыктар университеттерде жана лицейлерде Исламды үйрөнүшүүдө. Менин кызым да лицейде окуп жүргөн кезинде Ислам тарыхы сабагын окуган жана Курандын көп бөлүгүн окуп чыккан эле. Ал тургай, мектептен келген соң бизге да бул жөнүндө маалымат берип, бизге суроолор узатчу. Сиздерден дагы бир жолу бул өлкө адамдарынын сиздердин диниңиздерди, ибадаттарыңыздарды, үрп-адаттарыңыздарды жакшыраак түшүнүүлөрү үчүн өзүңүздөрдү, диниңиздердин баалуулуктарын жана адамзаткан берген жакшылыктарын аларга жеткиришиңиздерди өтүнөм. Куранда адамдарга өзүңө кандай мамиле кылынышын кааласаң, башкаларга да ошондой мамиле кыл деп айтылган. Жана өзүбүзгө каалабаган нерселерди башкаларга да каалабашыбыз жана тынчтык ичинде аракет кылышыбыз...

**Жорж Буш (George W. Bush): «Куран – алган эң сонун белегим»**

2001-жылдын 26-сентябрь күнү Буш Америкадагы Мусулман уюмдардын башчыларын Ак сарайда кабыл алды. Исламдын адамдарды бир гана тынчтыкка жана жакшылыкка чакырганын айткан Бушту бул жолугушуу учурунда таасирленткен окуялардын бири – Мусулман лидерлер ага тартуулаган Курани Керим эле. Түндүк Америка Ислам коомунун (ISNA) башчысы Др. Музаммил Сиддикиден (Dr. Muzammil Sıddıqi) алган бул белектин канчалык көңүлүнө жакканын жолугушуудан кийин жасалган пресс-конференцияда Буш мындайча билдирген:

Имам Сиддикиге «Мага берген белегиңиз үчүн, Куран үчүн сизге чоң ыраазычылык билдирем. Абдан аярдык менен тандалган бир белек» дегенимде, «Бул мен сизге бере алчу эң баалуу белек урматтуу Президент» деген жообун берди.[198]

2001-жылдын 17-сентябрь күнү президент Буш Американын эң байыркы мечиттеринин бири болгон Вашингтон Ислам борборунун мечитин зиярат кылды. Исламдын тынчтык дини экенине, террористтик кол салуулардын Ислам менен жана чын ниеттүү Мусулмандар менен эч байланышы

жок экенине басым жасаган бул сөзүндө Буш күнөөсүз жана катардагы Мусулмандарга зыянын тийгизген адамдардын да террористтик кол салууларды жасагандардай адилетсиздик кылган болоорун айтты. Көп адам чогулган, көптөгөн улуттук жана эл аралык телевизор каналы тарабынан түз алып берүү жасалып жаткан сөзүндө Буш Курандан төмөнкү аятты окуду:

**«Анан жамандык кылгандардын акыбети, Аллахтын аяттарын жалганга чыгарганы жана шылдың кылганы үчүн, абдан жаман болду.» (Рум Сүрөсү, 10)**

# ЖЫЙЫНТЫК
# КУРАН АЛЛАХТЫН СӨЗҮ

Бул китепте жыйынтык бөлүмүнө чейин айтылып өткөндөрдүн баары бизге апачык бир чындыкты көрсөтүүдө. Куран – ичинде берилген маалыматтардын баары туура чыккан жана туура чыгуусун уланткан бир китеп. Илимий темаларда, өтмүштөн жана келечектен билдирилген кабарларда же болбосо математикалык коддоолордо ал доордо эч бир адам тарабынан билиниши мүмкүн болбогон чындыктар аяттарда кабар берилген. Бул маалыматтарды ал доордун илим деңгээли менен жана технологиясы менен алуу мүмкүн эмес. Албетте, бул Курандын адамдын сөзү болушу мүмкүн эмес экендигинин апачык бир далили.

Куран бүт нерсени жоктон жараткан жана илими менен бүт нерселерди ороп-курчаган Улуу Аллахтын сөзү. Аллах бир аятында Куран жөнүндө **«... Эгер ал Аллахтан башкасынын кабатынан болгондо, шек жок ичинде көптөгөн карама-каршылыктарды (дал келбестиктерди) табышмак.** (Ниса Сүрөсү, 82) деп буюрууда. Курандын ичиндеги ар бир маалымат бул Аллахтан келген китептин белгисиз, жашыруун кереметтерин ортого койууда. Адамдын милдети болсо Аллах түшүргөн бул Илахий китепке бекем кармануу жана аны өзүнө жол көрсөтүүчү кылып кабыл алуу. Аллах Куранда бизге мындайча билдирет:

**Бул Куран Аллахтан башкасы тарабынан жалган катары ойлоп чыгарылган эмес. Бул мурункуларды тастыктоочу жана Китепти терең түшүндүрүп берүүчү. Мында эч шек жок, ааламдардын Раббисинен. Же болбосо: «Муну өзү жалгандан ойлоп тапты» деп жатышабы? Айткын: «Ушуга окшогон бир сүрө алып келгиле жана эгер чынчыл болсоңор, Аллахтан башка чакыра алганыңарды(н баарын) чакыргыла.» (Йунус Сүрөсү, 38)**

**Бул (Биз) түшүргөн куттуу бир Китеп. Демек Аны ээрчигиле жана коркуп-сактангыла. (Балким) Ырайымга жетээрсиңер. (Энъам Сүрөсү, 155)**

# ЭВОЛЮЦИЯ ТЕОРИЯСЫНЫН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: *«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»*[310]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

**20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер**

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[311]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[312]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[313]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[314]

**Жашоонун комплекстүүлүгү**

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан,*

*адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[315]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

**Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери**

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[316]

**Ламарктын таасири**

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[317]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты.

Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[318]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

### Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле.

Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[319]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча дипнот: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[320]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси

натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[321]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[322]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[323]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[324] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[325]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[326]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[327]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

**Дарвиндин формуласы!**

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Каалasаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган

заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

**Көз жана кулактагы технология**

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн

заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

**Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?**

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

**Материалисттик ишеним (дин)**

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[328]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп,

басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

*«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»*[329]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# ДИПНОТТОР


1. S. Waqar Ahmed Husaini, The Quran for Astronomy and Earth Exploration from Space, Goodword Press, 3. baskı, New Delhi, 1999, ss. 103-108.
2. http://www.time.com/time/time100/scientist/profile/hubble.html
3. Philip Ball, "Black Crunch Jams Universal Cycle", Nature, 23 Aralık 2002; Dr. David Whitehouse, "Universe is 'doomed to collapse'", BBC News Online, 22 Ekim 2002, http://news.bbc.co.uk/1/hi/sci/tech/2346907.stm; Mark Schwartz, "Cosmic 'big crunch' could trigger an early demise of our universe", Stanford Report, 25 Eylül 2002.
4. Mark Schwartz, "Cosmic 'big crunch' could trigger an early demise of our universe", Stanford Report, 25 Eylül 2002.
5. Mahdi La'li, A Comprehensive Exploration of the Scientific Mireacles in Holy Qur'an, Trafford, Kanada, 2003, ss. 35-38.
6. Ebu'l-A'lâ Mevdûdî, Tefhimu'l Kur'an; http://www.enfal.de/tefhim/)
7. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, s. 53.
8. Meyers Lexikon in drei Bänden Bibliographisches Institut & F.A. Brockhaus AG, Mannheim 1995, Digitale Ausgabe LexiRom.
9. Carl Sagan, Cosmos, Wings Books, ABD, 1980, ss. 5-7.
10. K. Giberson, "The Anthropic Principle", Journal of Interdisciplinary Studies, c. 9, 1997, ss. 63-90, Steven Yates'den cevap, ss. 91-104.
11. F. Bertola, U. Curi, The Anthropic Principle: Laws and Environments, Cambridge University Press, 1993, s. 30.
12. Paul Davies, Superforce: The Search for a Grand Unified Theory of Nature, 1984, s. 184.
13. Stephen Hawking, A Brief History Of Time, Bantam Press, London, 1988, ss. 121-125.
14. Michael Denton, Nature's Destiny, The Free Press, New York, 1998, ss. 12-13.
15. Michael J. Denton, Nature's Destiny, The Free Press, New York, 1998, s. 11.
16. http://www.pathlights.com/ce_encyclopedia/01-ma10.htm#Elemental Forces
17. World Book Encyclopedia, 2003; Boston Üniversitesi'nde Astronomi ve Fizik Professörü Kenneth Brecher'in katkılarıyla.
18. Bilim ve Teknik, Temmuz 1983.
19. http://www.woodrow.org/teachers/esi/1998/p/weather/Corriolis.HTM
20. http://royal.okanagan.bc.ca/mpidwirn/atmosphereandclimate/atmslayers.html; Michael Pidwirny, Atmospheric Layers, 1996.
21. http://www.tpub.com/weather3/4-27.htm
22. http://www.godandscience.org/apologetics/designss. html
23. http://webhome.idirect.com/~alila/Writings/Physics.htm
24. http://pubs.usgs.gov/publications/text/inside.html
25. http://www.wamy.co.uk/announcements3.html; Prof. Zighloul Raghib El-Naggar'ın konuşmasından.
26. Frank Press, Raymond Siever, Earth, 3. baskı, W. H. Freeman & Company, San Francisco, 1982, s. 413.
27. André Cailleux, Anatomy of the Earth, World University Library, London, s. 220.

28. Edward J. Tarbuck, Frederick K. Lutgens, Earth Science, 3. baskı, Charles E. Merrill Publishing Company, Columbus, 1982, s. 158.
29. Carolyn Sheets, Robert Gardner, Samuel F. Howe, General Science, Allyn & Bacon Inc. Newton, Massachusetts, 1985, s. 305.
30. http://www.beconvinced.com/science/QURANMOUNTAIN.htm
31. Frank Press, Raymond Siever, Earth, 3. baskı, W. H. Freeman & Company, San Francisco, 1982.
32. M. J. Selby, Earth's Changing Surface, Clarendon Press, Oxford, 1985, s. 32.
33. Carolyn Sheets, Robert Gardner, Samuel F. Howe, General Science, Allyn & Bacon Inc. Newton, Massachusetts, 1985, s. 305.
34. Powers of Nature, National Geographic Society, Washington D. C., 1978, ss. 12-13.
35. http://www.irf.se/press/press_010309eng.html
36. http://science.nasa.gov/newhome/headlines/ast08dec98_1.htm
37. http://science.nasa.gov/newhome/headlines/ast08dec98_1.htm
38. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, s. 115.
39. http://www.planetwaves.net/polar_NYT.html; New York Times, 19 Ağustos 2000.
40. http://nssdc.gsfc.nasa.gov/planetary/factsheet/earthfact.html
41. http://tea.rice.edu/schauer/6.23.2000.html; http://www.eri.u-tokyo.ac.jp/seno/sealevel_abst.html; http://theory.uwinnipeg.ca/mod_tech/node195.html; http://www.nekkah.com/Main/EngPage/Scientific_Signs_in_the_Quran.htm
42. Dr. Mazhar, U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, 1997, ss. 110-111; http://www.wamy.co.uk/announcements3.html; Prof. Zighloul Raghib El-Naggar'ın konuşmasından.
43. Dr. Mazhar, U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, 1997, ss. 110-111; http://www.wamy.co.uk/announcements3.html
44. http://www.istanbul.edu.tr/fen/astronomy/populer/cevre/cevresi.htm; Yard. Doç. Dr. Yüksel Karataş, İstanbul Üniversitesi Fen Fakültesi Astronomi ve Uzay Bilimleri Bölümü, Popüler Bilim (Popular Science Magazine), no. 92, 2001, ss. 38-43, [American Scientist, c. 88, s. 1].
45. Michael J. Denton, Nature's Destiny, The Free Press, 1998, s. 198.
46. http://www.inm-gmbh.de/cgibin/frame/frameloader.pl?sprache=en&url=http://www.inm-gmbh.de/htdocs/technologien/highlights/highlights_en.htm
47. "Nanotechnology successfully helps cancer therapies", IIC Fast Track, Nanotech News from Eastern Germany, Industrial Investment Council, Ekim 2003;www.iic.de/uploads/media/NANO_FT_Nov2003_01.pdf
48. Benjamin Libet, "Unconscious cerebral initiative and the role of conscious will in voluntary action", The Behavioral and Brain Sciences, 1985, ss. 529-566.
49. http://www.genetikbilimi.com/genbilim/bilincbeyninkuklasi.htm
50. http://faculty.virginia.edu/consciousness/new_page_8.htm#5.10.%20Free%20will%20as%20the%20possibility%20of%20alternative%20action
51. http://www.2think.org/nothingness.shtml; Nothingness: The Science of Empty Space, Henning Genz, s. 205.
52. http://www.therevival.co.uk/Revival_issue/vol5_iss2_quran_miracle.htm

53. http://i115srv.vu-wien.ac.at/physik/ws95/ w9560dir/w9561d10.htm
54. www.atnf.csiro.au/news/press/double_pulsar/
55. http://www.star.le.ac.uk/astrosoc/whatsup/stars.html (Leicester edu dept of Physics & astronomy); http://www.site.uottawa.ca:4321/astronomy/index.html#Sirius (University of Ottowa); http://cfa-www.harvard.edu/~hrs/ay45/Fall2002/ChapterIVPart2.pdf (Harvard-Smithsonian Center for Astrophysics)
56. Exposes Astronomiques, La troisième loi de KEPLER, http://www.astrosurf.com/eratosthene/HTML/exposetheoastro.htm
57. http://www.dharma.com.tr/dkm/article.php?sid=87
58. S. Waqar Ahmed Husaini, Qur'an for Astronomy and Earth Exploration from Space, 3. baskı, Goodword Books, New Delhi, 1999, ss. 175-182.
59. Meyers Lexikon in drei Bänden Bibliographisches Institut & F.A. Brockhaus AG, Mannheim 1995, Digitale Ausgabe LexiRom.
60. http://www.islandnet.com/~see/weather/history/lenard.htm
61. Richard A. Anthes, John J. Cahir, Alistair B. Fraser, Hans A. Panofsky, The Atmosphere, 3. baskı, Columbus, Charles E. Merrill Publishing Company, 1981, ss. 268-269; Albert Millers, Jack C. Thompson, Elements of Meteorology, 2. baskı, Columbus, Charles E. Merrill Publishing Company, 1975, s. 141.
62. Richard A. Anthes, John J. Cahir, Alistair B. Fraser, Hans A. Panofsky, The Atmosphere, 1981, s. 269; Albert Millers, Jack C. Thompson, Elements of Meteorology, 1975, ss. 141-142.
63. Brian J. Ford, "Brownian Movement in Clarkia Pollen: A Reprise of the First Observations", The Microscope, 1992, vol. 40, no. 4, ss. 235-241; http://www.brianjford.com/wbbrowna.htm
64. C. Donald Ahrens, Meterology Today: An introduction to weather, climate and environment, 3. baskı, West Publishing Company, 1988, St. Paul, s. 437.
65. http://webhome.idirect.com/~alila/Writings/Physics.htm; The Quran and Modern Physics.
66. http://webhome.idirect.com/~alila/Writings/Physics.htm; The Quran and Modern Physics.
67. Richard A. Davis, Principles of Oceanography, Addison-Wesley Publishing Company, Don Mills, Ontario, ss. 92-93.
68. Danny Elder, John Pernetta, Oceans, Mitchell Beazley Publishers, London, 1991, s. 27.
69. M. Grant Gross, Oceanography, A View of Earth, 6. baskı, Englewood Cliffs, Prentice-Hall Inc., 1993, s. 205.
70. Rod R. Seeley, Trent D. Stephens, Philip Tate, Essentials of Anatomy & Physiology, 2. baskı, Mosby-Year Book Inc., St. Louis, 1996, s. 211; Charles R. Noback, N. L. Strominger, R. J. Demarest, The Human Nervous System, Introduction and Review, 4. baskı, Lea & Febiger, Philadelphia, 1991, ss. 410-411.
71. Rod R. Seeley, Trent D. Stephens, Philip Tate, Essentials of Anatomy & Physiology, 2. baskı, Mosby-Year Book Inc., St. Louis, 1996, s. 211.
72. Patrick Glynn, God: The Evidence, The Reconciliation of Faith and Reason in a Postsecular World, Prima Publishing, California, 1997, ss. 80-81.
73. Herbert Benson, Mark Stark, Timeless Healing, Simon & Schuster, New York, 1996, s. 203.
74. Herbert Benson, Mark Stark, Timeless Healing, Simon & Schuster, New York, 1996, s. 193.
75. Patrick Glynn, God: The Evidence, The Reconciliation of Faith and Reason in a Postsecular World, Prima Publishing, California, 1997, s. 94.
76. http://www.almanacnews.com/morgue/1999/1999_06_09.forgive.html; Jennifer Desai, Almanac, 9 Haziran 1999.

77. http://www.almanacnews.com/morgue/1999/ 1999_06_09.forgive.html; Jennifer Desai, Almanac, 9 Haziran 1999.
78. Frederic Luskin, "Forgiveness ", Healing Currents Magazine, Eylül-Ekim 1996 ; www.stanford.edu/~alexsox/4_steps_to_forgiveness.htm
79. Frederic Luskin, "Forgiveness ", Healing Currents Magazine, Eylül-Ekim 1996 ; www.stanford.edu/~alexsox/4_steps_to_forgiveness.htm
80. "Hastalar için en iyi ilaç din mi?", Vatan Gazetesi, 4 Kasım 2003; Dr. Herbert Benson, "God&Health", Newsweek.
81. William J. Cromie, "Anger is Hostile To Your Heart", Harvard Gazette Archieves; http://www.news.harvard.edu/gazette/1996/11.07/AngerisHostileT.html
82. William J. Cromie, "Anger is Hostile To Your Heart", Harvard Gazette Archieves; www.news.harvard.edu/gazette/1996/11.07/AngerisHostileT.html
83. Peter Lavelle, "Anger trigger to heart disease found?", ABC Science Online, 5 Ağustos 2003; www.abc.net.au/science/news/stories/s915243.htm
84. Peter Lavelle, "Anger trigger to heart disease found?", ABC Science Online, 5 Ağustos 2003; www.abc.net.au/science/news/stories/s915243.htm
85. Peter Lavelle, "Anger trigger to heart disease found?", ABC Science Online, 5 Ağustos 2003; www.abc.net.au/science/news/stories/s915243.htm
86. Mark Henderson, "Anger Raises Risk Of Heart Attack", The Times, London, 24 Nisan 2002; http://www.rense.com/general24/anger.htm
87. Mark Henderson, "Anger Raises Risk Of Heart Attack", The Times, London, 24 Nisan 2002; http://www.rense.com/general24/anger.htm
88. Acar Baltaş, Zuhal Baltaş, Stres ve Başa Çıkma Yolları, Remzi Kitabevi, 15. basım, s. 162.
89. Jane E. Brody, "Tool of survival is deadly for heart", The New York Times, 23 Mayıs 2002; http://www.iht.com/articles/58687.html
90. Acar Baltaş, Zuhal Baltaş, Stres ve Başa Çıkma Yolları, Remzi Kitabevi, 15. basım, s. 159.
91. Acar Baltaş, Zuhal Baltaş, Stres ve Başa Çıkma Yolları, Remzi Kitabevi, 15. basım, s. 169.
92. Keith L. Moore, E. Marshall Johnson, T. V. N. Persaud, Gerald C. Goeringer, Abdul-Majeed A. Zindani, Mustafa A. Ahmed, Human Development as Described in the Qur'an and Sunnah, Commission on Scientific Signs of the Qur'an and Sunnah, Makkah, 1992, s. 36.
93. Keith L. Moore, Developing Human, 6. baskı, 1998.
94. http://anatomy.med.unsw.edu.au/cbl/embryo/Notes/git4.htm
95. http://virtual.yosemite.cc.ca.us/uyeshiros/AP50/Repro.htm
96. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, s. 84.
97. Williams P., Basic Human Embryology, 3. baskı, 1984, s. 64.
98. http://www.ldeo.columbia.edu/dees/ees/life/lectures/lect21.html
99. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, ss. 96-97.
100. Laurence Pernoud, J'attends un enfant, Pierre Horay, Paris, 1995, s. 138.
101. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, ss. 78-79.
102. http://www.uuhsc.utah.edu/healthinfo/pediatric/

Hrnewborn/bhrnb.htm
103. http://www.uuhsc.utah.edu/healthinfo/pediatric/
Hrnewborn/bhrnb.htm
104. C. Billeaud, D. Bouglé, P. Sarda, N. Combe, S. Mazette, F. Babin, B. Entressangles, B. Descomps, A. Nouvelot, F. Mendy, European Journal of Clinical Nutrition, 1997, c. 51, ss. 520-526
105. "Breast milk 'does cut heart risk'", 1 Mart 2004; http://news.bbc.co.uk/2/hi/health/3523143.stm
106. "Breast milk helps reduce obesity", 2 Mayıs 2004; http://news.bbc.co.uk/2/hi/health/3673149.stm
107. "Breast milk helps reduce obesity", 2 Mayıs 2004; http://news.bbc.co.uk/2/hi/health/3673149.stm
108. http://www.genetikbilimi.com/genbilim/annesutu.htm
109. “Breakthrough in Cancer Research,” http://www.mediconvalley.com/news/Article.asp?NewsID=635
110. http://www.icr.org/pubs/imp-259.htm; Rex D. Russell, "Design in Infant Nutrition".
111. http://www.ridgesandfurrows.homestead.com/fingerprint.html
112. http://www.ridgesandfurrows.homestead.com/fingerprint.html
113. http://www.optel.com.pl/article/english/article2.htm; A. A. Moenssnens, "Fingerprint Techniques", Chilton Company, 1971.
114. Hayvanlar Ansiklopedisi-Böcekler, Phoesbus Publishing Company, İstanbul, 1979, s. 97.
115. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, ss. 68-69.
116. http://www.newswise.com/articles/2000/8/HEALER.
NHB.html; National Honey Board, 1 Ağustos 2000.
117. http://www.nutritionfarm.com/health_news/1998/antioxidants4.htm; Journal of Apicultural Research, 1998, c. 37, ss. 221-225; http://www.sciencenews.org/sn_arc98/9_12_98/Bob1.htm
118. http://news.bbc.co.uk/2/hi/health/3787867.stm; Angie Knox, "Harnessing honey's healing power", 8 Haziran 2004
119. http://www.sdearthtimes.com/et0100/et0100s17.html
120. http://www.draperbee.com/info/honey_news.htm
121. http://www.geocities.com/SoHo/Easel/3809/hurma.htm
122. http://www.sgp-dates.com/date.htm
123. http://198.65.147.194/English/Science/2000/7/article5.shtml; http://www.people.virginia.edu/~rjh9u/oxytocin.html; http://eilat.sci.brooklyn.cuny.edu/newnyc/DRUGS/OXYTOCIN.HTM#supplied
124. The Independent Newspaper, 9 Temmuz 1995.
125. http://www.sgp-dates.com/date.htm
126. http://www.telmedpak.com/agricultures.asp?a=agriculture&b=date_palm
127. http://www.telmedpak.com/agricultures.asp?a=agricul
ture&b=date_palm
128. http://www.californiafigs.com/nutrition/
129. http://www.californiafigs.com/nutrition/
130. http://www.californiafigs.com/nutrition/
131. Dr. Joe A. Vinson, "The Functional Food Properties of Figs", Cereal Foods World, Şubat 1999, c. 44, no. 2.

132. Dr. Joe A. Vinson, "The Functional Food Properties of Figs", Cereal Foods World, Şubat 1999, c. 44, no. 2.
133. http://www.californiafigs.com/industry/page2.html
134. http://www.californiafigs.com/industry/page2.html
135. Bilim ve Teknik Dergisi, Eylül 1998, s. 86.
136. http://www.ventris.org.uk/health_supplements_biocare_s-e52760.htm
137. http://www.homeschoolmath.net/other_topics/fats-intelligence.php
138. B. J. Holub, "Fish oils and cardiovascular disease", CMAJ, 1989, c. 141, no. 1063; W.E. Connor, "The importance of n-3 fatty acids in health and disease", Am J. Clin. Nutr., 2000, c. 71, (1 Suppl):171S-5S; P. Angerer, C. von Schacky, "n-3 Polyunsaturated fatty acids and the cardiovascular system", Curr. Opin. Lipidol, 2000, c. 11, no. 1, ss. 57-63.
139. http://news.bbc.co.uk/1/hi/health/3837329.stm; BBC News, "'Fish' test for heart attack risk", 26 Haziran 2004
140. http://news.bbc.co.uk/1/hi/health/3835657.stm; BBC News, "Mother's fish diet boost to baby", 24 Haziran 2004
141. http://www.umm.edu/altmed/ConsSupplements/Omega3FattyAcidscs.html?cfA3F3B2C5=bmVuNjE4Mzpnb29keWVhcl9lbWVhX2ludGVybmV0Ok9S3oVvl46l1fxb71Iaai4=
142. Archives of General Psychiatry, Ekim 2002, c. 59, ss. 913-919
143. http://www.omega-3info.com/arthritis.htm
144. Scientific Encyclopedia, s. 207.
145. European Journal of Clinical Nutrition, Nisan 2002, c. 56, ss. 114-120.
146. Archives of Internal Medicine, 1998, c. 158, ss. 1181-1187.
147. A. Keys, A. Menotti, M.J. Karvonen, et al., "The diet and 15-year death rate in the Seven Countries Study", Am. J. Epidemiol, 1986, c. 124, ss. 903-915; W.C. Willett, "Diet and coronary heart disease", Monographs in Epidemiology and Biostatistics, 1990, c. 15, ss. 341-379; World Health Organization: Diet, nutrition, and the prevention of chronic diseases, Report of a WHO Study Group, WHO Technical Report Series, Geneva, 1990, c. 797.
148. http://www.ncbi.nlm.nih.gov/entrez/query.fcgi?cmd=Retrieve&db=PubMed&list_uids=12442909&dopt=Abstract
149. Journal of the American Heart Association, Eylül 1999.
150. Archives of Internal Medicine, 1998, c. 158, ss. 41-45.
151. American Journal of Clinical Nutrition, 1999, c. 70, ss. 1077-1082.
152. American Journal of Clinical Nutrition, 1999, c. 70, ss. 1077-1082.
153. Diane H. Morris, PhD., RD., A Health and Nutrition Primer, "Importance of Omega-3 Fatty Acids for Adults and Infants", ss. 28-34
154. http://www.mercola.com/2000/oct/22/infant_formula.htm)
155. Muammer Kayahan, "Sağlıklı Yaşam ve Zeytinyağı", Bilim Teknik Dergisi, Nisan 1995, s. 48.
156. Muammer Kayahan, "Sağlıklı Yaşam ve Zeytinyağı", Bilim Teknik Dergisi, Nisan 1995, s. 48.
157. Muammer Kayahan, "Sağlıklı Yaşam ve Zeytinyağı", Bilim Teknik Dergisi, Nisan 1995, s. 48.
158. Hürriyet, 14 Mayıs 1997, Ayşegül Kartal, Zeytinyağı Kongresi.
159. Prof. Dr. Fehmi Tuncel, Bilim Teknik Dergisi, Ocak 1993.
160. Barbara A. Brehm, Your Health and Fitness, Fitness Management Magazine, 1990.

161. Kathleen Mullen, Some Benefits of Exercise, Medical Times, C.Brown Publishers, 1986.
162. Edward O. Wilson, Sociobiology: The New Synthesis, The Belknap Press of Harvard University Press, İngiltere, 1975, s. 123.
163. Russell Freedman, How Animals Defend Their Young, E. P. Dutton, New York, 1978, s. 69.
164. Russell Freedman, How Animals Defend Their Young, E. P. Dutton, New York, 1978, ss. 66-67.
165. http://www. biomimicry. org/reviews_text.html
166. http://www.bfi.org/Trimtab/spring01/biomimicry.htm
167. http://www. biomimicry.org/reviews_text.html; Michelle Nijhuis, High Country News, 6 Temmuz 1998, c. 30, no.13.
168. Bilim ve Teknik Dergisi, Ağustos 1994, s. 43.
169. http://www. nature. com/cgi-taf/DynaPage. taf?file=/nature/journal/v409/n6818/full/409413a0_fs. html&_UserReference=C0A804EF46B465AFF2C953AE40623B641423
170. http://www. natlogic. com/resorces/nbl/v06/n22. html
171. http://www. biomimicry. org/reviews_text.html
172. http://www. biomimicry. org/reviews_text.html
173. http://www. rdg. ac. uk/AcaDepts/cb/96vincent.html
174. http://www. the-scientist.com/yr1991/july/research_910708.html
175. New York Times, 11 Aralık 2001.
176. http://73.1911encyclopedia.org/E/EC/ECONOMICS.htm
177. www.fao.org/NEWS/GLOBAL/LOCUSTS/LOCFAQ.htm#q5
178. National Geographic, c. 165, no. 6, s. 777.
179. Bert Hölldobler-Edward O.Wilson, The Ants, Harvard University Press, 1990, s. 227.
180. Bert Hölldobler-Edward O.Wilson, The Ants, Harvard University Press, 1990, p. 244.
181. Bilim ve Teknik, Mayıs 1987, no. 234, s. 17.
182. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, s. 108.
183. Dr. Mazhar U. Kazi, 130 Evident Miracles in the Qur'an, Crescent Publishing House, New York, ABD, 1998, s. 108.
184. http://www.geocities.com/abusedelders/page9.html
185. http://www.biomedcentral.com/1364-8535/5/81/abstract
186. http://www.bodyandfitness.com/Beauty/Anti-Aging/melatonin1.htm
187. www.stenlake.com.au/ShowDocument.asp?DocumentId=53
188. http://wildcat.arizona.edu//papers/90/ 22/05_1_m.html
189. http://fitness.howstuffworks.com/sleep.htm?printable=1
190. http://aggiehorticulture.tamu.edu/greenhouse/ornamentals/light.html
191. http://beta.physicsweb.org/article/news/5/1/10
192. http://www.rwjhamilton.org/Atoz/Encyclopedia/article/000133.asp; Medical Encyclopedia, Robert Wood Johnson University Hospital Hamilton
193. http://en.wikipedia.org/wiki/Heraclius
194. Warren Treadgold, A History of the Byzantine State and Society, Stanford University Press, 1997, ss. 287-299.
195. http://fstav.freeservers.com/emperors/heraclius.html

196. Warren Treadgold, A History of the Byzantine State and Society, Stanford University Press, 1997, ss. 287-299.
197. http://web.genie.it/utenti/i/inanna/livello2-i/mediterraneo-1-i.htm; http://impearls.blogspot.com/2003_12_07_impearls_archive.html; http://en.wikipedia.org/wiki/Heraclius
198. http://www.beconvinced.com/science/QURANLOWEST.htm; http://www.tasabeeh.com/english/html/print.php?sid=71
199. World Book Encyclopedia, 2003, George Washington Üniversitesi'nden Siyasi Bilimler ve Uluslararası İlişkiler Profesörü Bernard Reich'in katkılarıyla.
200. http://www.angelfire.com/az/miracles/Archaeology.html
201. İmam Taberi, Taberi Tefsiri, c. 5, Ümit Yayıncılık, İstanbul, s. 2276.
202. Anil Ananthaswamy, "Teleporting larger objects becomes real possibility", New Scientist, 6 Şubat 2002.
203. Dr. David Whitehouse, BBC News Online, 17 Haziran 2002.
204. "Atom Experiment Brings Teleportation a Step Closer", Reuters, 26 Eylül 2001; http://www.space.com/businesstechnology/technology/quantum_teleportation_010926.html
205. James Schultz, Space News, Teleporting the Quantum Way, 12 Ekim 2000.
206. Elise Hancock, "A Primer on Smell", Johns Hopkins Magazine, Eylül 1996.
207. Mia Schmiedeskamp, "Plenty to Sniff At", Scientific American, Mart 2001; http://www.sciam.com/2001/0301issue/0301techbus1.html.
208. http://science.nasa.gov/headlines/y2004/ 06oct_enose.htm?list1037616; "Electronic Nose", 6 Ekim 2004
209. http://web.worldbank.org/WBSITE/EXTERNAL/NEWS/0,,contentMDK:20114416~menuPK:34457~pagePK:34370~piPK:34424~theSitePK:4607,00.html
210. http://web.worldbank.org/WBSITE/EXTERNAL/NEWS/0,,contentMDK:20044610~menuPK:34459~pagePK:64003015~piPK:64003012~theSitePK:4607,00.html
211. http://www.infoforhealth.org/pr/m14edsum.shtml
212. http://www.cnie.org/pop/pai/water-14.html
213. http://www.iah.org/articles/mar2000/art002.htm
214. http://ap.world.water-forum3.com/themeWwf/en/themeShow.do?id=36
215. http://pasture.ecn.purdue.edu/~agenhtml/agen521/epadir/grndwtr/importance.html
216. http://armyant.ee.vt.edu/paper/robo_mag.html
217. http://www.cs.technion.ac.il/~wagner/
218. http://www.physicalgeography.net/fundamentals/6a.html
219. Walter Wreszinski, Aegyptische Inschriften aus dem K.K. Hof Museum in Wien, 1906, J. C. Hinrichs' sche Buchhandlung.
220. Hermann Ranke, Die Ägyptischen Personennamen, Verzeichnis der Namen, Verlag Von J. J. Augustin in Glückstadt, Band I, 1935, Band II, 1952.
221. British Museum, 6 no'lu Mısır papirüsü.
222. Galina Stolyarova, 20 Ocak 2004, "City Scientists Say Red-Sea Miracle Can Be Explained", The St. Petersburg Times, www.sptimes.ru/archive/times/936/top/t_11445.htm; Galina Stolyarova, 21 Ocak 2004,

"Mathematicians Dissect a Miracle", The Moscow Times, http://www.themoscowtimes.com/stories/2004/01/21/003.html
223. Galina Stolyarova, 20 Ocak 2004, "City Scientists Say Red-Sea Miracle Can Be Explained", The St. Petersburg Times, www.sptimes.ru/archive/times/936/top/t_11445.htm; Galina Stolyarova, 21 Ocak 2004, "Mathematicians Dissect a Miracle", The Moscow Times, www.themoscowtimes.com/stories/2004/01/21/003.html
224. www.ohr.org.il/special/pesach/ipuwer.htm
225. www.mystae.com/restricted/streams/thera/plagues.html; Admonitions of Ipuwer 2:5-6.
226. http://www.mystae.com/restricted/streams/thera/plagues.html; Admonitions of Ipuwer 2:10.
227. http://www.students.itu.edu.tr/~kusak
/ipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 5:12.
228. http://www.students.itu.edu.tr/~kusak/
ipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 10:3-6.
229. http://www.students.itu.edu.tr/~kusak/ipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 6:3.
230. http://www.ohr.org.il/special/pesach/ipuwer.htm
231. http://www.mystae.com/restricted/streams/thera/plagues.html; Admonitions of Ipuwer.
232. http://www.students.itu.edu.tr/~kusak/ipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 2:10.
233. http://www.students.itu.edu.tr/~kusak/ipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 3:10-13.
234. http://www.geocities.com/regkeith/linkipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 2:11.
235. http://www.geocities.com/regkeith/linkipuwer.htm; Admonitions of Ipuwer 7:4.
236. http://www.islamic-awareness.org/Quran/Contrad/External/josephdetail.html; http://www.islaam.com/Article.asp?id=40.
237. Fred Warshofsky, "Ur of the Chaldees", Readers Digest, Aralık 1977.
238. Max Mallowan, Noah's Flood Reconsidered, Iraq, c. XXVI-2, 1964, s. 70.
239. Werner Keller, Und die Bibel hat doch recht (The Bible as History; a Confirmation of the Book of Books), William Morrow, New York, 1956, s. 40.
240. "Kiş", Ana Britannica, c. 13, s. 361.
241. "Şuruppah", Ana Britannica, c. 20, s. 311.
242. Max Mallowan, Early Dynastic Period in Mesapotamia, Cambridge Ancient History 1-2, Cambridge, 1971, s. 238.
243. Joseph Campbell, Doğu Mitolojisi, Ankara, 1993, s. 129.
244. Bilim ve Ütopya, Temmuz 1996, s. 176.
245. Werner Keller, Und die Bibel hat doch recht (The Bible as History; a Conformation of the Book of Books), William Morrow, New York, 1956.
246. "Le Monde de la Bible", Archeologie et Histoire, Temmuz-Ağustos 1993.
247. G. Ernest Wright, "Bringing Old Testament Times to Life", National Geographic, c. 112, Aralık 1957, s. 883.
248. Mevdudi, Tefhimül Kuran, c. 4, İnsan Yayınları, İstanbul, s. 517.
249. Werner Keller, Und die Bibel hat doch recht (The Bible as History; a Conformation of the Book of Books), William Morrow, New York, 1956, s. 230.
250. http://monak2.tripod.com/Peaceonline/id1.html
251. İsmail Yakıt, Türk-İslam Kültüründe Ebced Hesabı ve Tarih Düşürme, s. 36.
252. İsmail Yakıt, Türk-İslam Kültüründe Ebced Hesabı ve Tarih Düşürme, s. 56.

253. Sahih-i Buhari ve Tercemesi, c. 8, no. 88.
254. http://www.iol.ie/~plugin/stonecal.htm
255. http://antwrp.gsfc.nasa.gov/apod/halley.html
256. [F. F. Arbuthnot, The Construction of the Bible and the Koran, London, 1985, s. 5.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
257. Dr. Adel M. A. Abbas, Anne P. Fretwell, Science Miracles, No Sticks or Snakes, Amana Publications, Beltsville, Maryland, ABD, 2000, s. 13.
258. [H. A. R. Gibb, Islam-A Historical Survey, 1980, Oxford University Press, s. 28.]; http://www.islamic-awareness.org/Quran/Miracle/ijaz.html
259. [H. A. R. Gibb, Arabic Literature-An Introduction, 1963, Oxford at Clarendon Press, s. 36.]; http://www.islamic-awareness.org/Quran/Miracle/ijaz.html
260. [H. A. R. Gibb, Arabic Literature-An Introduction, 1963, Oxford at Clarendon Press, s. 36.]; http://www.islamic-awareness.org/Quran/Miracle/ijaz.html
261. [Paul Casanova, "L'Enseignement de I'Arabe au College de France", Lecon d'overture, 26th April 1909]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
262. [Harry Gaylord Dorman, Towards Understanding Islam, New York, 1948, s. 3.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
263. [Edward Montet, Traduction Francaise du Coran, Introduction, Paris, 1929, s. 53.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
264. [John Naish, M. A. (Oxon), D. D., The Wisdom of the Qur'an, Oxford, 1937, önsöz s. 8.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
265. [George Sale, The Koran: The Preliminary Discourse, London & New York, 1891, ss. 47-48.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous1.htm
266. Aziz R. Bosworth Smith, Mohammed and Mohammadanism adlı kitabından; http://www.ndirect.co.uk/~n.today/disc160.htm
267. [Alfred Guillaume, Islam, 1990 (Reprinted), Penguin Books, ss. 73-74.]; www.islamicawareness.org/Quran/Miracle/ijaz.html
268. [Laura Veccia Vaglieri, Apologie de I'Islamisme, ss. 57-59]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/ARCHIVE.htm
269. [John William Draper, A History of the Intellectual Development of Europe, c. I, London, 1875, ss. 343-344.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/ARCHIVE.htm
270. [Rev. J. M. Rodwell, M. A., The Koran, London, 1918, s. 15.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous2.htm
271. [Dr. Steingass, quoted in T. P. Hughes' Dictionary of Islam, s. 528.]; http://www.quran.org.uk/ieb_quran-feedback.htm
272. [Arthur J. Arberry, The Koran Interpreted, Oxford University Press, London, 1964, s. x.]; http://www.quran.org.uk/ieb_quran-feedback.htm
273. [Maurice Bucaille, The Qur'an and Modern Science, 1981, s. 18.]; http://www.quran.org.uk/ieb_quran-feedback.htm
274. T. W. Arnold, The Preaching of Islam, London, 1913, ss. 413-414; [Edward Montet, Paris, 1890]; http://users.erols.com/zenithco/quote1.html
275. [Reverend Bosworth Smith in Muhammad and Muhammadanism, London, 1874.]; http://users.erols.com/zenithco/quote1.html

276. [James Michener in Islam: The Misunderstood Religion, Reader's Digest, May 1955, ss. 68-70.]; http://users.erols.com/zenithco/quote1.html
277. [Lectures on "The Ideals of Islam", Speeches and Writings of Sarojini Naidu, Madras, 1918, s. 167.]; http://www.mostmerciful.com/published-quotes.htm
278. [Hartwig Hirschfeld, Ph. D., M. R. AS., New Researches into the Composition and Exegesis of the Qur'an, London 1902, s. 9.]; www.islamweb.net/english/quran/miracalous/miracalous2.htm
279. [G. Margoliouth, Introduction to J. M. Rodwell's, The Koran, Everyman's Library, New York, 1977, s. vii.]; http://www.quran.org.uk/ieb_quran-feedback.htm
280. [Goethe, quoted in T. P. Hughes' Dictionary of Islam, s. 526]; http://www.quran.org.uk/ieb_quran-feedback.htm
281. www.islam-guide.com/ch1-1-h.htm
282. www.islam-guide.com/ch1-1-h.htm
283. www.islam-guide.com/ch1-1-h.htm
284. www.islam-guide.com/ch1-1-h.htm
285. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
286. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
287. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
288. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
289. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
290. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
291. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
292. www.islamic-awareness.org/Quran/Science/scientists.html
293. http://islamweb.net/english/new/week15/(10)%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20THE%20LEADERS%20OF%20MODERN%20.htm
294. http://islamweb.net/english/new/week15/(10)%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20THE%20LEADERS%20OF%20MODERN%20.htm
295. http://islamweb.net/english/new/week15/(10) %20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20THE%20LEADERS%20OF%20MODERN%20.htm
296. http://islamweb.net/english/new/week15/(10)%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20%20THE%20LEADERS%20OF%20MODERN%20.htm
297. http://www.alsunnah.com/call_to_islam/articles/what_they_say_about_islaam.html
298. http://www.al-sunnah.com/call_to_islam/articles/what_they_say_about_islaam.html
299. http://www.al-sunnah.com/call_to_islam/articles/what_they_say_about_islaam.html
300. http://www.al-sunnah.com/call_to_islam/articles/what_they_say_about_islaam.html
301. John Esposito; ABD Today, 27 Kasım 2001
302. www.wponline.org/vil/Articles/politics/quotations_on_islamic_civilizati.htm; [Christian Cherfils, Bonaparte et Islam, Pedone Ed., Paris, France, 1914, ss. 105, 125.]169)
303. BBC News, 29 Mart 2000.
304. "Blair Kuran'a Merak Salmış", Milliyet, 11 Eylül 2001.

305. Prime Minister Tony Blair's Interview with Al-Jazeera, 9 Ekim 2001.
306. "Travels With Tony", Time, 12 Kasım 2001, c. 158, no. 20.
307. http://www.amaana.org/ISWEB/ramadan.htm
308. http://www.ama-nj.org/bush_meeting.html
309. http://usinfo.state.gov/usa/islam/s091701b.htm
310. Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, Marcel Dekker, New York, 1977, s. 2.
311. Alexander I. Oparin, Origin of Life, Dover Publications, New York, 1953, s. 196.
312. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, ss. 1328-1330.
313. Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7.
314. Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40.
315. Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78.
316. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189.
317. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184.
318. B. G. Ranganathan, Origins?, The Banner Of Truth Trust, Pennsylvania, 1988.
319. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179.
320. Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133.
321. Douglas J. Futuyma, Science on Trial, Pantheon Books, New York, 1983, s. 197.
322. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, Toplinger Publications, New York, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389.
323. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992.
324. Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, J. B. Lipincott Co., New York, 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge University Press, Cambridge, 1971, s. 272.
325. Time, Kasım 1996.
326. S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30.
327. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, Toplinger Publications, New York, 1970, s. 19.
328. Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28.
329. Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43.

**Мындан 14 кылым мурда Аллах адамдарга жол көрсөтүүчү бир китеп Курани Керимди түшүрдү. Раббибиз бүт адамзатты бул китепти ээрчүү менен кутулууга жетүүгө чакырды. Түшүрүлгөн күндөн кыяматка чейин адамзаттын бирден-бир жол башчысы да ушул Кудайдан келген акыркы китеп Куран болот. Курандын теңдешсиз услубу жана мазмунундагы улуу акыл анын Аллахтын сөзү экендигинин даана бир далили. Мындан тышкары, Курандын Аллахтын Кабатынан түшүрүлгөнүн далилдеген көптөгөн кереметтүү өзгөчөлүктөрү да бар. Мындай өзгөчөлүктөрдүн бири – бул 20-кылымдын технологиясы менен гана араң жете алган кээ бир илимий чындыктардын 1400 жыл мурда Куранда билдирилген болушу. Албетте, Куран бир илимий китеп эмес. Бирок кээ бир аяттарда абдан маңыздуу жана терең маанилүү баяндалган кээ бир илимий чындыктар 20-кылымдын технологиясы менен гана аныкталды. Күн өткөн сайын мындай жаңы ачылыштар дагы кошулууда. Куран түшүрүлгөн доордо илим тарабынан аныкталышы мүмкүн болбогон мындай маалыматтар учурда адамзатка Курандын Аллахтын сөзү экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Колуңуздагы бул китепте Курандын илимий кереметтери менен бирге, өтмүш жана келечек жөнүндөгү кээ бир маалыматтарга, Курандын адабий кереметине жана Курандын математикалык кереметтери жөнүндөгү мисалдарга орун берилген.**